ПАМИРБЕК КАЗЫБАЕВ

# МЕЗГИЛ
## ЖАНА
# АЛЫКУЛ

*Жогорку окуу жайлары жана*
*орто мектептер үчүн кошумча окуу куралы*

*Кыргыз билим берүү академиясынын*
*Окумуштуулар кеңеши тарабынан 29/VI/2006-жылы*
*бекитилген*

«Улуу Тоолор»
Бишкек–2023

УДК 821.51.0
ББК 83.3 (5 Кир)
К 14

*Кыргыз Республикасында 2021–2025-жылдары мамлекеттик тилди өнүктүрүү жана тил саясатын өркүндөтүү программасынын алкагында жарык көрдү*

**Жооптуу редактору:**
академик *А. А. Акматалиев*

**Рецензенттер:**
*Орозобекова Ж. К.* – филология илимдеринин доктору
*Көлбаева М. К.* – филология илимдеринин доктору, доцент

**Казыбаев, Памирбек.**
К 14 **Мезгил жана Алыкул:** Жогорку окуу жайлар ж-а орто мектептер үчүн кошумча окуу куралы. Оңдолуп 3-басылышы. – Б.: «Улуу Тоолор», 2023. – 432 б.

ISBN 978-9967-29-593-3

1990 жана 2006-жылдары жарык көргөн басылыштардын негизги бөлүмдөрү сакталып, мурда-кийин кайталангандары кыскартуу менен кийинки иликтөөлөр, жаңы маалыматтар киргизилди. 2-басылыштагы 44 беттик фотолор да кыскартылып, жаңылары менен толукталды.

Автор Алыкултаануу жана музей иштерин жалаң коомдук башталышта аткарып келаткандыктан улуу акыныбызга күйөрмандык менен кызмат өтөп жүрүшкөн жарандардын мээнетине көңүл бурганы. Алардын ар бири өзүнчө китепке татыктуу экени талашсыз.

Басылма акындын күйөрмандарынын кеңири чөйрөсүнө арналып, «Алыкул 110» (1915–2025) урматына карата чыгарылды.

**УДК 821.51.0**
**ББК 83.3 (5 Кир)**

ISBN 978-9967-29-593-3
© Казыбаев П., 2023

# ТАЛАНТКА ТААЗИМ

Алыкул деп, Алыкул атын салт кылган бар,
Не билет ал жөнүндө жаш муундар.
Суусаган таттуу лира ширесине
Умсуна тамшанышат окурмандар.

1950-жылдын декабры. Ызгаардуу кыштын алгачкы айынын он экисинде, оттой жанар кези – отуз бешинде бул дүйнөдөгү өмүр сапары мезгилсиз үзүлгөн дагы бир уулун жоктой Жер томсорду. Күн да анын жүзүн анча жылыта албаганына уялгансып, Ала-Тоонун чокуларын жошодой кызыл нурга бөлөп, ошол кечте ого бетер муздак батты…

Акындын түбөлүк сапары ушул учурдан поэтикалык Акбозаттын дүбүртү менен коштоло баштады.

Көрсө, Алыкул өзүнүн «таш идишке куюлган бактысынан» баарыбызга поэзиянын куту, кудурет-даремети менен көөнөрбөс көркөм дөөлөттөрдү дайыма чачып туруу үчүн Толубай сынчыдан бешбетер жанын үрөп, ар чыгармасына саяпкерлик мамиле жасаган экен.

Же алган жардан, же перзенттен жолу болбой калган Алыкулдун тагдыры ошол эки көзү эле эмес көкүрөгү да бейзирек, беймаза хандын кур намысынан улам көзү оюлган Толубай сынчынын тагдырына үндөшүп тургансыйт. Ооба десең, жары менен баласы жеке турмушуна эки көз болуп бергенде, балким, Акбозаты ээсин мынчалык эрте ың-жыңсыз жакка алып кетпейт беле… Же тескерисинче жашоонун күнүмдүк майда-баратына басылган акындын таланты жүрө-жүрө ташыркап калат беле…

Бирок эмне десек да:

Мейли эми көрбөгөн жан аман болсун,
Жаштарда Толубай деген арман болсун.
Сынчы эле, о чиркин деп айтып калар,
Толубай, арт жагыңда заман болсун, –

дегендей, Алыкулдун поэзия өмүрү чындыгында эле далайлардын шыгына шык кошкон шам чырак, оту өчпөгөн рух коломто экени кайсы заманда болсун айтыла берери төгүнсүз.

Замандан заманга алчактап, болот такасын мезгилдин закымына кайрап дагы далай кылым карытар кыргыз поэзиясынын Акбозунун ээси жөнүндө сөз кылуу кандай сыймыктуу болсо, ошончолук эле деңгээлде жооптуу. Ал жөнүндө айтуу оңой да, опурталдуу да. Оңою ошол – көркөм дүйнөсүнө чыгармаларынан улам аралашасың, билесиң. Татаалдыгы – жеке турмушундагы жана инсандык мүнөзүндөгү бири-бирине сыйышпас көрүнүштөрдөн, ооруудан улам ого бетер чиеленишип калган катаал тагдыры. Бирок дал ушундай жашоосуна карабастан жаалдана ыр жазган, болгондо да сай-сөөгүңө, аң-сезимиңе жеткире, улам окуган сайын кайра-кайра ой жаратчу деңгээлге чыгара жазган акындын адамдык да, сүрөткерлик да мээнетине, дал турмушунун өзүндөй көктүгүнө, өжөрдүгүнө баа бербей койбойсуң.

Адабиятыбыздын залкар өкүлү жөнүндө өз деңгээлине жараша кеп кылуу канчалык мүшкүлдүү экени эч кимди талашка чыгарбас. Эгерде Ш. Үмөталиев, Т. Сыдыкбеков, К. Артыкбаев, А. Садыков, Р. Кыдырбаева, К. Жусупов жана К. Бобуловдун жасагандарын айтпаган күндө да нечендеген, түркүн багыттагы макалалар менен илимий

эмгектерди эске ала турган болсок, бул иштин парасаты дароо сезилет.

Ушундай опол тоо сыңар милдетти бир чети шердене, экинчиден жүрөкзаада боло моюнга алуу кантсе да көп нерсеге үйрөттү, бир топ кызык нерселерге туш кылды. Ошентип, аларды окурман менен бөлүшүү үчүн ушул документалдык баян жаралды. Анын негизине А. Осмоновдун жеке турмушуна, чыгармачылыгына, курдаштарына байланышкан документтер, сүрөттөр, каттар, архив материалдар жана эскерүүлөр алынган. Аларды толуктоо үчүн мурда-кийин жарык көргөн китеп, журналдардан да тийиштүү нерселер кошумчаланды.

Машакаттуу эмгектин башталышына себепкер нерсе – акындын чыгармачылыгына окурман катары кумарлануу, сүрөткердин талыбаган, арыбаган жана мээнеткеч да, табышмактуу да дүйнөсүнө арналган эмгек жасоо ниети болду. Эң башкысы – Алыкулдун Ата Журтту аздектеген асыл ой-сезимдери.

* * *

Кыш ызгаары бурганактап, ой-тоого думана алгыс күмүш чача, жаз маалына жол бергиси келбегендей... Жердин нымшып, балкый боюн жаза турган убагын утуру жолоткусу жок кыш, байчечекейдин эми кылтыйган башынан аяздуу шапалагын ары-бери зуулдата аны ызалап, ыйлаткансыйт.

Буга карабай табият жазы өз мыйзамын аста, секин, ободогу Күндүн ырашкер нуруна коштой акырындап өрөөндөн өрөөнгө орнотуп келатты.

Кыштан кийинки жан жыргатар убакка падышалык бийликтин убайым санаасы менен жеткен 1915-жылдын март айында Осмон уулу Алыкул жарык дүйнөгө келди.

Табияттын жазы жана Нооруз менен кошо жарык дүйнөгө келген ушул ымыркайдын кийин кыргыз поэзиясына жаздын жылуу илебиндей жаңылык киргизгени үндөшүп тургансыйт. Кош чыгып, дыйкандар дың бузуп, малчылар «Жер жарылып чөп, желин айрылып сүт чык» деп ак батасынан үмүт кылып, дамбырташ уруп турган чакта Кара-Балтанын Каптал-Арыгындагы карапайым, кара таман адамдын тилеги кабыл болду. Барылдап түшкөн баланын үнү  канчалык мээрим тартуулаганы, жүрөктү опкоолжута кубантканы менен жашоо турмуш запкысынан улам өздөрүн алиге кул сезишкен жана жакшылыктан үмүт үзбөгөн Осмон менен Алтын чүрпөсүнө Алыкул деп ысым коюшту. Ошентип, Алыкулдун атасынын досу Касым кийин чоң тонго ороп алып, асмандан көргөзө турган жылдызы жанды. Шооласы анча жаркырап жана элек ушул жылдыздын жүзүн сур булут басып, ата-энеси ошол булут арасына сүңгүй, кайып боло кайрылбай, үч бир тууган жетим калды.

Ата-эне мээрими жана көз жашынан ошентип эрте ажыраган Алыкул 1925-жылдан баштап Токмоктогу №2 балдар үйүндө тарбияланып, туубаса да тутунган энеси Грунья Савельевна менен 1929-жылы коштошту. Ошондо үй жанына келген Бозаттын көзүн карап туруп ыйлаган бул боорукер аял келечекке кимди атказганын туйду бекен? Же отряддын тың барабанчысы кетип жатканына эле кейигендир? Эмнеси болсо да ал көз жаш тегин төгүлбөптүр.

Ошентип, кайрылгыс балалыгын Токмокко калтырган Алыкул Фрунзе шаарына келип, педтехникумга кирет.

Балдар үйүндө орус тилин чала-чарпыт үйрөнгөндүктөн жана өзүнүн зиректигинен бул окуу жайындагы белдүү окуучулардын катарында болот. Кызыктуу китептердин көптүгү анын рух дүйнөсүнүн ажатын ача

кереметтей дем берет. Мурда таанббай, бүшүркөп жүргөн орус жазуучулардын ким экенин алардын чыгармаларынан улам баамдап, ал турмак алардын шаасын «жарым кашык деңизиме чөктүрөм дегенчелик» теңата болуп, таймашкысы да келип, өзүн эр санады.

Ошентип, балалыгы деле кала элегин туйса да ал сезимин балалыкка санабай элдин оозеки чыгармачылыгын «Манас» баштаган орошон үлгүлөрү менен кошо, кыргыз жазма адабиятынын пайдубалын коюп жаткандардын алгачкы саамалыктарын үйрөнүп, дээриндеги бүлбүл жанган ойлордун ордосуна от жагып, туюм-сезим элегинен өткөрүү зарылдыгы жан дүйнөсүн жайына койбойт. Ушундай чайналуу, кыжаалаттануу менен үйрөнүүнүн үзүрү катары алгачкы жыйнактары: «Таңдагы ырлар» (1935-ж.), «Жылдыздуу жаштык» (1937-ж.), «Чолпонстан» (1937-ж.) нурун чачты. Мындагы ырлардын көпчүлүгү төкмө акындардыкындай жамакка жакын жазылып, көбүнчө карандай уйкаштыкты кубалагандыктан купулуна толбоду. Улам кийин аларды өзү жазганына уялып, эл алдында жазганып, күлүк учкан заманынын талабына жооп берерлик иштей албай каламбы деп ичтен түтөй ойчул, унчукпас, түнт болуп кетти.

Педтехникумда окуп жүргөндө курдаштарына көрсөтпөй жазып жүргөндө эле ата-энеден эрте айрылган тагдырынын оор экендигин, жанга күйөр жакын туугандарынын да жоктугун туйган учуру «… сөөгүм сага буюрбайт» деген ыр саптарын түптөгөн окшобойбу.

Алыкулдун жетим, ата-теги батрак экендигин Кайыңды айыл советинен 1932-жылы 27-февралда алган № 429 күбөлүк, ошол эле жылы 19-февралда Каптал-Арык чарба артелинен алган № 16 справка ырастайт. (Борбордук архивде № 658 делодо № 2).

* * *

Илешип алган оорусу окууга кедергисин тийгизе баштаганда 1933-ж. педтехникумду таштап… «айылга кетсемби деп» арсар ойдо, ара жолдо турду. Ошондо А. Токомбаев, Ж. Бөкөнбаев, М. Элебаев, Т. Үмөталиев сыяктуу калемгерлер ага болбогон жерден иш табышып, шаарда калуусуна көмөктөшкөнү жаш уландын үзүлгөнүн улады.

Р. Шүкүрбеков, М. Алыбаев, С. Керимбаев, К. Орозалиев, Ш. Жамансариев, Ж. Камчыбеков, А. Айдаркулов, Н. Макешев, К. Каракеев өңдүү курдаштары, курсташтары педагогикалык окуу жайды бүткөнүнө кубанган Алыкулдун аларга арнап жазган, «Кубанам, бирок айыбым бар» ырынан мисал келтирсек окуусун бүтпөй калганына ынанабыз:

Силер менен бирге бүтөт элем го,
Кубанычта бирге жүрөт элем го.
Педагогдун бири болуп калдым деп,
Мен ташкындап дагы күлөт элем го.

Ошол педтехникумдагы өспүрүм кезинде эле зирек көкүрөгүнө уялаган улуу таланты чыгармачылыктын түйшүктүү сапарына биротоло салганын Алыкул өзү да туйбай калган. Айтмакчы, анын алгачкы далили деп «Кош, Кычан» аттуу чыгармасын алсак болот. Өзүнүн патриот замандашынын тап күрөшүндөгү күжүрмөндүүлүгүнө төп келе жазылган бул ырды кызыл жагоочондордун нечен мууну жан дилинен бериле көркөм окушту. Коомдук түзүлүш өзгөргөн менен ал эрдик жана чыгарма унутулбас. К. Жакыповдун 1933-жылдагы эрдигине эң биринчи коомдук мааниде баа берип, образын адабиятта алгач кештелеген Алыкул ошондо он сегиз жашта эле.

Анын мындай арымын байкагандар колдон келген жардамдарын беришкени жогоруда айтылбадыбы. Буга Алыкулдун «Жазуучулук баяны» жана Жоомарт Бөкөнбаевдин 1936-жылы ага жазган каты күбө.

Алыкул Осмонов 1935-жылдын 15-мартында Советтик жазуучулар союзунун мүчөлүгүнө кандидаттыкка кабыл алынат. Жаш талантты дагы далай нерселерге шыктандырган ошол № 220 жазуучулук күбөнаама Кыргыз ССР илимдер академиясынын кол жазмалар фондусунда сакталуу. Он беш жашында башталган чыгармачылык чыйырынын алгачкы беш жылы ушундай жыйынтыктар менен бүткөнгө чыйралган Алыкул турмуштук да, сүрөткердик да жаңы баскычка көтөрүлдү.

Бул мезгил – көңүл чөгөт сезимге чулганган чыгармаларынан тартып, «Жолборс терисин кийген баатыр» менен алпурушкан деңгээлге чейин жеткен убагы. Буга көбүнчө махабаттын ууздай сезимине алгач ирет учурашы жана жаштык сүйүүсүнө арзыган Айдайга жетпей калышы себепкер болгондой. Айтмакчы, булар тууурасында көп түркүн божомол кептер айтылат. Алардын биринде – элдин ошол кездеги каада-салтына ылайык, кызды ата-энесинин кудалап бериши эки жагына тең кедерги болгону баяндалат. Кедерги болгону ошол да жигити кызына жетпей, ата-эненин көңүлүнөн кыя өтө албаган кыз төрөттөн кийин көз жумуп, «он гүлүнүн бир гүлү ачылбай» кетсе.

Ал эми айрым замандаштарынын айтканы боюнча Алыкул менен Айдай жөн гана курдаштык жылуу мамиледе болгон. Акындын анык сүйгөнү «А» аттуу бөлөк кызды бир чоң кызматтагы адам ала качып кеткени айтылат.

Бирок турмуш чиркин бардыгын таразалап, кадак чени менен өлчөп-ченеп турат шекилдүү. Анткени,

алгачкы жыйнактары менен удаалай эле башталган атактуу котормосунун 1940-жылы китеп болуп чыгышы, Алыкулду эл арасына тааныткан чыгармачылык мээнетинин үзүр-берекеси катары сезилди.

Натыйжада, кыргыз жергесинде Автандил, Тариэл, Батма, Нестан, Тинатин деген ысымдар ошол күндөн ушул кезге дейре коюлуп келет. Ш. Руставелинин чыгармасынын ошондон бери кыргыз тилинде алты ирет басылып чыгышынын өзү эле Алыкулдун талант дараметинин далили эмеспи.

Жыйырмадагы курагында жазуучулукка кандидат болуп кабыл алынган Алыкул 1938-жылы 9-апрелде СССР Жазуучулар Союзуна мүчөлүккө өтөт. № 5155 жазуучулук күбөлүктүн жаштыгына карабастан мүлдө кыргызга кыйла эмгек сиңиргени үчүн «Ардак белгиси» ордени (№ 6877) менен сыйланган акынга тапшырылышы адилет эле. Айтмакчы, СССР Жогорку Советинин Президиумунун 1939-жылдын 31-январындагы Указы менен А. Осмонов менен кошо А. Үсөнбаев «Эмгек Кызыл Туу» ордени, ал эми К. Акиев, Ж. Турусбековдор болсо «Ардак белгиси» ордени менен сыйланышкан. («Кызыл Кыргызстан» 5/II, 1939-ж.). Бул сыйлык кыргыз таланттарына көп улуттуу совет адабиятынын И. Абашидзе, А. Толстой, А. Барто, А. Гайдар, Л. Кассиль өңдүү өкүлдөрү менен бирге берилиши адабиятыбыздын алгачкы сыймыгы. Кыргыз Совет адабиятынын өкүлдөрү 1939-жылы 17-февралда Москвада кеңири коомчулук менен чыгармачыл жолугушуу өткөргөн. Ага катышкандар: Калык Акиев, Алымкул Үсөнбаев, Жусуп Турусбеков, Абдрасул Токтомушев, Темиркул Үмөталиев, Ясыр Шиваза, Төлөн Шамшиев, Кубанычбек Маликов, Саякбай Каралаев, Атай Огонбаев. Алыкул да Москвага барган. Бирок ооруп

калганына байланыштуу кечеге катышкан эмес. Ырын А. Тарковский окуп берген. Айтмакчы, авторлор адегенде кыргызча окушса, котормочулар орус тилинде кайталашыптыр. Төкмөлөр жана манасчы С. Каралаев, комузчу Атай аябай таасирленткени, «Ажал ордуна», «Алтын кыз» опералырынан үзүндү көрсөтүлгөнү жазылган. («Литературная газета», 1939, 20\II).

Алыкулдун сыйланышы анын котормочулугунун бааланышы эле. Муну туура баамдап, туйган акын чыгармачылыкка ого бетер сынаакы мамиле жасап, өзүнө талапты дагы күчөткөн.

Акын отузунчу жылдарда чет өлкөлөрдө болуп жаткан революциянын катышуучуларына жардамдашууну өзүнүн атуулдук парзы деп эсептегендиктен 1937-жылы 10-августта МОПРга (Революциянын күрөшүүчүлөрүнө жардам көрсөтүүчү эл аралык уюм) мүчө болуп өткөн. 1948-жылы сентябрь айында алган профсоюздук билетинде эмгек стажы 1938-жылдан, башкача айтканда Кыргыз Совет жазуучулар Союзунда жооптуу секретарь болуп иштеген убагынан баштап эсептелген.

Ошентип, өспүрүмдүк кези менен боз улан маалынан соң: «Көбүктөнгөн күлүк аттай аркырап, жыйырма беш жетип келди чапкылап», – деп Алыкул 1940-жылы 1-январда жазгандай, анын адабий турмуштагы ээлеген орду аныкталып, чыгармачылык чыйыры дагы дааналана түшкөнү менен жеке турмушунун күлү додо боло элек эле. Ошондон уламбы, же келечегин туйгандыктанбы ырын:

Кош бол, кош бол уурдалган жылдарым!
Кайкып учкан лачын куштай чактарым...
Артың өкүнүч, алдың кызык койнуңда
Аз жашадым, дагы азыраак жашармын –

деп бүтүргөн.

Таланттуу акын менен Москва театралдык институтун бүтүргөн жаш адис Зейнеп Сооронбаева чыгармачыл, интеллигенттик үй-бүлөгө биригип, очокторунан от булата башташат. Бул 1941-жылдын алааматы башталган учур эле. Алыкул далай ой-тилектерге шерденип, дагы күрдөөлдүү эмгектенүүгө киришет. Ал эми жаш жубайы да театр таануу ишине аралашып, ошол жылдары кыргыз сахналарында коюлуп жаткан бир канча спектаклдерге рецензияларды жазып, орус тилиндеги газеталарга жарыялайт. Театр тарыхын изилдөөчүлөр бул макалаларды булак катары пайдаланарында шек жок.

Эл башына оор күн, мүшкүл түшкөн кезде байланган экөөнүн куш боосу бек болбоду. Мунун бирден-бир себеби согуштун кесепети болсо, акындын ойчулдугу, түнт мүнөзү, кичине кезден сүзөктөп келаткан учук дарты жана экөөнүн турмушун көрө албай ортого от таштагандардын болушу да ырктын кетишине шарт түзгөн көрүнөт. Ким билет?

Менде айып жок… төмөнсүбөйм эч кимге,

Андай болсо «күнөө өзүңдө» деп билбе, – деген саптарын окуп ой жүгүртсөк, бир аз гана кечиримдүүлүк же түшүнүшүү болгондо экөөнүн турмушундагы «кенедей нерсе кемеге айланып» кетпес беле…

Үй-бүлөлүк турмушунун бактысыз болгонуна багынбаган акындын руханий эрдигинен жаралган анык мээнети «Махабат» жыйнагы болду. Бул жыйнак акын Алыкулдун жүзүн жаңыча тааныткан жана түшүнбөгөндөр менен көрө албастардын ичин күйгүзүп, дайынсыз акаарат кеп угузган.

## «МАХАБАТ» МААНИСИЗ БЕЛЕ?

Ж. Самагановдун «Советтик Кыргызстан» журналындагы (1948-ж. № 1) «Бир чыгармага арналган үч макала тууралуу» макаласында А. Осмоновдун «Махабат» жыйнагына карата айтылган ошол кездеги көз караштар жөнүндө кенен-кесири кеп козголот.

Окурман журтун таңдантканы, наааразы кылганы жана табышмактай туюлганы да М. Алыбаевдин 1946-жылдагы «Кызыл Кыргызстан» газетасынын 15-ноябрдагы санына басылган «Мааниси жок «Махабат» аттуу макаласы. Булардын себеби – А. Осмонов менен педтехкикумда бирге окуган, чыгармачылыктын түмөн түйшүгүн өз башынан деле өткөрүп жүргөн М. Алыбаевдин бул жыйнакты жамандап, бир жактуу гана жазганында эмес, эч кандай эрежеге сыйбас маанайда калемдешин келекелөөгө чейин жеткендигинде. Окуп жүрүшкөндө коюн-колтук алышып, тамактарын бөлө ичишип чоңойгон курдаштардын бири-бирине мынчалык кыр көрсөтө, чектен чыгышына кандай жагдай түрткү болгонун чечмелөө кыйын.

Бирок ушул чуулгандуу макаласын жазууга М. Алыбаев мурдатан эле даярдык көрүп жүргөнбү деген ойду «Ленинчил жаш» газетасына 1946-жылы 27-октябрда жарыялаган «Толкун» фельетону ырастайт. Аталган фельетонунда автор акын, жазуучулардын чыгармачылыктагы мүчүлүштүктөрү жөнүндө айтып келип: «А биздин кээ бир лириктер болсо ээн түн, элден алыс, тынчтык жерде олтуруп алышып:

«Бул кандай ысыгы жок кансыз жүрөк,
Турмушта бүркөө түндөй жалгыз жүрөт», –

деп жалгыз жүрүп жазганды каалашат экен», – деген

каймана кыялда А. Осмоновго өз саптары менен сыр көргөзгөнү сезилип турат.

А балким, буга 1938-жылдын 10-январында даярдалган буйруктун долбоорундагы – жазуучулар бирлигинин кызматкерлери ишке өз убагында келбей жаткан ы, айрымдары, мисалы М. Алыбаев кызматка эч кандай себеби жок эле үч күнү чыкпай койгондугу, катуу сөгүш алганы жана анын жүрүш-турушун башкармада талкуулоо керектиги жазылганы себеп болгондур. Анткени, буйрукка бирликтин ошол кездеги жооптуу катчысы А. Осмонов кол койгон. Т.Үмөталиевдин айтканына караганда Алыкул бул кызматта коомдук башталышта иштечү экен.

Эки акынды тең жакшы билген, алар менен бирге окуган С. Керимбаевдин оюю боюнча М. Алыбаевдин минтип жазышына Алыкулдун жеке турмушу себеп болгондой. Жаштык сүйүүсүнөн да, үй-бүлөлүк жагынан да жолу болбогон татаал тагдырына карабастан бардыгынан махабатты жогору койгон Алыкулдун жан дүйнөсүнө, канчалык көңүл чөгөт абалда калганына карабай турмушка болгон ишенимин сактап калган өжөрдүгүнө түшүнбөгөн курдашы Мидин анын махабатын «маанисиз» деп баалаган.

Ушундай ой жоруулар болгону менен деле М. Алыбаевдин мынчалык аша кетишин эч ким так жана даана айта албас. Кантсе да бул макала өз мезгилинин, болбосо авторунун же аны «айдактагандардын» утурумдук кызыкчылыгын көздөгөндүгү айкын. Ал эми узакка узабас ушундай материалды жарыкка чыгарууга жол берген редакция кызматкерлери эмнени болжогонун билүү мүмкүндүгү азыр закым катары.

Ушундан улам Лев Толстойдун «Күндөлүгүнөн» мисал келтирүү менен оюбузду ырастасак. Адабият чөйрөсүндөгү ишмерлердин алабармандыгы кээде өтө эле ыксыз болуп кетери туурасында улуу жазуучу минтип жазган: «Алардын колу менен залкар жазуучулар – талантсыздарга, ойчулдары – ойсуздарга жана акылмандары – келесоолорго айланат». Кандай калетсиз айтылган.

СССР эл художниги Гапар Айтиевдин жубайы Гарифанын айткандарына караганда эки акындын пикир келишпестигинен улам да «Махабат» маанисиз болуп калгандай:

– Алыкулдун Зейнепке үйлөнгөнү дале эсимде. Жазуучуларды бүт чакырып жакшы эле той кылган. Ошо тойдо Мидин мас болуп алып, Алыкул менен Зейнеп отурган столду килейген таш менен уруп, баарын чачып, чакчелекей түшүргөн. Мидин бул кылыкты атайылап эле жасаган экен. «Ал эмне кылганың?» деп эртеси сурасам, «Ошону көрүш керек болчу» деп койду. Эмне балээси бар экенин билбейм, Алыкул менен Мидин бири-бирин жактырышчу эмес. Мүнөз жагынан да экөө таптакыр эки башка адамдар эле.

Алыкул биздин үйгө көп келчү. Бирок кең-кесири маектешип деле отура алчу эмес. Оорусу бар эмес беле. Ошонусунан кысынып, кайра тез эле жөнөп калчу. «Силердин жаш балдарыңар бар, а менин оорум болсо...» деп, «отур» дегенге болчу эмес. Тамак ичсе, «жөн кой» дегенге болбой күйгүзүп, идишин өзү жууп, анан кетет. Ушинтип, ооруну бирөөгө жугузуп албайын деп аябай этиеттенип, сактанып эле жүрчү. Зейнеп менен ажырашкандан кийин бой жашап калды. Мен кээде: «Аялдар жөнүндө дегеле кыйын жазасыз. Минтип жүрбөй бирөөнү

таап, үйлөнүп албайсызбы. Ден-соолугуңузга да жакшы. Чыгармачылыгыңызга дагы жардам болот» деп калсам, «Эми мага үйлөнүш кайда. Үйлөнөм деп дагы бир соо кишиге оору жугузуп, убалына калайынбы» деп коет. Кийин Алыкулдун оорусу катуулап калган маалда кайдандыр эжелери пайда болуп, «мага калат, мага калат» дешип, Алыкул өзү сатып алган үйдүн кайгайын кылып киришиптир. «Ушундай адамдар дагы бар экен. Алыкул менен иштери жок эле, анын үйүн талашып атышат. «Ой, айланайындар, үйдү силерден талашкан эч ким жок. Алыкулду тынч коюп турбайсыңарбы дедим» деп Гапар бир жолу кейип келген. («Асаба» 16/XI.1999)

* * *

Согуштан кийинки убакта 300 беттен турган дагы төрт жыйнагы, котормолорунан А.С. Пушкиндин «Евгений Онегин» жана В. Шекспирдин «Отеллосу» жарык көрдү. Бул котормолору «Он экинчи түндүн» уландылары катары туюлат. Демек, ал заманага жыпар төгүп калганга ашыгып, дагы канча жашоосу калганына көзү жетпегенине карабай мезгилден тизгин талаша эмгектенген.

Ушинтип көп сапардан тапкан беренелерин ак кагазга түшүрүш үчүн Ысык-Көлгө жем издеген барчын сымал улам барып, күнөөсү жок толкундары, балалыкты элестеткен ак куулары менен сырдашат.

Бирок ошентсе да сүйгөн калаасы Фрунзеде өз үйү – өлөң төшөгү жоктугун ойлогон жана «кайрадан нике байлап, түтүн чыгарсаң ден соолугуңа деле жакшы болбос беле, артыңа да туяк калсын» дегендердин кебине

кээде муюп, көбүнчөсү жок деп ичтен тынган Алыкул 1948-жылы үй сатып алат.

«Үйүм сонун, ойдогудай кең турам, ырыскымдан ыраазылык сөз угам» – деп башталган «Менин үйүм» аттуу ырында бир убакта коломтосуна жылынган жокчулукту, дале болсо сүзөктөп, дене боюн шалдыратып келаткан учук ооруну баяндап, эми үйүмө тынчтык өмүр толсун деп үмүт кылат. Өзүнүн түнт, ойчул бир мүнөздүгүнөн улам ушундай абалга келдимби деген кыязда ырын мындайча бүтүргөн:

– Тынчтык өмүр сен белемсиң?
Мен ар убак сууңду ичип кулпургам!
Кел бери, мен жалгыз: аял, баласыз,
Аял менен ыркым келбес, мен урган!
Мейли сокур, дөдөй бала туусаң да,
Антым ушул: өлгөнүмчө сени менен бир турам...

Бирок аягына эмне үчүн көп нокот коюлуп калганы белгисиз. Балким жалгыз жанын соройтпой, боор толгой айткандардын сөзүнө муюп, үйлөнсөм деген ниетте болгондур.

Мындай түкшүмөлдүү Алыкулга Ысык-Көлдүн «Бирлик» колхозунда жашоочу Черикчиев Курманбайдын 1949-жылы 2–3-мартта жазган каты ырастайт. Бул катта аты белгисиз бир кыздын жайын Алыкулдун өтүнүчү боюнча К. Черикчиев барып, ата-энесинен, ыраакы кишилерден сураштырып билип «Эми ары-бери сүйлөшүп бересиңби десем куп макул деди. Биздин көңүлүбүз ошондой кишиге беребиз. Эми муну кайсы маселе менен аларыбызды билбейбиз. Ал кыргызчасы менен айтат» деп жазылган.

Ушул эле жылдын 26-апрелинде Алыкулга жазылган Асабыякундун катындагы: «Мен барып кеңешеликпи? Барсам мен кыз тууралуу барам» деген саптар божомолубузду актагансыйт.

Бирок акындын айылдаштарынын айткандарына караганда ал үйлөнүү жөнүндө эч ойлогон да эмес. Алыкулду койнуна ороп алып чыгып, көрсөтүп бир жылдызды колу менен:

«Таанып ал, тээтиги сеники уулум,
Карачы жаңылыгын, сулуулугун.
Билип жүр, сен батканда кошо батат,
Сөзү ушул бизден дагы мурункунун!

– деп айткан Касым аксакалдын кызы Нуршаа апанын минтип айтканын эшиткеним бар: – Үйлөнсөң артыңда туяк калар, тукумуңду улар, алар атыңды өчүрбөс, – дешип, карылар Алыкулга кеңеш беришкенде: – Огожосу болбосо он балалуу деле атанын ысымы, баркы бул дүйнөгө калбайт. Анын үстүнө дартыман тартынам. Үйлөнүп дагы кимдин убалына калайын. Артымда калса ырларым, жазгандарым калар. Ошолор атымды, баркымды өчүрбөс, – дегени күнү бүгүнкүдөй эсте.

Ырас эле, айрым акындардын жазгандарын эл эмес, карачечекей балдары окубай калганын көрүп, билип жүрөбүз. Ал эми Алыкулдун ырларын кимдер гана окубайт. Окуганда да, улам жаңы ой учугун улап, дагы кызыга окуйт.

«Ачылган сыр» деп атайын бир дептерге 44 куплет ыр жана:

Зарп кылып, сыя ордуна кочкул канды,
Сизге арнап, тартуу кылам ак кагазды!

Изине көз жүгүртүп эскерерсиз,
Күнөөлүү... элеси алыс... мендей жанды!

деп жазылган бетачары бар каттын ээсине акын жооп бергени же бербегени белгисиз. А балким:

Сүйдүм сени, сүйүү эрки бар чакта,
Азга жетпей, көптөн куру калсак да.
Алда качан унут калган нерсени
Алек кылып, алсыратып чарчатпа.
Эгер күнүм, мени аясаң азыраак,
Жакындатпа жаш колуңду карматпа, – деп

«Сүйдүм сени» деген ырында 1945-жылы 21-декабрда жазганы жообудур. Каттын ээси ким? Алыкулдун лирасына ашык болуп жүргөн бул кызды 1945-жылы согуштан майып болуп келген жигит сүйлөшпөй ала качып кетет. Жыл айланбай ырктары бузулат. Жаш келин окууну көздөп борборго келет. Ошондо өткөн учурларын эске сала сырын төгүп акынга 1949-жылы кат жазууга батынган.

Алыкул азыркы Сокулук-10 чолок (буйтка) көчөсүнө 1941-жылы салынып, бирок курулуп бүтпөгөн үйдү 1948-жылы май айында сатып алат да, аны А. Жамшидов дегенге батирликке таштап, көлдөн келгенче толук бүтүрүп берүүсүн сүйлөшөт. Батирде октябрь айына чейин турган А. Жамшидов эски акча менен 11 миң 700 сомдук иш жасайт. Экөөнүн ортосунда 1948-жылы 27-октябрда түзүлгөн макулдашуу боюнча Алыкул бул акчаны март айынын акырына чейин төлөп бермекчи болот. Азыркы күндө шаардын дал ортосунда турган үй ошол кезде А. Жамшидов иштеген жерге ыраак болгондуктан, ал батирден баш тарткан экен. Эгер кокус акча убагында төлөнбөй калса дагы бир жолу макулдукка

келе тургандыктарын баяндаган келишимге Курманбаев күбө өткөн. Бул адам Алыкул менен көбүнчө турмуш, жашоо жаатынан алакасы болгондордон, тактап айтканда жогоруда кеп болгон белгисиз кыз тууралуу кат жазышкандардан.

Ошентип, Алыкул толук курулган очогуна Сырга эжесин, Болотбек жээнин каралашсын деп көчүрүп келет. Короо-жай өздөрүнө кенендик кылганбы же машина сатып алуу үчүн калем акыга кошумча каражат керек болгондуктанбы, короонун жартысын Алыкул 1949-жылы 27-октябрда А. Аржевкинага сатат.

Мурдагы В.И. Ленин атындагы станок куруу заводуна танапташ турган ушул үй акынды жумушчу табынын турмушу менен жакындан таанышууга шарт түзгөн. «Жумушчунун мүнөзү», «ФЗОдогу иниме», «Маляр», «Завод көрдүм», «Плотник», «Дубалчы» жана «Жумушчу» деген ырларында ыр менен эмгексиз бул турмуштун бир ирмеми өтпөсүн, жумушчу калк каруусун тынчтыкка жумшаса, акын аны даңазалап алтын канат ырына кошуп, бул жашоонун жаны катары жар саларын жазган. Жумушчунун сыпатын мынчалык таасын сүрөттөп көрсөтүү ооматы ар кимге эле келе бербес.

Аксакал жазуучубуз Т. Сыдыкбеков кайсы бир катында «Көк жоргоң жайындабы?» деп эскерген «Победаны» Алыкул 1950-жылы сатып алат. «Кыймылдаткычынын №34516, шассиси – 003870, кузову–8824 болгон «Победа» машинасынын заводдук паспортун Осмонов Алыкулдун наамына, 3-октябрдагы «жүз жетинчи эсеп боюнча тезинен салгыла» деген телеграмманы Алма-Ата шаарындагы автотрактор сатуучу атайын дүкөнгө Т. Майтукин 17-октябрда кол коюп жөнөтүптүр.

«Бири кем дүнүйө» деген кеп ушул тагдырдан улам айтылып калганбы деп да ойлоп кетесиң. Анткени, өмүр бою турмушунан өксүп, бир ыптасы оюлгандай тариздe жашаган акын дал ушул абалына баш бербей көктүк менен мээнеттене тапкан үзүр жыргалын эми көрөрдө үйүн бир эжесине, «Көк жоргону» бир эжесине талаштырып оо дүйнөгө кете бергени маалым. «Тууган колуңда болсо көрө албайт, жок болсо асырай албайт» деген кептин бекер эмесин Алыкулдун жээни Болотбек Сыдыгалиевдин жазган арноо, эскерме ырлары ырастайт. Бул ырлар бир тууган таякесинин дүйнөдөн өткөнүнө жана жерге коюлганына жыйырма күнчө боло электе туугандары жасаган жорукка түтөп, жазылган. Алардан үзүндү окусак ошол аяздуу күндөр денеңди ичиркентсе, Алыкул ойлордон ойго батып, түпсүз-сансыз, шам чырактын кашында жалгыз отуруп ыр жазган кенен-жарык үйүнүн үшү кеткени, түбөлүк досу да, жары да, перзенти да болгон калеминин сыясы катып, өчпөс из калтырган кагаздары козголбой калганы үзүл-кесил элестей түшөт.

Эмесе, таякесинен таалим алып, келечекте ардемебирдеме чиймелегенге куштар болуп жүргөн, ал кезде курагы 16–17деги Болотбектин ырларына, жок ырлары эмес, көкүрөктөн чыккан ошондогу ыйына, көздөн аккан жашына боор толгоп көрөлү:

Эр жигиттин убалы,
Эргибей калды туягы.
Артында калса бир туяк,
Аты чыгат эле го бир убак.

*29. XII. 50-ж.*

Али турат эсимде,
Туугандардын кылыгы.
Тикеңерден көмөм деп,
Сарынын уулу айтканы.

*30.XII. 1950.*

Калбыр өпкө, жез канат
Көзү жумулуп баратат.
Курдаштарга кеп айтпай,
Айласыз кетти жалдырап.

*31. XII. 50-ж.*

*Алыкулдун жээни мен Болотбек, өз чыгарма. Таякеме арналган жана туугандарга наразылык ыр.*

Ооба, эми бой тартып, жетилип келаткан жаш адамдын ушундай кырдаалда башаламан жазгандарында көп нерселердин түйүнү катылган.

Өңгөсүн айтпаганда да, таякесинин жараткан чыгармалары кыргыз поэзиясынын жез канат, Акбозатына айланарын баамдаганы байкалат.

Ошентип, кыска өмүрүндө мүлдө милдетти аркалаган Алыкул Осмон уулунун экинчи жашоосу өзү айткандай чыгармаларында улана баштады.

Чыгармаларынын өмүрү дагы өктөм болор беле, эгерде дагы бир маселе такталып изилденгенде. Акындын көзү өткөндөн алты жылдан кийин гана кол жазмалары академиянын фондусуна тапшырылганын инвентардык эсеп-кысаптардын жазуулары аныктап турат. Бирок ушунча жыл аралыгында аларды ким сактап, ким «карактап», акыры кантип өткөргөнү дайындуу жазылбаган. Ушуну тактоодо жана акындын жаркын элесине тийиштүү деңгээлдеги ар кандай иштерде демилгелүүлүктү Сарынын уулу, эжекелери жана жээни Болотбек

учурунда көрсөтүшпөгөнү да өкүнөрлүк. «Победаны» айтпаганда да, конушун сакташканда адабий мурасын жайылтуу, үйрөнүү шарты кыйла оңой болмок.

Бул кенемтени толуктоо үчүн Алыкул акындын күйөрмандары, ылым санаган жолдоштору жана адабиятчылар кыйла эмгек жасашкан. Эмки кеп оролу ошолор жөнүндө.

## БИЛГЕН БИЛЕР, БИЛБЕГЕНГЕ НЕ ЧАРА…

Ошентип, көзү барында анчалык барк алынбай калган акындын кадыры өзүнүн поэзиялык мурасынын аркасы менен кайрадан көтөрүлдү.

Бул иш эки багытта жүргүзүлгөнүн баамдоо кыйын эмес. Экөөнүн тең мааниси бирдей, эриш-аркак жана бири бирин толуктап турат. Биринчиси – А. Осмоновдун чыгармаларын жарыялоо жана илимий, адабияттык өңүттөн изилдөө. Экинчиси, А. Осмоновдун эстелигин түбөлүккө калтыруу маанайындагы иштер. Дал ушулардын астанасында, төл башында турган адам адабиятчы, филология илимдеринин кандидаты Ш. Үмөталиев болгон. Ал түзгөн жана баш сөзүн жазган «Тандалмалуу ырлар жана поэмалар» жыйнагы он төрт басма табак көлөмүндө 1953-жылы 28-майда Кыргызстан мамлекеттик басмасында терүүгө тапшырылып, кийинки жылы 15050 нускада жарык көргөн. Бул адам Фрунзе шаарынын Логвиненко көчөсүндөгү № 63 үйдө жашаган скульптор Пузыревский менен бирдикте Ала-Арча көрүстөнүндөгү Алыкулдун жай башына эстелигин койдурткан. Ошол эстелик ушу күнгө чейин турат. Бирок, ташынын начарлыгыбы же өктөм убакыттанбы айтор, акындын айкели кунарынан кетип калганда, 75 жылдыгына карата бир сыйра оңдолуп,

түзөлдү. Ошондо орнотулган кооз оймо-чиймелүү тосмолору 2000-жылы уурдалып, ордуна акын элесине тете эмес темир тосмо коюлганын көргөндөр баамдашар. Мамлекеттик маанидеги эстеликке мамиле ушул.

К. Асаналиев, К. Укаев түзгөн «Ата журт» аттуу 200 беттен турган жыйнак, негизинен мурда жарыяланбаган чыгармалары 1958-жылы 5 миң нускада чыгарылып окурман журтуна тартууланган. Ал эми 1964, 1965-жана 1967-жылдары жарык көргөн Чыгармалар жыйнагынын үч томдугун түзүүдө, редакциялоодо, баш сөзүн жана комментарийлерди жазууда: Т. Сыдыкбеков, Б. Керимжанова, Р. Кыдырбаева, А. Садыков, К. Артыкбаев жана Ж. Мусаева көп мээнеттенишкен. Жалпы нускасы он эки миң болгон бул үч томдук 1967-жылы Кыргызстан Ленин комсомолу сыйлыгына көрсөтүлүп, бул ардактуу наамга адабият жаатындагылардан Алыкул Осмонов биринчи болуп арзыды. Бирок ошондон жыйырма жылдан ашык убакыт өтсө да лауреаттык күбөлүктүн толтурулбаганы, анын баалуу экспонат катары комсомолдун республикалык музейине коюлбаганы элүүнчү жылдагы окуяны эске салды.

Ошол эске түшкөн нерсеге себеп болгондорду тыянактап же негиздеп баяндоо үчүн анча-мынча сары эсеп жасоо ыңгайлуу көрүнөт.

Таштан болор, кумдан болор төшөгүм,
Аз болсо да сыртта калар сөздөрүм.
Өлсөм дагы жара тээп мүрзөмдү,
Буудан болуп таскак салып өтөрмүн – деп

«Эскерме» аттуу ырында 1945-жылы 17-декабрда жазылганын эстеп, чын эле анын жаны караңгы көрдүн керендигине баш бербей: «Буудан болуп таскак салып

жүрөбү» деген баёо ойго да берилип кетесиң. А бирок акындын өз күчүнө ишенгени, келечекти көрө билгени, демек илгери үмүттөн кол үзбөгөнү дээрлик бардык чыгармаларынан сезилип, ой-туюмун ээлеп алганын баамдаган деңгээлге жеткен окурман Алыкулдун айткандары тегин эмес экенине ынана баш чайкайт.

Окуган сайын жаңырып, улам ой жаратып турган ырларын мөл булактын жанында туруп суусуну канбаган жолоочудан бетер кайра-кайра үңүлө окуйт, улам кийинкисине кызыгып умсунат.

Андай умсунуу менен умтулууга окурман журтунун улам кийинки муундары да туш болушуп, алар өз заманасынын, доорунун ыңгайына жараша өз Алыкулун ачып жатышат. Демек, анын чыгармалары мезгил сынынан өтүп, бир адамдын чыгармачылык таржымалынан бир элдин поэзиясындагы өзгөчө таржымалга айланды деп бүтүм чыгара алабыз.

А. Осмоновдун бул улуулугу жөнүндө айтканда анын элдик оозеки чыгармачылыкты кеңири пайдаланганына карабай төкмөлүк же кара жамактын туткунунда калбастан, аларды жаңы ой, өрүшү кең мазмун менен байытып кайра элге толуктап бергендигин дайыма баса белгилөө шарт. Ал эми өз элинин рухий дүйнөсүн башка элдердин көркөм дөөлөттөрү менен да көөнөрбөс кылган котормочулук талантына таазим этип, арыбаган, тажабаган түйшүкчүл эмгегинен үлгү алуу керек.

Анткени, Алыкул «Манастай» дастанды, Токтогулдай ак таңдай талантты кастарлап, аларды жаңы нукка сала өздөштүрүп, дүйнөлүк классика менен жуурулуштургандыктан өзү да бир туу чокуга айланып калганы кадиксиз. Бул туурасында сөз кылганда аксакал эл акыны А.Токтомушев Алыкулдун 70 жылдык кечесинде чын

дилинен: – *Биз анча-мынча жазганыбызга эле эрдемсип, боз үйгө жакын аркандалган музоо көк чөпкө тойгондой токпейил тартып жүргөндө, Алыкул эбак эле Ала-Тоодон алыс кетип, Шотанын, Шекспирдин, Пушкиндин дүнүйөсүнө сүңгүп аралашып бүлүк салып алыптыр*, – деп элестүү кылып айтканын эске албасак кептин мазасы кетер.

Аксакал акындарыбыздын айтканына кошумчалап, азыркы түрк маданиятына эле эмес, жалпы союздук, ал турмак чыгыш-батыштын айрым өлкөлөрүнө чейин даңазалана майрамдалган улуу Токтогулдун 125 жылдыгында ортого салынган орошон сөздөрдөгү ойлордон бөлүшүү зарыл. Заманабыздын залкар жазуучусу Ч.Т. Айтматов: «*Токтогул биз үчүн өчпөс шам, ошол өчпөс шам жалгыз болбоо керек. Өчпөс шамдын нуру алыска жетип, анан ошонун тегерегинде көп нурлар пайда болуу керек. Ал нур биздин азыркы маданиятыбыз, азыркы аң-сезимибиз, азыркы турмушубуз*» («Фрунзе шамы» 12/X. 1989-ж.).

Ошол өчпөс шамдын жаркын нурунун бири А.Осмонов экендигин билебиз. Бул жөнүндө Токтогул тоюна келген карачай акыны Б. Хубиев мындай деген: *«... Токомду урматтап, кызыгуу менен окуйм. Анын кээ бир ыр саптары өзүнчө эле макал, учкул сөз. Алыкул Осмонов Токтогулдун шакирти эмей эмине» («Советтик Кыргызстан»,* 6/X. 1989-ж.). Айтмакчы, бул карачай боордоштун бала чагы кыргыз жергесинде өткөндүгүн айта турган болсок, анын ойлору төгүн жерден чыкпаганына ишенебиз.

Демек, жазма адабиятыбыздын түпкү пайдубалы катары эсептелген элдик оозеки чыгармачылык чалкып жаткан океан болсо, Токтогул, Алыкул, Чыңгыз ошол зор мухиттен көтөрүлгөн үч рухий кыл чокудай туюлат.

Мурда «Толубайдай сынчы бол, Токтогулдай ырчы бол» деген лакап болсо, эми, «Алыкулдай алп акын, Чыңгыздай чыгаан жазуучу бол» дегенге неге болбосун.

Алыкулдун ушунчалык деңгээлге жетишине биринчи кезекте өзүнүн эмгекчилдиги, сезимталдыгы негиз болгон. Ал эми учурунда ага көмөктөшүп, ар кандай кеп-кеңештерин айткан, жардам бергендер болбогондо балким, А. Осмоновдун кыргыз адабиятындагы жылдызы жанбай калмак.

Алыкулга чыгармачылык жактан көз салып, багыт бергендердин бири Жоомарт Бөкөнбаев: «Алыке! Жаңы өсүп келе жаткандардан сени гана сүйөм, сага гана ишенем. Ошондуктан, «Душман сүйдүрө айтат, тууган күйдүрө айтат» дегендей, кээ-кездерде сени менен урушумуш болгонум да ошол. Эми олуттуу акын болуп, салабаттуу киши бол» дегени бекер эместир. Мындай зор ишеничти билгизген катын Ж. Бөкөнбаев Москвада жүргөн Алыкулга 1936-жылы 3-июнда жазган. 1947-жылы жазган «Жазуучулук баянында» А. Токомбаевдин кызматка орноштурушу тагдырындагы бурулуш экенин Алыкул белгилеген.

Муну М. Элебаевдин эскерүүлөрү да ырастайт. «Аалынын бир жери – чыгарманын башкы касиеттеринен болгон техниканы барк албайт. Анын көпчүлүктү бир ала жүргөнүн, жаштарды өстүргөнүн, адам болсун деп тереңден сууруп чыкканын Алыкулдай жаштардын өзү гана эмес, башкаларыбыз да унутпашыбыз керек. Биз кимдин кимдигин керт башыбызга кылган мамилесинин жакшылыгынан (же жамандыгынан) эмес, жалпы текшерүүбүз керек» («Ала-Тоо» 1989. №9. 125-б.). Бирок жазуучулар союзун кыйла жыл жетектеген адамдын Алыкулга өмүрүнүн кийинки жылдарында көмөктөшпөгөнүн айтпасак

да, башка иштеринде деле демилгесиз, бейтарап калганын эмне менен түшүндүрүүгө болот? Айтмакчы, мында жалаң эле айрым адамдар күнөөлүү эместей сезилет. А балким Алыкулдун бир мүнөздүгү, ойлогонун бетке айтарлыгы себеп болгондур. Бул пикирди А.Осмоновдун «Кызыл Кыргызстан» газетасына 1937-жылы 26-сентябрда жазган «Адабияттагы зыяндуулуктун түп тамырын сууруп таштайлы» макаласы ырастагансыйт.

## ТАКТАЛГАН ТАРЖЫМАЛ

Республиканын борбордук мамлекеттик архивинде (Ф. 1465. опись № 2. ф.184) сакталып турган документке көңүл буруп көрөлү. Кыргызстан жазуучулар союзунун № 28-токтомунда «Советский писатель» басмасынан орус тилинде жарык көргөн «Мой дом» аттуу китеби үчүн А. Осмонов 1950-жылы Сталиндик, (кийинки Мамлекеттик) сыйлыкка көрсөтүлгөнү жазылган. 19-декабрда өткөрүлгөн бул чогулушка: Удалов, Имшенецкий, Земляк, Ковский, Шиваза, Козубеков, Казакбаева (Казакбаев – П. К.), Лебедева («Советская Киргизия» газетасынан) жана СССР Жазуучулар союзунун өкүлү Серегин катышып, Үмөталиев, Токомбаев, Токобаев, Удалов жана Баялинов сөз сүйлөшкөн. Токтомго жазуучулар союзунун ошондогу төрагасы К.Баялинов менен жооптуу секретары Ө. Жакишев кол коюшат.

А. Осмоновдун ушул сыйлыкка көрсөтүлүшү кантсе да кыргыз адабиятынын, өзгөчө поэзиясынын тарыхындагы айрыкча көрүнүш.

Тээ элүүнчү жылдардын ортосунан бери түкшүмөл болуп, нечен табышмактуу купуя сырдан бешбетер көптөгөн

окурман муунуна ачылбаган дүйнө сымал тынчтык бербеген собол ушул сыйлык маселесине байланыштуу эле. Аны белгилүү сынчы, адабиятчы Шаршенбек Үмөталиев башында турган кыйла изилдөөчүлөр аракеттенип, сыр түйүнүн табууга далалаттанышкан. Мына ушул адабият тармагындагы чатышкан окуяны чечмелөөгө 90-жылдардын башталышында колдон келген салымды кошууга далбас уруп, кандайдыр жыйынтыгында көңүлгө төп келбеген бир натыйжаны көрдүм. Эмесе, кеп оролу ошол жөнүндө. Алыкул Осмонов Кыргыз Советтик Жазуучулар союзунун 1950-жылдын 19-декабрындагы токтомунун негизинде СССР Мамлекеттик (мурдагы Сталиндик) сыйлыгына көрсөтүлгөнүн билгенибиз менен, андан ары не болгону туңгуюк эле.

Ушул сыр сандыктын сырын ачуу максатында СССР Министрлер Советинин Лениндик жана Мамлекеттик сыйлыктар боюнча комитетине атайын катты жумурияттын Жазуучулар биргигинин атынан 1990-жылы көктөмдө эле жөнөткөнгө карабай, тийиштүү жооп алалбадык. Акыры акындын музейин түзүүдө белсемдүүлүк көрсөткөн Маданият министрлигинин жана «Кыргызстан» басмасынын колдоосу менен 1990-жылдын сентябрь айында адабият жана искусствонун Москвадагы борбордук архивине барып, Осмоновго тийиштүү документтерди изилдеп келүүгө  шарт түзүлдү. Ал жакта да айрым формалдуулуктардын тосмосунан өтүп, көптөн бери көпчүлүктү чыдамсыздана күттүрө, сырын ичине каткан сары барактарды тирмийе тиктеп окудум. Эмне болду экен деген толкунданнуунун арасында үзүл-кесил үмүт оту жана калып, кандайдыр калбаат сезимди пайда кылып турду. Бирок, тилекке каршы, ошол бүлбүл жанган жарымжан

үмүттүн бозомтук учкуну кыпындай жарыгын калтырбай тарап кетти. Эмне себептен?

... Анткени, сыйлыкка көрсөтүлгөндөрдүн тизмесине А. Осмонов акыркысы болуп катталган. Адегенде 70тей талапкер болсо, талкуу, тандоодон тандоо болуп отуруп, поэзия боюнча сыйлыктын үч даражасына он беш талапкер добушка коюлган экен.

1951-жылы 3-февралда Н.С. Тихонов төрагалык кылган чогулуштун чечиминин негизинде кандидатуралар жашыруун добушка төмөнкү кезекте коюлган: С.Я. Маршак, А.С. Малышко, Г. Цадаса, Г.Г. Абашидзе, П.И. Воронько, Расул Рза, П. Бровка, С.И. Кирсанов, Салих Ата, И.П. Кончаловская, Т.Ю. Тильвитис, О.Ф. Бергольц, С.В. Смирнов, Г. Эмин, А. Осмонов.

Алыкулдун кандидатурасы 25-январда кошумча катарында бир топ олку-солку болуу менен киргизилиши эле кийинки чогулуштарга жана добуш берүүгө өзүнүн залакасын тийгизгени даана туюлат. Анткени, салт катары ар бир акынды жана анын көрсөтүлүп жаткан чыгармасын талкуулоого киришкенде атайын концерт өткөрүлүп, анда поэмалардан үзүндүлөр жана көлөмү чакан ырларды көркөм окутуп угушкан. Мунун максаты – ар биринин, өзгөчө, анчалык белгисиз жана улуттук акындардын чыгармачыл дарамети менен таанышуу болгон. Ушундай концерттен кийин 29-январда (1951-ж.) өткөрүлгөн талкуунун токтомуна караганда А. Осмоновдон башка талапкерлердин бардыгынын чыгармалары окулганы, ал турмак артисттердин аткарган чыгармаларынан бери жазылган.

Ал эми 3-февралда өткөн чогулушка караганда кандидаттарды ылгоо өтө шашылыш жүргүзүлгөндүктөн жана февралдын бешинде эле добуш берүү боло тургандыктан

секциялардагы талкуулар да бачым өткөрүлмөк гана тургай, кайсы сыйлыктар кимдерге ыйгарылары да болжолдуу аныкталган. Ошондо эле А. Осмоновдун үчүнчү даражага сунуш этилгенин, жөн эле көрсөтүлбөстөн бир топ ыргылжыңдыктан кийин кошулганын жана акындын каза болгонун, (убагын туура эмес айткан) чыгармачылыгы токтогонун, «Мой дом» китеби жакшы экенин Н.С.Тихонов билдириптир. Бул төраганын жөндүү сунушу катары эмес, өлгөн адамдын арбагын сыйлоо же жалпы чабышка кошолу, калганын өз бактысынан эле көрсүн деген маанайды туюнткансыйт. Ынанымдуу болсун үчүн түп нускасынан которбой мисал калтирели: «Сначала мы хотели его снять, потом обратно поставить. Тут не так много авторов и может быть его оставить? Возражающих нет?» Эч ким деле каршы болбоптур.

Добуш берилер алдында, 5-февралда өткөн чогулушта да Алыкул жөнүндө: «Осмонов – это молодой киргизский поэт, который умер в этом году. Его стихи собраны в этом сборнике. Его кандидатура была согласована после переговоров» – деп дагы кошумча маалымат берилген. Мунун себеби Н.С. Тихоновдон башка комиссиянын көп мүчөлөрү Осмоновду окушпагандыгында жана жогоруда айтылган концертте бир да чыгармасы аткарылбагандыгында экени кашкайып туру. Анткени, Т. Сыдыкбековдун 1950-жылы 21-октябрда Алыкулга Малеевкадан жазган катында: «Колуңа китебиң тиери менен Тихоновго, Щипачевго, Фадеевге ж.б. көңүлүң сүйгөн кишилерге салып жиберсең дурус болор эле» дегенине караганда, балким Алыкул «Мой дом» аттуу китебин Тихоновго эле жөнөткөндүр.

Ошентип, акыры көптөгөн ыргылжың болуулардан улам А. Осмонов төмөнкүлөрдөн кийин жазылып,

Сталиндик сыйлыктын үчүнчү даражасын алуучу талапкерлердин тобуна кошулат. Бергольц О.Ф., Смирнов С.В., Сарьян, Дудин М.А., Гамзатов Р.Г., Казаков М.И., Эмин Г., Мирмухсин, Луконин М.К. Сыйлыкты ыйгаруучу комитеттин 52 мүчөсү 5-февралда талапкерлердин тагдырын чечкен добуштарын беришкен. Эсеп комиссиясынын (М. Чиаурели – төрагасы, Ю. Шапорин, В. Ефанов, А. Гулакян) 6-февралдагы токтомунда А.Осмонов үчүн жети добуш, алардын бирөө экинчи даражага, алтоо үчүнчүсүнө деп берилгени жазылган. Ошентип, жогоруда Н.С. Тихонов айткандай шашкалактык жана айрым талапкерлерге жасалган үстүрт мамиле, так эместик ушундай натыйжасын бергени ырасталып турду. Мындан тышкары протоколдорду окуудан улам дагы бир көрүнүш туюлат. Айрым кандидаттар үчүн талкуу учурунда эле күйүп-бышкандар, ал турмак, үчүнчүдөн экинчиге, колдон келсе дароо эле биринчи даражасына көтөрө талашкан сүрөөнчүлөрү бардыгы байкалды.

Далил катары 29-январда өткөн чогулуштун протоколунан үзүндүнү түп нускада келтирсек, жетиштүү болор. Пырьев: «Гамзатов – это сын? Он слабый и надуманный поэт. Видно, что он все это выдумывает, а не идет у него от сердца».

Председатель: «Его придется в списке оставить, потому что есть закон, что если один член Комитета выдвигает кандидата, мы должны его оставить. Его выдвигает Фадеев».

А. Фадеев ошол кезде комитеттин төрагасы болуп турган. Бирок буга карабастан Р. Гамзатов сыйлыкка илинбеген менен атасы Г. Цадаса лауреат болуптур.

Мурдагы маалыматтарда айтылган фактыны – Алыкулду А. Фадеевдин өзү колдоп, сунуш этkенин чагылдырган

бир да жазуу табылбады. Балким, мурунку же кийинки жылдарда болбосо?

А. Осмонов үчүн добуш берген жетөөнүн бири, болгондо да экинчи даражасына сунуш эткени К. Баялинов экендигин комитеттин мүчөлөрүнүн тизмесин окуганда баамдоо кыйындыкка турбады. Демек, акыныбыз алсыздыгынан эмес, учурунда жүргүзүлбөгөн пропаганда иштеринин кемдигинен жана жогоруда белгиленген шашылыштын айынан, сүрөөнчүлөрдүн жоктугунан гана өз сыйына арзыбай калгандыгы айкындалып отурат.

Дагы бир кызыгы – А. Осмонов бул сыйлыкка 1946-жылы да көрсөтүлгөндүгүндө. Ал жылы неликтен албай калганы менен таанышууга мүмкүндүк болбоду. Анткени, ал документтер комитеттин өзүндө экен. Эки ирет көрсөтүлгөнүнө карабай, сыйлык ыйгарылбай калган Алыкулга көлөкө түшүрчүлөр да чыгар. Бирок, алардын андай аракетинен эч майнап чыкпасын эскертким келет. Анткени, жогоруда жазылгандай: Р. Гамзатов 1952–1953-жылдары дагы көрсөтүлгөнүнө карабай лауреат болгон эмес. Зульфия, Э. Межелайтис, С. Муканов, М. Ауэзов, С. Липкиндер да бир канча ирет сунуш этилишкен жана алардын айрымдары гана аталган сыйлыкты кийин алышкан.

Ал эми кыргыз адабиятынын төмөнкү өкүлдөрү да учурунда көрсөтүлгөн менен барктуу сыйлыкка илинбегени өкүттө калтырды. С. Каралаев – 1940-жылы, А.Үсөнбаев – 1942-жылы, Т.Үмөталиев – 1951, 1952, К.Баялинов – 1947, 1951, 1952-жылдары.

Т. Сыдыкбеков – 1949-жылы «Биздин замандын кишилери» романы үчүн Сталиндик сыйлыктын үчүнчү даражасын алганын билебиз. 1952-1953-жылдары кайрадан көрсөтүлгөндүгүнө карабастан бул жазуучуга да эч нерсе ыйгарылбаптыр.

«Житкен окту аткан ок тапты» дегендей, маданиятыбызга сөзсүз байланышы бар бир фактыны кошо баяндайлы. 1951-жылы 6-февралда музыка боюнча өткөрүлгөн талкууда Власов, Фере, Малдыбаевдин «Бир тууган колхоздо» деген кантатасы боюнча төмөнкүдөй пикир айтылган экен. Ойдун толук болуу максатын көздөп, аны түп нускасында берели: «Мы считаем, что кантата интересная по замыслу, там поставлена интересная проблема, но в целом это сочинение не удалось настолько, чтобы можно было выдвинуть на Сталинскую премию. Там большое смешение стилей – старинные русские песни и жестокие романсы и современные песни. Нельзя ставить на премию» (Захаров В. Г.). Бул киши сөзүн мындайча баштаган: «Власов, Фере, Малдыбаев – кантата «В родном колхозе» (Малдыбаев зачеркнуть).

Эмне үчүн чийилген? Менимче кыргыз обон-күүлөрүнүн таасири, мукамы анча угулбай калганыбы же башка себептенби... Буга музыка өнөрүн иликтегендер жооп беришер.

Ошентип, Москвадагы материалдардан дарек жок деп беймазага баткан жан, өз калаабыздагы эле партиялык, комсомолдук архивдерден А. Осмоновду республикалык комсомолдун лауреаттыгына көрсөткөн токтом дайынын таппай калганда, дагы орунсуз бир шылтоо далилденгенине ынанат экенсиң.

1989-жылы январь айында Кыргызстан ЛКЖС БКнын кабинеттеринин биринен кадимки, күндөлүк иш кагазын алгандай эле лауреаттык күбөлүктү, сыйлык белгисин алганыма кубанган менен бурганактап жаап жаткан кардай болгон ойлордун, наразылыктын бастырындысында калганда негедир көңүлкоштук сезим ээледи. Анткени, поэзиябыздын чолпону, дөөлөтү деп

көбүрүп-жабыра баарыбыз бир ооздон мактаган (өзгөчө көзү өткөн соң) акынга сыйлыкты басма сөз бетинде гана ыйгарып, даңкын чыгарганыбыз менен минтип жарыбаган, көңүлгө сыйбас иш кылып отурганыбызга эмне себеп деген түкшүмөл түгөнбөс болду.

Алыкулдун лауреаттык күбөлүгү менен сыйлык белгисин алгандагы кубанычымды «Ленинчил жаштын» кызматкерлери менен бөлүшкөнгө шаштым. Ошондо, оюма дүйнөдөн кайтыш болгон досунун партбилетин райкомго алып бараткан Танабай түштү. Бирок Кудайга шүгүр, ал алып бараткан болсо, мен алып чыгып келатканыма каниет эттим. Бул сыйлык белгиси Каптал-Арыктагы мемориалдык музейинде башкы экспонат катары сакталып туру.

* * *

Жогорудагы үч томдуктан кийинки жарык көргөн тандалмаларынан көзгө толумдуусу Т. Кожомбердиевдин түзүүсүндө 1972-жылы 15 миң нускада чыгарылган «Көл толкуну».

Акын жөнүндө эскерүү, арноо китеби экинчи ирет «Алыкулга гүлдесте» деген аталышта 1975-жылы 12 миң нускада Жумакан Тынымсеитова тарабынан даярдалган.

Кыргыз тилиндеги басылыштарынын көлөмдүүсүнө 1984–1986-жылдары 12 миң нускада жарыяланып, баш сөзүн К. Бобулов жазган, үч томдугу кирет. Байкалгандай, улам кийинки басылыштардын нускасы азайып отуруп, төрт миңге түшкөн. Балдар үчүн чыгарылгандарын эсептебегенде. Муну учурунда эне тилибизге энөөлүк менен мамиле жасалган кездин каскагы, басма ишиндеги теңдемечилик десек да болот. Анткени, чыйыры жаңы башталган таланттын китеби деле төрт

миңдик нускада чыгарылып жатканда, Алыкулдай акындын мындан кыйла көбүрөөк чыгарылып турушу окурманга деле, басмага деле ыктуу болмок.

Нуска жөнүндө кеп болгондо А. Осмонов жөнүндө кыскача библиографиялык маалыматты ортого салалы.

«Махабат» ырлар жыйнагында 44 ыр, жети поэма, 1954-жылдагы «Тандалмаларда» 154 ыр, сегиз поэма бар. Ал эми 1964-жылдагы биринчи томдугуна 472 ыр, 1984-жылдагы биринчи томдугуна 354 ыр жана 3 поэма киргизилген.

Булардын канчасы кайталанып, канчасы биринчи ирет басылганын иликтөө өзүнчө илим.

Акын чыгарма жазуу жана которуу менен гана чектелбестен башка калемдештериндей эле ар кандай маанайдагы жыйнактарды чыгарууга да жигердүү катышкан. Атап айтканда А. Осмонов 1939-жылы М. Кырбашев менен бирге 6-класс үчүн «XIX кылымдын адабият хрестоматиясын», 1943-жылы согуштук тематикадагы «8-гвардиялык» жана 1947-жылы «Жаш акындар» жыйнактарын түзгөн, редакциялаган.

Эң биринчи басылыштарын кошо эсептегенде өзүнүн чыгармалары, котормолору кыргыз тилинде отуздан ашык ирет чыгарылып, нускасы 270 миң даанага жеткен. Орус тилинде сегиз жолу чыгарылган китептеринин нускасы 350 миң. Мынчалык көп болгон себеби «Дети и журавли» деген ырлар жыйнагы «Мектеп» басмасында 1981-жылы массалык тиражда (300 миң) жарык көргөн. Ушул эле жыйнагы «Ээсте раамат» басмасы тарабынан 1984-жылы отуз миң нускада, эстон тилине которулуп басылган. «Толубай сынчы» 1960-жылы казак тилинде 30 миң тиражда Алма-Атада чыгарылган. (1990-жылдагы маалымат).

Айрым ырлары түркмөн, якут мезгилдүү басма сөздөрүнө да жарыяланган.

А. Осмоновдун өмүрү, айрым чыгармалары боюнча маалымат чет элдик окурманга биринчи ирет 1967-жылы жеткен көрүнөт. Бул ойлорго ошол жылы Лейпцигде жарык көргөн «Совет адабияты бүгүн» деген жыйнак негиз болот. Тилекке каршы андан кийинки учурда чет өлкөлөрдүн кайсынысында чыгармалары жарык көргөнү же өзү жөнүндө библиографиялык маалымат берилгени дайынсыз. Бул маанилүү иштин кемтигин толтурууга Улуттук китепкананын чет элдик библиография бөлүмү жана китеп палатасы көңүл бурар.

А. Осмоновдун акындык жүзүн, түмөн түйшүктүү жаңычыл чыйырын окурман баамдашы үчүн мезгилдүү басма сөздө жарыяланган макалалар, илимий мазмундагы китептер омоктуу тирек болгону анык. Дээрлик кырк жылдан ашык Алыкулга арналып жазылган материалдарды кийинки муунга адабий жана илимий мурас катары тааныштыруу милдетин Улуттук китепкана кызматкерлери Ж. Айсаракунова менен О. Сухомлинова кыргыз, орус тилдеринде 1990-жылы түзүшкөн библиографиялык көрсөткүч аткарат. Басылма 2006-жылы толукталып басылды.

Акындын өмүрү жана чыгармачылыгын изилдеп, илимий иликтөө ишин алгачкылардан болуп: Ш. Үмөталиев «Алыкул Осмонов» (1958-ж.), Р. Кыдырбаева «Лирика Алыкула Осмонова» (1957-ж.), А.Садыков «Алыкул Осмоновдун поэзиясындагы традиция жана новаторлук» (1962-ж.), жана К. Кырбашев «Алыкул Осмоновдун поэзиясынын тили» (1967-ж.), өңдөнгөн окумуштуулар баштаган.

Чыгармалары орус тилине которулуп, өзүнчө китеп болуп чыкканча (1950-ж.) он жылдан ашык убакыт кеткенине караганда А. Осмонов бул жагынан да өтө пукта, тыкандык менен иштеп, жоопкерчиликти жогору койгон көрүнөт. Мезгилдүү басма сөздө орусча жарык көргөн биринчи ыры котормочу А.Тарковский тарабынан «Советская Киргизия» газетасына 1938-жылы 6-июнда («Снова в горах») жарыяланган. «Бешик ыры» Л. Ошаниндин которуусунда ушул эле газетага 1939-жылы 12-апрелде басылган.

Жазуучулар Союзунун архивдеги документтеринин арасында А. Осмоновдун ырларын орус тилине которгондор жөнүндө да айрым материалдар бар. Акындын «Кыргыз кавалеристтерине», «Чоң театр» өңдөнгөн чыгармаларын Н. Манухина 1941-жылы октябрь, ноябрь айларында которгон. Машинкага басылгандан кийин автор котормону кубаттаганын билгизип кол койгон (Ф. 1465. опись № 2. 9.150. ЦГА Кирг. ССР).

Ал эми «Огонёк» журналына 1948-жылы И. Сельвинскийдин которуусунда «Менин шаарым» ыры жарыяланат.

А. Осмоновдун чыгармаларын которууга С. Липкин, С. Обрадович, Е. Долматовский, Н. Манухина, Е. Орловская жана К. Кулиев көп салым кошушкан. Алыкулдун зор талант экендигине ошол кезде көпчүлүктүн көзү жетпегенине Елена Дмитриевна Орловская өзгөчө туталанчу экен. Акындын 1955-жылы Фрунзеде басылган «Мой дом» китебин бирөөгө белек кылганда «От непризнанного гения» деп жазганы жөн эместир.

М. Синельников, Н. Пустынников, А. Никитенко, В. Шаповалов сыяктуу котормочулар да ушул саамалыкты улантуу үчүн өз дареметине жараша эмгектеништи.

Анткен менен, Алыкул дале болсо орус жана башка тилдерге тийиштүү деңгээлде которулбай жатканы, анын поэзиядагы Акбозун эл аралык окурманга таанытууга кедерги болууда. Албетте, поэзияны тилден тилге, дилден дилге көөнөртпөй которуу өтө мүшкүл түйшүк. Ошондуктан, эне тилин жана башка тилдерди да кош канатындай кага билген кыргыз котормочуларынын кийинки мууну, Алыкул өзү: «Мен өлгөндө ордум басат, менден соо, менден жакшы акылдуулар» дегендей ушул чыгармачылык жоопту милдетти омоктуу кылып аткарышса, кыргыз руху кыйла жерге көрүнүп, бүт дүйнөлүк маданиятка өз үлүшүн дагы кошмок.

Орус тилинде 1950-жылы эң биринчи ирет чыгарылган «Мой дом» китебинде 87 ыр, эки поэма болсо, 1987-жылдагы «Отчий дом» жыйнагында 189 ыры жана 12 поэмасы бар. Ошентип, сан жагы өсүүдө, ал эми котормунун сапаты дале көңүлдө.

1990-жылы «Советский писатель» басмасында Алыкул Осмоновдун ырлар жана поэмалар жыйнагы (269 ыр, 10 поэма) 14 басма табак көлөмдө, 10 миң нускада чыгарылды. Китептин түзүүчүсү жана баш сөз автору Камбаралы Бобулов акындын чыгармачылыгын эл арасына жайылтууда ушул эмгеги менен өлчөөсүз рухий иш жасаганын баса белгилөө зарыл. Ал эми акындын ырлар топтомун, айрым поэмаларын англис тилине которууда котормочу Уолтер Мэй менен чыгармачыл алаканы аягына натыйжалуу чыгарган Жолон Мамытов агабыздын да аруу мээнети арбын. 1995-жылы Сорос-Кыргызстан фондусунун спонсорлугунда жарык көргөн «Көл толкуну» аттуу кыргыз-англис тилдериндеги жыйнак 51 ыр, жана «Жеңишбек» поэмасынан түзүлгөн.

Алыкулдун котормочулук шыгы А.С. Пушкиндин «Кышкы кеч» ырын которгондон ойгонсо керек. Ушундай бирин-экин которулгандардын ичинде Г. Гейненин «Деңизге сүзүү», Лебедев-Кумачтын «Көңүлдүү балдар», К. Кулиевдин «Жол ыры», М.Голодныйдын «Чапаевчилердин ыры», И. Крыловдун «Түлкү менен жүзүм» жана акын К. Муталиевдин «Тоо кызы» аттуу чыгармалары бар. Булардын айрымдары «Чолпонстан», «Жылдыздуу жаштык» аттуу эң биринчи жыйнактарына киргизилген. В. Маяковскийдин «Жакшы» поэмасынан үзүндү котормосу 1940-жылы «Совет адабияты жана искусствосу» журналынын төртүнчү номерине жарыяланган.

А.Осмоновду Ала-Тоонун арасына аттын кашкасындай тааныткан атактуу котормосу (Ш. Руставели «Жолборс терисин кийген баатыр») 1940-жылдан 1982-жылга чейин алты жолу басылганы менен калган котормолоруна негедир көңүл бөлүнбөй калган. Өңгөсүн айтпаган күндө да 1938-жылы чыккан И.А. Крыловдун «Тамсилдерин», (26 бет), Ш.Перронун «Жомокторун» (1937-ж. 30 бет), С. Маршактын «Жалкоолор жана мышыгын» (1937-ж. 8 бет) өз-өзүнчө кооздоп, көп нускада чыгарса балдар үчүн сонун белек болмогу ырас.

А.С.Пушкиндин «Евгений Онегини» менен В.Шекспирдин «Отеллосу» да бир гана жолу чыгарылган.

Республиканын Тышкы иштер жана Маданият министрликтери Грузия, Англия, Россия тарапка кайрылып, ушул улуу үч чыгарманы кайра чыгаруу маселесин колго алышы зарыл.

Бул эки котормонун театрдык жолу да негедир туңгуюкка кептелгендей. Театр демекчи, А.Осмоновдун өз калеминен жаралган көптөгөн пьесалар, скетчтер

болгону менен алардын айрымдары гана сахналаштырылган. 1947-жылы Ысык-Көл областтык театрынын коллективи койгон «Экинчи бригада», 1974-жылы КМАДТда, режиссер эмес, а атактуу актриса, СССРдин эл артисти, республиканын Токтогул атындагы мамлекеттик сыйлыгынын лауреаты Бакен Кыдыкеева койгон «Махабаттан» бөлөк эч нерсеси сахналаштырылбаган. А.Осмонов учурунда пьеса жазуу үстүндө алпурушканы менен андан жарытылуу майнап чыгара алган эмес деген пикир бар. Бирок ошолорду ылгап, иреттеп ылайыктуусун сахналаштырууга неге болбосун. Болуптур, өзүбүздүкү жарабасын десек, В. Шекспирдин «Отеллосу» 1950-жылы жана экинчи ирет 1975-жылы гана коюлган.

А.Осмоновдун мээнети аркылуу Улуттук театрыбыз «Отеллонун» үстүндө иштөө менен чыгармачылык мүмкүнчүлүктөрүн кеңитип, өзүнө коюлган талапты жогорулаткан. «Отелло» жөнүндө 1950-жылы «Комсомолец Киргизии» газетасына 5-майда жарыяланган алгачкы пикирде эле улуу драматургдун атактуу трагедиясынын коюлушу республиканын маданий турмушундагы зор окуя экендиги баса белгилениптир.

1943-жылы «Он экинчи түн» комедиясын кыргыз драма театры койгондо тексттин көпчүлүгү кыскартылып калгандыктан, В.Шекспирдин чыгармасы кыргыз көрүүчүлөрүнө өз деңгээлинен бир топ эле даражада төмөндөтүлүп көрсөтүлгөндүгүн «Советская Киргизия» газетасына Н.Львов 1950-жылы 6-октябрда жазган.

Ал эми 1950-жылы 12-ноябрда «Кызыл Кыргызстан» газетасына «Отелло» боюнча жарыяланган пикирлерге ортоктош болуу бул ойду толуктамакчы.

Репетициялык иштин процесси актёрдук устаттыктын практикалык мектебине айлангандыгын жана

спектаклдин өзү артисттердин чыгармачыл жактан жетилген экзамени сыяктуу болгондугун оюнду койгон башкы режиссер А.Свистунов баса көрсөткөн. Искусствовед Н. Львовдун спектаклде башкы ролдорду аткарган актерлорго карата жазгандары деле ушул трагедиянын коюлушу өзүнчө бир зор маданий жаңылык болгонун туйгузуп турат. Ошол ойлорду камтыган үзүндүлөрдү окуп, ой жоруп көрөлү.

... Кыргыз ССРинин эмгек сиңирген артисти Муратбек Рыскуловдун аткаруусундагы Отелло көрүүчүлөрдү сахнага биринчи эле чыгышынан тартып кызыктырат... С. Жамановдун аткаруусунда Ягонун образы жакшы берилген. Образ өзүнүн жыйнактуулугу менен көрүүчүлөрдү ишендире алат. Актердун аткаруусунун орунсуз жерлери жок. Кыргыз ССРинин эмгек сиңирген артисткасы Б. Кыдыкееванын трактовкасында – аялдык касиеттүүлүк, назиктик жана жагымдуулук – Дездемонанын негизги мүнөзү болуп саналат.

Эмильянын ролун аткарган актриса Д.Күйүкова спектаклдин биринчи бөлүгүндө начарыраак ойнойт. Актрисанын оюну акыркы сценада, Дездемонанын өлтүрүлүшү Эмильяны жаалдантканда гана кызыйт. С.Күмүшалиева да Бьянканын ролун темпераменттүү чече алган.

«Отеллонун» коюлушуна карата жазылган бир дагы макалада котормочу жана котормонун сапаты жөнүндө жылуу сөздүн же сындын жоктугу өкүнттү. Ушул өксүктү 1950-жылдын 15-декабрындагы Т. Үмөталиев менен Н. Чекменевдин «Патриот акын» аттуу эскерүү, аза макаласы толуктап турат. «Алыкул Осмонов кыргыз театрынын өнүгүшүнө да чоң салым кийирди. Ал кыргыз тилине «Отелло» трагедиясын жана «12-түн» деген китебин которуп, азыркы мезгилдин темасында «Экинчи бригада»

пьесасын ыр менен жазып чыкты». Ушул пикир ошондон мурда басма сөздө айтылса эмне?.. Анткени, 1950-жылы 12-декабрда кыргыз поэзиясынын гүлдөп келе жаткан багында сайрап турган булбулдун үнү басылганы некрологдо жазылган.

Мындай кечигүү, баамсыздык аз болсо кана?

«Экинчи бригаданын» мазмуну чарба жүргүзүүнүн өз алдынчалыгы, адам фактору деген талаптарга тете эле пьеса.

«Ак Мөөр», «Чолпонбай», «Жөнөш керек Меркеге», «Баатырдын өлүмү», «Майдын түнү», «Жок, андай эмес» өңдөнгөн пьеса, либретто жана скетчтеринен (тамашалуу маанайдагы көлөмү чакан пьеса) тандап, сахналаштыруу келечектеги театр үлүшүдүр.

Акындын замандашы, кезинде театр режиссеру, андан кийинки чыгармачылык өмүрүн кыргыз киносу менен тогоштурган Илике Көкөев аксакалдын айтканына караганда – Алыкул 1937-жылы Москвадан дубляждык фильмди биринчи көргөн соң котормого ого бетер кызыгып калат. Ал кызыгуу, таасирленүү, а эң негизгиси талыкпай окуп, өз алдынча эмгектенген түйшүктүү мээнет Шотаны «Дагы далай жерге алпарар кыргыз атына мингизгенин» билебиз. Дагы бир айта турган нерсе, Алыкул ошол кездеги залкар төкмөлөр, манасчылар, улуу комузчулар менен баарлашып, алардын аңгеме-дүкөнүнө дайым кызыккан.

Акын, драматург Кадырбай Мамбетакуновдун «Акын жана ажал» аттуу эки бөлүмдүү лирикалык драмасы республиканын 80-жылдардагы театр турмушунда маанилүү окуя болуп калды. Анткени, мындай белгилүү инсандардын турмушун чагылдырган оюн сахнага алгач коюлган эле. Драма кандай болсо да А.Осмоновдун

жаркын элесине арналган өзүнчө эстелик. Бул жөнүндө автор:

Алыкул кудуретине тете болгон
Алп дастан айта коюш келбес колдон.
Күн-түндөп жүрөгүмдө мен өстүрүп,
Гүлдестем ушул, АКЫН, сага койгон.

– деп бет ачарында белгилейт. Драматургдун көздөгөнүн көрүүчүлөргө жеткирүүдө актерлор М.Алышпаев, (Акын) Ж.Сейдакматова, (Муза), А.Исмаилова (Грунья Савельевна), М.Мамбетов (Ажал) жана режиссер И.Рыскулов тарабынан кыйла аракеттер жасалгандыктан акындын жан дүйнөсү сахна күчү менен ого бетер таасирдүү чагылдырылган.

Бир нерсенин экинчи бир нерсеге таасир беришинен, ойго салышынан улам да чыгарма жаралган учур көп болот. 1987-жылы май айында Фрунзе шаарындагы № 5 мектепте өткөн «Алыкул жана Ысык-Көл» деген адабий кечеде окуучулар «Жолборс терисин кийген баатырдын» биринчи сахналык варианттарын көрсөтүшкөндө ойго бир нерсе кылт эте түштү. «Атаңгөрү, Шотаны кыргызга Алыкул таанытса, Алыкулдун акындыгына жол ачкан ушул чыгарма дастан бойдон калбаса, сахнага коюлса» деген сезимге чулганган жан дүйнөм дүрбөлөңгө түшүп калды. Аны К.Мамбетакунов агайга айттым, «Жазбайсызбы, «Оморду, Алыкулду жазгандан кийин бу деле колуңуздан келер» деген үмүтүмдү билгиздим. «...Баатырдын» сүрүнөнбү же аны бизге өтө жакын тааныткан акындын талантына кулдук деген таазиминенби, айтор, «Ойлонуш керек экен» деп кетти. Окуучулардын демилгесинин шарапатыбы, же шыкагым өткөнбү, бир топ убакыттан кийин котормонун сахналык вариантын окуп

чыгып, ой бөлүштүк. Бирок, андан көп өтпөй Кадырбай аганын мезгилсиз каза болушу менен баатырлар сахнага чыкпай калды…

Акындын 75 жылдыгына карата Ысык-Көл облустук драма театрында Медет Сейталиевдин «Алыкулга гүлдесте» аттуу поэтикалык драмасы коюлуп, зор ийгиликтер менен коштолду. Режиссер Орозбек Айдаров, Алыкул образын ооматтуу түзгөн актер Кыргызбай Осмонов Кыргызстан Ленин комсомолу сыйлыгынын лауреаты болушат. Аталган спектакль «Алыкул-90» маалында МТРК «Учур» теле-театрынын репертуардык өзөгүн түздү. Режиссер жана театр директору О. Айдаров жаш актёрлор менен да мурунку ийгиликтерин бекемдей алды. Баш каармандын жан дүйнөсүн психологиялык тереңде чагылдырган жаш талант Чыңгыз Мамаевдин келечеги кең.

Драматург Бурул Калчабаеванын «Аян» спектаклинде Алыкул менен азыркы окурмандын жеке тагдыр ташпиши трагедиялык негизде чечмеленген. Койгон режиссер Алмазбек Сарлыкбеков.

Алтымышынчы жылдары атагы көтөрүлгөн кыргыз киносунун өкүлдөрү да «Өз Алыкулун» тасмага түшүрүштү. Таланттуу режиссер Мелис Убукеев 1968-жылы тарткан «Акын» аттуу документалдык фильм учурунда бир топ ийгиликке жетишкен. Тактап айтканда, Орто Азия жана Казакстан кинематографисттеринин 1969-жылы Алма-Атада өткөрүлгөн VIII кароо-мелдешинде режиссердун мээнети диплом менен белгиленет. Бул режиссердун өзгөчөлүгү сценарийди өзү жазганы жана тексттерди кыраатына келтире орус тилинде көркөм окуганында эле. «Прикосновение к вечности» аттуу көркөм публицистикалык тасмасында да Алыкулга жасаган таазими, аяр мамилеси анык туюлуп турат.

А.Осмоновдун чыгармаларын аздектеп, кадырлаган күйөрмандардын бири, художник жана кинорежиссер Сагынбек Ишенов да акынга өз кино эстелигин койду. Алардын бири «Толубай сынчы». Бул мульттасмада тээ атам замандан бери эле сүрөткер менен сокур намыстуу, төрөпейил түркөйлүктүн кайнаса каны кошулбастыгы тастыкталат. Көз акысына алган тулпарды таптаган Толубай астына баланы өңөрүп, артына нечен күлүктөрдү маскара кыла зымырап кетип бараткынын тарткан режиссер поэмага өзүнчө ой кошкону байкалат. Анткени, ата өнөрү балага берилип, муундар мурасы мунарыктаган замандарды калтырып бизге жеткен эмеспи. «Күлүктү сынаар болсоң ыраакка чап» дегендей С.Ишеновдун мульттулпарынын дүбүртү союздук эле эмес, чет элдик экранда да даана угулду.

Мультипликациялык фильмдердин Парижде 1986-жылы өткөрүлгөн бүт дүйнөлүк биринчи фестивалында «Толубай сынчы» – атайын диплом менен сыйланган. Француз телевидениеси сатып алган советтик алты мультфильмдин ичинде кыргыз элинин оозеки чыгармачылыгынын үлгүсүндө тартылган тасманын болушу улуттук кино өнөрүнүн сыймыгы.

Көзү гана эмес көөдөнү да сокурлардын айынан Толубайдай сынчы, сүрөткерлердин канчасы бул дүйнөдөн кайыл болуп өтпөдү. Эл оозунан жыйнап, эки түрдөгү поэма жазган А.Осмоновдун таасиринде 1983-жылы тартылган бул тасма ушул ойду өз дараметинче толук ырастайт.

С.Ишенов «Толубай сынчыда» таланттын тагдыры эл тагдыры менен айкалышканда гана түбөлүктүү болот деген оюн кийинки, А.Осмоновдун турмушу негизинде тарткан «Акын» аттуу тасмасында улантып, экология маселесин кошо камтыган. «Сакадай бою сары алтын»

дегендей эки бөлүмдүү мульттасмага кынтыксыз ширелишкен кадрларды көз алдыбыздан өткөрүп көрөлүчү. ... Чокусу көк тиреген улуу тоолордун бийик ашуу, дабандарын замандан заман карыта көктүк менен ашып келаткан кыргыз көчү, ашуудан өтпөй кулагандардын куураган сөөктөрү элибиздин эзелки турмушунан кабар бергенсийт. Ошол көчтү коштой келаткан эки ак куунун (таланттын эки булагы: бири элде, бири өзүндө) бирин куш тээп өлтүргөндө анын канга боёлгон канатын акын аярлык менен өзүнө алат. Ал эми экинчи ак кууну мылтыкчан адамдын көл боюнда кубалап атып жүрүшү Алыкулду аябай бүлүккө салат… Ал эми жал-куйругу төгүлгөн Акбоздун атылган жебеден жер чапчый жыгылганы да терең ойду берет.

Боорукер адамдын мээрмандыгына мээримсиздик менен түс үйүргөн кара көпөлөктүн элеси да чеберлик менен чечилген. Мында акындын чыгармасынын режиссердук табылгага шайкеш келгендиги сезилет. Ал эми котормо адабиятыбыздагы алгачкы зор ийгилик болгон «Жолборс терисин кийген баатырдын» ээси Шота менен Алыкулдун Ала-Тоону аралай аргымактарын алчактата чаап баратышы, алардын рухий канаты сымалданган эки элдин обону жан дүйнөңө рахат тартуулабай койбойт...

Оомалуу-төкмөлүү дүйнө дегендей, бул кадрлар акынды:

Өмүр алда, эртеңкиге тобокел,
Өлбөсө экен башкалардын бөбөгү,

– деп зар какшата, үй-бүлөлүк турмушуна жик салган учуру менен алмашылганда жолдоштук, достуктун адил эместиги, эки жардын ортосундагы түшүнүү менен кечиримдүүлүктүн жоктугу эмнеге алып келери айтылгансыйт...

Ал эми заңкайган Ала-Тоону элестеткен ак калпакчан карыянын көз жашы соолгон көлгө, көл такырга айланганын чагылдырган кадрлар, эгер ойлонбой иш кылсаңар рухий дүйнөдөн да айрыласың деген этникалык да экологиялык да эскертүү эмей эмне.

Эки тасманын тең экрандык өмүрүн узартууда Кыргыз ССРинин искусствосуна эмгек сиңирген ишмер С. Ишеновго көмөктөшкөндөр Р. Чмонин («Толубай сынчынын» сценарийин жазышкан), Ю. Тойчубеков («Акындын» сценарийин жазышкан) жана художник Б.Жумабаев менен композитор Б.Абдраимов.

Алыкулдун чыгармаларынын негизинде тартылган С.Ишеновдун графикалык көп иштери акындын Бишкектеги үй-борборунда сакталуу.

Режиссер Л. Турусбекова 1990-жылы тарткан «Акын» аттуу документалдык тасмадан соң кинодогу Алыкул таануу эгемендик жылдарында улантылды. П.Казыбаевдин «Мезгил жана Алыкул» китебинин ж.б. булактардын негизинде Айдай Чотуева өз эсебинен «Мезгил жана Алыкул» көркөм тасмасын тартты. Ушул эле китептин негизинде «Алыкулдун изи менен» даректүү тасманы режиссер Тынай Ибрагимов «Кыргызфильм» студиясында «Алыкул-100» мааракесине карата экранга чыгарган.

Акындын өмүрү тууралу өзүнүн ыр саптары боюнча адабий Меккеге аттангандай чыгаандык, эрдик менен, берилгендик менен атайын китепти алгач жазуунун түмөн түйшүгү, делебени делбир кылган кубанычы жазуучу Кеңеш Жусуповго буйруду. Алыкулдун чыгармачылык чыйыры менен жеке турмушун жанаша карап, экөөнүн ширөөсүнөн бүткөн «Ыр сабындагы өмүр» (1974-ж.) китеби мазмундуулугу менен айырмаланып, республиканын комсомол сыйлыгын алган.

Алыкулдун чыгармачылыгын элге кеңири пропагандалоодо, поэзиядагы Акбозатын союздук окурмандарга жеткирүү ишинде сынчы, акын К.Бобулов көп күйгүлтүктөнө иштеген. Түзүүчү болуу менен бирге баш сөзүн жазып жана котормочулардан кетип калуучу калпыстыктарды жөндөгөнгө шымалана киришкен адамдын мээнети кайтып, 1990-жылы «Алыкул Осмонов» деген аталыштагы китеп «Советский писатель» басмасынан 15 миң нускада чыгышы зор эмгек.

Камбаралы Бобуловдун бир ууган агасы Бобулов Бакир Ата Мекендик согуштун катышуучусу жана экинчи группадагы майыбы. Согушта өзүнүн жанында Алыкул Осмонов которгон «Жолборс терисин кийген баатырды» кандуу майданда Витебскиде, Курскиде, Смоленскиде алып жүргөн. Ал 1942-жылы катуу жарадар болуп Кутаисиде госпиталда жатканда да китепти колунан түшүрбөптүр.

Камбаралы Бобулов 1978-жылы Тбилисиде грузин илимдер академиясынын «Эл достугу» музейи өткөргөн бүткүл союздук конференцияда «Шота Руставели жана Алыкул Осмонов» деген доклад жасап, чоң алкыш алган. Грузин Компартиясынын борбордук комитетинин биринчи катчысы Эдуард Шеварднадзе Бобулов Камбаралыны конференциянын катышуучулары менен бирге кабыл алып, грузин элинин даанышман акыны Шота Руставелинин Алыкул Осмонов шыктанып которгон улуу дастаны кандуу согушта кыргыз жоокерин эрдикке шыктандырып жүргөнүн грузин-кыргыз элдеринин рухий ширелүүсү  катары баалаган.

Космонавт Юрий Глазков космоско ала чыккан «Жолборс терисин кийген баатырды» «Эл достугу» музейине белек катары тапшырыптыр. Жазуучу жана адабий сынчы Камбаралы Бобулов бир тууган агасынын кандуу

согушта окуп жүргөн кыргыз тилиндеги «Жолборс терисин кийген баатырды» да музейге өткөргөнүнө сыймыктанат.

Жекече, күйөрман окурман катары акын жөнүндө эки китептен турган «Алыкулга таазим» аттуу даректүү баянды (1995-ж.) жазган жана өз эсебинен чыгарган Жакыпбек уулу Жекшенбектин мээнети зор. КР ЖК депутаты З.Эсенаманов жана ишкер К.Сапарбаев да Алыкул ишине көмөктөштөрдөн.

* * *

Музыканы жандүйнөсүнүн тиреги деп санаган Алыкулдун ырлары да ыргактуу, обондуу. Ошондуктан, улуттук биринчи композитор Абдылас Малдыбаев баштаган композиторлор мууну А.Осмоновдун сөзүнө көптөгөн обондорду чыгарышып, акындын ыр дүйнөсүнө тынбай кайрылып келишет. Алардын туу чокусу балдар композитору Астар Тыналиевге, композитор Сталбек Бактыгуловдун «Алыкулга таазим» симфониясына, Асангалый Керимбаевдин «Сулуугасына», Шамшыбек Өтөбаевдин «Ата Журт» обонуна, Ж. Муратованын «Ак кайыңына», обончу К. Букалаевдин «Түнкү кайыгына», Н. Давлесовдун «Саанчы жеңесине» таандык.

Бул саамалыкты кийин Ш.Ажыбеков кундуу улантып келатканына чыгарган китептери менен обондору далил.

* * *

Алыкулдун элесин бизге күнү бүгүнкүдөй элестетип тургандардын арасында кылкалем чеберлеринин эмгектери да өзгөчө.

1937-жылы 22-июнда Жумабай А.Осмоновго жазган катта мындай саптар бар: «8-июнда Капар келди. Мен

сенин курортко кеткениңди ага түшүндүрүп айттым. Ал 21инде Ошко кетти. Бирине дейре кайтып келчүдөй». Капар кыргыздын алгачкы профессионал сүрөтчүсү, Социалисттик Эмгектин Баатыры, СССРдин эл сүрөтчүсү, Токтогул сыйлыгынын лауреаты Гапар Айтиев. Демек, Алыкул менен сүрөткер, чыгармачыл адам катары санаалаш болгон Г.Айтиев анын портретин тартпай коймок эмес. Аксакал сүрөтчүбүздүн кыргыз искусствосунун алдыңкы өкүлдөрүнө арналган эмгектеринин арасында Алыкулдун да эки портрети бар.

Алыкулдун портретин москвалык художник Б.Н. Безикович да 1941-жылы тарткан. Бул сүрөттөр республиканын мамлекеттик сүрөт музейинде.

Г. Айтиевдин дагы бир баа жеткис эмгеги бар. «Артың өкүнүч, алдың кызык дүйнөдө, аз жашадым, дагы азыраак жашармын» деп жазган Алыкул дүйнөдөн мезгилсиз өтүп, сөөгү «бир ууч топурагы коробос» жайына берилер астында Г.Айтиев анын бет келбет түзүлүшүн гипске түшүрүп калган. Бирок ошол күндөн өзү да жарык дүйнөдөн кайтканга чейин Алыкулдун элесин же ташка чекпей же башка эстелигин түзбөй кеткени кейиштүү. Ким билет?.. Акын Алыкулдун ооматына бап келер айкелин түзүү ал кишиге да оор болгондур. Акындын беткеби Айтиевдин мастерская-музейинде. Көчүрмөлөрү Каптал-Арыктагы, Бишкектеги музейлерине берилген.

Портреттик жанрда тартылгандарга художниктер Ж.Жумабаевдин, Т.Курмановдун жана С.Төрөбековдун эмгектерин Т.Герцен менен О.Молдобаевдер толуктады.

Каптал-Арыктагы мектеп 1974-жылдан бери акындын ысымында. Талант жылдызы кыргыз адабиятынын асманында балбылдап жанып турган жердешинин зыйнатына таазим эткен мугалимдер жана окуучулар

акындын бюстун өз демилгелери менен жасатышып, чакан музейин уюштурушкан.

Мектеп директору А.Асановдун жигери менен ак граниттен бүткөрүлгөн эстеликти ылайыктуу орунга орнотууга он алты жылдан кийин гана көңүл бөлүнүп, мемориалдык музейи ачылып, скульптор В.Шестопал жасаган эстелиги тургузулду.

Ал эми Бишкектеги эстелигин тургузуу таржымалы кандай болду эле?

**П.Казыбаев («Заман-Кыргызстан» гезити):**

*– Аскар Акаевич, бул жерде өндүрүш маселеси башкы маселе болуп жатат. Эми адабият, маданиятка байланыштуу бир суроо бар. Сиз өткөндө «Сократтын түшү» деген спектаклдин бет ачаарында элдин тарыхы, байыркы философиясы болбосо ал өзүнүн өнүгүшүн жоготуп коет деген жакшы ойлорду айткансыз. Анан көп жылдан бери таланттуу акын Алыкул Осмоновдун маселеси көп козголуп келе жатат. Былтыр да Сиз А.Осмоновдун эстелигин тургузууга жардам берем деп айттыңыз эле жана эстеликтин долбоору ачык жарыя болобу?*

**А.АКАЕВ:** – *Ар нерсенин өз убагы болот экен. Быйыл биз Кыргыз Республикасынын 60 жылдыгын белгилеп, Кыргыз Республикасынын автономиялуулугу үчүн күрөшүп, ошого зор эмгек сиңирген адамдарыбыздын асыл айкелдерин орноттук. Анан кудай буйруса, эми Алыкул Осмонов жана Бүбүсара Бейшеналиеванын айкелдерине ачык конкурс жарыялап, анан өзүнчө комиссия түзүп, ошол конкурстун негизинде орнотобуз. Каражат топтоп жатабыз, буйруса 1997-жылы орнотобуз.*

Жаңы жыл алдында журналисттер менен телеэкранда жолугушуусунда президент ушинтип айткан эле. Ал эми иш жүзүндө ачык конкурс жарыяланбастан, Т.Садыковго жекече иштөө шарты түзүлгөн. Бирок,

замандын улуу акынына төп келген айкел жаралбаганына далайлар күбө.

Муну менен Тургунбай агабыз эки нерсени арабөк калтырды. Биринчиси, президенттин акчасын, көпчүлүктүн үмүтүн актабады. Экинчиси, Алыкулга өзүм эстелик тургузам деп 1967-жылы айткан сөзүнө турган жок. Ушулардын бардыгын ичинен туйганыбы, айтор автор деп уулу Уланды ортого салып, четке чыга берди.

Ал эми эстеликтин эстетикасы эч нерсеге арзыбасын көрүп турушса да, А.Акаевдин демилгеси болгону үчүн эле эмгекти ашыра мактагандардын көшөкөрлүгү күлкү келтирди.

«Кыргыз Туусу» гезитинен алынган маалымат (1997. 5.12) ушунун даана мисалы:

*Форма менен ой төп келген керемет ырлардын автору Алыкулдун жеткилең талантын түшүнгөн өлкөбүздүн Президентине ыракмат айтуу парз. Аскар Акаев жалаң эле окумуштуу эмес, адабият менен искусствону мыкты түшүнгөн интеллект. Ошондуктан ал акындын эстелигинин демөөрчүсү өзү болду. Азыркыдай кыйын турмушта мындайды эч ким кылбайт.*

*Алыкул жана сулуулуктун символу болгон Бүбүсайра эжебиз бактылуу экен!*

*Асанбек СТАМОВ, Кыргыз эл жазуучусу.*

*Эки чоң инсан, атактуу таланттардын эстелигинин тургузулушу бул – Аскар Акаевдин мамлекеттик деңгээлдеги маселелер катары түшүнгөндүгү. Бул да болсо эгемендүү өлкө болгондугубуздун шарапаты деп ичимден кубандым. Алыкул да, Бүбүсайра да биздин замандаштар эле. Талантты баалоо кандай урмат!*

*Шүкүрбек БЕЙШЕНАЛИЕВ, Кыргыз эл жазуучусу.*

*Мен бүгүн кубанып турам. Бир дагы Президент чыгармачыл адамдардын эстелигин койдурган эмес. Ошондуктан бул иш искусствону эле эмес элин баалоо деп түшүнөм.*

*Арсен ӨМҮРАЛИЕВ,*
*Кыргыз Республикасынын эл артисти*

*Эстеликтин сапаттуу болушуна көпчүлүк да назар салып турган эле. Аларга мүнөздүү макаладан үзүндү келтирели.*

*... Президентибиз Аскар Акаевдин демилгеси менен борбор шаарыбыздагы Улуттук китепкананын алдында белгилүү акын Алыкул Осмоновдун эстелиги тургузулду.*

*Адегенде эле постаменттин плитасына чегип жазылган «А.Осмонов» деген жазуу таң калтырды. Бул эмне деген шумдук, Кыргызстанда «А.Осмонов» дегендер толуп жатат, «А» тамгага дагы беш тамга кошсо эле «Алыкул» болуп калмак, же акындын атын толук жазганга каражат жетпей калдыбы? Эл арасында жана адабият чөйрөсүндө Алыкул Осмонов эмес «акын Алыкул» деген атак менен белгилүү экендигин монументти жаратып жаткандар эстеринен чыгарбаш керек.*

*Сага окшоп көл боюнда атым турса,*
*Эмне арман... Муштумдай бир кара таштан.*

*Бул ыр саптарын Алыкулдун керээзи деп түшүнүүгө болот. Ысык-Көлдө акындын эстелигин орнотуу жөнүндө көлдүктөрдүн арасында мурда сөз болуп жүрдү эле, кийинки кездерде бул жөнүндө үн чыкпай калды. Өкмөт башчылары, көлдүн губернатору ойлонуп көрүүлөрү зарыл.*

*Залкар акынга адам карап тургудай, көркөмдүү, тулку боюн толук көрсөткөн чоң эстелик керек. Эгерде Алыкулдун монументин орнотууга өкмөттүн каражаты тартыштык кылса анда эл арасында, шаарлар менен областтардын ортосунда акынга арналган марафон өткөрүү керек. Акындын окурмандары көп, бардыгы көмөк көрсөтүшмөк, айрыкча жаштардын демилгеси күчтүү болмок, ал түгүл ачка жүргөн студенттер да беш-он сомдорун аяшмак эмес. Бизнесмендердин, крутойлордун арасында да Алыкулдун чыгармасын сыйлагандар арбын, алар марафон казынасына акчаларын аябай салышмак. Чогулган акча акындын бир гана эмес, бир нече эстелигин тургузууга жетмек. Бул жагын да ойлонуп көрүш абзел.*

*Эгерде азыркы курулуп жаткан эстелик Алыкулдун башын гана көрсөткөн эстелиги болсо, анда аны Чолпон-Атага алып барып орнотуп, борборго марафондон кийин ойдогудай эстелик курууга кириш керек, бир жыл кийин тургузулса андан эчтеке болбойт, ийгиликтин эртекечи жок. Дагы бир жолу кайталап коеюн, залкар акынга татыктуу, тулку боюн толук көрсөткөн, көркөмү келишкен гана эстелик керек. Эстелик тургузулгандан кийин Алыкул бир оодарылып алгандай болсун.*

*АЖЫКЕ ЖУМАГУЛОВ, этнограф.*
*(«Кыргыз Руху» 26.11.1997-ж.)*

Бирок, көргөндүн көңүлүн кайт кылчу «белкурчоо» эстелик жасалып, «мындан көрө китеби чыгарылса болмок» деген армандуу ой-пикир элде калды.

Бишкектеги №68 мектепти 1993-жылы бүтүргөндөрдүн белеги катары арналган эстеликти жаш скульптор Р.Маматкулов ташка ийгиликтүү чеккен.

Кыргызстан жазуучулар союзу 1986-жылы Алыкул Осмонов атындагы республикалык сыйлыкты уюштурушун калайык акындын талантына таазим катары жылуу кабыл алды. Учурда бул сыйлыктын он бештен ашык лауреаты бар. *(2022-ж. боюнча 40ка жакын.)*

Бишкектеги №68 мектепке А.Осмоновдун ысымын ыйгарууда чыгармачыл интеллигенциянын, айрыкча «Кыргызстан» басмасынын иштегендердин аракети зор. Алар П.Казыбаевдин демилгесин колдоо менен атайын сунуш кат жазып, партиянын Фрунзе шааркомуна менен аткаруу комитетине кайрылышкан. Натыйжада, Фрунзе шаардык Советинин аткаруу комитети 1988-жылы 3-ноябрдагы №545 чечими менен сунушту колдоду. Ошентип, республикада Алыкул атындагы мектеп саны жыйырмага чукул. Бишкектеги №9 китепкана жамааты да (директору А. Дүйшөналиева) акын ысымына тете иштерди аткарып келет.

1989-жылы «Кыргызстан» басмасында алгачкы жолу кыргыз тилинде чыгарылган эки календардын бири акындын 75 жылдыгына арналып, окурмандардын – акын сүрөтү чыгарылса деген талабы эске алынып, 35 миң нускада эне тил жөнүндөгү ыры менен кошо басылган.

Ушундай иш-чаралардын катарында республикалык жаштар газетасы «Ленинчил Жаш» (ред. – А.Рыскулов) 1985–90-жылдарда «Алыкулду эскерүү музейи» – деген рубрикада уюштурган материалдары да омоктуу иш болду. Аларда акындын чыгармачылыгы, турмушу тууралуу эскерүүлөр, эстелигин түбөлүккө калтырууга байланышкан маселелер көтөрүлгөн. Беш жыл катары менен макалалардын үзбөй жарыяланышы Алыкулдун эл арасындагы кадырынын даана далили. Ошолордун орчундуулары ушул басылманы даярдоодо колдонулду.

# АКЫНДЫН АРХИВИНЕН

Окуп көрсөм: не жазуу жок четинде
Ал балалык бүгүнкүдөй эсимде.
. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . .
Кайра тийди эски чөнтөк дептерим,
Табылгандай: жаштык кезим, кичинем.

*(«Жоголгон дептер»)*

Акындын архивдик материалдары, кол жазмалары кошумча маалыматтарды күнү бүгүнкүдөй сактап турат. Ошолорду иликтеп, изилдеп отурганда отузунчу эмес, жыйырманчы жылдарда деле иш кагаздары кыргыз тилинде жүргүзүлгөнүнө карабай, совет бийлигинин жетимиш неченчи жылынан кийин гана, кайра куруу саясатынын кудурети менен тилибиз мамлекеттик укукка ээ болгону таң калыштуу көрүнөт. Андан кызыгы – эгемендикке жетсек да эне тилибизде сүйлөй албай жатканыбыз.

Алыкул Осмоновго байланыштуу материалдар республиканын борбордук мамлекеттик архиви менен Кыргыз илимдер академиясынын кол жазмалар фондусунда сакталып турат. Академияга 1956-жылы сентябрь айында тапшырылгандардын арасында: 55 барак кат, 7 телеграмма, жыйырма чакты сүрөт, сегиз документтин күбөлүктөрү, ар кандай жазуулар, ойлор, бир шилтемдер жана күндөлүк жазылган он төрт блокнот бар.

Ахунбаев Иса Коноевич, Батманов, Юдахин, Карасаев, Керимбаев, Рахимкулов, Щипачев. Ушул адамдар менен убагында Алыкулдун мамилеси болгондугун далилдеген адрестер, телефон номерлери №1 блокнотто. № 7 блокнотто оюндардын түрлөрү жөнүндө кызыктуу

маалыматтар жазылса, дагы бирине өз колу менен Гомердин сүрөтүн тарткан. Ал эми Пушкиндин барельефи түшүрүлгөн № 9 чөнтөк дептеринде Карл Маркстын: «Лучшее качество человека – сосредотечение сил на одной цели» деген сөзү бадырайта жазылуу. Бул насаатты чыгармачылыкка арнап койгон өмүрүнүн байрагы катары баалагандыгынан улам ушинткенинде шек жок.

Бурчун чычкан кемирип кеткен № 10 чаар блокнот 1937-жылдын 1-январынан 2-сентябрга чейинки кездин айрым учурларын, тактап айтканда акындын жеке турмушуна байланышкан учурларды чагылдырган күндөлүк.

Ал эми өз чыгармаларынын алгачкы сомолосу (оңдолгон, чийилген, чала бүткөнү) 156, «Манас» эпосу жөнүндөгү макаласы 25, жана «Жазуучулук баяны» 12 баракты түзөт.

Ошол, чийилип сызылгандардын арасындагы «Махабат» деп аталып, жазылып, чийилип калган поэмасынан бир-эки түрмөк:

Ал бир күч, ырбай берген албууттанып,
Чырмалып, миң толгонуп, миң буралып.
Махабат коңгуроолуу куш сыяктуу,
Карматпай улам учкан шыңгыр кагып.

Ал бир түш, ал бир закым, ал бир элес,
Ал элес эңсегенге кайта келбес.
Ошондой болуп өткөн бир сүйүүнү –
Эстөөгө көп кеч эмес, эрте да эмес.

«Лайли Мажнун», «Отелло», «Евгений Онегин», «Хосров менен Ширин» жана «Жолборс терисин кийген баатыр» өңдөнгөн котормолорунун материалы

1743 бетти түзөт. Башкача айтканда 75 басма табак эмгек А.Осмоновдун талыбаган, арыбаган талантынын акыбети. Булардын кырк басма табактан ашыгы китеп түрүндө чыгарылган. Алар: «Жолборс терисин кийген баатыр», «Евгений Онегин» жана «Отелло». Демек, калгандарын кайрадан сыдыргыга салып, ылайыктуусун ийине жеткире келечекте китеп кылып чыгаруу, изилдөө адабиятыбызга кошулуучу көркөм дүнүйө.

Алыкул эл арасында көп болгон. Ошондой сапар карыткан бир учурун, тактап айтканда 1946-жылы июль, август айларында Ат-Башы тарапта болгонун чагылдырган жазууларды «Арпа элестери» деп аталган блокнотунан окууга болот.

Кесели сүзөктөп, кендирин кесип турганына арга издеген акын эл аралоо менен бирге оозеки чыгармачылыктан үйрөнүүгө, турмуштун күрөө тамырын дагы толук сезүүгө максат коёт. Дагы бир үмүтү – ден соолугун чыңдоо. Анткени, өз дартын башкаларга жугузбоо үчүн өтө аяр, сак жүргөнү белгилүү. Ыраматылык, акын эжебиз Тенти Адышеванын 1987-жылы «Кыргызстан» басмасында жарык көргөн чыгармалар жыйнагынын бир томдугунан алынган үзүндү.

«Тууралган эт желип аяктап калган кезде эле Алыкул бошогон табагын, кашыгын алып бөлмөдөн чыгып кетти. Бир аздан соң мен артынан ашканага кирсем, плитанын үстүндөгү кайнап турган чайнектеги сууну алып кашык, табагын чайкап жатыптыр. Мен чочуп кетип:

– Алыкул, коюңузчу, мен өзүм эле жууйм! – деп шашып калдым.

– Жок, мен өзүм жакшылап жууп койдум. Жаш балдарыңар бар эмеспи, – деп үстөлгө кашык, табакты коюп чыгып кетти.

Мага бул кылыгы жүрөгүмө сайыла түштү. Аны өтө аяп, көңүлүм бузулуп турсам, Жоомарт кирип келди. Мен ага айттым. Жоомарт: «Ошенттиби? Алда байкуш ай!» – деп кейип кетти. Аркасынан кирдим.

Жоомарт Алыкулга жылмая карап:

– Алыкул ой... өтө эле аристократсың ээ, баарыбыздан аристократ сенсиң, – деп койду. Алыкул жылмайып унчуккан жок» (315-316-б.). Акындын өтө сезимталдыгын жана өзүн чүнчүткөн дартын башкаларга жугузуп албоого ушунчалык сактанып жүргөнүн педтехикумдагы курсташы, замандашы Шайык Жамансариев 2006-жылы 17-мартта Алыкул мектебинин окуучуларына айтканы да эсте.

... Ошентип, акын 1946-жылы 13-июнда Я. Шивазанын колу коюлган командировкалык баракча менен Ат-Башыга аттанат. Чек ара зонасы болгондуктан комендатурадан 27-июнда лейтенант А.Султанов кол койгон кагазды алат. Ал эми 7-июлда чек ара постунун начальниги Арпа өрөөнүнүн көрсөтүлгөн пункттарында 1946-жылдын 5-сентябрына чейин болуусуна руксат берген. Мына ушул кагазга 14-июлда «Арпа өрөөнүнө өтүүгө мүмкүн» деп кол коюлуптур.

Ары жагынан бери жагына куш эмес, шамал араң өткөн тоолордун топуктуу карааны, абасы көңүл сергиткен жайлоонун төрү, күркүрөп аккан күмүштөй дайралары менен жылаажын үндүү булактары, буркурай буралган гүлкайыр, кызгалдактары менен бетеге, туландары жайкалган Арпа, Аксай көксөп келген акындын ыр түнөк уясына жакшы таасир берди. Ал эми ушундай жерди жердеп, жеңиштен кийинки алгачкы жылдын деми менен эмгектенип жатышкан айыл адамдары Алыкулдун алтынга бербес каармандарына айланышкан. Маңдай тер

төгүп, коомдук малды асырап жатышкан уйчу-койчулардын жашоо шартынын начардыгы, айыл көркүнүн айрым кунарсыз жактары да байкагыч акындын көз жаздымында калбаган.

Бул ой-толгоолорду ырастоо иретинде «Арпа элестериндеги» жазууларга көз жүгүртөлү. *«Орозбеков Ысак, «Пограничник» колхозу, Кара-Коюн селосу, кой фермасынын башчысы, Качыбеков Ракман 65 жаш, 37-жылдан бери койчу, 200 койдон 271 баш төл алды. Чыгашасы жок. Курмангазиев Кадыркул, 330 эчки, туугaны 253, эгизи 83, 125 процент, 56 улак алат. Тойматов Орозалы 86 эчкиден 50 эгиз. Молдошов Шамен 261 кой, 81 эгиз болуп, 27 козу алат. Уй фермасы Конобаев Барпы. Бардыгы 566 уй, музоо 117 (аман), кошумча акы алат. Ажыбеков Аманаалы 40, аман төлдөткөн.*

*Малчылар тезек жагышат. Суу жагы начар. Калмактардын ноосу жатат, кыргыздын колу тийбеген. Колхозчуларда бак-шак жок.*

Ар бир жолугушуунун элесин камтыган жана кудум бүгүнкүдөй сакталган бул кыскача жазуулардын негизинде «Ат-Башы», «Ракмандын илими», «Илбирс уя», «Ат-Башынын чымчыгы», «Беш бармак», «Арпа жайлоосундагы бир түн», «Коргон-Ташты жайладык» сыяктуу ырлар 1946-жылдын күз айларында Чолпон-Атада жаралган.

Болсо болор жакын жерде бир-экөө,
Аздык кылар ырга салып сүрөттөө…
Жаш муунга, өспүрүмгө атайлап
Бардык жерге бак тиккиле көйкөлтө.

Эрээн кылба, бак тиккиле дегенди,
Баркын байкап, бак кадырын билели.

Кыргыз жери ырдын гана жери эмес,
Эгин, малдын, кендин, бактын жерлери.

Бул эки түрмөк ыр 1946-жылы 5-ноябрда жазылган «Ат-Башы» аттуу чыгармасынан. Ал эми Ракман Качыбековдун – 65 жаштагы мал баккан адамдын эмгектик турпатын, ар кимге үлгү болор ак ниет, мээнеткеч сапатын сыпаттап «Ракмандын илими» аттуу ырында:

Ракман аке он бир жылы кой баккан,
Он бир жылы уйку даамын аз таткан.
Чоочун колго бар таягын алдырбай,
Короосунан чыгашаны азайткан.

Жүздөн, миңден тукумдатты бирөөнү,
Арамы жок, ак ниеттүү жүрөгү.
Ак ниеттик – бул дагы илим, бул да өнөр,
Үйрөнгүлө баарың ушул өнөрдү, –

деп карапайым койчунун инсандык жана кесиптик ажарын ача аны окурманга өрнөк кылып көрсөтөт. Демек, ар кимдеги адамдык аруу касиетти туюнуу менен аздектей билүүнүн маанисин чечмелеп гана тим болбостон, ошолордон орошон ой таап, ой учугун улантат.

«Арпа элестери» чөнтөк дептеринде аты жазылып калган каармандар дүйнөдөн көзү өтүп кеткендигине карабай минтип ыр саптарда түбөлүк калганы кубанарлык.

Ал эми ошол адамдардын артында калган туяктары «Арпа элестеринде» жазылгандарды, ырларды толуктап, баян кургандары да кызык.

К.Керималиев, Кыргыз Республикасынын эл агартуу отличниги. Ат-Башы районунан: Мен Керималиев Калкан, теңтушум Рахманов Мамбетжунус Кызыл-Туу орто мектебинде 6-класста окуп калганбыз.

Атам Керималы Кызыл-Туу колхозунда койчу, мен жардамчы койчу элем. Рахман «Пограничник» колхозунун койчусу болчу, Мамбетжунус жардамчы эле. 1946-жылы жай айында баарыбыз бирге Арпа жайлоосуна чыктык. Рахман Коргон-Ташта, биз ошонун эле жанында отурдук.

Эки үйүбүз тең бээ байлап, кымыз жасайбыз. Өзүнчө көчүп келген адамдар аз эле. Анда машина жок болучу. Айылга ат, өгүз, төө минип каттаар элек.

Күндөрдүн биринде «Рахмандыкына Фрунзе шаарынан бир жазуучу келиптир, өзү оорулуу, кымыз ичип, эт жесе оорусунан айыгат экен, ошон үчүн келиптир» деген сөз уктук. Биздин айылдын адамдары жазуучуну көргөнү атайын Рахмандыкына келип кетишти. Алыкул төкмө акын болбогондон кийин ыр ырдап же уламыш сөздөн айтып бербептир. «Сөзгө сараң, адамдар менен чечилип сүйлөшүүнү көп каалабаган адам экен. Кебетеси оорусунан көп санааркайт көрүнөт. Өзү жаш эле жигит экен, эмне мынча болду экен?» – дешип бири-бирине айтып жүрүштү.

Биз дагы жазуучуну, шаардык адамды көрүш үчүн Рахмандыкына бардык. Мамбетжунус бизди жакшы тосуп алды. Көргөн мейманыбыз тегерек бет, 30 жашка келип калган адам экен. Шаардыктардай кийинген: күрмө-шым, ботинка, шапке. Ал учурда элетте тон, жиптен түйүлгөн же согулган кемсел, башта калпак же тебетей, бутта мөкү же кийиз чокой боло турган. Алыкулдун астына көлдөлөң салыныптыр. Башына көрпөчө жазданган. Анда куш жаздык, жууркан чанда гана адамда калган. Ошол жокчулукту эске салып, майлык, суулукка бир гана байлам чүпүрөк же таар колдонулуп калганын:

«Майлыктары кир экен.
Сиз байкабай калдыңыз»

– деп ошондон улам жазган.

Алыкул блокнот дептерчесин алып такай жазып калат. Жазгандарын бизге окуп деле берген жери жок.

Ошол 1946-жылы Мамбетжунус экөөбүз кой кайтарып жүрүп кыялданаар элек. Кыштакка барганда окуйбуз, анан Фрунзеге окууга барабыз. Кыргыз тил, адабиятын окуп бүтүп Алыкулдай жазма акын, жазуучу болобуз дээр элек. Кийин биз да окууну бүтүп экөөбүз тең институтта окуп калдык. Мамбетжунус кыргыз тил, адабият мугалими болуп чыкты, мен химик-биолог болуп калдым». («ЛЖ» 1989. 10.1.).

Балыкчы шаарынын тургуну, Алыкулдун «Ракмандын илими» деген ырындагы каармандын набереси К.Рахманов акынды «Эл аралап эл казынасын жыйнаган окумуштуу катары да билебиз» деп эсептеп, оюн ортого салат:

– «Ленинчил жашка» жарыяланган П. Казыбаевдин «Акындын архивинен» аттуу макаласы акын тууралуу өз билгендеримди жазууга себепкер болду.

Мен ошол «Пограничник» айылында төрөлүп, ошол айылда эс тарттым. Орозбеков Ысак атаны көрүп калдык. Ал биз эс тарткан кезде каза болду. Ыраматылыгы болсун, иш дегенде ичкен ашын кое койгон адам эле. Кийин эс алууга чыкканында да колхоздун ишине аралашып жүрдү. Ал эми Ракман Качыбеков – менин чоң атам. Ал кишини көрбөй калдым. 1957-жылы каза болуптур. Улуу акын жазып кеткендей, кишиге кара санабаган, ак эмгегин элге арнаган адам экен. Эми чоң атамдын улуу баласы Мамбетжунус Ракмановдун айтуусуна караганда акын чоң атамдын үйүнө жайдын толукшуп

турган учуру – июль айында келген экен. Ал учурда Мамбетжунус атам 17деги кези. Ошол учурда акын кендирди кескен арсыз оорудан арыла албай, жан айласы кылып ак ичкени барган экен. Ошол жылдары чоң атам Арпа өрөөнүндөгү Коргон-Таш жайлоосун жайлап туруптур. Менин оюмча акындын «Коргон-Ташты жайладык» деген ыры ошондо жазылса керек, Демек, акын ал учурда жан айласы гана кылбастан, көкүрөгүн уялаган сезимдерин түн күзөтүп жазып жүргөн тура.

Ушул жерден бир аз чегине Мамбетжунус атамдын акын тууралуу эскерүүсүн да айта кетели. «Алыкул биздин үйдө он беш күндөй туруп калды. Өңү керсары тартып, эң эле аянычтуу. Ар дайым пальтосун желбегей жамынып, түндүн бир оокумуна чейин эшикте отурар эле. Жылдыз толгон түнкү асманга тигилип, түндү жаңырткан Коргон-Таштын албуут суусунун үнүн тыңшап отурчу. Түн бир оокумда жатып, жылдыз тарай алекте турчу. Таңы менен саамалдан жутуп алып, анан тоого жөнөп калчу. Акындын адамдык ыйманы, адамгерчилиги эң жогору эле. Улуу-кичүү дебей баарына тең мамиле кылчу.

Менин атам Баратбай анда тогуз жашар. Бир жолу аны тамашалап, «ушу сенден чоң койчу чыгат, атаң Ыкамды тартып (чоң атам Ракман) алдыңкы малчы болосуң» деп айткан экен, бейиши болгур акын. Кийин атам он жылдан ашык мал багып, эмгектин алдыңкысы болуп, үзүрүн көрдү. Москвага чейин барып келди. Турмуш-шарт экен, азыр Балыкчыда турабыз.

1946-жылдын 5-ноябрында жазылган «Ат-Башы» деген ырында акын элет жериндеги айылдардын бак-шагы жок көрксүздүгү тууралуу күйүп-бышып жазган ырындагы өксүк бүгүнкү күндө ишке ашып отурат. Ат-Башы

жергеси таанылгыс болуп өзгөргөнүн көрсө, бүгүн акын не деген гана ырларды жаратат эле!» («ЛЖ» 1989. 10.1.)

Мындан тышкары ошол өткөн мезгил, акын менен өз ара мамиледе болгондор туурасында аз болсо да маалымат бере турган каттар да бар. Аларды окуганда акын айыл адамдары, өзгөчө көл кылаасында жашагандар менен кадимкидей эле алыш-бериш алакада болуп, айрымдарына колдон келген жардамын аябаганы таасирлүү. Ошон үчүнбү:

Бергин дедиң, алты сабак ыр бердим,
Алты сап ыр, ардак ыры миңдердин. –

деген ойлор «Катыңды көлгө таштадым» деген ырында айтылышы да жөн эмес.

Жалаң эле материалдык жардам сурашпастан Алыкулдан адабий кеңеш күткөн окурмандардын да болгону талашсыз жана ал табигый нерсе. Ушундай мазмунда жазылган каттар Панфилов районундагы Орто-Арык жети жылдык мектебинин мугалими А.Токтогулов, Сузак районундагы Таштак айылындагы И.Чойбеков жана Сүлүктү кенинин жумушчусу Камчыбековдордон келген.

Мындан тышкары Алыкулду «Ардак белгиси» ордени менен сыйланышын куттуктаган телеграммалардын арасында кичинекей баракчага жазылган мындай каалоо да бар: *«Алыкул! Сиздин акыркы китебиңизди толук окуп чыгып, жетишкендигиңизге өтө кубанычта болдум. Ал китебиңиз үчүн башты ийип жүрүүгө болот. Мындан аркы ийгилигиңизге тилектешмин деп Бүбүй».* Тилекке каршы, качан жана кайсы китебине карата жазылганын тактоо кыйын. Бубуй эмес, балким Бүбүйдүр? Ушул кичинекей каалоо «Өбөм деген сөзүңө» деген ырдын жаралышына себеп болгон көрүнөт:

Бир кат алдым Бүбүйра аттуу бир кыздан,
Курбум берди үйдө жалгыз олтурсам.
«Өбөм – дептир ырың үчүн өзүңдү»...
Кара калам жазууларын окусам.

Мейли Бүбүш ырымды өпкүн садага,
Жакшысын өп, жаманына караба.
Мени өппөгүн, өбө турган түрүм жок,
Ыраа көрбөйм сендей жакшы аялга.

Ойду ырастап турган эки нерсе бар. Биринчиси каармандын Бүбүй деп аталышы болсо, экинчиси, куттуктоо кара калем менен жазылган.

Сакталып турган каттардын көпчүлүгү Сүйүн аттуу адамга таандык. Конвертке басылган почта белгиси жана жазылганы боюнча ушул кишиден Алыкулга: 25.2.38; 15,3.2.39; 15.25.2.39-жылдары жана дагы эки кат Ленинград – 164, ВО Филологический пер. 3. бв. 39 деген адрестен жазылган. Ал эми Ленинград, Мытнинская набережная 5/2, ком. 180 деген адресте жашаган Керимбаев С. Алыкулга беш кат жазыптыр. 3/VI,36; 22/VI/37; 10/V.38; 21/VIII.38; 6/X.38).

И.Аманкулов болсо Ленинграддан, № 803 п\ящиктен 1938-жылы 22-ноябрда кат жазган. Нуриянын Ленинграддан Плеханов-3. 1 үйдөгү 5-бөлмөдөн 1938-жылдын март айындагы жазганын күбөлөгөн каты да бар. Конверт сакталып турат.

Конверттеги адрестер А.Осмоновдун кай жерде болгондугун да ырастап күбөлөөчү жолдомо. «Ленинчил жаш» газетасынын редакциясы Москванын Киров көчөсүндөгү 13-үйдө жашап жүргөн А.Осмоновго 1936-жылы 11-июнда кат жөнөткөн.

Ошол каттарды окуп маалымат алалы:

*Алыкул!*

*Мен, бир күнү эле саат 11ченде, мекемеге барсам Темиркул санын чабып каткырып жатыптыр.*

*– Эмине болду, Темике? – десем:*

*– Алыкул менен Тазабек Москвада калып калыптыр, безобраздар! – деп дагы күлдү.*

*«О алардын Москвада калыша тургандыктарын башта эле билгенмин» деп, мен ичимден тим болдум.*

*Бизде эч жаңылык жок. Баягы өзүңө белгилүү турмуш. Литфондудан киши келип, акча документтерин ревизиялады. Мойнунда карызы барлар, азыр куугунтукта.*

*Реме менен договор түзүлүп, 1\XII эле кол коюлду. Акчасы 109 миң, бүтүү мөөнөтү 1-жай. (жыл). Эминеси болсо да жооптуулук, алардын мойнуна өттү. Эгерде чатак чыкса чыкылдашып, соттошуп жатабыз да! Касымалы болсо делдеңдеп портфелин көтөрүп алып, доктурга барбасам болбой калды деп жөнөп кетет. Мен дагы курсакта жаткан кырк биринчи амалды башбактырып коюп жүрөмүн... Декабрдын 20–25теринде Малеевка1[1] кайдасың деп жөнөп каламын го? «Кызыл Кыргызстандын» банкети өттү. Айткулу, Жоомарт болуп бир үстөлгө отуруп калган экенбиз. Биз катындарыбызга ала барып беребиз дешип экөө алманын баарын жанына салып алышып, «Балам балалуу болгондо билерсиң» дешип мени жемелешти.*

*Тазабек педвузга сабак бериштен качып кетти деп Шүкүров жүрөт, – качкан менен да кутулар эмес. ЦК – аны этек түптөн бек кармады. Ошентип, качып кутула албай калды. Качан келсе да Тазабегим көздү бадырайтып*

---

[1] Акын, жазуучулардын Москва жанындагы үйү.

*барып сабак бермек болду деди. Ал отпускеге чыкты. Анын үстөлүн жээрде сакал ээлеп калса керек.*

*Алыкул! Шайтан сен маган кат жазбай турган элең... Менин сураганымды орундатыштан эринипсиң да, билгизбей туруп «кат келсе» жиберип кой дейсиң го!*

*Бир кат келген эле үч күндөй стеклонун алдында жаткан эле. Эми жибердим. Сен качан келесиң? Телеграмма жибер. – Алыкул келмейинче сени жибербейм деп жүрөт, Темиркул. Кокус кеч келе турган болсоң 20-декабрда барамын деп жалган болсо да маа, телеграм жиберип койчу. Мен Темиркулду жөнгө салайын. Кош, жакшы жеткиче.*

*21\XII.*[1]

*Алыкул! Менин көп деле жазар сөзүм жок. Сенин жазган кыска жооп катыңа убагында жооп бере албагандыгым үчүн очень извиняюсь, анан сенин кечирүүңдү сурайм. Албетте себеби болду: декабрдын аягында зачет берип калып, 1нен 10-январга чейин Москва калкын каттоодо жүрдүм. Ошондой перегружен болуп кеткенден кийин, бир топ иштер кала берет экен. Жарым жылды жеңиш менен бүткөнмүн. Бирок 1 нен 15ине чейин болгон дем алышым абдан жаман өттү. Нечего не поделаешь... Бүрсүгүндөн баштап окууга кирем.*

*Балдар эч кат жазышпайт го. Мен аларды жүдөтүп жиберген болсом керек.*

*Кыргызстан чоңдору чекесинен кетилип жаткан экен. Кимдери тебилип, кимдери калат экен? Ошолор жөнүндө бир саатыңды бөлүп кат жазууңду сурайм. Себеби мен кыргыз газеттерин толук окуй албай жатам. Стало быть, билгеним дагы толук эмес болушу керек. Өткөндөгү жазган катыңа абдан көп доволен экендигимди дагы*

---

[1] Т.Сыдыкбековдун каты.

*айтам. Дагы бир сурарым, наркоматтардын өзгөрүшү (баштагысы) жөнүндө да шилтеп койсоң.*

*Ошондой болсо да Жоомарт, Мамасаалы, Жумабай, Жума, Мидинге салам айт.*

*Кош, пока – твой Гапар*[1].

*14\1.37-ж.*

*Алыкул!*

*Приветственную телеграммаңды 30-апрель түнү (вернее уже 1 мая) саат 3тө алдым. Жаңы эле ичип чыктык эле, чоң кубаныч калтырды. Күндүз сага телеграмма урайын деп почтого барып, адресиңди билбей тим болдум эле. Вообще сен Фрунзедеги үйүңдүн адресин билдирип коё тургансың. Сенин телеграммаңды алып дагы почтого бардым, бирок опять без адреса! За молчание прости!*

*Катыңды 3/V күнү алдым. Сенин ушул эки катың бизге чоң элес калтырды. Мен жана башкалар Фрунзедеги «жаңылыкты» уга элек болчубуз. Сенин каттарың прямо открытие жасады.*

*Кубаныч койунга толуп кетти. Бүгүн Карел экөөбүз специально бошонуп келгендер үчүн ичели деп убадалаштык. Булар жөнүндө билгендерди толугураак жазып жиберсең жаман болбос эле.*

*Мен 19\IV сага (Фрунзеге) кат жибердим эле. Алсаң жакшы болду. Албасаң мүмкүн башкалар ачып окуп коебу деп саксынам. Эгер албасаң управделомго телефон уруп бил (Фрунзеге), же кат аркалуу бил, алдырып алсаң жакшы болор эле. Главное – башкалар окубасын! Майрам майрамдалып өтүп кетти. Сен көңүлдүү өткөргөндүрсүң: театрализировать (институт) этип жүрөсүң го?!*

*Алыкул, декада жөнүндө газетке жазгандарга караганда внушительные вещилер бар. Менин мурунку*

---

[1] Гапар Айтиев, келечектеги СССР эл сүрөтчүсү.

*катымда болсо керек: биз Ленинграддыктар Ай-Чүрөктүн ролун аткаруусун көп анчалык симпатизировать эте албайбыз. Ай-Чүрөк это Кыз-Жибек (казактын), Людмила (Пушкиндин), «Лебединое озеро» деген Чайковскийдин балетиндеги ак куу болуп кетчү кыз ж.б.*

*Демек мүмкүнчүлүктү болушунча болгудай коюу керек эле. Сен человек художества, искусства. Как ты думаешь.*

*Айланайындар, артисттериңерди хоть внешне европеизировать этип көрсөңөр (жоолуктун) ордуна шапочкалар кийгизип ж.б.). Кудай өзү сактасын, эгер «Правданын» кабарчысы жолугуп калса дурустап айтып берчи, бир да артисткабыз (из главных) жок ээ?! Өлөйүн, мен ушул чакта катуу эле кызарып, уяла берем: эгер бир эле кемчиликти ойлоп көрсөм. Откровенно говоря, Алыкул, кыргыздын театральная силасы гораздо отсталая, чем казахская, азербайджан, узбекская, и.тд. Муну моюнга алып шылкыйып тура берүү керек. Кабарчыларча сага суроо берейинчи:*

*– Кайсы произведениянын үстүндө отурасың?*

*– Жайкы убакыт үчүн планың?*

*Баса, Жумабайдан кабар угулбайт да?*

*Сүйүн[1] 5\V.39-ж.*

*Алыкул!*

*Жалындуу салам. Аман-эсендигиңе чоң кубанычтамын. Мен Ленинградское военно-политическое училище им. Ф.Энгельсада окуп жатам. Быйыл бүтөм. Сени Керимбаевден уктум. Шаардын ал-ахвалын, өз турмушуңдан толук жаз. Артыков Иманалыны билесиң го. Быйыл августтан (окуштан) Кыргызстанга кеткен. Ошонун толук*

[1] Кийин тарых илимдеринин доктору, профессор болгон С.Керимбаев.

*адресин кабар кылууңду сурайм. Аны таппасаң Түлөгөнүп же Кийизбаевдун, Күрүчбек Акынбековдун адресин билдирүүңдү сурайм.*

*Баягы Чайкаң кайда? Жаз. Мени тааныгандарга салам деп кой. Өзүң кандай, катын алдыңбы же (Зейнеп) деп жүрөсүңбү? Былтыркы жазган катыма эмне жооп жазбадың? Передай привет Камчыбекову.*

*Кош, кат күткөн сенин Назарың.*

*Адрес: г. Ленинград – 164. п\я №803Ү1*

*Аманкулову Назару. 13\XI-39-ж.*

*Алыкул!*

*Саламат турасыңбы?*

*Бүгүн дем алыштын алгачкы күнү. Эртең кайта кадимки өзүң көргөн учурдагыдай «Падышалардын тарыхын» окуй баштайбыз.*

*Демек, эч кур дегенде дем алышта сага кат жазып бүтүрөйүн дедим. Жакындан берки алган «К.К»дан («Кызыл Кыргызстандын») сандарында сенин котормоң чыга баштады. Мен литератор эмесмин жана котормочу да эмес экенимди өзүң билесиң, бирок мага жакты: кээ бирөөлөрдүн котормосу сөздөрдү таап гана тизип которушуп калат. Сеники андай эмес. Бул жөнүндө ты в праве гордиться! Классикти котордуң да! Эгер мындай иштерди орундап аткаргандарды поздравлять этүүгө мүмкүн болсо, анда ошол поздравленияны менден ал!*

*(Ленинград шаарынан жазылган кат, кимдики экени белгисиз. Анткени аты-жөнү, күнү коюлбаган. Бирок башка каттарга салыштырганда С.Керимбаев жазгандай.) (П.К.)*

*Алыкул!*

*Нечен күндөн бери күттүрдүң. Газеталардын баарын карап чыктым: мен, силерди азыр сыйлайт экен деп жүргөм. Бүгүн кубанычка батырдың*[1]*. Сенин кубанычың чын эле биз үчүн да кубаныч болду. Очень жаль – биздин телеграмманын тарыхы жанагыдай болуп бүтүптүр.*

*Силердин сый алышыңар – это гордость всей киргизской интеллигенции, гордость всего киргизского народа. Сенин сыйланганың кроме всего этого и наша гордость. Булар сени шыктандырышы керек, дагы чоң, дагы күчтүү чыгармаларды түзүү сенин алдыңда турган милдет. Алыкул, позицияңды менимче, өзгөртпөй: лириканы күчөтө бер! Пускай сенин сүйүктүү адамдарың Гейне, Байрон, Пушкин, Лермонтов болсун!*

*Шота сени көпкө үйрөткөндүр. Бул жөнүндө, Алыкул, СССРдеги тандалган котормочулар катарына кошулдуң. Это уже подтверждено!*

*Жить и творить! Думать о культуре в прошлом самого отсталого народа – ваш девиз, Алыкул!*

*Сага кат жазып отуруп, бардык балалык жыргалдар эске түшүп кетти. Как не сравнимо, особенно теперь наш «За мир! «Дүйнө үчүн!»*

*Черт побери! Какую ерунду мы вздумали!*

*Алыкул, я не поэт, но мое сердце поэтическое! Биздин кылыктар мен үчүн өзүнчө бир поэма!*

*Алыкул, крепко-крепко жмем твои руки!*

*Живи, учись и твори!!*

*Сүйүн.*

---

[1] «Ардак белгиси» ордени менен сыйланган боюнча.

*Почта закрыта, а завтра я целый день занят. Вынужден отправить письмо п-р-о-с-т-ы-м.*

*Алыкул! Одна просьба: Фрунзеге барганыңда мимо заходи и нам. Передай привет. Они будут очень довольны тобой!*

*Алыкул !*

*Сенден эки жолу кат алдык. Бирок жоопту кечигип жазып жаткан себебим бул: сенин пьесаңды Флеерге берген элем. Ошондон жооп алайын деп жолуктура албай жүрдүм. Издеп барсам табылбайт. Бүгүн союздан келе жатып аны кокусунан жолуктурдум. Сурасам али көторбоптур! Өмүркул акчасын төлөмөйүнчө которбоймун деди. Анткен себеби – ал Боккер экөө халтурит этип комитеттен алган акчаларын кайра кусуп, построчныйга түзүп жүрүптүр. Ал эми Өмүркулдан сага акча жиберүү жагын айттым эле, эртең чечейин деди. Анын эртеңине күтпөй сага бул катты жазып жаткан жайым ушул.*

*Мендеги кабар – «Темир» жөнүндө Касымдын доклады болду. Касым өзөк окуяга токтолбостон, көбүнчө бир-эки главанын негизинде сүйлөдү. Чогулуш бир күндө бүтпөй калган. Эмдигиче аягы боло элек. жазуучулардын эч кимиси «Темирди» окуша элек көрүнөт. Ошондуктан, доклад жөнүндө жана китеп жөнүндө ачык пикир айтуучулары да болбос. Тазабек болсо өз рецензиясынын негизинде, докладды анча кубаттабайт. Эмине болсо да эмки чогулушта белгилүү болот го! Мен болсом көңүлдүүмүн. Анткени толгон бир беткейчилик болуп, калпты көп айтып турса: киши аны тоотпойт экен. Рецензиянын негизинде «Темирди» оңдоп бүтө элекмин. Киргосиздат сенин тыянагыңды да берише элек.*

*Дагы бир жаңылык – 20/IVде жазуучулардын II сиезин өткөрүшкө тайардык жүрүп жатат.*

*Алыш: менин тынчымды алган эң чатак иш эле «Миң бир түн» болгон жатат. Анткени, орусча китеби эч табылбайт. Орусча китеби жок болгондуктан Главлит да карабай койду. Киргосиздат болсо – кайра таркатып, бардык чыгымды Касымбек экөөбүзгө тарттырыш жөнүндө приказ берди. Анткени, басмакана аларды кысып жатат. Ушул үчүн менде тынчтык жок. Сенден сурарым: сен рукописти тапшырганыңда китебин да тапшырдың беле? Тапшырсаң кимде? Кокус тапшырбаган болсоң мага туюндурчу! Чынында мени жаман кыстап жатышат. Касымбек болсо Москвага кетип калыптыр. Жолуксаң айт, ишин бүтүрүп тез келсин. Болбосо биз ал үчүн чуу (суу) боло турганбыз.*

*Фрунзе жылуу. Шаар аз күндө көгөрө турган. Турмуш жакшы. Алдыдан жеңиш гана күтүп турабыз. Ошондуктан сен да көңүлдүү бол. Бир жакшы поэма жаз. Драма жазсаң андан кызык. Тиш ооруп калып кайра келди. Чүй каналы жөнүндө жаза турганбыз. Мен сен кеткенден бери тыйын ала элекмин, ошондой абалды билип кой. Асылкүл, 50 кило (ак борук) картошка алыптыр. Курсакты ушалап коюп, дасторкондун сазайын окутуп жатамын.*

*Айткандай, Саргизан бар бекен? Менин саламымды айттыңбы?*

*Азырынча ушул. Кат жаз. Билген жазуучуларга салам айт.*

*Кош! Түгөлбай.*

*15\III-1945-ж.*

***P.S.** Мындан тышкары жазылган 8 каттын (27/II.49; 2/III.49; 10/IV, 26/IV.49; 19/VI.49; 13/IX, 20/IX, 21/IX.50 ) бирөөнөн башкаларынын конверттеринен башкасы табылган жок. 21/X.50 жазган каты сакталган.*

*Дорогой т. Осмонов!*

*Кисловодск. 6 октября 1949 г.*

*Уезжая из Москвы на лечение в Кисловодск, я не успел сообщить Вам, что Ваша книга стихов находится в плане издательства «Советский писатель» на 1950 г. Составлять и редактировать поручено мне. А почему, убедительно, для пользы дела прошу Вас выслать к моему приезду в Москву, т.е. 25.V.X. дополнительно материал, поскольку то, что есть в портфеле издательства все это было прислано года два назад. Также сообщите дать ко всем стихам и форму стихов*[1].

*Шлите на адрес издательства.*

*Жму руку и желаю творческих успехов.*

*Привет А.Токомбаеву, К. Маликову и Я.Шиваза!*

*С.Обрадович, Кисловодск,*
*санаторий им. М.Горького*

*Дорогой Алыкул Осмонович!*

*Получил ли телеграмму?*

*Дополнительно сообщаю, что сборник «Мой дом» находится в работе (т.е. сдал в набор). Хорошее предисловие к сборнику написал С.И.Липкин. Реңензия М.Л.Богдановой на сборник была положительная. Сборник привлекает своей свежей тематикой и жизнерадостностью всех, кто его уже успел прочесть в рукописи. Рад! Как здоровье и что нового в жизни и творчестве?*

*Наш секретарь, известное Вам Зоя Александровна, просит Вас прислать письменное распоряжение, чтобы перепечатку сборника на пишущей машинке оплатили за счет автора. Это обычный порядок в издательстве*

[1] Котормонун түп нуска сомолосу архивде.

*«Советский писатель». Раньше механически вычитали из гонорара автора. Теперь к этому требуется распоряжения автора. Привет от Сергея Леонидовича Кирьянова. Сердечно жму руку.*

*Обрадович.*
*15\III 1950-г. Москва.*

Москванын алдындагы Дорохово станциясына тапташ Старая Рузадагы жазуучулардын Серафимов атындагы чыгармачыл үйүндө жүргөндө ага 1939-жылдын 31-декабрында Фрунзеден Т.Сыдыкбеков да кат жазса, А.Осмонов 1941-жылы ушул эле жерде жүргөндө Ж. Ашубаевден март айында кат алган.

Дээрлик он беш жылды камтыган каттар кыргыз маданий, адабий турмушунун кызыктуу маалымат булагы экени талашсыз. Ал эми Алыкулдун жазган каттары сакталды бекен?

Акындын өз альбомундагы жыйырма чакты сүрөттөр да ошол кездин көөнөрбөс, өчпөс элеси катары сакталып турат. Алардын арасында балалык кезинен тартып, өмүрүнүн акырына чейинкилердин айрымдары бар. Өзүнө таандык тыкандык, тактык менен качан, ким менен түшкөнүн жазып койгон. Ошолордун ичинен А.Осмонов үчүн эң аяры, эң кымбаты мындай деген жазуу бар сүрөттөгү жигит болгон окшойт. «1943-жылы 28-декабрда Нарын шаарына «Орус адамдары» деген пьесаны коюп, кайра кайтып келе жатканда Кара-Үңкүрдө машина кулап, дүйнөдөн мезгилсиз кайтты».

Жаңы гана гүлүн ачып, турмуштун даамын эми сызамын дегенде түбөлүккө өчтү. Кош, ардактуу курдаш!

Бул курдашы ким? Фрунзе педтехникумунда чогуу окуган, Зейнеп менен тааныштырып, экөөнүн баш кошуусуна данакер болгон Ажыгабыл Айдаркулов. Ал

Москвадагы театралдык институттун режиссердук факультетин бүтүргөн алгачкы кыргыз уландарынан. Алыкулдун суфлер болуп отурганын чагылдырган сүрөттө калпак кийип, бери караган, көзү бакыракай, ак куба өспүрүм бала бейоопа отурат. Алар бул сүрөткө педтехникумдун драмалык ийримине катышып жүргөн убагында түшүшкөн.

Сүрөттөрдөн А.Токтомушевди, Райкан Шүкүрбек уулун, Боромбай уулу Райымбекти, А.Токомбаевди таанууга болот. Жети-Өгүздө, Малеевкада жүргөн учурунда жана эски өкмөт үйүнүн алдынан 1947-жылы параддан өтүп баратканда түшкөн сүрөттөрү да сакталуу.

Республиканын мамлекеттик борбордук архивинде А.Осмоновдун жеке фонду жок. Ага тийиштүү материалдар Кыргыз Совет жазуучулар союзунун 1950-жылга чейинки документтеринин арасында. Ошондуктан, академия менен ушул жердеги материалдарды өзүнчө, жеке фондуга топтоштуруп, кайрадан сыдыргыга сала тактап коюу ар кандай маалыматтарды чогултууга, иликтөө жана үгүт иштерин ырааттуу жүргүзүүгө уюткулуу негиз болмок.

Архивдеги айрым материалдар, өзгөчө, жүздөн ашык беттен турган, орус тилине сөзмө-сөз котормолорунун кол жазмасы өтө аяр мамилени талап кылат. А.Осмоновдун өз колу мененби (салыштырууларга караганда өзүнүкү сыяктуу) же анын жардамы мененби жасалган бул сөзмө-сөз которуулар кээ бир котормочулардын орус тилине которгон чыгармаларына негиз болгону байкалат.

Архив жетекчилеринин айтканына караганда «Новые стихи» деп аталган котормолордун бул кол жазмасы (фонд №1465. Опись 2.д. 31, д.150) имаратты суу

каптоодон улам көп жабырланган. Алгачкы 10-15 бети окулбай, калган беттердеги жазуулардын өңү өчүп, сыясы жайылып кеткендиктен окуу өтө кыйын. Ошондуктан, ушул кол жазма 1988-жылы июль-август айларында сottук экспертизалардын республикалык илим изилдөө лабораториясында каралып, машинкага көчүрүлүп бастырылды. Көчүрмөнүн бир нускасы архивге түп нуска менен кошо өткөрүлдү.

Орус тилиндеги бул кол жазмалар 1950-жылы Москвада жети басма табак көлөмдө, 5 миң нускада жарык көргөн «Мой дом» аттуу китебинин даярдыгы болгону талашсыз. Котормочуларга бергенге чейин өзү сөзмө-сөз которуп, муун өлчөмдөрүн көрсөтүп, айрым которулбаган сөздөргө түшүнүк, шилтеме жазган жана уйкаштыктын формаларын көрсөткөнү кызыктуу. Буга С.Обрадовичтин каттары да далил.

Кол менен жазылган «Мендей болбогула» аттуу комедиясы (24 бет кол жазма), «Чын жолдош», «Замана» өңдүү ырлары көзү барында чыккан чыгармалар жыйнактарында жок экендигин белгилөө менен жарыялана элек чыгармалары боюнча атайын иликтөө ишин колго алуу адабиятчылардын милдети экенин белгилөө шарт.

Мамлекеттик архивде сакталып тургандардын ичинен эң баалуусу, маанилүүсү «Махабат» китебинин басууга даярдалган кол жазмасынын экинчи нускасы. Ушул кол жазманы окуп чыккандан кийин жана ага акындын жасаган оңдоолорунан улам төмөнкүлөрдү эске алуу абзел окшойт. «Толубай сынчы» поэмасындагы Акбозаттын жазылышын энчилүү ысым катары карап, бул талапты дегеле, А.Осмоновдун Акбозат жөнүндө жазган же аны кандайдыр көркөм каражат катары колдонгон жерлеринде да сактоо керек. Анткени, «Толубай

сынчы» поэмасынын жарыяланышында («Махабат», 1945-ж.). Ак боз ат деп энчилүү ат катары берилген. Машинкага басылган экинчи нускадагы оңдоолордун көпчүлүгүн А.Осмонов ушул аттын энчилүү экендигине байланыштуу жасаптыр.

Кээ бир саптарын алып койсо бүт мааниси ыдырап кетет го айрым сонун ыр түрмөктөрдүн… Ал эми А.Осмоновдун чыгармаларынын айрымдарынан бир, экиден куплеттер унут калганын түшүнүү кыйын. Редакторлордун «сагызгандан сактыгыбы» же кара жандын тынчына карагандыкпы? Эмнеси болсо да «Толубай сынчы» поэмасындагы:

Айылда андайлар аз, эки, үч-төртөө,
Өмүргө тең тараза, калыс-күбө.
Эскиче ырым кылып, дөңгө олтуруп,
Жалдырап көз салышат баткан күнгө –

деген 3-түрмөгү 1945-жылдан бери унутта калган. Ал эми ушул түрмөк 1954-жылдагы «Тандалмалуу ырлар жана поэмаларынын» 213-бетинде:

Жай бүтүп, күз аяктап, кыш жакындап,
Келгин куш өтөр, ордун таштап…
Кете албай мында калган карт куштардай
Карылар көктү карайт, толгоп канат –

деп оңдолуп берилген.

Мындай мамиле жасоого «Эскиче ырым кылып, дөңгө олтуруп» деген сап себеп болгон көрүнөт.

Жаныбек хандын кезектеги кандуу жортуулу максатына жетпей калганын баамдаган акыркы түрмөгү да жок. Башка ырларынан ушундай тагдырга кептелип, кээде толук, кээде кемтик берилип жүргөнү «Замандашыма» деген ыры.

Кызыл ала жагоо тагып желбиреп,
Кызык күндүн кызыктары биз элек.
Кымбат күндүн ар бир соккон сагаты,
Кыз баладай койнубузда эркелеп.

Бирок өмүр тез эскирип, тез кирдеп,
Тойго чапкан тор быштыдай эпкиндеп.
Отуз жаштын отуз карыш учуна,
Бир дегенче жеткирерин ким билет?..

Бул куплеттер не себептен «чийилип» кала бергени түшүнүксүз.

Мына ошондуктан, акындын ар бир чыгармасына, жарыяланганы же чыга элеги болобу аздектеп мамиле жасап, жан дүйнөсүнүн рухий беренелеринин берекесин кетирбей, обу жок оңдобой окурманга жеткирүү милдет.

Бул ырлар менин ырым, сенин ырың,
Мөмөсү биз жашаган жакшы жылдын.
Бүгүнкү менден алган ырларыңды,
Эскиртпей эртеңкиге сунуш кылгын, –

деп Алыкул өзү жазган жоопкерчиликти туюу адилеттик болор. Антпесе, окурмандардын улам кийинки муунуна акындын поэтикалык Акбозу жал-куйругунан ажырап, кунары кеткен кейпинде жетсе, Толубайдай сынчымын дегендер да Алыкулдай классик акындын дареметин сезбей калышы ыктымал.

«Жолборс терисин кийген баатырдын» басылуу баянын китептин бетинен окуңуздар.

Жекече турмушуна байланыштуу көптөгөн документтердин арасында акындын окурмандык кызыкчылыгын чагылдырган кагаз бар. А.Осмонов 1950-жылы

2-сентябрда жазган тил катында И.Франко менен А.Мицкевичтин мурда алган томдорунун кезектеги чыгарылыштарын алып келүүгө жээни Болотбекти жибергени жазылган.

Ал эми эл аралап, чыгармачылык менен жүргөндүгүн ырастоочу көптөгөн архивдик материалдардын арасындагы №04 күбөлүк А.Осмонов 1950-жылы 29-ноябрда Ысык-Көлгө жөнөгөнүн баяндайт. 1951-жылдын май айына чейин берилген чыгармачыл командировка мөөнөтү өмүрүнүн акыркы күндөрү болорун ким билиптир...

Ошентип, залкар акыныбыздын өмүр оту мезгилсиз өчкөнү менен, комуздун үч кылын элестеткен – акындык, котормочулук жана ушулардын шарапатынан улам уланып жаткан театр, музыка өнөр өмүрү өзү сүйүп, кастарлап ырга кошкон кыргыз элинин жүгүрүк ой-санаасы бул дүйнөдө жашап турганда дайыма түбөлүктүү, дайыма кунарлуу.

## «ЖОЛУГУШЧУ ЖОЛДОР БАР»

1990-жылы акындын 75 жылдыгы Фрунзе шаарында, өзүнүн ысымындагы №68-орто мектепте 21-мартта башталып, окуучулар өнөрүн көрсөтүштү. Кичинекей бөлмө музейди дагы кеңейтип, келечекте адабиятка аттанчулардын тушоо кесер ийримине айландыруу максаты коюлду. Ошентип, жаздын жадыраган Нооруз майрамы 21-Март менен Алыкул Осмоновдун туулган күнү мындан ары жыл сайын бирге белгилене турган болду.

Жаш окурмандардын жалындуу демилгесин КМУ студенттери, Ленин атындагы республикалык китепкана жамааты улады. Акындын наамындагы адабий сыйлыктын лауреаттары менен жолугушуусу студенттердин түркүн ой-толгоолоруна жуурулушту. Ал эми китепкана «Мезгил жана Алыкул» аттуу китеп, фото-сүрөт көргөзмөсүн, китеп соодасын 1990-жылы үч ирет өткөргөнү окурман журтунун акынга карата мамилесин айкындап турат.

Кезекти Жазуучулар Союзунун жаштар менен иштөө бөлүмү алып, 16–18-майда жаш акындардын «Алыкулдун Акбозат» аттуу республикалык Фестивалын уюштурду. Поэзия күйөрмандарынын маарекесине республикабыздын аймагынан жүздөгөн жаш талапкерлер катышканы лирика дүйнөсүндө жаштар үнү дайыма жаңырып турарын көрсөттү. Фестиваль күндөрү жаштар Кыргызстан Жазуучулар Союзунда, борборубуздагы Ленин атындагы маданият сарайында, камволдук-нооту комбинатынын маданият үйүндө окурмандар менен жолугуп, чыгармачылык жаатында кеңири пикир алышты. Фестивалдын акыркы күнү акындын жергесинде, анын жердештери менен жолугушуу өттү. Ошондой эле Каптал-Арык

айылындагы Алыкул Осмоновдун үй-музейинин пайдубалын түптөөгө жардам берилди. Элге таанымал кыргыз акындарынын калыстыгы астында жүргөн ыр сынакта «Алыкулдун Акбозат» фестивалынын лауреаттары деп:

Атантай Акбаров, Жолдошбек Зарлыкбеков, Бурулкан Сарыгулова, Өмүрбек Тиллебаев, Мадина Тураева жана Бактыгүл Чотурова аталды. Фестивалдын бир катар катышуучулары Кыргызстан Ленин Комсомолунун Ардак Грамотасы жана башка атайын сыйлыктар менен сыйланды.

Ушинтип адабияттык салтанаттын жүрүшү өзүнүн талчокусуна жакындап 28-майдан 3-июнга чейин жергебиздин чар тарабында өткөрүлмөк. Каптал-Арыктагы музейдин бүтпөй жатканынан улам юбилейди июндун акырында өткөрүү чечими кабыл алынган эле. Бирок, ойдо жок Ош окуялары көптөгөн тагдыр, тилек, максат жана ойлорду ойрондотуп, Алыкулдун маарекеси да күз маалына жылдырылды.

Ошентип, адегенде бир жумалык мөөнөткө белгиленген жана уландысы Москва шаарында боло турган маараке октябрь айынын 18–20ларында өтө кыскартыла өткөрүлдү.

Айтмакчы, юбилейдин расмий бөлүгүнө чейин деле башка жактарда өз даярдыктары менен акынга арналган зыяпаттар токтолбоду. Мындай кечелердин бири Ленинград шаарындагы «Ак кеме» кыргыз коомунда өтүп, ага М.Абылкасымова, А.Алдашев, М.Мураталиев, А.Рыскулов өңдөнгөн чыгармачыл өкүлдөр катышып, иш-чараны өткөрүүдө аталган коомдун уюштуруучусу Мелис Арыпбек уулу жигердүүлүктү көрсөткөн.

Ошол жылдан бери Өзбекстандын Сыр-Дарыя облусунун Замын районундагы №3-орто мектеп атактуу

акындын ысымында. Демек, Алыкул атын алып жүргөн жамааттар өз ара байланыш түзүп, бири-бирине көмөктөш болушса, Алыкултаануу иши ар тараптуу илгерилээрине негиз бар.

Ошентип, Алыкулдун туулган күнүндө башталган салтанат өз жүрүшүн берекелүү кут чачкан күз күндөрүндө жыйынтыктай, элибиздин жалпы зор маданий окуясы деңгээлинде өттү. Ошол күндөрдүн айрым сүртүмдөрүнөн алынган таасирлерди, ойлорду ортого салуу менен баян куралы.

**18-октябрь.** Алыс жактан чакырылган меймандар кыргыз киноүйүндө Кеңеш Жусуповдун сценарийи боюнча режиссер Лилия Турусбекова жаңы тарткан эки бөлүктүү документалдык даректүү тасманы жана кинохудожник Сагынбек Ишеновдун «Акын» аттуу түстүү мульттасмасын көрүштү. Режиссер Л.Турусбекованын убакыттын чукулдугунанбы же чыгармачылык дареметти пастап кеткенби же сценарийи ошончо эле начарбы, айтор кинотасма жаңы тартылганы менен омоктуу ой айтуу деңгээлине жетпей калгандыктан залда олтургандардын кызыгуусун жараткан жок.

Натыйжада ойчул акындын чыгармачыл жүзү, инсандык сапаты ачылбастан, кургак баян жана эки, үч адамдын эскерүү деңгээлинде калган. Анча болгондон кийин шашылбастан эле юбилейлик иш-чараларды, Алыкулдун көл шоокумун элестеткен ырлары менен да чагылдыруу натыйжалуу болмок. Бу да болсо план, мөөнөт, гонарар дегендин салакасы го...

Көрөрмандар С.Ишеновдун «Алыкул» аттуу мультфильми боюнча көбүрөөк кеп кылышып, анын кызыктуу табылгаларына тан беришти.

Ошол күнү кечинде КМАДТ сахнасында Ысык-Көл облустук К.Жантөшев атындагы музыкалык драма театры М.Сейталиевдин «Алыкулга гүлдесте» пьесасын койду. Режиссердук табылганын күчү менен актердук өнөрдүн өкүмдүү эриш-аркагынан улам оюн өтө таасирдүү коюлганы залды кошо толкутуп турду. Акыркы көшөгөнүн соңунда Алыкулдун ажайып эшикти ачып, табияттын көңүл эргиткен назик мээримине өзүнүн кундуу лирасын айкалыштыра таза абанын желаргысын түзгөн тейде жүзү жана күлүп турушу анын өлбөс поэзиясынын ай тамгасы катары туюлганын кубаттаган кол чабуулар дале эсте.

**19-октябрь**, Жаңы жааган кардан тазарган муздак абага чыйрыга да, чыңдана да түшкөн эл эртең менен Ала-Арча көрүстөнүндөгү акындын оңдолгон бейит эстелигине гүл коюп, таазим көрсөтүштү. Сөздөр англис, орус, казак, белорусь, кыргыз тилинде сүйлөнүп, ырлар жана аягында акындын арбагына багышталган куран окулду.

Андан кийин Кыргыз республикасынын Илимдер Академиясында Тил жана адабият институтунун директору Абдыганы Эркебаев «Алыкул Осмонов жана кыргыз поэзиясы» илимий конференциясын кыскача кириш сөз менен ачты. Он үч темада баяндама жана билдирүү жасала турган болсо, убакыттын жетпегенинен улам алты гана адабиятчы ойлорун бөлүшкөнгө үлгүрдү. Калгандары кандай деңгээлде даярданганын ким билет? Окулган, айтылган баяндама жана билдирүүлөрдө акындын өмүрүнө, чыгармачылыгына байланыштуу жаңы ойлор, табылгалар дээрлик айтылбады. Бул пикирди конференцияга катышкан акын жана Жазуучулар союзунун катчысы катары Омор Султанов минтип тыянактады:

– Ушунча адам бул жерге Алыкул боюнча жаңы сөз угабызбы деп келген эле, бирок көңүлгө толорлук, сезимге топук болорлук көрөңгө сезбедик.

Андан кийинки сапар акындын ысымы жаңы ыйгарылган №9 китепканага багыт алды.

Саат 16да В.И Ленин атындагы республикалык (кийин улуттук) китепканада эл демейдегиден көп. «Мезгил жана Алыкул» фото жана тээ 30-жылдардан бери жарык көргөн китептер менен газета-журналдардын эң кызыктуу көргөзмөсү көңүл бурарлык даярдалган. Андан кийин окурман журту жаңы лауреаттар, келген меймандар менен баарлашуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болду. Бирок программа туура түзүлбөгөндүктөн Алыкул Осмонов атындагы сыйлыктын 1990-жылдагы лауреаттары акын Анатай Өмүрканов, кинохудожник Сагынбек Ишеновго сөз тийбеди. Ал аз келгенсип окурмандардын суроолоруна да оңгулуктуу жооп бергенге убакыт калбай, филармонияда болуучу салтанаттуу кечеге меймандарды шаштыра «ала качып» кетишти. Мындагы дагы бир өкүнүч – «Акын жана ажал» драмасы үчүн Алыкул сыйлыгынын лауреаты Кадырбай Мамбетакуновдун мезгилсиз каза болгону эле. Сыйлык күбөлүгү жубайы Базарбү эжеге тапшырылды.

Токтогул Сатылганов атындагы филармониянын чоң залында Алыкул Осмоновдун талантын урматтаган көпчүлүк, илим менен маданияттын ишмерлери, Советтер Союзунун ар тарабынан келген меймандар, чет өлкөлүк адистер, коомчулуктун өкүлдөрү, акындын айылдаштары чогулду.

**Салтанатты 75 жылдыкты даярдоо жана өткөрүү боюнча республикалык комиссиянын төрагасы, Кыргызстан Компартиясынын Борбордук Комитети-**

**нин секретары М.Шеримкулов кириш сөз менен ачууда буларга токтолду:**

– XX кылымдагы кыргыздын улуттук сөз өнөрүндө Алыкул Осмоновдун ээлеген орду бөтөнчө. Ал кыдыр даарыган сейрек талантын, кыска, бирок нуска өмүрүн жаңы коомду курууга белсене киришкен бир боор элинин жыргалчылыгы үчүн арнаган. Бүгүнкү күндө жаркын акыныбыз жасап кеткен чоң атуулдук эрдиктин, адал кызматтын масштабы бир эсе кубантат, бир эсе таң калтырат. Өзгөчө, грузин элинин айтылуу «Жолборс терисин кийген баатыр» дастаны Алыкулдун талантынын сыйкыр кудуретинин күчү менен кыргыз журтунун төл чыгармасына айланып, улам кийинки муундардын көркөм ойлоо дүйнөсүн кеңейтип жатканы жашыруун эмес. **Бир элдин адабий мөмөлүү багы экинчи бир элдин кыртышына көчүрүлгөндө ушунчалык мол түшүм берген мисалдар дүйнөлүк адабияттын тарыхында деле сейрек.**

Алыкул поэзияны жашоосунун маңызы деп түшүнгөн. Анын калемгер катары калыптанышы үчүн жеке турмуштук тажрыйбасы жана инсандык жеңил эмес тагдыры да аныктоочу мүнөзгө ээ болгонун жакшы билебиз.

Баарынан ийгиси Алыкулдун соңунан анын ишин улаган, чыгармачылыгына таасирленген акындар чыгып, «Алыкулдун мектеби» деген адабий термин пайда болду. Азыркы кыргыз совет поэзиясынын ири өкүлдөрүнүн ыр-поэмалары Алыкул ачып кеткен дүйнөнү андан ары тереңдетүү, аны жаңы маани-мазмун менен байытуу иретинде бааланып жүрөт.

Алыкул Осмоновдун юбилейин чоң деңгээлде өткөрүп жатып биз момундай бир чындыкты кыйгап өтө албайбыз. **Биз азырынча акындын эстетикалык**

**дүйнөсүн толук өздөштүрүп, анын «экинчи өмүрүн» азыркы учурдун милдеттерин чечүүгө кызмат кылдыра элекпиз. Акындын чыгармачылыгын, өмүр-таржымалын үйрөнүүдө, анын ыр-дастандарын өз элибизге, башка элдерге жайылтууда анын улуу ысымын түбөлүккө калтыруу жагдайында дале болсо кемчиликтер бар.** *(Бул маселелер анча-мынча илгериледи, бирок далайы ордунан козголо элек, – П.К.).*

**Кеп кезегин алган эл акыны Сүйүнбай Эралиевдин айткандарынан:**

– Биз бүгүн бир туруп, катуу соккон бороондой бурганактап, бир туруп деңиз окшоп, төө өркөчтөнүп, буркан-шаркан түшүп, жерде жаткан таштан да, жылжып аккан булактан да жагымдуу музыка алып, адам жүрөгүнө кубаныч менен рахат алып келген, өмүрү да, таланты да дүйнөнү жашартууга жана жакшыртууга багышталган улуу акын Алыкул Осмоновдун керемет табиятын кайра дагы бир көз алдыга келтирип, ага адамдык парз менен ыраазылык билдирип коюу үчүн мында жыйналып олтурабыз. Талант, табияты өзгөчө бүткөн бул акын өзү жашаган доордун жүзү да, күзгүсү да боло алды. Мезгил аны бизден канчалык оолактатып кеткен сайын, анын алп карааны бизге ошончолук жакын, ошончолук даана жана бийик да болуп көрүнүүдө.

Алыкулдун чыгармачылык өмүрү жалаң эрдиктерден турат. Акын поэзияда өзүн биротоло ишенимдүү сезип, изденүү чалгынына баш-оту менен кирген учурда биздин ырларга кечээ эле фольклордон келген стиль мүмкүнчүлүгүн түгөтүп, өзүн-өзү кайталап калган кез эле. Мындан ары ага көз каранды боло берүүнүн эч деле кажети жок болучу. Кыргыз акындарынын алдында катуу бир добуш чыгарып, өрүшү тарып, алсырап бараткан

поэзияны селт эттире ойготуп, башка бир кең өрүшкө алып чыгуу милдети турган эле. Бул биринчи кезекте Алыкул Осмоновдун үлүшүнө тийди. Анткени, ал мезгил талабын башкалардан мурдараак жана тереңирээк сезди. Бул үчүн акын үч тараптуу иштеди: өткөндөр, азыркы учур жана келечек.

Алыкул аркылуу кыргыз ырларына жаңы дем кирди, анын алдында кең мейкиндик ачылды. Жалпы эле ырдын мазмуну тереңдеп, маданияты жогорулады. Көркөм ой жүгүртүүнүн Осмонов жеткен бийиктиги биздеги эң акыркы чек бойдон калып келет. Азырынча андан өйдө булуттар менен эле жылдыздар. Мүмкүн, кийин башка дагы бир акын келип ошо булуттар арасынан бөлөк бир бийик чокуну ачып берер. Анткени талантта чек болбойт эмеспи.

Кыргыз поэзиясына Алыкул Осмонов кийирген жаңылык, дүйнөлүк адабияттын акыркы жетишкендиктеринин кыргыз топурагында төрөлгөн перзентине окшоп кетет. Ондогон жылдар бою биз жалаң план үчүн, аны аткаруу үчүн ураалап кыйкырып, эне тилибиздин маңыз-мазмунун жоюп, жалаң эле токтомдор менен чечимдердин тилине айландырып жиберген кезде да Алыкулдун тилге жасаган мамилеси ушундай ыйык жана сүймөнчүктүү болду. Анын «Манас» баштаган эпостор менен элдик оозеки ырлардагы не бир асыл салттарды жана өзгөчөлүктөрдү жалпы адамзат кызыккан чоң дүйнөгө чейин алып барышы да ошол себептүү эле. Адам турмушунун эпосу менен лирикасынын бир эле адамда мынчалык топтолуп, гүл ачып калышын таланттын даркандыгы менен гана түшүндүрүүгө болот. «Поэзия, – деген Пушкин, – күнүмдүк майда-чүйдөдөн баш тартып,

ой-кыял аркылуу эң эле бийиктеги чектерге жетүү үчүн Кудай берген белек». Поэзиянын чыныгы чабыты мына ушундай. Ал эми биздин кайсы бир азыркы жаш акындар поэзиянын күчү баарынан мурда эне тилде, ал эми тилге болсо жарык нур жана тирүү жүрөк керек экендигине анча баа беришпейт. Сөздү өтө эле ысырап пайдаланышат. Анын үстүнө аларда жаңы бийиктиктерге чабуул коюу үчүн жеке ынтызарлык же биримдик күч да байкалбайт. Кайсы бирөөлөрү эски чыйырларды кыйбай, дың жерлерден жол салып өтүүдөн жүрөксүнүп, аны көмүскөдө туруп гана карашат. Кыскасы, Осмоновчо күйгөн отко бой уруу азырынча аз.

АКЫНДЫН жердеги турмушу узакка деле созулган жок. Ал бар болгону отуз беш гана жыл жашап, анын жыйырмага жакынын гана чыгармачылыкка бере алды. Бирок ал ошонусу менен эле өз өмүрүн актап койду. Мына эми бүгүн биздин арабызда мезгил койгон эстелик окшоп, анын жаркын элеси турат. Ал берген сабак, анын устаканасы калды. Көзү өткөндөн бери, Меккеге зыяратка эл баргандай, адабият ынтызарлары ага чууруп тынбайт. Алар өздөрүн Алыкул менен текшерип, анын сынынан өткүлөрү келишет. Муну көрүп туруп Алыкул Осмонов кечээги менен бүгүнкүнү, бүгүнкү менен эртеңдерди жана ал аркылуу муундар менен муундарды байланыштырган алтын көпүрө окшоп туруп калганын сезбей коюу мүмкүн эмес. А бул болсо чыныгы өлбөстүктүн белгиси.

**Жазуучу, «Ала-Тоо» журналынын башкы редактору Кеңеш Жусуповдун сөзүнөн:**

– Нукура ата салтын бапестеген нарктуу эл өткөнүн көз карегиндей сактап, бабалардын тарыхын жаттап, улуусун урматтап ызаат кылат.

Ушундай ыкласта бүгүн Алыкул Осмонов агабыздын адабий майрамына чогулуп отурабыз.

Акын А.Осмоновдун 75 жылдык маарекесин жалпы калайык, айрыкча анын окурмандары саргара күтүштү.

Азыркы учурда Кыргыз Совет адабиятынын классиги деп бааланган А.Осмонов мындан 40-45 жыл мурда эле тагдыры оор, кайгылуу өмүр сүргөн акын болгон. Анын бешенесине ошол кыйын мезгил, коогалуу коомдун саясий, социалдык турмушу орой мөөрүн баскан.

Алыкулдун кыска өмүрүндө жарпы жазылып тойлогон, бактылуу күндөрү аз болгон.

Караңызчы, А. Осмонов ушундай кайгылуу күндөр бешенесине жазылса да, аны бакытка айлантып, кыялкеч, боорукер болуп жашады. Жарты сап жакшы ыр тапса алаканга салып бапестеп, таманынан өөп окурманга жөнөткөн. Акындын өмүрү – калкка от ала качкан Прометейге окшош.

Ушундай машакаттуу жашаган, өлүм менен үзөңгүлөш жүргөн акынга ак тилектеги жаркын ырлар асмандан оңой менен түшүп калган жок.

Алыкул акындын тулку бою тирилип, айтып турат: «Кыргыздын жигиттери, кыздары! Ата Журт башына бүлүк түшүп турганда кыраакы, бирдиктүү болгула! Уучтай элди өзөн-сайга бөлбөгүлө! Эгерде, керт башыңдан мурда элиңди, журтуңду ойлосоң: сабырдуу, эмгекчил бол, акылман элдин жолун ула!» – дейт.

*А.Осмоновдун акылы, дили, ой-сезими өзү жашаган мезгилден озуп кетсе да, Ата Журтту жарды, алсыз, кыйын кезинде сүйгөндүгү бизге чоң сабак эмеспи!*

* * *

Салтанаттуу кечеде майрамдын меймандары – СССР Жазуучулар Союзунун башкармасынын мүчөсү, белгилүү советтик акын Л.Шипахина, Кыргыз эл акыны С.Жусуев, Москвалык акын жана котормочу, А.Навои атындагы сыйлыктын лауреаты Т.Стрешнева, Кыргыз ССРинин искусствосуна эмгек сиңирген ишмер, Токтогул атындагы мамлекеттик сыйлыктын лауреаты Ж.Садыков, белоруссиялык акын, Я. Купала атындагы сыйлыктын лауреаты Р.Бородулин, А.Осмоновдун чыгармаларын англис тилине которгон Уолтер Мэй, Казакстандын өкүлү, А.Мукатаев атындагы сыйлыктын лауреаты, акын жана котормочу Н.Айтов, СССР Жазуучулар Союзунун башкармасынын мүчөсү, публицист В.Казаков жана А.Осмонов атындагы сыйлыктын лауреаты акын Б.Сарногоев кыргыз элинин чыгаан уулу, көрүнүктүү советтик акын А.Осмонов жөнүндө жылуу сөздөрүн айтышты.

Партиянын Панфилов райкомунун биринчи секретары Кеңешбек Көкөев акындын юбилейи менен куттуктап, Каптал-Арыкка чакырды.

## КАПТАЛ-АРЫКТА

### (1990-жыл, 20-октябрь)

Автокербендер токтоп, гүлдесте көтөргөн мейман-дар жерге түшкөндө ажайып көрүнүштүн күбөсү боло, бир азга тыным ала туруп калышты. Анткени, алчактаган Акбозуна аппак жабуу жаап, тегерегине жетимиш беш сан күлүкчөн жигитти айланчыктаткан Алыкул «тосуп» турган экен... Жигиттер жарыла берип коноктор-ду эки жагынан коштой жөнөгөндө Алыкул Акбозатын жылоолой эл алдына түштү. Демейде жайнаган машина кыйма-чийме каттаган кара жолго капыстан «Победа» машинасы жай калкый чыга Акбозаттын аркасынан жүр-дү. Ошентип, Каптал-Арык айылы күздүн мээрбан күнүн-дө өз кулуну Алыкулдун 75 жылдык майрамына келген-дерге кучак жайды. Алиги Акбозат, «Победа» бир аздан соң, кайып болгондой көздөн далдоо болду. Ошондо, оң тараптан Алыкулдун келиштириле тартылып дөң үс-түнө илинген портрети, андан бери казганактап, кудум көлдөй толкуп турган калың эл көрүндү. Шота, Шекспир, Пушкин портреттери да ыктуу жасалгаланып, той шаа-нисине куп жараша колдонулуптур.

Акын бир кезде тайга минип поезд менен жарышып ойногон, кылтак менен кыргый кармаган айылына ар тараптан келген адамдар аруу тилектин тоюна чогулуп, Алыкул менен кезектеги жолугушуу башталды…

Тойго келген ошол эл нечен сай күлүктөрдү сындан өткөрүп жаткан Толубай сынчынын саяпкерлик өнөрү-нө күбө өтүп жаткандай туюлду. Ал эми алчактаган ат минген жигиттер Алыкулдун өзү жашабай калган өмү-рүнүн жалындаган жылдарындай элес калтыра, камыш

кулак күлүктөрүн күтүрөгөн күзгү утур менен жарыштыра улуттук оюндарды көргөзүштү.

Меймандарды бал кымыз жана даамдуу боорсок менен тосуп алган ай мончоктой ажарлуу ак келиндер, чачпагынын учун шырп эттире жүрөктү зырп дегизген жеңелер жана жүздөрү ички жан дүйнөсүнүн назиктигин чагылдырган ийменүүдөн кызарган кымча бел кыздар, түбөлүк береке куту болгон апалар, майрамдык маанайдын бет ачары боло тосушту. Мына ушундай каададан кийин калың элдин арасындагы алакандай чыйыр жолго түшүп, акындын эстелиги, музейи жайгашкан дөңсөөгө чыгып бараткандагы сезимди билдиргенге, кубанычты айтканга сөз жетпес. «Мен өзүмчө – өлбөс күн деп эсептейм, Бир тирүү жан тепсеп турса үстүмдө» – деп акын 1948-жылы 17-октябрда жазган «Жактырдым» деген ырындагы тилеги көзү өткөндөн кырк жылдан кийин орундалып отурганы ойго кылт эткенде эки мөлтүр тамчы кубануунун да, өкүнүүнүн да күбөсүндөй тыз эттире бетти чайыды.

...Ал эми дөңсөөгө чыккандагы чыгыш тараптагы ажайып көрүнүш көңүл чалкытканычы. Анткени, Ысык-Көл Каптал-Арыктын сайларында толкуп, майрамга келген элдин дилин текшерип, ак өркөчтөнө шарпылдап жаткан экен...

Ал эми ошол чалкыган көлдүн үстүндө арыбас Акбозаттын туягын мезгилдин кайра жанбас закымдарына чагылыштыра чапкан Алыкул да шашып келаткан-да – өзү эле эмес, аалам алптары Шекспир, Шота, Пушкин кошо сүрөп алышыптыр.

Жеке гана алар эмес, өзү жараткан жана которгон чыгармалардын каармандары кошо ушул тойдо жүрүштү...

Дал ушундай элес берген жасалганы түшүмү орулган аңыз боюна келиштире шөкөттөп жасалгалап койгон чебердин табылгасына тан берип турдум. Акындын талант бешигин күзгү шамалга назик терметкен касиеттүү көлүбүздүн элесин делбиреген көк, ак, сары түстөгү кездемелердин жардамы менен жөнөкөй, бирок жеткиликтүү берген ушул көрүнүштү көпчүлүк элес албастан: «Аа, тиги чүпүрөктөрдү ат чапкандар аңызга кирип кетпесин деп тоскон го» – деп жатышты.

Мындай дегендердин да кызыгын уктук. Эстеликке жабылып турган ак чүмбөт желбирей жерге түшө электе эле:

– Оой, окшобой калган го... Көзү ачылбай калганы эмнеси... Татар түспөлдөнүп калыптыр... – дегендер болду. Ушинтип айткандардын канчасы акынды көрүп билип, ысык-суугуна аралашты, канчасы ушул эстелик не деген түйшүк менен жасалганын билер бекен…

Бирок ушунча элдин арасынан бир аксакалдын: – Ээ, балам, музейи ушубу? Алыкулдун сөөгү барбы? – деп сурамжылаганы кызык болду. Бир чети, жарыктыктын көксөгөнү ай дегеним менен, кары кишинин музейди мавзолейге чаташтырып алганын баамдап туйдум. Ким билет? А балким ал адам Алыкул каза болгондо Г.Айтиев чопого түшүрүп калган бет кеби музейге коюларын уккандыр?!

Музей демекчи... Бул курулуш чакандыгы, ошол жердин ыңгайына бап келе долбоорлонгону. Эстелик, музей жана темир-бетондон салынган үч боз үй, бири-бирин толуктап турат. Келечекте айланасын дагы көрктөндүрүп, декоративдүү бак-дарактардан кошумчалап коюшса, өзүнчө эле бир гүлзар болчудай.

Музейди ачуу ишинде илбериңкилик, уюштуруучулук жөндөмүн көргөзгөн Совет Мукашевден, маданият

министрлигинин жооптуу кызматкеринен алынган маалыматтардан:

– Керектүү экспонаттарды, тийиштүү буюм-тайымдарды чогултууга калайыктын калың катмары жигердүүлүк менен жардам этишкени эт жүрөктү элжиретер деңгээлде болгондуктан, болжогонубуздан кыйла көп нерселерди чогулттук.

Эмки кеп ошол экспонаттардын айрымдары жөнүндө. Алардын ичинен эң баалуусу А. Осмоновдун 1950-жылы Москва шаарында жарык көргөн «Мой дом» аттуу китеби. Ушул китеби үчүн акын экинчи ирет Мамлекеттик сыйлыкка көрсөтүлгөнү жана анын бир нускасында өзүнүн кол тамгасынын болушу менен бул экспонат маанилүү. Аталган китепти музейге П. Казыбаев аркылуу «кошумчалаган» К. Каракеев. Демек, Алыкулдун акыркы кол тамгасы да ушул адамга арналганы ырасталып турбайбы. Акындын жубайы болгон Зейнеп Сооронбаева 1954-жылы Фрунзеде жарык көргөн акындын китебинин алгачкы нускасын, Фрунзе педтехникумунун студенттеринин сүрөтүн Ташкент шаарынан берип жиберген. Алыкулдун анык күйөрманы, отставкадагы майор К.Өмүрзаковдун тартуулаган экспонаттары да арбын. Ушундай эле демилгелүүлүктү акын-жазуучулар да көрсөтүшүп, атап айтканда: С. Эралиев, Н. Байтемиров, К. Бобулов, Д.Сулайманов жана башкалар ар кандай экспонаттарды, сүрөттөрдү тапшырышкан.

Курдаштарынан С.Керимбаев менен Ш.Жамансариевдер да жаштык кездерин түбөлүк камтып калган саргайган сүрөттөрүн беришкени кызык. Ал эми аларга, демек Алыкулга да сүрөт сабагын окуткан жана драмалык ийримге жетекчилик кылып жүргөн, азыркы кезде ардактуу эс алуудагы айтылуу эл сүрөтчүсү

А.Игнатьевден алынган эки нерсе да өзгөчөлүү. Алардын бирөө В.Маяковскийдин чыгармалар жыйнагы. Бул китепти Алыкул да нечен ирет барактап, драмалык ийримдеги суфлердук милдетинде көп колдончу экен. Балким, ушул китеп анын акындык көрөңгөсүнө угут болгон бир булактыр... Экинчи нерсе, педтехникумдун окуучуларынын сабакка катышуу, жетишүү журналы. Сыясынын түсү оңуп, саргайып кеткен барактарда – кийин кыргыз элинин маданияты менен адабиятына алгылыктуу мээнет сиңиргендердин аты-жөнү, алган баалары күнү бүгүнкүдөй бадыраят...

Мындай маанилүү иште айыл жергесиндеги адамдар да четте калбаганы көңүл кушун көкөлөттү. Кочкор районундагы «Теңдик» совхозунун тургуну Өмүров Токтоналы А.Осмоновдун «Жылдыздуу жаштык», латын тамгасында басылган «Жолборс терисин кийген баатыр» дастанын жана Тоголок Молдонун «Балдар үчүн» («Насааттар»), Б. Самагановдун «Молдо Кылыч – жазмач акын» деген китептерин берген экен. Билген кишиге булар табылгыс байлык эмей эмне.

Акындын чыгармачылыгында өзүнчө бир руханий белес болгон «Жолборс терисин кийген баатыр» дастанынын котормосу кыргыз тилинде алты жолу басылып чыгышынын өзү эле көп нерсени далилдеп туру го. Грузин эли да А. Осмоновго тийиштүү урмат-сыйын көрсөткөнүнө Б.И.Канделакинин 1987-жылы чыккан «Ш.Руставели» аттуу фото альбому, Д.И.Чавчавадзенин 1980-жылы жарык көргөн «Жолборс терисин кийген баатыр» дүйнө элдеринин тилинде» китеби кепил өткөнсүйт. Бул китепте аталган дастандын 153 кол жазмасы сакталып калганы, ал дүйнөнүн 40 тилинде жарык көргөнү, Дрезденде Артур Лейст тарабынан 1889-жылы

немең тилинде, И. Чавчавадзенин жардамы менен Скотт Уордроп англис, 1917-жылы К.Бальмонт орус тилине которгондору баяндалган. Аталган китептерди музейге грузин туугандардын салып жибергени акындын эмгегин баалагандык эмеспи...

Мына ушул күнү дагы бир Алыкул жарык дүйнөгө келди. Жаңы төрөлгөн ымыркайга улуу акындын ысымы коюлуп, эстелик жанында туулгандыгы тууралуу күбөлүк тапшырылды. – Бешик бооң бек болсун, наристе Алыкул! Сенин артыңан жыл айлана дагы көптөгөн Алыкулдар келе берсин!

Өздөрүнүн махабат арзуусун эл алдында, атактуу жердешинин жетимиш беш жылдык маарекесинде күбөлөндүрүп баш кошкон жаш жубайлардын үч жубуна да ушул салтанатта никелик күбөлүктөрү берилди.

– Куш бооңор бек болсун, баш кошкон жубайлар! Силердин үй-бүлөлүк турмушуңар акын Алыкул сүрөттөп жазгандай тунук, бекем жана адилет болсун! Ылайым эле, акындын үй-бүлөлүк жеке турмушун кайталабасын!

Юбилейлик апта башталар алдында чайыттай ачылган күн жуманын ортосунда сурданып, ызгаарлана ойтоого думана алгыс күмүш чача, ичиркенте суук тартты. Атаңгөрү, майрам кантип өтөр экен деп чый-пый чыкты. Акындын өзүнүн мүнөзүндөй болор деген ой да келди.

А балким табият да Алыкулдун анык күйөрмандары, кантер экен деп сынагандыр...

Жок, тилекке жараша аба ырайы да мээримин төгө, дал акындын өзүндөй кең пейил тартып, жаркылдап ачык тийди. Ар жагынан бер жагына куш эмес, бороон араң өткөн улуу Ала-Тоо да ошол күнү ого бетер заңкая да, шаңдана да өзгөчө мунарлана келберсип,

кылымдардын сырын каткан кербенин майрам өтүп жаткан талаа тушуна өргүткөнсүп турду.

Ушинтип, ошол ишемби күнү касиеттүү Ысык-Көл, улуу Ала-Тоо жана акындын киндик каны тамган Каптал-Арык өз боорлорунан чыккан чыгаан талантты урматтоого келишкен калайык өкүлдөрүн той ээлерине кошула бешенеси жарык периштедей тосуп алышты. Аларды Алыкулдун акындык пейили коштоп, сүрөп тургандай туюлду.

Фрунзедеги салтанаттуу кечеде да, өзгөчө Каптал-Арыктагы салтанатта сүйлөгөндөр, андан да сүйлөөнү каалагандар көп болуп, кудум Жогорку Советтин сессиясында микрофон талашкан депутаттардай той башчысы М.Шеримкуловду өмгөктөп турушту. Баарына сөз тийбеди.

– Алыкул чогулушка катышканды, сүйлөгөндү, дегеле орунсуз көп сөздүүлүктү жактырбаган, – дегенди эстеп, аргасыз күлөт экенсиң. Ошончо атырылып, жапырылып сүйлөп жаткандардын ичинен кимиси канчалык жакын тууган болгонун, кимиси Алыкул үчүн канча эмгек сиңиргенин бир Кудайдын өзү билбесе ким билет?

Алыкулдун жээни Болотбек да бир чети кубана, бир чети таңдана: – Кудая тобо, мынча тууганым бар экенин мурда билбепмин. Булар мурда кайда эле? – деп ийнин куушурса, алиги түкшүмөл оюң ырасталгансыйт.

*(«Алыкул-75» Советтик мезгилдин эң соңку мааракe майрамы катары да тарыхта калды).*

* * *

Шилтеме ордуна: Баягы «застой» замандын акыркы кайрыктарында салынган имарат күнү бүгүнкүдөй жаркырап турат, сыртынан эч бир сыр бербей зымпыйып.

Негизинен ошондогу эле экспозициялар. Акын жөнүндө жаңы маалыматтар, башка толуктоолор байкалбайт.

А.Осмонов атындагы адабий-сыйлыктын жаңы лауреаттары, Жибек Жолу боюнча өткөн эл аралык сапар, «Манас-1000» тууралуу дарек жок. Балким бардыр. Бирок биз барганда музейдин башчылары иш менен кеткенби, айтор бир орус кемпир эшигин ачып берди. Грунья Совельевнанын туугандарыбы? – деп ичимден тамашалай ойлогондой эле ал киши музейдин экспонаттарын да кайтарат экен, анан баарынан: «Экскурсоводмун, акындын ким экенин эми үйрөнүп жатам» – дегени элейтпеспи. Көрсө, кыргызча баяндама кызматы январь айынан кыскарып, минтип коштондуга айланган экен. Баракелде, рынок деп коелу! Бирок ушуга жамынып алышып, башка иштерин жүзөгө ашырышып, акынды элге дагы кеңири пропагандалоону унутуп коюшсачы? Анын күбөсүндөй баягы майрамдык күндө эле байкалган жазуулардагы (сырткы дубалдагы) ката алиге оңдолбой туруптур (соңку мезгилде оңдолду). Жол боюна музей жөнүндө көрсөткүч илип коюшса, сапарда бараткандардан ат тизгинин бура кетчүлөр дагы көбөймөк (муну 1999-жылы Муратбек Мукашев байке ишке ашырды). Айтмакчы, алардын айрым сунуштары кызыктуу болгону менен алигиче ишке ашкан эмес. Мисалы, «Манас» эпосунун миң жылдыгына карата бурч ачуу, музейден эстелик болсун үчүн фотосүрөт тартууну уюштуруу, аймактын, керек дешсе башка жактардын мектептери же маданий мекемелери үчүн көчмө көргөзмө уюштуруу менен бирге акын жөнүндө лекция окуу... ж.б.

Анткени, бул музей элибиздин жалпы маданияты, Алыкулдун арбагы, таланты үчүн деп курулбады беле?!

*(«Кыргыз Руху» 1997-жыл. П.К.)*

## ААЛАМ АЛПЫ ШЕКСПИРДЕЙ КҮЧ МЕНЕН, ООРУП ЖАТЫП АЛЫШКАНЫМ БИЛБЕЙСИҢ.

Алыкулдун 75 жылдык юбилей аземине атайын чакырылып, алыстан ат арытып келгендердин арасында англиялык аксакал Уолтер Мэй өзгөчө бөлүнүп турду.

Он жашынан тарта Чыгыш маданиятына кызыгуусу арта баштаган бул адам биздин өлкөнүн таржымалына тийиши бар китептерди казып окуйт да, акыры орус тилин үйрөнүп, котормочулуктун түйшүктүү чыйырына чыккан. Уолтер СССРге 1959-жылы алгачкы жолу келгенден бери Жазуучулар Союзу менен тыгыз чыгармачыл байланышта. «Новости Москвы» басылмасынын Москвадагы англиялык редакциясына редакторлук кызматка 1968-жылы өз өлкөсүнүн элчилиги тарабынан чакырылышы да көп иштерге түрткү берет. Натыйжада беларус, украин, молдован, дагестан жана азербайжан поэзиясынын антологиясын түзүп, андан соң Орто Азиялык акындардын чыгармаларын англис тилине которууга киришет.

Ушундай мээнеттердин көрүнүктүүсү «Прогресс» басмасында жарык көргөн «Назик ыргактар» («Нежная муза») деп аталган котормосу экендигин Уолтер Мэй ыраазы боло айтып, ал китептин алгачкы барагы кыргыздын акын кызы Майрамкан Абылкасымованын ырлары менен ачылгандыгын баса белгиледи.

Отуз жылдан бери советтик акындардын эки жүз миңдей сап ырын, анын ичинде кыргыз акындарынын да англис тилине которгон. Ушул эмгегинин үзүрү катары кыргыздын элүү акынынын 10 миң саптан турган жыйнагы жакын арада «Радуга» басмасында жарык көрмөкчү.

Ошол күнү театр сахнасына, китеп базарына, ат майданына жана көпчүлүктүн кубаныч шарданына айланган Каптал-Арыктын беде аңызында Алыкул жөнүндө берилген суроолорго англиялык котормочу төмөнкүчө жооп бере ой бөлүштү:

– Жолон Мамытов 1986-жылы Алыкулдун 2500 сап ырын сөзмө-сөз которуп, колума тийгизгенден тарта түйшөлүүм ого бетер түмөндөдү. Анткени, Шекспирди которгондугу үчүн эле эмес, дегеле акындык даражетинин кут даарыган керемети кемени чайпалткан деңиз сымал сезимди дүргүттү. «Пушкинге» аттуу ырын окуганда Пушкиндин ага тийгизген таасирин жана эки акындын жан дүйнөлөрүнүн окшоштугун туйдум. Ушунча жыл котормочулук менен алпурушуп жүргөн мен жашоону, табиятты ушунчалык суктануу менен чексиз сүйгөн бир да акынды көргөн эмесмин. Жаратылыш, айлана-чөйрө да чыгармачылыкка кандайдыр деңгээлде таасир этип, ишке демөөр боло, турмуштук сезимталдыкты калыптандырат. Мына момундай сонун көрүнүштү, көк асманды тиреген аскар тоолорду, табигый стадион болуп не бир укмуш салтанат-шаңдын күбөлөрүн кучагына батырып жаткан мейкин талааны көрүп жана Ысык-Көлдүн шоокумун элестетип туруп, Алыкул акындын кандайча калыптанганына эми баамым жеткенсиди. Кытайга чектеш жана дүйнөдөгү бийик чоку Эвересттен анчалык алыс эмес жайгашкан ушул ажайып жердин акыны Чыгыш менен Батышты байланыштырып тургансыйт. Алыкулдун ырлары вестерн сымал, окурманды ой-боюна ковбой ээрчитип алат да, улам жаңы мазмун бере дегдетип турат.

Юбилейлик салтанаттын жүрүшү, акынга көрсөтүлүп жаткан зыяпаттар тууралу айтууну өтүнгөндө:

– Бир эле акынга багышталып өткөрүлгөн мындай фестивалды мен Англиядан көрө элекмин жана көрбөстүрмүн. Алыкулду мынчалык ызааттоонун өзүндө эле нечен түркүн маани жатпайбы. Шаардагы жана өзгөчө ушул айылдагы таң-тамашаны көрүп туруп, Алыкул түбөлүк жаш бойдон каларына дагы бир ирет ынандым. Таланттарын такка кондургандай сыйлай билген эл чанда болору анык.

Музей жөнөкөй, бирок жагымдуу жасалгаланыптыр. Дагы иретке келтирилип, ырааттуу ишти уланта беришин каалайм. Ал эми мааракеге байланыштуу оюм бул: Алыкул балдарды жакшы көргөн, өзү да балдар үйүндө чоңоюп турмушка жолдомо алган. Өзүм мугалим болуп иштегендиктен балдарга жан тартып турам.

Ошондуктан, анын ысмы же балдар үйүнө, же бала бакчага берилсе», – деп айтканы эсте.

Уолтер Мэй жана анын байбичеси Людмила Серостанова болуп атчабыш, кыз куумай оюндарынын шаңына бөлөнүп турганда Калинин колхозундагы мектептин англис тил мугалими Догдурбек Жекшенов баштаган той ээлери жаныбызга топтоло жандуу маек башталып, каз-катар тигилген боз үйлөрдүн биринде уланды. Буга чейин орусча сүйлөшүп, кээде түшүнбөгөн кептерибизди Людмила Серостанованын жардамы менен аңдап келсек, эми экөө Шекспирдин тилинде күрмөлбөй сүйлөшүп, чер жаза отурушту.

Англиянын СССРге уруш учурунда көрсөткөн жардамына ыраазылык билдирүү үчүн согуш жана эмгек ардагери, Чалдыбар айыл тургуну Жунушалиев Дүйшеке аксакал атайын издеп келиптир. Ага улай ак дасторкон соңунда Панфилов райкомунун үчүнчү секретары, той

ээси Вера Үсөнова Уолтер Мэйге ак калпак кийгизгенде англичан аксакалдын эки көзүнөн жаш кылгырды.

Аны көргөндө көңүлүмө Грунья Савельевнанын көз жашы элестеп кетти. Бири акынды турмуш сапарына узатса, экинчиси англис тилдүү рухий дүйнөгө алып чыкты.

Уолтер Мэй акындын музейине котормолорунун кол жазмасын тапшырды жана ушул сапары, Алыкул тууралуу атайын макала жазып, «Московские новости» газетасына жарыялай тургандыгын айтып кетти. Демек, Алыкул кабары чет өлкөлүк окурмандарга да жетмекчи.

Тээ бала күндөн Чыгыш маданиятына кызыгуусу ойгонуп, анысын албан-албан эмгектери менен ширелештирген Уолтер Мэйдин жекече турмушунан учкай кабар бере кетели.

1968-жылы англиялык элчилик кызматка чакыргандан кийин Людмила Серостановна менен таанышып баш кошкон. Москва шаарында жашайт. Бирок өз өлкөсүнүн жараны болуп эсептелет. Жубайы да чыгармачылыкка аралашкан адам. Акын жана котормочу катары Уолтерге көп жардамдашкан Людмила Серостановна маегибизди төмөнкүдөй кеби менен жыйынтыктады:

– Мен кыргыздардын байыркы турагы Миңсууда (Минусинск) төрөлгөм, ал эми кызым Татьяна болсо, 1975-жылдан бери кыргыз келини. Күйөө балам Аман Курбаналиев Фрунзедеги искусство институтунда, кызым бала бакчада эмгектенишет. Демек, биз кыргыз жергесинин рухий тамырын жайылтууга бир чети милдеттүүдөй сезебиз. А бирок Алыкулдай таланттарга таазим этүү баарынан жогору сыймык болуп саналат.

P.S: 1995-жылы Уолтер Мэй «Манас» эпосунун миң жылдык тоюна ардактуу мейман катары катышып кетти.

Дүйнө элдеринин эки жүздөн ашык чыгармаларын жана беш эпосун англис тилине которгон. Анын калемине кыргыз акындарынын антологиясы, Алыкул Осмоновдун тандалмалары жана «Манас» эпосу да таандык. (Сагымбай варианты). Эпостун эки тому жана «Чоң казат» өзүнчө китеп болуп чыгарылды.

* * *

А.Осмоновдун Советтер Союзунун соңку жылдарында белгиленген 75 жылдык маарекеси бардык тарабынан жогорку деңгээлде өткөрүлгөнүнө кийинки 85, 90 жылдыктары даана далил болду.

50 ыры, «Жеңишбек» поэмасынан турган «Көл толкуну» ырлар жыйнагы 1995-жылы кыргыз, англис тилинде жарыяланды.

Китепке карата «Алыкул Осмонов на языке Шекспира» деген пикирде алгачкы саамалыктын ийгилиги айтылат.

Бул топтомдун чыгышына котормону уюштуруу менен Жолон Мамытов чыйыр салганын баса белгилөө зарыл.

Переводы стихов осуществлены Уолтером Мэйем, они показывают, что он проникся идеями поэта, переводит с большой любовью.

Наши суждения сделаны на основе экспертных оценок Э.Казариновой и ряда других специалистов, хорошо знающих английский язык. Мы выражаем искреннюю благодарность Уолтеру Мэйю за его благородный труд, который уже вошел еще одной яркой страницей в историю кыргызской литературы.

Хотелось бы сказать спасибо редактору составителю П.Казыбаеву, автору предисловия К.Ботоярову, худож-

нику С.Жамгырчиеву, редактору-переводчику А.Казыбаевой, фонду А.Осмонова, естественно фонду «Сорос-Кыргызстан», его руководителю Ч.Жакыповой за прекрасный подарок всем любителям поэзии.

Стихи, помещенные в данном сборнике, отобраны скрупулезно, со знанием дела и дают достаточно полное представление о творчестве поэта, который как и Дж.Сорос «мечтал о всеобщем мире».

«Пусть, покой обретя, отдохнет наконец-то
Отягченная грозным оружием рука,
Пусть мудрец отдохнет, озабоченный ныне
Отысканием выхода из тупика,
Пусть все люди, как дети отца одного,
Ходят в гости друг к другу, припомнив родство!

*(перевод И.Фонякова)*
*А.КАКЕЕВ, профессор («Кутбилим» 23.05.1996)*

## «МАНАС», ҮРКҮН ЖАНА АЛЫКУЛ

*Кыргыз адабиятынын аксакалы Түгөлбай Сыдыкбековдун туулган күнүнө карата 1996-жылы 15-майда үйүнө барып, куттук айтып, белек катары өзүнүн курбалдашы Алыкул Осмоновдун кыргыз-англис тилдеринде жарык көргөн «Көл толкуну» ыр жыйнагын тартуулап, аңгеме-дүкөн курдук.*

*Китепке аяр мамиле жасаган жазуучу Алыкулдун ырлары которулганына сүйүнүп, маани-маңызы жеткиликтүү чыкса болду деп айтуу менен фондго ыраазычылык билдирип, котормо маселесинен улам маегин баштады.*

**Т. Сыдыкбеков:**

– Орус тилинен кыргызчага, англисчеден орусчага которгондо сөз көбөйүп, көлөм артып кетет. Ал эми жакшы иштелсе сөз бай болуп, ою терең болот да котормо жакшы чыгат. Менин кээ бир чыгармаларым адекваттуу которулуп жүрөт. Демек, ошолордун орусча тексти мүмкүн болушунча жакшы иштелген да. Кара сөзгө караганда поэзияны которуш кыйла оор. Мында да негедир саптар көбөйгөнсүп кеткенби? («Көл толкунуна» көз жүгүртүп, барактап бергенибизден улам айтканы).

Архитектор уулу Сабырбек көлөм сакталганына, ыр саптарындагы муундар гана арбыганына көңүл бөлүү менен айрым темаларды салыштырып айтып, англисче текстти окуп берди да: – Китептин ушул ыкмада чыгарылганы жакшы болуптур. Кыргызча түп нускага салыштыруу жана англис тилин үйрөнүүгө да ыңгайлуу.

**П.Казыбаев:** – *Котормо дурус эле болгондой. Жыл башында Англияга барганымда ушул китептен он чакты*

*экземплярды Лондон университетине, Британ музейинин китепканасына жана акындардын эл аралык Пэн клубуна тапшырдым. Окугандар дароо эле айтышты, «ырлардын мааниси жакшы, негизи бар экен» деп таасирленишти. Албетте, аларда котормонун сапатын кыргызчага салыштырып баа берүү мүмкүндүгү болгон жок. Кыргыздардан англисче жакшы билген, поэзияны түшүнгөн таланттар чыкса Алыкул өз деңгээлинде дагы аалам аралар.*

**Т.Сыдыкбеков:** – *Котормочусу ким деген экен?*

**П.К.** – *Уолтер Мэй. Сиз билсеңиз керек, «Манастын» миң жылдыгына карата эпосту да англисчеге которгон. Сизге жашташ. Күзүндө 85ке чыгат. Өзү Москвада турат. 80-жылдардын ортосунда Жолон Мамытовго жолугуп кыргыз антологиясын, Алыкулду которууга сүйлөшкөн. Ага чейин чыгыш поэзиясын которгон. Бизге тууганчылык жайы да бар. Кызы Бишкекте, кыргызга турмушка чыккан. Байбичеси – Людмила Серостанова деген акын. Алыкулдун 75 жылдыгында, «Манас-1000»де ардактуу мейман болушса, жакында педуниверситеттин чакыруусу боюнча котормо жөнүндө лекция окуп кетишти. Байбичесинин Алыкулга арналган ыры бар китебин Алыкулдун Каптал-Арыктагы музейине тапшырдым. Кыргыз адабиятын, маданиятын жакшы билишет. Пикирлери дурус.*

**Т.С.:** – Жакшы эмгек экен. Аны минтип чыгартып койгонуңар да өзүнчө баа. Котормосу эле жакшы болсо болду...

**Сабырбек Сыдыкбеков:** – Мына ата, жакшы эле, туура которулган, көп капаланбаңыз *(Жазуучунун баласы англис тилин билгендиктен айрым темалардын, ырлардын которулушу боюнча жылуу пикирин айтты).*

«Көл толкуну» китебин барактап отуруп, Алыкулдун «Сүйбөйм сени» ырына токтолдук. Түкөнүн өтүнүчү боюнча аны кыргызча көркөм окуп бердим.

**П.К.: –** Сиз 1967-жылы түзүп чыгарган Алыкулдун үч томдугу өзүнчө эле бир чоң эмгек, акынга коюлган эстелик болуп калды. Ошондой томдорду чыгаралы деп канчалык аракеттенсек да ал деңгээлге жеталбай жатабыз.

**Т.С.:** – Аны чыгарыш да бир топ тоскоолдук менен ишке ашканын айтайын. Алда кандай болот деген ойдо, болгон ырларын, майда-чүйдөсүнө чейин киргизгем. Баарын эле кошо беребизби, мазасы жокторун дегендер да чыкты. Албетте, Алыкулдун ырларында да кемчиликтер жок эмес. Бирок мен тигилерге моюн бербей, бардык жоопкерчиликти өзүмө алдым. Ал кезде мен күчтүү эмес белем, өзүмдүн пикиримде калдым. Сомодой жигит кезегим. Күрөшсөңөр күрөшөм дегендей... *(Баарыбыз каткырып күлүп калдык).*

**П.К.:** – Ооба, Түкө, Сиздин кыргыз тили үчүн башынан күйүп келатканыңызды билебиз. Кыргызстан Жазуучулар Союзунун VIII съездинде сүйлөгөн сөзүңүздө да ушул маселе тегерегинде омоктуу ой жаткансыйт. Ал жыйынга Олжас Сулейменов, Давид Кугильтинов өңдүү меймандар катышкан. Ошондо Сиз айткан сөздөргө өзүбүздүн эле акын, жазуучулардын айрымдары анчалык маани бербей, өзгөчө Омор Султанов: «Аксакал орус тилин билбейт, ошон үчүн кыргыз тилине күйөт» деп да жиберген эле. Дем алышта ошол айткан адамга карата: «Түкөнүн сөзүнүн түп маанисине түшүнбөгөндөр да бар экен ээ!» деп айтканымда, кызарып-татаргандан башкага жарабады. Дем алыштан кийин О.Сулейменов да менин пикиримди сезгенсип «Аксакалга түшүнүп мамиле жасагыла» деген кыязда сүйлөгөн.

Бирок, ошондон бери он жыл өтүп, тил боюнча мамлекеттик мыйзам кабыл алынса деле кыргыз тилинин кыйыры кеңип кетпеди. Орой айтканда «ашканадан» чыкпай жатыр... Өкмөттөгүлөр закон кабыл алат, а бирок өздөрү аткарбайт, иш кагаздары орусча жазылууда...

**Т.С.:** – Албетте, ойдогудай эмес. Бирок кандайдыр жылыш бар. Деле бир ооз кыргызча сөз билбегендер үйрөнүп, кичинекей балдарыбыздын тилдери да эне тилинде чыгууда. Ал турмак айрым архитекторлор да кыргызча сүйлөй баштады *(Түкөм көз карашын баласы Сабырбекке буруп, эркелете какшык жибергенин туйганда баарыбыз жан дилден жана бир жыргап күлдүк).*

**П.К.:** – Сиз Алыкул жөнүндө көп билесиз. Бирок сөзүңүздү ошол көк китепте толук айттыңызбы...

**Т.С.:** – Баш сөзүндө негизинен бардыгы камтылганы ырас. Ал үч томдукту чыгарган учурда бирден бир күйгөн кишиси катарында өз ишимди дээрлик токтотком. Экөөбүз бирибиздин сырыбызды жакшы билер элек. Өз ара түшүнүшчүбүз. Акын мүнөзүндөгү түнт, кишиге сырын айтпаган кыялын мен кечирсем, дардаңдаган кыялымды ал кечирчү. Ал мени «Көлкөңбай» деп койчу. Мен ага ат койчу эмесмин. Анткени, оорукчан жаны ого бетер басынбасын дейм.

**П.К.:** – Алыкулдун:

> «Зор Манас» көлөмүңө жетпес ченем,
> Чарчабай үч ай айтса түгөнбөгөн,
> Кыргызда дагы толгон көп укмуштар
> Чынында баары сенин күчүң белем –

деген ой толгоосунан улам: «Манас-1000» маарекеси жөнүндө кеп салыңызчы.

Дегеним, Сизге окшогон эл адамдарынын ой-пикирин билүү кийинки муундар үчүн кызыктыр. Юбилейди буюрса жаман өткөргөн жокпуз. Бирок, ошол океан сымал «Манасты» үйрөнүү, бойго сиңирүү жаатында кандай кеңеш берет элеңиз?

**Т.С.:** – «Манасты» улам окуган сайын, жаңы дүйнө, тунук аалам, көк Теңирдин тереңдиги кайрадан алдыңа ажайып дүйнөдөй ачыла да берет, өзүнө тарта да берет, алыстай да берет... Ошондуктан, ага адабиятка, илимге зирек мамиле жасагандай ар тарабынан түп маанисине жете иликтөөгө басым жасоо зарыл. Сымбаттуу ой жүгүртүп, сымбаттуу талдаган сайын анын мазмуну артыла берет. Болбосо, азыр Манастын калпагынын кырын көрүп эле өзүнчө убара тарткандар канча. Иликтөөчүмүн дегендердин деңгээлин мындан билиңиз, эпостун эзелки окуяларын, негизги өзөгүн XVI, ал эмес XIX кылымга таандык деп да жиберишпедиби.

Миң жылдыгына деле кошулбайм.

**П.К.:** – Ал эми шарттуулук го...

**Т.С.:** – Ооба, бирок аны да ырастап айтпасак, шарттуу экенин далилдебесек эл аралык башка дүйнө бизди кандай кабылдаар экен...

«Манастын» варианттарын үңүлүп окуган сайын байыркы заман, эски доор, Өгүз кан, Карахандар мезгили улам арылап, кум суу сиңиргендей эле түбү чексиз гунндар, сактар кошулуп кете берет.

**П.К:** «Манасты» башка тилдерге которуу маселесине кандай карайсыз? Мына бүгүн эле «Манас» дирекциясында хинди тилине которуу боюнча жолугушуу болду. Эпосубуз англис, кытай, немец, түрк, венгр, монгол жана бөлөк элдердин тилине которулду.

Котормо татаал нерсе. Ал эми «Манасты» которуу андан да мүшкүл. Бирок которгондорго, ага кызыккандарга ыраазычылык билдирүү менен кандай каалоо, сунуш, тилек айтар элеңиз?

**Т.С.:** – Жана айтпадымбы. «Манастын» чыгыш доорун, калыптанган мезгилин тактап, иликтөөгө көңүл буруу керек деп. Эпос фольклор түрүндө оездон оозго өтүп, кылымдар кыйырын карыткандыгы: «Көбү жалган, көбү чын, көрүп келген киши жок. Жарымы жалган, жарымы чын, жанынан келген киши жок» деп «Манастын» өзүндө айтылган жалганы менен чынын басып өткөн жолубуздун өйдө-ылдыйына салыштырып үйрөнүү менен варианттарды эне тилибизде тактап чыгарып алган соң которууга сунуштасак ыңгайлуу го деп ойлойм.

Азыр миң жылдык менен чектелгендейбиз. Бул шарттуулукту өзгөртүш, өзгөнү ынандырыш зор милдет. Миң жылдыктын демилгечиси Чыңгызга:

– Бул кандай болот десем?

– «Түкө, азыр ушуну ишке ашырып турсак, бизден кийинки урпактар туурасын таап алышар, калганын тактаар, бул иш-чара ошого чоң түрткү» дегенине ынандым.

**П.К.:** – Буга чейин да аракеттер болгону маалым эмеспи.

**Т.С.:** Ооба. Үч жолу болгон. 1947-жылы 1100 жылдык жөнүндө мамлекеттик комиссия түзүлгөн. Орто жолдо от жагуучулардын айынан ал да ордунда өчүп, элүүнчү жылдардын баш ченинде мурдагы союздан окумуштуулар, адабиятчылар илимий конференңияга катышып «Манастын» элдүүлүгүн далилдешти. Ошондогу илимий күчтөр, иликтөөлөр азыркыга караганда кыйла таасирдүү, жемиштүү болгондой туюлат. Балким, манастаануу да жаңылануу, муун алмашуу дегенди башынан өткөрүп

жаткандыр. Эгер, андай болсо тезирээк телчигүү зарыл. Анткени, эпосту эми эч кандай саясат же башка бир тескөөнүн тетири көлөкөсүнө ылайыктабай, калыс, илимий негизде үйрөнүүчү кырдаал түзүлдү. Буга көзү өткөн манасчылардын, окумуштуулардын, жазуучулардын тарткан мээнети, жаркын элеси милдеттендирет. Анын үстүнө шарттуу деп өзүбүз эсептеген 1000 жылдыктан кийин элибизге эпос аркылуу көңүл бургандар көбөйүп жатканын өзүң да айттың. Ошондуктан, «Манастын» жолу кеңейип жаткандыгына кубануу менен бирге анын маңызын чыгара бөлөктөргө таанытуу, жайылтуунун деңгээлин көтөрүүнү манастаануучулардын илимий тереңдигине, жана адамдык абийирине коебуз да.

**П.К.:** – Туура айтасыз. Кайрадан Алыкул жөнүндө сөзгө өтсөк. Алыкулдун азыркы күйөрмандарына аны кандайча сүрөттөп берет элеңиз, айтылбай калган нерселер калдыбы?

**Т.С.:** – Өзүңөн сурайын: Алыкулду кандай акын деп ойлойсуң?

**П.К.:** – Алыкул өзү жөнүндө ырларында баарын ачык айткан эмеспи. Ошолорго замандашы, курбалдашы катары толуктооңуз кийинки окурманга зарыл го?

**Т.С.:** – Аның туура. Акындын өзү кештелеген поэзиядан ашык айталабызбы. Ал эми окурманга анын ырларын жеткирип туруу зарыл. Болбосо унутулат. Алыкулду, ойчул, баамчыл, көрөгөч акын катары айттым. Алыкул деген акындын өз стили, жөнөкөй сөздөргө укмуштай терең маани бере алган, бир караганда уйкашсыз эле туюлган ыр саптарына ушундай сонун ыргакты күмүш чөгөргөндөй кынаптаганын кантип танабыз. Айрымдар анын чабал жагы да бар дешет. Айткылачы, кимде кемтик жок? Алыкул өз чыгармачылыгына жооптуу караган,

өзүнө өзү сын айткан, өзүн өзү оңдогон. «Биздин замандын кишилерин» жазып отурсам келип калды. Кыйылып туруп, «Чолпонстан» жыйнагын сурады. Кол тамгаң бар деп тамашалап, бербей койдум. Кийин баары бир алып кетти. Көрсө, өзүнөн өзү уялган экен. Толуктоо айтыш менин азыркы абалымда ден соолугума байланыштуу мүмкүн эмес. Алыкулдун үч томдугуна жазган баш сөздө негизинен баары айтылган.

Бечара менин жубайым Асылкүл аны өз бир тууганындай, мен болсо инимдей көрүп өтө жакын болуп, каралашып турганбыз. Мен да мурда учук оорулуу болуп айыккандыктан ал мени ушул дарттын дабасын табар профессордой эле көрчү. Тигини же, муну ич деп айтканыма беш жашар баладай ишенип калчу.

**П.К.:** – Бишкек шаарбашы Алыкулдун үйүн сатып берди, музей уюштурууга. Ошол, Сокулук – 10, мурдагы Тимирязев көчөсүндөгү үйүндө болгонсуздар да? Сиз үч томдукту чыгаруу менен Алыкулдун рухий эстелигин тургузуп койдуңуз. Ал эми өткөн жылы 80 жылдыгында А.Акаев өз эсебимден акындын эстелигин койдуртам деди. Алыкулга эстеликти каерге, кандай койсо деп ойлойсуз? Бири Бишкек десе, кээси Көлгө коюлса дешет?

**Т.С.:** – Бишкекте жаштыгы өткөн деп, Ысык-Көлдө чыгармачыл зиректиги өркүндөп турган деп эки жакка тең койсо болот. Скульпторлорго айтарым – Алыкулдун эстелигинде ойчул акын, кыргыз фольклору менен дүйнөлүк классиканы эриш-аркак тутамдаштыруу аркылуу философиялык маанайдагы аз, бирок саз чыгармаларды жараткан инсандын образы көрсөтүлсө. Эки эстелик бири-бирин толуктап, Алыкул аркылуу адабиятыбыздын аброюн арттырып турса жаманбы. Экөө катар

бүтүрүлбөсө да, шашпай кезеги менен тургузууга болот го. Буга чоң жоопкерчилик жүктөлөрү талашсыз.

Үйүнө байма-бай барып турчубуз. Алыкулдун бир өзгөчөлүгү столунун үстү дайым мизилдеп шыпырып, жууп койгондой таза. Мунусун мен жактырчу эмесмин, жүрөгүм шуу эте. Анткени, куубаш, согончогу канабаган төрөбөгөн аялдын бир жаман адаты үйдү ыгы жок эле шыпырып, тазалап, жаланып-жуктанып, ырыскыны кубалап тургансыган терс белгиси болот деп. Алыкулга акындын столунда кагаз, калем болот деп коюп койсом, биз кеткенче жатчу да, кайра эле тазаланып калчу.

**П.К.:** – Акындын үйүн музей катары кандайча жасалгалоо керек деген маселе күн тартибинде турат?

**Т.С.:** – Үйүн көрдүңөрбү, эки үй бекен? Машина алып, үй алам десе саткан кишиси эки үйдү тең ал дегенде астынкысын кошуп алган. Бир үйүндө өзү, экинчисинде азербайжан кемпир турду. Анын Ахмед деген баласы шофер болуп жүрчү Алыкулга.

**П. К.:** – Сиз Каптал-Арыкта болдуңуз беле?

**Т.С.:** – Жок.

**П.К.:** – Аерде музейи курулган, мектепке аты коюлган. Ал эми Бишкекте да акын ысымында китепкана, №68 мектеп бар.

**Т.С.:** – Ооба. Барбасам да, кабардармын.

**П. К.:** – Эми музейине байланыштуу проблема бар. Акындан буюм-тайымдары калбаса кантип уюштуруу керек?

**Т.С.:** – Музейге көрнөк-экспозицияларды коюш керек да, чыны, чайнек, чулгоосу, ал турмак трусыга чейин деп (муну күлдүрүш үчүн айтып жатам) коет эмеспи. А бирок Алыкулда көр дүйнө деле жок болчу. Ошондуктан, анын кол жазмаларын, китептерин, фотосүрөттөрүн, ал

жөнүндөгү материалдарды топтоо абзел. Ошолор аркылуу кыргыз адабиятынын таржымалын чагылдырса болот.

**П.К.:** – Дагы бир тактоочу суроо: 1949-жылдын июль айынан кийин Алыкул ыр жазган эмеспи деген түкшүмөлдү чыккан китептеринен улам баамдайбыз. Элүүнчү жылдын акырына чейин жашаган акын кантип эле ыр жазбасын?

**Т.С.:** – Алыкулдун ыр жазбай, бош турганын көргөн эмесмин. Күн алыс болсо да 2–3 чыгарма жазчу.

**П.К.:** – Үй-бүлөлүк турмушу жөнүндө айтсаңыз?

**Т.С.:** – Зейнеп экөө арзышып табышып баш кошушкан. Бирине бири төп келген жубайлар болчу. Бирок ортодогу көралбастар Алыкулдун кулагына бирдеме деп шыбырай коюп жүрүшчү. Абдан ишенчээк болгондуктан анык-чынына чыкпай жаштык кылып койду. Беш жашар баладай ички сезими таза адамга арам сөздөр тикенектей эле тиет эмеспи. Зейнептин туугандары да анын оорусу жугат деген сыяктуу кептерди айтышы, алардын тагдыр жазмышына таасир этти. Буерде кимдир бирөөгө кине коюуга болбойт.

**П.К.:** – Зейнеп эже азыр Ташкентте жашап жатыры...

**Т.С.:** – Ооба. Мурда да келип менин байбичем менен сырдашып, муңдашып жүрчү. Кийин Асыл каза болгондон кийин да жолуктум. Чыпалактай сары кыз эле, балпайган берекелүү байбиче болуптур. Бакыйган алыбеттүү балдары бар экен. Тагдыр деген тамаша эмес тура. Болбосо экөө ылайык түгөй эле... Бири театровед, экинчиси акын дегендей.

Алыкулдун жаңычыл акын экендигин көралбагандар да чыккан. «Мааниси жок махабат» деген тескери

реңензиянын автору Мидин кийин өкүнүчүн мас болуп келип, ыйлап айткан эле.

**П.К.:** – 1916-жыл тарыхыбыздын оор сабактарынын бири. Аны мурда иликтөөгө чектөө коюлчу. Быйыл Үркүндүн 80 жылдыгы. Ушул окуяга, дегеле тарыхка мамилеңиз?

**Т.С.:** – Эгемендүү өлкө болдук десек тарыхыбызды туура жазууга милдеттүүбүз. Анын ичинде 1916-жылды ачык, дапдаана айтыш керек. Өткөн тарыхты азыркы саясатка көз каранды кылуу жарабайт. Бөлөк өлкөлөрдүн жетекчилери билип-билбей эле сүйлөп койсо, аны ээрчип кетишсе азыркы жетекчилерибиздин, демек элдин шору. Анткени, эгемендик бизге азыр эле тие калган жок. Совет бийлигинин алгачкы жылдарында жетишкен ийгиликтерди Октябрь революциясы бергенин унутпаш керек. Кийин гана шовинисттик көз караш ойгонуп, «улуу эл, улуу ага» деген кемсинтүүлөр келип чыкты. 1989-жылдагы эл каттоодо элибиздин 96 пайызы сабаттуу экени маалымдалган. Андан берки мезгилде сабатсыздар көбөйбөсө, азайбады го... Окумуштуулар иликтөөсүн таштап, чачырашты. Түркияны туу тутканыбыз жакшы. Бирок аякта деле элдин 66 пайызы гана сабаттуу экени ойлонтот. Ошондуктан, өзүбүз ким элек, ким болдук, кантип өнүгөбүз деген өңүттү дайым жадыбызда сактоо атуулдук милдет.

**П.К.:** – Маанилүү маегиңизге рахмат. Бар болуңуз!

*«ZK» 24-май, 1996-ж.*

# КАРА ШУМКАР, КАЙЫР КОШ!

Турмуш чиркин адамга
Бирде кор да, бирде зор

**Алыкул**

Түн суук, кыш ышкырат үйлөрдү ачып,
Ой, кырга думана алгыс күмүш чачып.
Ыйлатат, урат, ойнойт, ыза кылат,
Жыргалдуу жазды алыска ала качып...

– деген ыр саптарды демин ичине тарта, кандайдыр белгисиз берилүү жана өзгөчө ынтаа, кыраат менен окуган агайдын көрүнүшү, кебетеси дале эсимде. Ырдын маани-маңызы жеткилең, түшүнүктүүдөй эле сезилгени менен агайыбыз акындын айтайын деген түпкүрдөгү ойлорун дал ошол жаз мезгилиндеги байчечекей гүлүндөй ар бирибизге даана жана таасирдүү таржымал баян куруп жатты. Өңгөсүн билбейм, ошондогу филфактын сырттан окуу бөлүмүнүн (1973–79) студенти мага Алыкул дүйнөсү кайрадан ачылгандай туюлду...

Көрсө, Шаршенбек Үмөталиев агай андан жыйырма беш жыл мурда эле Алыкултаануу илиминин айдың талаасына эң алгачкы бороз салып, улуу акындын ким экендигин элине жар салып чыккан инсан катары каадасын улантып келаткан чагы тура.

Адабиятчы, илимпоздугу менен акынга берилген анык ышкыбоздугунан улам Алыкулдун Ала-Арча кабырстанындагы жайбашына эстелик тургуздуртканы эле эмне деген иш. Мындай ызаат, урмат-сыйдын тереңинде Шаршенбек аганын анык талантты баалай билген көрөгөчтүгү жан-дүйнөсүндө тунук берметтей көлбүп жатканынан улам болгонун кийин баамдашты.

– Алыкул абдан жакын тууганыңбы, мынчалык күйүп-бышканыңа караганда – деп, скульптор Пузыревский өзү да таң калганын окуганыбыз бар.

Мына ошол Алыкулдун бийиктигинен адабият майданына канат шилтеген жаш окумуштуу «ойротто жок, ойго келбес» иликтөөлөргө тартынбай бой урат. «Заманачылар» дегенде жүрөкзаада болгондордун аң-сезимине бүлүк салып, ата-бабалар мурасына астейдил мамиле жасоого үндөгөн илимий эмгектери учурунда «узун элдин учуна, кыска элдин кыйырына» дүңк дей түшкөнү азыр уламыш кептүү аңызга айланды.

Кыргыз адабиятындагы оңду-солду абал жөнүндөгү жөндүү, ачык, тартынбас сындарынан улам «Кара шумкар» аталган Шаршенбек Үмөталиевдин илимий үлгүсү өзүнчө бир көрүнүш экени алиге толук изилденүүгө алынбаганы ойлондурат...

Эгер, ушундай эмгектер жазылса сынчы, жазуучу агабыздын адабий бейнеси түзүлүү менен жеке тагдырына руханий сокку урган куугунтуктоолордун да анык ырайы ырасталмагы талашсыз.

Арстанбек, Калыгул, Молдо Кылыч, Касым Тыныстанов жана башкалар жөнүндө адабий маселелер тууралуу толук оюн эми эч кандай көзөмөл, чектөөсүз айттырат го деген заман илебине шыктана канатын кайра жаңы кайрат менен кага баштаган Карашумкардын башына бөлөк кырсык түштү... Мурунку көргөн запкылардын калдыгы менен мына-мына коштошом деп турган сөз, ой эркиндигинин эпкинине эркей түшкөн чыгармачыл инсандын сезимтал жанына зак кетти...

... Жок. Руханий дүйнөсүндө мурдагыдан да толуп, жайнап, ташкындаган илимий, чыгармачыл илхамына көмөктөшүүчү дене мүчөлөрү шал оорусуна кептелди.

Бийиктикти көксөгөн Карашумкардын көрөгөч көзү, оттуу жүрөгү, аң-сезими алыстарга чакырганы менен, колу-буту кыймылдабай, ой-сезимди чагылдыруучу тили күрмөөгө келбей калышы жеке тагдырынын, үй-бүлөсүнүн гана эмес, кыргыз адабиятынын да мүшкүлү болду.

«Үмүтсүз шайтан» дегендей агай өзү, үй-бүлөсү да дарттан сакайып кетүү ниет, тилегинен үмүт үзүшпөдү.

Күттүргөн эгемендик да келди... Бирок, Карашумкардын канатын кайырып, капаска салган шал оорусу же ары, же бери эмес арасат абалдан чыгарбады.

Аттиң десең... Эгер тагдыр ташбараңына албаганда, ушул он жыл ичинде Шаршенбек Үмөталиев агабыз албан-субан адабий эмгектерин элине тартууламак эле...

Ушундай үмүт, тилек менен арадан он төрт жыл өтүп, кылым менен миң жылдык алмашты жана 2001-жылдын 9-апрелинде Үмөталиев Шаршенбек ага 75 жаш курагында каза тапты.

14 жыл оорулуу адамды аздектеп баккан жубайы Нурбү эжеге, уулу Эрикке жана кыздарына, башка тууган-туушкандарына миң рахмат, таазим.

11-апрелде агайды акыркы сапарына узатуу үчүн Сокулуктагы Туз айылына баратканда КР ЖС төрага орун басары Маркабай Ааматов асманда каалгып учуп жүргөн каркыраларды көрсөткөндө:

> Бала кез, көктөм убак, жазгы баар,
> Асманда карк-карк этет каркыралар.

Мен анда:

> «Эй, замандын калыстары –
> Көрсөтчү, канатыңда не жазуу бар?»

– деген Алыкулдун ыр саптары эске түшүп, каркыралар да Шаршенбек агай менен коштошкону айланчыктап

тургандай карк-карк эте Туз айылынын асманында, Шакенин сөөгү жаткан агасы Токтогулдун үй үстүндө үйөрлөнө учуп турушту.

Кызыгы, агайдын сөөгүн мүрзөгө колдоп көтөрүп жөнөгөнүбүздө алиги кыйкуулаган каркыралар көк асманга бийиктей көтөрүлүп, заматта көздөн далдаа боло, үндөрү да угулбай калды.

Кайран аганын «Карашумкар» деген атагы Алыкулдун каркыралары менен кошо көккө төнүп, арбагы өзү аздектеген улуу адамдардын жанынан орун тапты

«Заманың мына ушундай таанып жүр», – деп
Асманда каркыра үнү карк-карк этет

– деген Алыкулдун ыр саптарынан улам:

«Агайың мына ушундай биле жүр» – деп
Асманда каркыралар канат сермейт

– деген ой-тыянакка келүү менен Шаршенбек Үмөталиев жөнүндөгү адабий, илимий эмгектер жараларына каниет кылалы.

– Шакебиз сизге, Нурбү эже, балдар-кыздарына эки дүйнөдө ыраазы. Он төрт жыл оорулуу адамды карап, багуу дегенди элестетүүнүн өзү канча мүшкүл. Сиздерге рахмат. Эми, ал кишинин мурастарына да аяр мамиле жасоо маселеси турат. Аганын жаткан жери жайлуу, топурагы торко болсун! – деген көңүл айтуу менен Карашумкардын эң соңку турагы болгон боз үйдөн чыктык.

Бишкеке келатканда дөңгөлөгүн берип жардамдашкан Аскен байкенин адамгерчилигине арзыбаган жазуучу, калемдештеринин топурап келип топурак салганга жарабаганы (Өскөн Даникеевден бөлөктөрү), Сокулук райбийлигинин кайдыгерлиги, Алыкул жердештеринин келбегени азыркы оомал-төкмөл замандын

таӊ калтырбас, табигый көрүнүшүндөй сезилип калганы коркунучтуу эмеспи?

Адабият, маданият десек жана боорукерлик менен ынтымак-ырашкерчиликтин эӊ негизги улут көрөӊгөсүн сактоону көздөсөк, мындай кенебестикке, кайдыгерликке улуттук интелилгенция жол бербесек…

*«Кыргыз Туусу». 4. 05. 01*

## САНААМ

Келатса чала тааныш бир топ адам,
Алды-арты кырктан сексен жашка барган.
Таякчан, көпчүлүгү көз айнекчен,
Кашка баш, чекелери бир карыштан.
Бир сөздү ортосуна талаш кылып,
Кылдаттап бирди миӊге майдалаган.

Аӊгыча жанындагы жолдошумдан,
Буларыӊ ким болот деп сурап калсам:
– Четкиси профессор Керимбаев,
Беркиси академик Бекболотов.
Ортоӊку доктор Аалы Касымбеков,
Кадимки биздин кыргыз балдарынан. –
Деп гана жооп берип, тааныштырса,
Көӊүлүмдө калбас эле эч бир арман.

*Алыкул. 30.11.1939.*

# АТАҢДЫ КӨРГӨН ӨЛБӨСҮН

Алыкулдун 90го чыккан замандашы, жаны бирге курдашы Шайык Жамансариев аксакал 2005-жылы 12-декабрда акындын Ала-Арчадагы жай башына барып, куран түшүртүп, өткөн өмүр тарыхына айланган Алыкул үй-борборунун ар кандай мазмундагы экспонаттарын көрдү. Залкар акындын өмүр-тагдырынын көбүнө күбө болгон карыя агынан жарыла аңгеме куруп, оюндагысын ортого салды.

... Педтехникумда окуп жүрүшкөн мезгилинде темир жолдун тоо тарабы, түштүк жагы шыбак баскан ээн талаа болгондуктан, эртели-кеч футболдун азабын беришчү экен.

Педтехникумдун китепканасын жаңы имаратка көчүрүп калышат. Алыкул анда ар бир китепти аяр кармап, анын кандай китеп экендигине ынтаа коюп, мамиле кылгандыгына агайлары ыраазы болушат. Муну Зияш Бектенов деген агайы да баамдап калат да, ага орус акындарынын ыр томдугун белекке берет. «Мына ошол жыйнактан кийин менде ыр жазуу кумары козголгонун туйдум», – деп Алыкул кийин эскергенин Шайык аксакал айтып отурду.

– Ошол китеп чын эле таасир эткенби, же өз деңгээлинде поэзиянын опол тоодой күчү билинбей бгып жатканбы, айтор, бизден бир чоң дептер алып келип берүүнү өтүндү. Анда ал ооруканада эле. Караколдук Петя Синельников дегенде чоң көк дептер бар экен. Ошону бердик. Кийин аны эч кимибизге көргөзбөй, «Жан дептерим» дегендей мааниде алгачкы ыр чыйырын баштаптыр. Ал мезгилдеги турмуштун каатчылыгы, жетишпестиги бизди далай кысталыш да, күлкүлүү да абалга салганын айтсам ишенбейсиңер го... Кышкы кийимге өтүүбүз негедир

кечигип, кыштын ызгаары кабырганы кайыштыра баштаган. Ошентип, көкмуштум боло жатакана менен окуу жай ортосунда тызылдап жүргөнүбүздө жылуу пальто таратылып калды. Жыргап эле калдык. Анан күндөрдүн биринде бир топ балдар көчөгө чыкпайбызбы... Элдин баары бизге таңыркай караганына, айрымдары мыйыгынан жылмая күлгөнүнө деле көңүл бурган эмеспиз. Көрсө, биз кийген кызгылт-көгүш түстөгү пальто кыздардыкы экен. Анын үстүнө жакасы да бар эле. Жонубуз жылып, жаныбыз жыргап калгандыктан анысына карабай эле кийип жүрдүк, эскирип жыртылганча...

Шайык аксакал улам бир сүрөттү көргөн сайын мындан 75 жыл мурдагы өмүр издери көз ирмемдей алдына тартылып жатты өңдөнөт.

– Алыкулдун махабаты жөнүндө айтсаңыз? – Аксакалга ушундай суроо узаттык.

Курсташ курдашы жөнүндө дайыма шайдоот, кубануу менен аңгеме салчу аксакал азыр негедир олуттуу ойлонуп, бирок бир нерсени айтсамбы, айтпасамбы дегендей көздөрү сырдуу күлүңдөй түштү.

– Зейнеп, Зейнеп деп эле аны акыркы мезгилде көп айтып жатабыз. Айталы, бирок бир жактуулукка жол берилбеши керек. Анткени, ал акынга тете жар боло албады. Ооба, мүнөзү түнт, бир чети оорукчан адамга, өзгөчө акынга жар болуу да чынында кыйын иш эле.

Ал эми Айдай маселесинде деле аша чапкандык туюлат. Себеби, экөөнүн ортосундагы ынак мамиле жөн гана теңтуштук, курдаштык деңгээлде болчу. Анткени, Айдайдын аскер кызматындагы жигити педтехникумга келип-кетип жүргөнүн баарыбыз көрчүбүз. Ал убакта аскер кызматкери, алгачкы кыргыз офицерлери аябай эле бarкталар эле. Балким, ушундан улам Айдайдын

ата-энеси Алыкулга каршы болгондур? Алыкулдун өзү деле эскерүүсүндө Айдай экөөнүн ажырым тагдырга туш болгонун даана айта алган эмес.

Алыкулдун курсташын тегеректеп тургандар анын оюна каршы сөз чыгарышкан жок. Аксакалдын алдында акыйкат издеп табалбай, аны залкар акындын замандашынан күтүп жатышты.

– Алыкулдун эң жакшы көргөнү Ася Сагымбаева деген кыз эле. Анын өз аты Уруяпса экенине карабай аны Ася деп айтышчу. Ася анын эркелетип айткан атыбы, же башкачабы, айтор, аны биз билчү эмеспиз. Алыкулдун ошол тунук махабатын а кездеги кыргыздын тыңчыкма кызматкерлеринин бири Елебесов деген эңип кеткен. Аны Алыкулдун жакындары гана билет. Тун сүйүү таза бойдон, туюк бойдон кала берген.

Ооба, Уруяпса же Ася Сагымбаева көп жылы Чернышевский атындагы (азыркы К.Баялинов) жана улуттук китепкананын директору болуп иштеп жүрүп, эс алууга чыккан. Акындын жүрөгүнө чок салган ушул үч кыз тең убагында кыргыз элинин эң биринчи билимдүү, илимдүү жаштарынан болгон.

Узун кептин учугун баштап койгон Шайык аксакал да кыргыз педагогикасы менен журналистикасына, адабиятына, китеп-басма иштери тармагына талбай эмгек сиңирген ардагер. Кыйла жыл «Эл агартуу» журналына редактор болгон.

«Алыкул-90» иш-чарасынын эң негизги милдети – акындын китептерин жана ал жөнүндөгү басылманы чыгаруу турмушка ашпай жатканы жөнүндө айтылганда а киши кадимкидей капа болду.

– Алыкул мектепте, жогорку окуу жайларында эң көп окулган автор. Бирок анын чыгармачылыгы, өмүрү

жөнүндөгү кошумча адабияттар жана өзүнүн жыйнактары таптакыр жок. Ушул маселени Билим жана жаңы уюштурулган Маданият министрликтери эске алышса болмок. Өкмөт токтому чыгыптыр, бирок анын жалаң спонсордук негизде экендиги улуттун ар-намысына шек келтиргендик. Мамлекет кайда? Кыргыз элинин сыймыгын мамлекет көтөрбөгөндө, ким көтөрөт? Алыкулдун алтынга бергис ырларына алты сом бере албаган өкмөт да өкмөтпү?

Алыкулдун ант кармашкан жолдошу Шайык Жамансариев ошо бойдон анча чечиле сүйлөгөн жок. Биз а кишинин көңүлү ооруп, көкүрөгүн муң чалып турганына түшүндүк. Алыкул деген залкардын эгемендиктен кийинки эч бир юбилейи мамлекеттик деңгээлде улут рухунун майрамы катары өтө электигин, кыргыз адабиятынын классигинин кайталангыс чыгармалары кыргыз элинин өзүнө жетпей жаткандыгын кайра-кайра өкүнүү менен айтып отурду. Чындык сөзгө ким каяша айтчу эле. Үн дебей үңкүйүп гана отурдук…

* * *

Алыкулдун жашташ да, санаалаш да курбуларынан айрымдарынын азыр да көзү тирүү. Ооба, Шайык аксакал жалгыз эмес. Алардын биринчиси – профессор, тарых илимдеринин доктору, көп жылдар тарых музейинин директору, академиянын тарых институтунун улуу илимий кызматкери болуп иштеген согуш жана эмгек ардагери Сүйүн Керимбаев. Бул киши Ленинграддагы мамлекеттик университеттин тарых факультетин бүтүргөн жана 1941–45-жылдардагы согуш тарыхы боюнча илимий эмгек жазган биринчи кыргыз. Алыкулга байланыштуу көптөгөн маалыматтарды, экспонаттарды

Каптал-Арыктагы акындын музейине ж.б. жерлерге тапшырган.

Күн да батты, түн да кетти таралып,
Үркөр өчүп, үйдүн ичи агарып,
Көз ирмебей так аткыча сүйлөштүк,
Черге тунуп, жүрөк кайра жаралып,
Зуулдаган күн, зымыраган турмушту
Бир башкача жакшы көрүп карадык,

– деп 1945-жылы 16-декабрда жазылган «Сүйүмкулдун айлында» деген Алыкулдун ырына караганда экөө Кызыл-Туу айлында согуш бүткөндө жолугушкандай. Алыкул урушка ден-соолугуна байланыштуу барбай калса, Сүйүмкул курбусу кан майдандан майып болуп кайткан.

Башкармасы бизге маалым Биялы,
Бала мүнөз, эң жагымдуу кыялы,

– деп ушул эле ырында сүрөттөгөнү жана «Коммунизм колхозунда» деген ырды өзүнө арнап жазганын эске алсак Алыкул менен Сүйүмкул өтө ынак жолдоштордон экени тастыкталат.

Алыкулдан төрт жаш улуу, академик, убагында Кыргыз ИА президенти болгон Курмангалы Каракеев да акын менен жакын мамиледе болгон. Алардын жазышкан каттары архивде сакталуу. Ал эми Алыкул акыркы колтамгасын да ушул адамга 1950-жылы 1-декабрда «Мой дом» деген китебине (Москва, 1950) коюп бергенин далилдеген китеп Каптал-Арыктагы музейдин башкы экспонаттарынан.

Дагы бир адабият тарыхына байланыштуу факт – Шота Руставелинин 800 жылдык маарекесине байланыштуу 1966-жылы Тбилисиде өткөрүлгөн илимий конференцияда К.Каракеев Алыкул Осмоновдун «Жолборс

терисин кийген баатырды» которушу жөнүндө доклад жасаган.

Убагында Маданият министри катары республиканын өнүгүүсүнө салым кошкон Күлүпа Кондучалова, драма актеру, Кыргыз Республикасынын Баатыры Сабира Күмүшалиевалар да акын менен чогуу окуган замандаштары эмеспи.

Мына ошентип, «Алыкул-90» иш-чарасы мамлекеттик маанидеги идеологиялык, маданий жана адабий-илимий, жаштар саясаты экендигине карабай өкмөттүк деңгээлде өткөрүлбөгөнүнө, акындын китептери чыкпай калганына өкүнсөк да, минтип замандаштары, анын аруу поэзиясына таазим эткендердин эң алдыңкы катарында турган мектеп окуучулары, студенттер жана алардын эжей, агайлары, басма сөз, радиотеле өкүлдөрү, чыгармачыл инсандар «Алыкул үй-борбору» коомдук бирикмеси менен эриш-аркак кызматташып, жогорку деңгээлде аракеттенишкенине зор ыраазычылык билдириш лаазым.

Алыкул ураанын, атын чакырып, ага тете иш кылуу маарекелик даталарга чектелбестен, күн сайын түгүл, ар көз ирмем сайын алга чакыруучу рух деми экени эсибизден чыкпаса. Анткени, Алыкул дегенде Ата-журт, эне тил, касиеттүү Ысык-Көл, Айкөл Манас, үч кыл комуз, Толубай сынчы, Жеңишбек, Бүкөнтай жана карапайым эле адамдардын жубар берметтей ыр саптарына шөкөттөлгөн бейнелери береке куттай төгүлүп турат. Ал эми өз чыгармасынан артык жазып салган «Жолборс терисин кийген баатыры» достукту, сүйүүнү жана антка, шертке бек турууну кыргыз тилинин көркөм керемети менен кештелей сүрөттөгөн улуу мурасы эмеспи. Ошондуктан, Алыкул иши дагы илгерилеши табигый нерсе. Бирок ага бирдиктүү, чечкиндүү аракет зарыл.

# КАТТАР СЫРДЫ АЧКАНДА

Партиялык мектепте окуп жүргөн Мундузбек Тентимишев жана Зейнеп Талибованын Ташкенттен 1988–1989-жылдарда жазган каттары:

*Саламатсызбы, Памир аба!*

*Сиздин жазган катты алдым. Ырахмат. Дурус жаңылыктар бар экен. Иштер ийгиликтүү болсо болду. Бизде күн жылуу. Ташкенде өзгөрүү көп, кайра куруу деп эле бака-шака түшүп жатабыз. Республиканын мурдагы жетекчилеринин уу-чуусу басыла элек. Гезиттен окуп жаткандырсыз. Өзбек достор баш көтөрө албай калды. Быякка салыштырмалуу Кыргызстанда тынч турбайбы.*

*Ч.Айтматовдун 60 жылдыгын кеңири белгилеп жатышат. Гезит-журналдары тегиз куттуктоо, макалалар менен чыгууда. Окуу болсо жүрүүдө. Январда сессия. Эми, Памирбек аба, Зейнеп апа менен дагы үйүнөн жолуктум. Үч-төрт сүрөтү бар экен, ошону берди. Алыкул менен түшкөнү жок экен. Өзүнүн жаш кездегиси, кыргыз артисттери менен түшкөнү (Ташкенде окуган) ж.б. 1954-жылы чыккан Алыкулдун «Тандалмалуу ырлар жана поэмалар» деген китебинин сигналдык копиясын сактап жүрүптүр, аны берди. Дагы бир нече китеп бар экен.*

*Жанагы Жамийла Сулайманова деген аял 1966-жылы жана кийин жазган эскерүүлөрүндө бар экен. Өзү айтып берди. Анын фамилиясы мурда Токбаева эле дейт. Колхоз башкармасынын кызы болчу, Алыкулга улуу эжеси кайындап жүргөн, бирок Алыкул албай коюп, Акимжан Токбаевге тийген неме дейт. 1941-жылы анын кабарын угуп, Жамийлага үйлөнгөн жатасыңбы деп Алыкулга кат*

*жазсам, Москвага учуп келген дейт. Айтымда жактырчу эмес дейт. Жамийла Москвада кыргыз студиясын бүтүптүр, Зейнеп апанын курбусу экен. Билбейм, башка айталбады. Бул жөнүндө артист Сыдыкбек Жамановдун байбичесинен суроону (эгер тирүү болсо) көптөн-көп өтүндү. Себеби, ошол киши Алыкул өлөөрдө үйүндө болгон экен.*

*Ал эми Макарды билбейт экен.*

*Алыкулдун эң жакын достору: Сүйүн Керимбаев – мурда комсомолдун секретары, парт. кызматкер. Азыр бар болуу керек, эски адамдар жакшы билет дейт. Байбичесинин аты Нурийла, экөө өтө жакын Алыкулга. Гапар Айтиев (өтүп кетти).*

*Бурулча апа, Мукайдын байбичеси, экөө ажырашканда Зейнептин апасы болуп эмеректерин бөлүшүп келиптир. Жакында ага кат жазды Зейнеп апа. Ошондогу эмеректерден Бурулча апада бар болуу керек дейт (кровать, үстөл, ж.б.) Күлүйпа Кондучалова (Зейнеп апанын жакын курбусу).*

*Азырынча ушулар, Зейнеп апа билген кишилердин тизмесин жазып бермек болду. Шашып сурап калдым. Дагы бир жаңылык: Алыкулдун 1964-жылкы 1-томунда Токмоктогу балдар үйүндө түшкөн сүрөт бар эмеспи. Анда Алыкул барабан кармап турат, ал эми жанындагы сурнай тарткан Зейнеп апанын ата-энеси асырап алган Сапаргалый Базарбаев болуп чыкты. Грунья Савельевнаны жакшы билчү экен, 1979-жылы көзү өтүп кетиптир. 1977-жылы Сапаргалый агасына жолукканын эскермесинде айтыптыр. Баса, азыр Зейнеп апанын кол жазмасын алып иштеп жатабыз. Эртең алып барып көрсөтөм. Бүткөндө сүрөттөрү менен салып жиберем. Карап көрөсүз да. Убагында Кеңеш Жусупов жакшылап изилдегенде көп тирүү кишилерди таап алмак экенбиз.*

*Макалаңызды эстелик болсун деп өзүндө алып калды. Ырахмат айтты.*

*Ушундай азырынча. Убакыт тартыш болуп калды. Саламатта туруңуз.*

*9.XI.88-ж Мундузбек.*

* * *

*Саламатсызбы! Памирбек аба!*

*Сиздин катты алдым. Эске алып кат жазганыңызга чоң рахмат. Салып жиберген макалалар үчүн да ыракмат. Кыргыз тилин сагынып жүргөн кезде кубантып коет экен. Эми ишке өтөйүн.*

*Сиздин өтүнүч боюнча Зейнеп апа менен сүйлөштүм. Толуктап, колдон келишинче бүтүрүп бермей болду. Айрым кошумча толуктоолорду киргизиңиз, өзгөчө Алыкулдун жолдоштору, туугандары, китепканасы, Айдай ж.б. тууралуу кеңири таасирдүү жазсаңыз деп тапшырма бердим эле, азыр иштеп жатат. Бир-эки жумадан кийин өзү телефон чалып, мага кабарламак болду. Колго тийсе которуп салып жиберем.*

*Алыкул жөнүндө кам көрүп, 75 жылдыгына эмитен даярданып жатышыңар жакшы иш экен. Сиздин макаланы окуп, белгисиз маалымат, ойлорго туш болдум. Кызыктуу жазыптырсыз. Эми чыга турган жыйнакка сүрөттөрдү көбүрөөк пайдалансаңыз деген бир тилек бар. Жанагы Елена Дмитриевна Орловская боюнча менде айрым маалыматтар б.а. сүрөттөр бар. Атап айтканда, анын сүрөтү, «Мой дом» деген китепке жазылган автограф (репродукция) ж.б. Аларды 1986-жылы скульптор Мануйлованын үйүнөн таап, китептин өзүн жана Алыкулдун бир нече сүрөтүн «Лен. жаштын»*

*мурдагы редактору Осмоналиевге бергемин. Мануйловада Алыкулдун гипстен жасалган бюсту бар. Анан дагы бир жагдай, К.Кулиевдин жаңы басылган китептеринин биринде Орловская жана Алыкул жөнүндө эскерүү бар деп айтышты эле. Кыскасы ушул сыяктуу ойлор.*

*Эми өзүм жөнүндө. Окуп жатабыз. Жашоо-турмуш ойдогудай. Күн суук тартып калды. Жумасына 2 күн дем алып, дипломдук иш жазуудабыз. Өзбекстандын адабият-маданият ишмерлери менен жолугушуулар болуп турат, катышып жатабыз. Архив, китепканалары өзгөчө бай экен. Убакыт гана жетишпейт. Баса, Ариет карындаштын өтүнүчүн дайындап койдум. Буюрса эртең салып жиберем. Бүгүн кечирээк болуп калды. Фрунзеде А.Осмонов атындагы мектеп ачылганы жакшы болуптур. Эстелик орнотуу жагы колго алынбай келатты эле, оңуна чечилип жатышы дурус экен. Колдон келсе ушундай иштерди уланта бериш керек. Алыкулду изилдөө бузулбай жаткандың. Сөздөн конкреттүү ишке өтүүгө мезгил келди.*

*Эмесе, көрүшкөнчө саламатта туруңуз, Памирбек аба, колдон келишинче аракеттенем.*

*Саламым менен Мундузбек 24.XI.88-ж.*

*Салам кат!*

*Кымбаттуу Памирбек аба, ден соолугуңуз жакшы, иштер ийгиликтүү өтүп жатабы? Сиздин өтүнүч боюнча Зейнеп Талибовага (күйөөсүнүн фамилиясында) жолугуп, анын кол жазмасын даярдап бүттүм. Негизги дегендерин гана котордум. Кээ бир жерлерин кайрадан тактап өзүнө окутуп чыктым. 2-вариант боюнча иштедим. Эгер жөнү болбосо менин баягы макаламды пайдаланбай эле коюңуз.*

*Себеби анда айтылгандардын көп нерселери мында бар. Кол жазмага ошол макалага айрым толуктоолорду киргизип коюуга Зейнеп апа макулдугун берди. Маселен, жоолук, Мидин, конокко баруу ж.б. сыяктуу учкай эскерүүлөр зарылдыгы болсо кана...*

*Сүрөттөрү болсо менде. Азыр Айдайдын сүрөтүн күтүп жатам. Архивинен издөөдө. Табылса репродукция жасаттырсам деген ой бар, себеби оригиналдарын Алыкулдун музейине дедим эле деп кыйылгансып жатат. Дагы бир кызык жагдай, чарчап калган Жыпар менен тең (1942-ж.) балдар үйүнөн багып алган Зарема деген кызы бар экен. Улуту крымдык татар, билбептирбиз. Ажырашкандан кийин асырап алыптыр. Убагында Алыкулдун мүрзөсүнө өз каражатымдан эстелик жасаттырып коеюн, уруксат бериңиз деп К.Бобуловго жазган каттары бар экен, көрсөттү. К.Бобулов кагып койгон экен.*

*Академиянын экономика институтунда Сүйүнбике Камчыбекова деген аял иштөөчү, ушул киши көп нерсени айтып берер эле, азыр пенсияда болсо керек дейт.*

*Кыскасы, айта берсе сөз көп. Бүгүн ал кишинин кол жазмасын жөнөтүп жатам. Карап көрүңүз. Эгер машинкалатып калсаңыз бир нускасын берсеңиз, себеби тактоочу нерселер чыга берет экен. Бул кол жазмага кирбей калган айрым нерселерди гезитке «ЛЖ»га жазсамбы деген ой бар. Кереги тиер. Болуптур эмесе, саламатта болуңуз,*

*Мундузбек 19.XII.88-ж.*

*Салам кат!*

*Жаңы жылыңыз менен Памирбек аба, жаңы жылда чың ден соолукта болуп иштериңиздин ийгиликтүү өтүшүнө тилектешмин. Сиздин катты алдым. Кыргызстанда көп жаңылык бар турбайбы. Өз жериңден келген кабарга сүйүнүп калат экенсиң. Бизде болсо кыш жаңы келди. Ташкенге кар жаады. Окууларыбыз өз ирети менен жүрүп, күндөр бат өтүп жатат. Сессия, 20-январдан кийин каникулга чыгабыз. Жаңы жылда үйүнө барган балдар «Фрунзе шамы» гезитинин биринчи санын алып келип беришти. Жакшы кеп болуптур. Кызыгып окудук. Эми баягы иштер жөнүндө. Айрым сүрөттөрдү балдар чыгарып келишиптир, сизге салып жиберем. Кичинекей көлөмдө чыгарып коюшуптур. Ушу жакында Зейнеп апага дагы жолугам. Бая күнү барсам, абышкасы катуу ооруп сүйлөшө албадым. Баса, абышкасы тууралуу бир-эки ооз сөз. Ал киши 70тен ашкан, республиканын белгилүү котормочусу. Өзбек ССР маданиятына эмгек сиңирген кызматкер. Шарип Талибович Талибов Маркстын «Капиталын», Горький, Чернышевский сыяктуу толгон токой жазуучуларды өзбекчеге которуптур. Адамгерчилиги мыкты. Үч баласы бар, Зейнеп ападан. Багып алган Зарема деген татар кызы 1942-жылы туулган, Алыкулдун Жыпары менен тең. Сиздин макалаларыңыз жакшы таасир калтырды. Чоң мээнет кылыпсыз. Жанагы макалада айтылган Керимбаев Сүйүн Алыкулдун ишенген досу, комсомолдо, партияда иштеген киши, азыр тирүү, Фрунзеде же Сокулук тарапта жашайт болуш керек дейт Зейнеп апа. Көп жылуу сөздөрдү айтты. Ал эми Нурия же Нурила (так эмес) Сүйүн Керимбаевдин аялы экен. К.Кондучалова билет экен. Сабира Күмүшалиеваны сурасам, Алыкулдун*

*котормосундагы «Он экинчи түндө» үй кызматчысынын ролун ойногон, М.Рыскулов Сертобейди аткарган дейт. Зейнеп апанын ушул пьеса жөнүндө рецензиясы 1942-ж. «Сов.Киргизияга» басылыптыр. (Өзүнүн айтуусунда). Агасы (бир тууган) Керим Сооронбаев педтехникумда мугалим, партиялык кызматкер, министр болгон киши. Аялы орус кызы – Нина. Азыр жок. Ал эми апасы асырап алган агасы Сапаргалый Базарбаев (сүрөтүн салдым) Алыкул менен детдомдо чогуу тарбияланган. Алыкул барабанчы, Сапаргалый сурнайын тартып жүрүптүр. Китептеги сүрөтү менен салыштырсам дал чыкты. Нарында эт комбинатында ветврач болуп жүрүп пенсияга чыгып, каза болуптур.*

*Кайыңдыда атайын банк эсеби ачылганын Зейнеп апага айтам. Ал киши Алыкулдун мүрзөсүнө жаңы эстелик койдуруп, эки бөлмө музейди өз каражаты менен жасалгалап берүү сунушун К.Бобуловго жазган экен. Неси болсо да үй адресин толугу менен жазайын кат менен такташып көрүңүз. Каршы болбойт. 700084 Ташкент, 2-проезд, Насырова-59. Зейнеп апа Талибовага тел. 35-42-11 (Балдары алса, көп жактырбайт). Эске алчу нерсе Зейнеп апа орус мүнөзүрөөк киши, өзбектин салтына кирип кеткен.*

*P.S. Зейнеп апаны бир жактуу күнөөлөп жатышат дегенинен улам «Ленинчил жашка» арнап жазган макаламды сүрөттөрү менен салдым. Окуп чыгып, уу-чуусуз болчудай болсо редакцияга берип койсоңуз.*

*Саламатта болуңуз, Мундузбек 5.01.89-ж.*

*Саламатсызбы Памирбек аба!*

*Сиздин жазган каттарыңызды каникулдан кийин келип алдым. Каникулда Фрунзеге токтоого убакыт жетишпей айылда эс алып келдим. Эми апрелдин ортосуна чейин окуу, анан практика башталат. «Сов. Кыргызстанга» барабыз.*

*Салып жиберген газеталарды окуп чыктым. Жакшы чыгарыпсыз. Зейнеп апага айтсам, жетине албады. Сиздин катты, китептерди алганын сөз кылды. Макаланын гонорарын Алыкулдун тобуна которууну мурда эле айткан эле, жазып ийем деп унутуп калыпмын. Азыр ал сизге жооп жазып койдум, жөнөткөн жатам дейт. Бизде күн өзгөчө суук.Ташкенде мындай кыш сейрек болот дешет. Көчөгө чыккандан корунуп отурабыз. Памирбек аба, баягы сизге жиберген макаланы «ЛЖ»га бербей эле коюңуз. Кайталанган нерселери көп болуп калыптыр. Андан көрөкчө менде Айдай менен Зейнептин педтехникумда чогуу түшкөн сүрөтү бар, ошону салып жиберейин, музейге коюп коюңуз.*

*Саламатта болуңуз, Мундузбек 18.02.89-ж.*

*Саламатсызбы Памирбек Казыбаевич!*

*Менин жазган каттарымды алдыңызбы? Мистегүл келин жана жээндер аман эсенби? Өзүңүздүн иштериңиз ийгиликтүү жүрүп жатабы? Биз, бала-бакыра менен эсен-сообуз. Ташкент жылуу.*

*Сизге бир өтүнүч, эгер мүмкүн болсо менин атыман Фрунзенин банковский счетуна, Алыкулга жазылган статьялардын гонорарын салдырсаңыз, мен сизге чоң ыраазы болор элем.*

*Мени сурагандарга салам айтып коюңуз, балдардын, Мистегүлдүн беттеринен өөп коюңуз.*

*Деп жазуучу Зейнеп эжеңиз.*

* * *

*Урматтуу Памирбек менен Мистегүл келин жана жээндерибиз чогуу эсенчиликте турасыздарбы?*

*Жиберген белектериңиз менен «ЛЖ» газетасын алып, биз чоң кубанычтабыз. Мен үчүн бул күтүлбөгөн окуя чоң таасир этип, бир топко дейре өзүмө келе албай жүрдүм. Сизге, Мундузбекке Чоң Рахмат!*

*Эми калган сөз, суроолоруңузга:*

*1. Макар деген Алыкулдун жан-жолдошу Сүйүнтбек Керимбаев болуу керек. Ал Ленинградда окуп жүргөн кезинде экөө кат жазышып турганын мага айтканы эсимде калыптыр.*

*2. Рецензияларым – «Король Лир», «Бедность не порок» жөн эле бир сообщения катарында берилсе керек, калган «12-түн» Шекспир, Евгений Онегин, Чайковский, «Чолпон», Раухвергерге жазылгандарды рецензия деп атаса болот.*

*3. Дагы бир көңүлүмдөгү кошумчага абдан керектүүсү: Бизге коңшу болуп турушкан Касымалы Баялиновдор.*

*Алыкул а киши жөнүндө сөз баштаса бүтүн өзгөрүп, жүзүнө чоң мээримдик, орустар айткандай «большая симпатия» раазылык пайда болор эле. А кишинин балалык мүнөзүн, жүрөгүнүн тазалыгын, шашкалаңдыктарын кээде Түгөлбай экөө тамашалашып жыргап калышар эле. Менин кыргызча окуган китебим «Ажар».*

*4. Алыкулдун сигналдык экземплярын Мундузбекке менин көзүм өтүп кетсе сакталып калсын деп тартуу*

*катары бердим. Аны менин Керим байкем басмадан чыккан жылы колума карматты эле.*

*5. Эми акыркы суроолоруңузга мен жакшы түшүнө албадым. Биз Малеевкада акыркы жолу 1941-жылы май айынын баш ченинде же кийинчерээк жолугушкан элек. Август айында тоюбуз өттү.*

*6. Сиздин акыркы суроолоруңузга кандайча жооп беришимди билбей турам. Мен бирөөгө жардам сурап кайрылмак турсун баш көтөрүп салам бериштен коркчумун, мени көргөндө тескери карап кеткен кишилер көп болгон.*

*Эженин айтканын ырастаган бир эскерүүдөн:*

*– Раматылык Алыкулдун үйлөнүп, турмуш куруусу өз ойлогонундай болбой калганы, ошондон улам анын жүрөгү сыздап, бушайман болгонуна менин да ичим абдан ооруган эле. Алыкул менин парталаш бир жолдошумдун карындашына, бойго жеткен, өзүнө теңтуш кызга, сүйүп жүрүп үйлөнгөн. Замандаштары, калемдештери баарыбыз жаш жубайларды чын жүрөктөн куттуктап, эки жаштын түбөлүк кол кармашып, бала-чакалуу болуп, өмүр сүрүүлөрүн каалап, ак тилегибизди билдиргенбиз. Бирок, аз эле убакыттан кийин, Алыкулдун жубайы арам ойлуу бирөөлөрдүн азгырыгына кирип, ажырашып кеткенин уктум...*

*Бир жылы, «Кой-Сары» санаториясында эс алып жүрсөк, Ташкенден келген бирөө, кызыл шайы кийген, багалеги сайма дамбалчан, башында сайма топусу бар, сары чачын аркасына булайтып, эки өргөн жаш аялды ээрчитип, санаториянын аллейинен көрүндү. Жакындап келгенде жолдошум экөөбүз орто жаштагы ташкендик киши ээрчитип келаткан, кызыл шайы көйнөкчөн жаш аял Алыкулдун мурунку, ажырашып кеткен аялы экенин тааный койдук. Аял да бизди таанып, жер карады.*

*Жанымдагы жолдошум андан өтө бергенде ызырынган добуш менен: «Алыкулдун арбагы урсун сени, бетпак!..» деп, сөгүнсө болобу.*

*Эсил Алыкул ошондон кийин түк үйлөнбөй, бир да перзент көрбөй жүрүп оорулуу болуп, отуз беш гана жашында дүйнөдөн кайтканы менен түбөлүк тирүү! – деп эскерген эле.*

*Кыргыз ССРинин маданиятына эмгек сиңирген ишмер,*
*замандашы, Саткын Сасыкбаев*

*Баары бир элим, журтум дейт экенсиң, туугандарды подругаларды көргүң келет экен. Көзүмдү жумуп туруп поездге олтуруп, балдарымды жетелеп алып Фрунзеге карай жөнөп калчумун. Эгерде, биздин багыбызга перестройка эпохасы келбегенде, мен ошо бойдон эч кимге муңум, зарымды айта албай жок болуп кетмекмин.*

*Алыкулдун эмгегин калтырбай сыйлап, көтөрүп чыкканыңар үчүн рахмат! Сиздин ыйык иштериңиз үчүн биз жактан кандай жардам керек болсо тартынбай жазып туруңуз. Мистегүл келинди «Кочкорлук» дегениңиз мага жакындык, жылуулук сезимди ойготту. Балдардын жана өзүнүн бетинен өөп коюңуз Сиздерге бакыт-таалай, ден соолук тилей жазуучу эжеңер – Зейнеп.*

*Биздин адрес: Ташкент 84, 2-й проезд, Насырова, дом № 59 т. 354211*

***P.S.** Сизге «Капиталды» жиберейин десем эң эле чоң, оор экен, Мундузбектен берип жиберермин, ордуна Тагордун «Гоур Махонум» китебин жибердим.*

*Саламатсызбы Памирбек!*

*Мистегүл жана менин жээндерим жакшы жатышабы? Жиберген гезитиңиздеги макаланы окуп эсим ооп калыптыр. Сиздей жаштарга рахмат. Силер болбосоңор бул жазуулар дүнүйө жүзүн көрөр беле! Мен үчүн мунун баары түшкө окшойт. Мидинге рахмат. (Мидин Алиев – П.К.) Эч качан эстен чыкпайт. Силерге ден соолук, бакыт тилеп эжеңер Зейнеп.*

*Жезде карылык, оор иштердин таасирин жеңейин деп убара болуп жатат. Эки айдан бери стационарда. Медицинанын күчү, жезденин волясына ишенип биз баарыбыз үмүттөбүз, ооруну жеңип чыгышына.*

*Менде Алыкулдан эч кандай эстелик калбаган. Сүрөткө түшкөн эмеспиз. Эгер эсинде болсо жеңем билет. Апам экөө барып менин буюмдарымды көчүрүп (Бурулча Элебаева – П.К,) келишкен. Жеңемдин эсинде калды бекен, сурап көрүңүз. Алыкул үйдө жок болучу, Ысык-Көлдө дем алып жаткан убакыт эле.*

* * *

*Памирбек, Мистегүл жана жээндерибиз саламатсыңарбы?*

*Биз жак эсен соолуктабыз. Бирок, быйылкы жаз суук келди, эки газетаңызды, катыңызды алдым. Эстеп турганыңыз үчүн рахмат! Алыкулдун сүрөтүн көргөн эмесмин, менимче, көйнөгү косоворотка пиджагы менен шапкеси өзүнүкүнө окшобойт, размери чоңурак. 15–16 жашары болсо керек. Күлүйпа экөөбүз 1945–46-жылдары Москвада бир топ бирге болдук. Ошондо достошконубузду Фрунзеге келгенде да улантып жүрдүк. А киши мен Ташкенге кетип*

*калганымда шаарда жок эле. Мен болсом жибербейт элем деп жүрчү. Сиз мен үчүн көп убара болуп жатасыз. Сизди Алыкулдун руху колдосун, жолуңуз ачык, үйүңөрдөн бакыт арыбасын!*

*Мистегүлдүн, балдардын беттеринен өөп коюңуз! Бурулча жеңемдин сөздөрүнө капа болбоңуз, картайып оору басканда жалгызчылык а кишини кыйнап койгонго окшойт. Бизди бир тууганындай көрчү. Эгер көрүп калсаңыз салам айтып, мен үчүн беттеринен өөп коюңуз! Насип этсе быйыл көрүшүп каларбыз.*

*Айдай менен түшкөн сүрөтүмдү үйдө издей берип, чарчадым. Мундузбек экөөбүз колубузга кармаганыбыз эсимде. Сурап көрүңүзчү, менин эсимде жок, балким ага берип жибергендирмин.*

*Сизге окшогон интеллигенттер талабы менен уюшулуп чыккан Фрунзе «Ак шамыңар» кут болсун! Андагы макалаңызды окуп чыктым. Илгери мен аспирантурада окуган кезимде проф. Бернштейн айткан лекциялар эсиме түштү. Байыркы кыргыздар жөнүндө көп нерселер уккан быз. Жезде статьяңызды окуп чыккандан кийин оюбузду жазып жиберебиз. Бирок биздин ачык айтуубуз кыйын болсо керек.*

*Мен дагы гезитке жазылайын деген оюм бар. Эрежелерин жазып жиберсеңиз, дагы бир колуңуз тийип кат жазып калсаңыз*

*Саламым менен Зейнеп эже.*
*11-Апрель 1989-ж. г.Ташкент.*

*Саламатсызбы Памирбек!*

*Мистегүл жана балдарыңыздар менен эсенчиликте туруп жатасыздарбы? Биз болсок чогуу аман-эсенбиз. Бирок жезденин оорусу катуулап турат. Мен Кыргызстанга баралбайт окшоймун. Бурулча жеңемдин сүйлөгөндөрүн угуп (гезитке чыккан макаланы окуп – П.К.) абдан ыраазы болдум. Жеңем чындыкты жашырбай айта турган кишилерден Салам айтып коюңуз. Келбеди деп капа болбогула насип этсе барып калармын.*

*Мистегүлдүн, балдардын беттеринен өөп коюңуз!*

*Силердин эсендигиңерди тилеп жазуучу Зейнеп эжеңер*

*27.VIII.1989-ж.*

* * *

***Мына ушул кат жазышуулар жана алардан улам жарыяланган макала, ой-пикирлер окурман журтка айрым маалыматтарды алууга жардам берер.***

**Алыкулдун биринчи жана акыркы жубайы**
**Зейнеп Сооронбаева**

## ЭЛЕСИ ЭСИМДЕ

Москвадан келген соң 1941-жылдын августунда үйлөнүү тоюбуз болду. Согуш алоолоп турган. Вокзалдан алыс эмес жердеги Түштүк көчөсүндө эки кабаттуу үйдө Түгөлбай Сыдыкбеков, Касымалы Баялинов, Темиркул Үмөталиев, Өмүркул Жакишев менен коңшу жашап турдук.

Чакан, эки бөлмөлүү үйүбүз көз кубандыргыдай ыңгайлуу эле. Өзгөчө, төркү бөлмөбүзгө тагылган ак, үлпүлдөк терезе парда, жашыл түстөгү жарык калкалагыч (абажур), андан төгүлгөн жумшак, көгүш-бозомук нур бөлмө ичине кандайдыр башкача түр берип, сыйкырдуу да көрсөтчү. Ушул бөлмөдө кагаз жыйылган чоң жазуу үстөлү турар эле.

Жаңы үйлөнгөнүбүздө Алыкул ошол үстөлгө сейрек отуруп иштөөчү. Бактыбызга эрээркеген мен: эмне үчүн көп иштебейсиң, эмне үчүн согуш, тыл жөнүндө жазбай калдың деп кез-кез сурап калчумун. Жооп берчү эмес, тек гана сөздү өзгөртүп, аскер комиссариатында болгонун, согуш жайында айтчу да, үн катпай калчу.

«ЖАЗАРЫН ЖАЗАМ, – дечү Алыкул чечилсе, бирок башкалардай жазууну каалабайм. Жазуунун убагы келет...» Жаштык шерти кылып, ой-тилегибизди көп бөлүшүп жүрдүк. Не сонун учкул кыялдарга батчу элек! Кээде, бу курган согуш бүтсө эле Ысык-Көлгө көчүп кетебиз, ошоякта жашайбыз деген бүтүмгө келчүбүз. Көбүнчөсү күн батып бараткан, айлана дымыган күзгү кечтерде...

Дагы бир көңүлдө калганы – «Парпер» деген кооз калем сабын ыйык көрчү. Жанынан түшүрбөй жүргөнүн адеп таанышканыбыздан бери билчүмүн. Түштүк көчөсүндөгү үйдө турганыбызда аны мончодон уурдатып ийди. Костюму менен. Мага телефон чалып, уурдаткан кийимине кайгырбай, ошол «Парперине» катуу кайгырганы эсимде.

Үйүбүзгө мен билгенден, Жоомарт, Отунчу Сарбагышев, Сүйүнтбек Керимбаев, Капар Айтиев көп келишчү. Ыраматылык Жоомарт оюн-чындан күлө сүйлөп, жасаган тамагымды мактап, анан Алыкулду Зейнептей жарыңдын баркын билбейсиң деп жемелегенсип койчу. Кайран киши! Жокем келгенде кабагыбыз ачылып, кубанып калчубуз. Мындай бир окуяны айтайын. Бир күнү Алыкул мага чын сырын айтты. «Согушка албай жатат. Жоомарт, Жусуп, Мукайдан калып жашагым да келбейт», – дейт. Бул үчөөнү мына ушундай жакшы көрө турган.

Ал эми Сүйүнтбек Керимбаев менен Капар Айтиев Алыкулдун мыкты достору болгон. Капардын дайыны мүлдө кыргызга белгилүү, Сүйүнтбек болсо убагында республика комсомолунун Борбордук Комитетинде катчы, кийин жооптуу кызматтарда иштеп келген мыкты жигит эле.

Т. Саманчин, К. Маликов, Т. Үмөталиев, Ө. Жакишев, Т.Сыдыкбеков – Алыкул сыйлап-барктаган замандаш адамдары – Түгөлбайдын жубайы Асылгүл ыраматылык бизге жан-алы калган жок. Экөөбүз сырдаш элек. Ал эми жаңы тирдик немелер уланып кетсе деп пейилдерин кең салган Бурулча (Мукайдын жубайы), Күлүсүн (Жусуптуку), Тенти (Жоомарттыкы), Зуура (Темиркулдуку), Авина (Төлөн Шамшиевдики), Нурийла (Сүйүнтбектики) жеңе-

лердин ниеттери дале болсо көңүлдө. Жакшы нерсени жылдар өчүрө албайт экен!

Үй-бүлөлүк ыйкы-тыйкыбыз качан башталды? Эмне себептен? Азыр ойлосом, ырк келишпөөнүн башталышы 1942-жылдын кышына туура келет экен. Кош бойлуу болуп калган кезим. Мындай учурда аялга өзгөчө камкордук, тынчтык, кечирим талап кылынат эмеспи. Мүнөз өзгөрүп, туталанчаак да болуп кетет. Алыкул негедир муну түшүнбөй, салкын тартып баратасың деп, мени акырындан кызгана да баштабаспы. Мүмкүн, убактылуу ушинтип жатат, түшүнүп калар деп өзүмдү жооткотуп көрдүм.

Сыягы, антүүгө кайсы бир өлчөмдө иштеген ишим «негиз» бердиби? Анда мен искусство иштери боюнча республикалык башкармада театр бөлүмүнүн улук инспектору болуп иштөөчүмүн. Кызматым өзүмө аябай жакчу.

Спектаклди талкуулоодо болобу же драматургдун жаңы кол жазмасын окууда болобу, айткан сын-пикирлериме башкалар кулак салышчу. ГИТИСтин бүтүрүүчүлөрү койгон «Король Лир», «Жардылык кемтик эмес» деген спектаклдерге жана ошол кезде коюлган башка бардык спектаклдерге жазган рецензияларым «Советская Киргизия» жана башка газеталарга үзгүлтүксүз жарыяланып жатты.

Ооба, кантсе да, согуш учурундагы иштерибиз кыйла чымыркануусну, күнү-түнү эмгектенүүнү талап кылган. Биз эки нөөмөт катары менен иштөөчүбүз. Үй тиричилик менен алпурушууга дегеле убакыт калбайт. Бул жагынан Алыкулдун күнөөлөгөнү туура эле. Эртең мененки 9да кетип, кечки 11де кайткан учурларым, а кээде жаңы коюлган спектаклден кийин аны талкуулоо үчүн түнкү 1-2лерге чейин кармалып келген кездерим көп болгон. Ажырашуубуздун себептерин далай ойлонуп, далай баш

катырдым. Албетте, Алыкул аялын аз көрсө, аз сырдашса, кандай кишиге жагат бул иш? Аял деген үйдө болуш керек, үй тиричиликти унутпаш керек турбайбы көрсө. Кап, аттиң ай, дейм ушу азыр, Алыкул бар болгону жарым жыл эле чыдап койгондо, ал иштен өзүм кетпейт белем! Кичинекей эле, сөөмчөлүк эле «дипломатия» жетишпей турду... Чыдашсак, наристебиз төрөлүп, эне катары иштен бошоп, күйөөгө, үй тиричиликке жакшылап көңүл бөлбөйт белем! Ал байкуш мени күчтөп болсо да үйдө отургузгусу келди. А мен, эси жок, үй-бүлөчүлүктө негизгиси – аял мээрими, үй оокаты, ал түзгөн жылуулук экенин көңүлүмө алган эмес экемин.

Өзүмдү кандайдыр ишмер эсептеп, Алыкулдун ар бир айткан жемесин таш ыргытып тосуп алчумун. Мен үчүн негизгиси кызмат дечүмүн.

Элдешчүбүз – кайра урушчубуз; урушчубуз – кайра элдешчүбүз... Кээ бир түндөрү таңды аппак атырып, мамилебизди «аныктоо» менен күн өтүп кетчү. Ичин тарытып, анан кайрадан жумушка кетчүмүн. Кайра баягы...

Чынында эле кызыбыз төрөлгөндөн кийин үй-бүлөбүзгө кандайдыр жылуулук кирди. Алыкул кубанганынан уктабай чыгат. Абалымды, кызымдын абалын сурамжылап, төрөт үйүнө нечен келип, нечен кетет.

Адегенде кызыбызга ысым таппай кыйналдык. Алыкул кызына угумдуу, кооз, ошону менен бирге мааниси жетимдүү кыргыз ысмын койгусу келди. Акыры эң сонун ат тапты – Жыпар! Ооба, чынында Жыпар угумдуу ысым эле.

Бирок, аттиң... кубанчыбыз узакка созулбады. Төрөт үйүнөн суукка урунган байкуш чүрпөбүз бар болгону 15 күн жашады. Карышкан колумда өчүп, солуган гүл сыңары кубарып үзүлгөн. Наристем мени өзү менен кошо

алып кеткендей сезилген. Ансыз да бир үзүм бактыбыз ушинтип чоң кайгы менен аяктады.

Эимде, кызын колуна көтөрүп чыгып, көрүстөнгө жашырып келген соң, Алыкул өзүн жоготуп буркурап ыйлады. *(Шайык Жамансариевдин айтуусунда ал учуп кеткен чүрпөсү, Жыпар кыздын сөөгүн азыркы темиржол вокзалынын жанындагы аккайыңдын түбүнө аярлык менен жашырыптыр – П.К.).* Төрөт үйүн, өз ишине ат үстүнөн караган врачтарды урушуп, сотко берем деп оолукту. Эптеп жатып тынчыттым. Алыкул ошондон кийин узак убакыт иштей албай койду. Бактысыз үйүбүздө тунжураган эки баш. Жок, аңгыча бизди аяп карагандай көңүл жылыткан жаз да кирип келди. Биз бара-бара күнүмдүк турмушка алаксып калдык.

Кызыбыздын чарчап калышы эстен чыга түшкөн ырчырды кайрадан көңүлгө салды. Эми ойлосом, Алыкулдун айрым «достору» ошол жүрүшүмдөн кандайдыр «өөн» табышып, анын шекчил жүрөгүн кыянат ушак-айыңга чулгап коюшкан окшобойбу. Театрга жайдары, ынак-ысык барып, анан эле күтпөгөн жерден Алыкулдун кабагы бүркөлүп, мурчуюп кала турган. Мени менен бир орунда отурууну каалабай, кээде үйдү карай жолдун эки тарабы менен кайтып келчүбүз. «Эмне үчүн мүнөзү терс, кырс, тез өзгөрүлөт – себебин билчү эмесмин. Ким бирөөлөрдүн мен тарапка күлүп койгону ого бетер кабагын түшүрчү. Ошол капасы жазылып кетсе го жакшы, а жазылбаса, жума, ай бою сүйлөшпөй жүрө берчүбүз.

Алыкулдун көздөй туугандары жок болчу. Кызы менен кез-кез каттаган улуу эжеси башынан эле мени жактырчу эмес. Дасторкон жайып жатканда, колум калтырап турар эле. Ал Алыкулга колхоз башкармасынын кызын кайындап коюп, анысы ишке ашпай калганын билчүмүн.

Турмуш көзгө урунбаган майда нерселерден башталып, анан кези келгенде ошол байкала бербеген нерселер чечүүчү, чоң мааниге ээ болуп, натуура умтулсаң тоскоолдук болуп чыга келчү талашсыз чындыктын өзү экен. Бирөөлөр ажырашканыбызга мени күнөөлөшөт, түрдүү айып тагышат, анткени аны калтырып баса берипмин да. Мүмкүн, ошондойдур, мүмкүн чыны менен Алыкулдун көңүл отун табалбаган чыгаармын? Бул тууралуу көп ойлонуп, көп түйшөлдүм, акыры, кандай болсо да, ага кайрыла кетүүнү жөн таптым.

Турмушубуздагы майда ыйкы-тыйкылык бара-бара чоң жаракага айланды. Урушкан күндөрү апамкына кетип кала баштадым. Алыкулду сынап көрөйүн дейм. Жаштыгым да, жаңылыштыгым да ушунда. Алыкул артымдан келчү эмес. Күн сайын урушуп, күн сайын табышкан башкалар сыяктуу ийигип койбогон! Арабыз алыстады...

1943-жылы августта ажырашып кеттик.

Эсимде, ажырашканыбызда анын үйүнөн кечкисин кетип калгам. Апам менен Бурулча жеңем (Мукай Элебаевдин жубайы) барып, буюм-тайымдарымды алып келген. Өткөн өмүрүбүз бир көргөн түш өңдүү сезилип, өз-өзүбүзчө, кайдыгер жашап калдык...

Ажырашкандан кийин жолуккан учурларыбыз болдубу? Болгон. Фрунзеде анда эл аз эле, ары чакан. Бир жолу көчө боюнан, эски өкмөт үйүнүн жанынан Алыкулду көрүп калдым. Байкамаксанга салып, мен жакты караар бекен деп аста көз жиберем. Алыкул карап келатыптыр! Качан токто деп айтар экен, үйгө кетели дээр бекен? Өзүм токтоого сокур намысым жол бербейт. Жок, антпеди. Үйгө кирсем, бир топтон кийин телефон шыңгырайт, «Өз жолум менен келатсам, мени карады деп ойлобо,

сени караганым жок» деп Алыкул трубканы шак коюп койду. Деңдароо боло түштүм.

Кызык, эмнеге ушул окуяны таптакыр унута албайм.

Ошондон көп өтпөй Москвага барып, ГИТИСтин аспирантурасында окуп калдым.

Алыкулду акыркы жолу 1946-жылы Фрунзеде көрдүм. Илимдер академиясына кирип баратсам, андан чыгып келатыптыр. Көз карашыбыз чагыла түшүп, Алыкул ордунда катып калды. Эмне деп айтарымды билбей мен дагы четке чыга бердим.

Экөөбүз мүнөз, көз караш жагынан бөлөк адамдар болуп чыктык. Муну ал да, мен да түшүндүм. Ошол түшүнгөнү үчүн ал арага киши түшүрүп, элдешүүнү каалабады. Өз тагдырыбызды өзүбүз чечебиз дедик. Сууган ниет-көңүлдү агасындай кайрылган ыраматылык Жоомарт да, өз агам Керим да жакындата албады. Экөөнө тең Алыкул «болбойт» деп кол шилтеп коюптур.

Төрт жыл бой жүрдүм, 1947-жылы жаңы тагдыр таптым. Ошондон бери Ташкендемин.

Акындын өлүмүнөн кийин мага тагылган айыптоолордун жөндүүсү да, жөнсүзү да бар. Бирок, көрүп-билгендей «чотко салганда» кээде жаның күйүп кетет экен.

Эки жылдык өмүрүбүздө Алыкул Шекспирдин «Он экинчи түнүн» которду, классикага айланган айтылуу ырларын кийин-кийин, ажырашкандан кийин жазды. Алыкул мага ыр жыйнактарын көрсөткөндөн тартынчу. Анын жалгыз мактанычы, сыйынычы эле анда «Жолборс терисин кийген баатыр» болучу. Көрсө, асыл жүрөктүү акын өзүн-өзү табалбай, чыгармачылыктын азап-тозогунда күйүп жүргөн турбайбы. Алыкулдун түнт, ойчул мүнөзүндө өз сөзүн айта элек чоң акындын кумары, убадасы жатканын кийинчерээк түшүндүм.

*1966–1988-жылдар.*

**Бурулча Элебаева:**

## ОЙЛОП-ОЙЛОП ӨКҮНӨМ…

*Мындан дээрлик жыйырма жыл мурда (1969-ж.) атактуу жазуучунун үйүнө барып, астанасын аяр аттап киргеним эсимден кетпейт. Фрунзе атындагы заводдо иштеген Акынбек классташым экөөбүз кийин ал жакка көп барып, Бурулча эженин (Сокулуктагы биздин айыл Асылбаштын кызы) чайын далай ичтик.*

Ошондо, Жусуп, Жоомарт, Мукай жөнүндө гана жонунан сүйлөшкөнүбүз болбосо, Алыкул тууралуу сөз кылганыбыз эсимде жок. Кийин, акындын өмүр баяны менен чыгармачылыгына кызыгып изилдей баштаганда, Бурулча эжеге кайра барсам, карсылдай күлүп минтпедиби: – Ээ, айланайын, Памирбек! Баягы жылдарда, менин эс-акылым толук кезде эмне сурап алган жок элең. Эми, минтип сексенден өтүп, эртең мененкини азыр, азыркыны анан унутуп турган чагымда жыргатып деле эчтеке айтпайм го… Бирок, мынча келип калыпсың, анын үстүнө Зейнептин гезитке жазган эскерүүсүн балдарга окуттуруп алганым, анан калса дагы бир жерде аны билгендер ал жөнүндө сөз кылганыбыз көп нерсени эске салгансыды. Ошолордон калганын айтайын. Анын үстүнө көбүрөөк аралашып калган жагдайым бар. Эми, калыс сөз айтып, Алыкул өмүрүн тактаганга сага жардам берүүмө Кудай өзү кубат берсин… – деп жана Асылбаш айылы, Акынбек тууралуу да учкай кеп кыла сөз тизгинин төмөнкүчө таштады.

– Эми колдон келишинче эске түшкөндөрүн айтып берейин. Негизгиси Зейнеп туура айтып, калыс жазганына

ыраазымын. Минтип сексенден ашып сепейген кемпир болгон чагымда эсте болгондорун деле жарытып айтып бере албасмын. Бирок канткен күндө да Алыкул менен Зейнеп жөнүндө туура баян куруу карылык парзым... Кийинки муундарга уютку болорлук бирдеме айта алсам, талаш-тартышка үнүмдү кошуп, кандайдыр бир тактоого көмөктөшсөм деген гана ниетим бар...

Өзүңөр билгендей Мукай кичинесинен жетимдиктин запкысын көрүп, зарыгып бой тарткандыгынан үйгө жетим балдарды көп алып келер эле. 1931-жылы болсо керек, демейдегисиндей дагы эки баланы ээрчитип келди.

– Булар кимдер? – деген суроомо унчукпай, «тамак алып кел» дегендей ишарат жасап койду. Келгендердин бири Алыкул экен. Сүйлөшкөнгө эби жок, тогологунан келген комсоо бала дале күнү бүгүнкүдөй көз алдымда.

Алар кеткенде «Бул балдарың деле киши менен сүйлөшкөнгө, алик алышканга жарабай турган немелер го» десем, Мукай куудулдана-чыкыйын сөөмөй менен көрсөтө «Ушул балада бир нерсе бар экенин туюп турам. Анын комсоолугуна көңүл бурба. Чиркин турмуш кимди гана мүңкүрөтпөйт. Бирок ага чыдаган киши жеңет» деп күлүп койду. Көрсө, байкуш бала кичинесинен жетим калып, тартынчаак өскөн тура.

Ошондон, мамилелеш болуп калдык. Ырас эле, Мукай байкагандай комсоо, кысынчаак бала Алыкулдун алгачкы талант учкундары улам сезиле баштады.

Даам сызышып, кол бала сымал болуп калган Алыкулдун мүнөзүн улам түшүнө бергендей болдум. Ал дайыма сөзгө сараң, ойчул, түнт. Ушундан улам Алыкул менен сүйлөшүп жүргөн чагында Зейнепке минтип айтканым бар: «Экөөң жуп болуп, жашап кетериңерге анчалык ишенбейм».

Зейнеп жаштыгынанбы, же табиятынан шайыр, мүнөзү ачыктыгынанбы, бул кепти жигитине айтып коюптур. «Бурулча жеңемдин бул эмнеси?» деп, Алыкул таарынычын Мукай менен Түгөлбайга билдирген экен. «Туура айтсам тууганыма жакпайм» дегендей, анын эмнесин айттың эле, экөөнүн ымаласын муздатып, деп Мукай мени зекиди.

Зейнептин энеси Зуура апанын «ушул кенже эрке кызымдын ким менен сөз бекитишип, кандай немеге сүйлөшүп жүргөнүнө көз салчы» дегенинен уламбы, экөөнүн мамилесине ого бетер кызыга тик багып калдым. Эки жаштын бактылуу болуп, ынтымак-ырашкерликте жашоосун каалабаган адам бар дейсиңби. Бирок, мен өзүмдү канчалык калчабайын, сооротпоюн, баары бир ички түпөйүлдөн, бушаймандануудан кутула албадым. Анткени, экөөнүн сырткы турпаттары, кулк-мүнөздөрү да коошпой турчу. Бирөө өзүнчө сырдуу аалам, ичинде бычылбаган кундузу бар өңдөнгөн сандык сымал, экинчиси ачык мүнөз, шайыр, жайдары жүргөн жан эле.

Балким, Алыкулга окшогон залкар таланттардын жөнөкөй адамдардын аң-сезимине билинбес да, сезилбес да купуя сыры бардыгынан ушундай таасир калгандыр. Зейнепке жеңелик көөнүмдөн жан тарткан мен эмес, чыгармачылык менен алышып жүргөн айрымдар деле Алыкулдун ойлуу ыр саптарына түшүнбөй, терс мамиле жасап, аны ого бетер жалгызсыратканын кандайча түшүндүрүүгө болот?

Кыргыз кыздарынын алгачкыларынан болуп театралдык искусство жаатында Москвадан билим алган, зирек кыз Зейнептин тагдыры эмнеге туш келерин анда ким билди дейсиң. Бирок канткен күндө да ушул экөөнүн түтүн булатып кетерине анчалык ишенбеген баягы

санаамдан арылбадым. Ушул ойлорум ордунан чыкпай эле калса экен деп, өзүмдү жемелеген учурларым азыр да жадымда.

Ошентип, Алыкул менен Зейнептин кыз-жигиттик мезгили бүтүп, үй-бүлөлүк ооматтары башталды. Ооба, бардык нерсе адегенде таттуу болору бышык эмеспи. Бирок акын өзү жазгандай «көңүлдөр калышып, өз ара мамиле тез муздап» кетти го чиркиндики десе... Мурдагы ачык мүнөз, шайдоот Зейнеп негедир өңүнөн өчүп кеткенсиди. Муну деле түшүнүүгө болот. Бирөөнүн көкүрөк күчүгү, эркеси, эми минтип казан-аякка аралашып, анысын ишке тогоштуруп жаны тынбай калбадыбы. Анын үстүнө ошол кыйын кезеңдин капшабына карабай театрда иштегендер өтө жигердүү эмгектенишчү. Ушундай күжүлдөгөн күндөрдө Зейнеп эки тизгинди бир кармай албай, жалаң өз ишине ыклас коюп, үй-бүлөлүк мамиленин майда-баратына анчалык маани бербей калышы да ыктымал.

Турмуштун запкысын тарткан Алыкул деле жаш жубайын жанынан карыш жылдыргысы келбей, бөтөн көздөрдөн коруп, ыйык тутарын ачык айталбай, сездире албай бушайман болгондуктан, түнөргөн жаны ого бетер бүркөлүп, сыпаа мүнөзү кырстыкка, опсуз ичи тардыкка айланып кеткенин туйбагандыр. Минтип, а деп, бу дегенибиз менен экөөнүн тагдыры өз колдорунда эле. Ошондуктан, ашыкча пайгамбарчылыктан пайда кимге дейм да? Муну айткан себебим, Алыкул жөнүндө жазгандар, эскергендер көбүнчө бир жактуу сөз айтышат. «Аялы таштап кеткен, чанып кеткен, жөн кетпей шыпыргысына чейин ала кеткен» же «баламды эмизсем келбетим бузулат» деген кептер убайымга салат.

Ошентип, турмуштун толкунунда экөө чамындыдай бөлүнүп калышты. Мунун себеби эмнеде дегенге айтар

жообум, божомол, далилим бул. Алыкулдун бир мүнөздүгү, оңой менен адамга ачылып сүйлөбөгөнү, мамилесинин ыксыз тоңдугу бар эле. Бирок мунун баарын бөтөн кишиге жасаса да аймончоктой, билимдүү жары Зейнепке көрсөтпөсө болбойт беле. Учурунда ушул кепти неге айтпадыңар дегени турганыңды сезип турам. Зейнептин энеси Зуура апага кошулуп, бир чети көңүл жубата, экинчи жагы сес көрсөтө далай ирет кеңеш курганбыз Зейнептин өзүнө. Алыкулга да агасындай болгон Жоомарт тарабынан бир топ эле сөз айтылган.

Бирок театр ишинин өзгөчөлүгүнө жараша Зейнеп эрте кетип, кеч келишинен ар кандай сөздөрдү чыгарышкан көрө албастардын айыңы Алыкулдун ички дүйнөсүнө бүлүк салып, негизсиз кызганычты түптөгөнү баарын жокко чыгарды. «Багы жокко дагы жок» дегендей, же Алыкулдун өз сөзү менен алганда «таш идишке куюлгандай бактысына» кызы Жыпардын чарчап калышы үй-бүлө үрөйүн биротоло учуруп таштады.

Ушул жашка келгенимче экөөнүн таалайсыз тагдыры зээнимди кейитет. Анткени, бир үй-бүлө катары очоктору өчтү. Ошондон кийин Алыкулдун дарты ого бетер өтүшүп, жалгыз бой жүрүп, акыры отуз бешинде жайрады... Зейнеп болсо өз жерине бата албай, башка жакка турмуш куруп кетти. Ошентип, кыргыз поэзиясы Алыкул акынга ээ болгону менен кыргыз өнөр таануу илими Зейнептей адисинен ажырады. Аттиң десеңчи, экөө бирдей кыргыз маданиятынын кош жылдызы катары жанып турганда дагы сонун омоктуу чыгармалар жазылып, изилдөөлөр ишке ашпайт беле да кийинкилерге чыгармачылык көмөк, жөлөк болбойт беле!

*Басууга даярдаган П.Казыбаев*

*(«Ленинчил Жаш» 6-июль, 1989-жыл)*

# АЛЫКУЛ, ЗЕЙНЕП БАЯНЫ

АРДАКТУУ Зейнеп эже! «Ленинчил жаш» газетасынын 1989-жылдын 26-январындагы санында Сиздин «Элеси турат эсимде» аттуу мааниси повесттей, көлөмү Мидиндин «Ачылбаган катынан» аз эле кем ретроспективдүү публицистикаңыз жарыяланганда Сизге журналисттер «апа» деп кайрылышты... Ал деле туура, анткени, газета жаштардыкы, редакциянын кызматчылары деле жаштар эмеспи. Илгери, өзүңүз күбө болгондой, «Ленинчил жаштын» редактору Жоомарт Бөкөнбаев болсо, азыр анын ордун баскан – акын Акбар Рыскулов. Өткөндүн баары эле жаман эмес тура. Алардын арасында далай жаркын элестер жылдыздай жарыгын чачып кала берет экен...

Асангалый Керимбаевдин Алыкулдун «Сулууга» (Сизге!) арнаган ырына чыгарган обонун уккандырсыз, эже? Ошондо Тенти эже эмнегедир тунжурай тартып, суз боло түштү... Сиздин «Эсимдеңизди» окугандан бери бир ойго келемин: «Тенти эже ошол обонду угуп, Алыкул менен Сиздин аз жашаган күндөрүңүздү, кыял-жоругуңузду эске түшүрүп, тунжурай түшкөнбү? Сиз жазгандай: «Жоомарт менен Тенти аябай сиздерге тилектеш болушкан» тура?..

«Сен жакшы элең, мен сүйө элек чагымда» – ушул саптарды Асангалый көкүрөгүнүн көөдөнү менен ырдайт. Тим эле каңырыкты түтөтөт, маңдайына чыбырчыктаган терин сүртүүгө аргасы келбейт... Зейнеп эже! Сиздин «Эсимдеңиз» болбосо бул кат жазылбайт эле. Балким Сиздин бугуңузду бул кат бир аз ачаар? «Сулуугасы» менен Сизди бийик көтөргөн Алыкулга, ага укмуш куп келишкен «жандуу» обон чыгарган Асангалыйга журт

ыраазы. Баарыңар (Алыкул, Сиз, Жоомарт, Тенти) тарыхта калдыңыздар! Ушуну сезүү чоң бакты эмей эмне! Күүлүү-демдүү, сак-саламат жашай бериңиз! Калемиңиз мокобосун! Ушул «Эсимдеңиз» мага бир чоң романдын конспектисиндей сезилет. «1966–1988-жылдардын ичинде жазылган очеркте не окуялардын, не мүнөздөрдүн, өзгөчө «бир сырдуу, миң кырлуу» Алыкулдун кылык-жоруктарынын элеси билинип турбайбы! Изилдеген көп, «ийине» чейин билген аз, «Сиз ийинди» да, Алыкулдун эч ким билбеген ички дүйнөсүн, кумарын да билесиз. Элге Алыкул алигиче кээде түшүнүксүз, карама-каршылуу, анын асылдыгы да каталары да, же болбосо анын эрдигинин мааниси (маселен, менин версиям боюнча кохтун таякчасынан Сизди аяп, атайын ажырашканы?) да эч кимге толук маалым эмес. Сиз «ачылсаңыз», эстесеңиз көзүңүздүн тирүүсүндө чоң эмгек кылган болосуз. Тилиңиз – адабият тили, кооз экен. (Жазган М.Тентимишев – П.К.).

Эже! «Эсимдеңизде» дагы бир сонун, көзү өтүп кеткен эжени эскериптирсиз: «Түгөлбайдын жубайы Асылгүл ыраматылык бизге жан-алы калган жок... Жакшы нерсени жылдар өчүрө албайт экен».

Ак сүйлөө доору келгенде жаш чактагы каталардын кээ бирөөлөрүн мойнуңузга алганыңыз Сизди жогору көтөрөт, жеңилдетет. «Ал байкуш мени күчтөп болсо да үйгө отургузгусу келди. А мен, эси жок, үй-бүлөчүлүктө негизгиси – аял мээрими, үй оокаты, ал түзгөн жылуулук экенин көңүлүмө алган эмес экенмин» деп мойнуңузга аласыз. Мындай ак сүйлөп отурушуңуз жамы журтка жагат, эл Сизди түшүнөт. Анысы аз келгенсип, чындыктын чок ортосун айтып салдыңыз: «Арзуусуна» ошондой арзуу менен жооп бере албай, алдап, жубатып

өмүр сүргөндөн көрө кетип калганымды бир четтен туура таптым. Албетте, ага кыйын – жан алгандай болду, бирок жалган сезим менен сүйөм деп убада берүү менин мүнөзүмдө жок эле... Экөөбүз мүнөз, көз караш жагынан бөлөк адамдар болуп чыктык. Муну ал да, мен да түшүндүк. Ошол түшүнгөнү үчүн ал арага киши түшүрүп, элдешүүнү каалабады.... Ыраматылык Жоомарт да, өз агам Керим да жакындата албады. Экөөнө тең Алыкул «болбойт» деп кол шилтеп коюптур».

Мындай ак сүйлөөгө не жетсин! Бирок, Эже, Сиздин оюңузга кирбеген бир нерсе, мен жогоруда айтып кеткен – аео. Акылы сергек акын аз өмүрү калганын сезди. Сизди дартка чалдыга элегиңизде аман-эсен «аттантып» жиберүү үчүн гумандуулуктун чоң чокусундай иш кылды. «Ажыраштым сүйгөнүмдөн, ал аман-соо кезинде» деген ою ырынан эле билинип турбайбы:

«Кош жан эркем, «Кош» дедиң деп таарынба,
Мени эстебе, мени күтпө сагынба!
Жаш кезектей ынак сүйүү жок экен,
Отуз жаштын улам аркы жагында».

«Жаш кезектей» дегени – «ден соо кездегидей» деп айтканы эмеспи?

Ден соо кездегидей ынак сүйүү чынында болбойт го, чиркин! Ал эми отуздан арылаган сайын оорукчал адамда кайдагы «ынак сүйүү?» Өзү корунганы аз келгенсип, алган жарынын ар кыймылын тиктеп аңдып, арамзалыкка да өтөт… Оорулуу кишиде кызгануу, коркуу, аңдуу, арамзалануу бат-бат байкалат. Акын да мындай абалда болбоппу? Сиздин жазганыңызга караганда («Элдешчүбүз, кайра урушчубуз, урушчубуз, кайра элдешчүбүз... Ичин

тарытып, анан кайрадан жумушка кетчүмүн. Кайра баягы...») ошол кырдаалда дегеле Сизден «бошонуу» жеңилдей сезилди, анткени жок дегенде Сиз дарттан оолак болмок болдуңуз. Ажыраса да, сүйгөнүнөн айрылса да анын аман-эсен оолак жүрүшү Алыкулдун гуманизмине куп келишип калды. Ошон үчүн Жоомарттай «биринчи адам», Керимдей карачечекей агайыңыз ортого түшүшсө да сыртынан «колун шилтеп», калыстардын кебине муюбай койгонуна ичинен өзүн-өзү мактагандыр...

«Сулууга» – философиялык ыр. Акылы толуп, курагы элүүлөргө барганда «мени түшүнөөр» деп жазган сымал. Алыкул бул ырын дароо эле жазбаптыр. Өзү нечен жыл Сизди түшүндө көрүп (анан калса түштүн физиологиясы, чиркин, так баштан өткөргөндүн баарын кадимкидей өз боёктору менен көрсөтөт эмеспи!), Сиз менен сүйлөшүп, ойлорунун философиялык маңызын ырга айланткан бейм? Сиз деле жазыпсыз («Ташкентке келгени төрт жыл Алыкул түшүмөн кетпеди. Ойлоп жүргөн турбайбы деп койчумун.»)

«Сүйүү деген – сүйүү эмес бетиңден,
Сүйүү деген – сүзүп өтүү деңизден».

Алыкул деңизден «сүзүп өтүүнү» каалап, ичи күйүп өрттөнсө да, Сизден атайын ажырады, Сизди дарттан сактап калды! Фрунзеден кете элегиңизде телефон чалып, көңүлүңүздү атайын калтырганычы! «Өз жолум менен келатсам, мени карады деп ойлобо, сени караганым жок» деп телефон чалганын алигиче унута элек экенсиз.

*Мидин АЛИЕВ, медицина илимдеринин доктору, профессор. («Ленинчил Жаш» 17.10.1989-ж.)*

# СҮРӨТТҮ СҮРҮШТҮРГӨНДӨ

Алыкул Осмоновдун үй-бүлөлүк турмушу жана башкалар тууралуу кошумча маалымат алуу үчүн Зейнеп Сооронбаевага кат жазганда, Зейнеп эже элүү канча жыл мурда түшкөн сүрөттөрүн салып жибериптир. Алардын ичиндеги эң баалуусу да, нарктуусу да Фрунзе педтехникумунда чогуу окушкан бир топ кыздардын сүрөтү эле. 30-жылдардын орто ченинде тартылган сүрөттүн кагазы саргайып, айрым жерлери айрылып кеткени менен жаштыктын, сулуулуктун жана эң негизгиси эми гана калыптана баштаган жаңы турмуштун шарапаты менен жайдары мүнөздө түшкөн кыздардын элестери ошол бойдон күлүмсүрөй сакталган. Алардын бири – Күлүйпа Кондучалова эжеге кайрылдым. Ал сүрөткө телмирип, жаштык курагын кайра бир баштан кечиргендей болду.

– Педтехникумда окуп жүргөндө жазуучулардын китеби же гезитке жарыяланган чыгармалары болсун, колдон-колго өткөрө, талашып окуур элек. А Алыкулдун ырларына негедир көңүл чаппайт. Көрсө биз баягы эле шыдыр уйкаштыкка ыктап, кара жамакты туурап жазгандардын шаңында жүрүппүз. Алыкулдун чыгармаларына кийин түшүндүк. Ооба, курбалдаштарынан сыпаалыгы гана эмес, таза кийинип, тыкан жүргөнү менен айырмаланган Алыкулдун жазгандары да жаңыча экенин кеч түшүндүк. Окууну 1938-жылы аяктаган соң, 29 бүтүрүүчү Нарын тарапка мугалимдикке жөнөтүлдүк, 1937-жылдагы репрессияда мугалимдер бир топ «курмандыкка» чалдыгышкандыктан бизге окшогон жаштардын күчү керек болуп турган кез. Ошентип,

менин мугалимдик кесибим – алгачкы эмгек чыйырым алыскы Куланакта башталган. Ошол алыскы тоолор арасында жүргөндө китеп болуп чыккан. «Жолборс терисин кийген баатырды» шамчырактын жарыгында үч түндө окуп бүткөнбүз. Зейнепти 1943-жылы жазында жолуктурдум, Алыкул экөө үйлөнгөндөн кийин көргөнүм ошол. Үйүнө бардык. Алыкул жок экен. Зейнеп кызынын чарчап калганына зээни кейип: «Эми турмушубуз болбойт го. Кызыбыз аман турганда мындай кезең келмек эмес» – деп кыстала айтты. Мен Москвага окууга кеттим. Алыкул менен ажырашкан Зейнеп да эки жыл ГИТИСтин аспирантурасында окуду. Бирге жүргөн учурларыбыз көп болду. Көңүлүнө кетеби деген ойдо жекече турмушу жөнүндө эч нерсе сурачу эмесмин. Окуусун бүтүп кеткенден көп өтпөй эле Ташкентке, өзүнөн бир топ улуу адамга турмушка чыгып кетти. «Ал жердин түбүнө мен кантип барып турам. Бирдеме деп көндүрүп алып калбайсыңарбы, айланайындар!» – деп энеси кан какшагандан улам айтсам болбоду. «Кишиликтүү экен», – деди да, 1946-жылы Шарип жездебизге баш кошуп кетти. Айдай, Зейнеп, мен жана мобул турган бир топ кыз чогуу окудук деп айтпадымбы. Айдай Айдай дегендей эле мээримдүү сүйлөгөн, мүнөзү туруктуу, кийими да жарашыктуу, ажарлуу кыз эле. Ата-энесинин жалгыз эркеси экендигине карабастан бой көтөргөндү, менменсинүү дегенди деле билчү эмес. Абдыш Самсалиев деген айылдаш жигитке кадимкидей эле сөз байлашып жүрүп баш кошкон. «Бир жактуу жазасыңар» дегеним да ушундан улам. Алыкул менен болгон Айдайдын мамилесин жөн гана пикирлеш, көз караштары бир теңтуш курбулардын мамилеси деп баалагандарга толук кошулам.

Муну ушул сүрөттөгүлөрдүн айрымдары деле ырастап айтарынан шек санабайм. Айдай менен бирге барып, Алыкулдун «Жолборс терисин кийген баатырдан» үзүндү окуп бергенин уккан Уруяпса Сагынбаева пенсияга чыкканча республиканын Чернышевский атындагы китепканасында директор болуп иштеди (2000-жылы 80 жашында дүйнөдөн кайтты – П.К.). Биринчи май көчөсүндөгү жатаканабызга Айдайдын сүйлөшкөн жигити Абдыштын келип жүргөнүн көрчүбүз. Буйрук экен, тагдыр экен, бир жылдан соң Айдайдын төрөттөн кийин каза болгонун укканда, чок баскандай эле секирдим. Демек, жазгандар, өзгөчө Алыкул сыяктуу тарыхый адамдар жөнүндө жазуучулар эки жагын бирдей иликтеп, таразалап жазышса демекмин. Болбосо, көркөмдүк жагы утканы менен, айрым фактылардын көмүскөдө калышы кандай гана чыгарма же макала болбосун маанисин басаңдатып коёт, – Күлүйпа эже «Дагы эмне суроон бар» деген кыязда мага көз салып, саатын карады.

– Зейнеп эженин кийинки тагдырынан кеп салып берсеңиз...

– Кеп кылганда эмне? Анын деле тагдыры жеңил эмес. Алыкулдун астында моралдык жактан күнөөлүүмүн деп жүргөнү туюлат. Зейнеп өзүн канчалык күнөөкөр ойлоорун билбейм, бирок жогоруда айтылгандай Алыкулдун бир мүнөздүгү акындык кудуретине байланышкандыктанбы же болгон эле турпаты ошолбу, өтө эле түнттүгү да жекече турмушуна залакасын тийгизди деп ойлойм. Кандай болгондо да Зейнеп Алыкулга карата ак мамилесин али күнгө чейин сактаганы, анын акындык талант сезимин баалаганы чоң эрдик. Эси жок

башка бирөө болгондо эмгиче аны унутуп салмак, же өзүн гана жактап жазмак. Азыр минтүү текей тергенден жеңил болуп жатпайбы! Зейнептин «Элеси турат эсимде» макаласын окугандан кийин анын жаш кезиндегидей эле чынчыл, назик адам бойдон калганын баамдадым. Жыйырма жылча ойлонуп, толгонуп, түйшөлүүдөн жаралган сыр төгүүсүндө өзүн өзү актабай, адилет жазыптыр. Демек, анын деле жашоосу, кийинки турмушу оңойго турбагандыгын калыс адам дароо таразалай алат. Экөөнүн тең дүйнөсүнүн назиктиги, уяң мүнөздөрдүн келишип, камыр-жумур болушуна убакыттын жетпегендиги турмуштук тагдырларына урулган сокку болгон деп боолголойм.

Зейнеп апасы каза болгондон кийин алтымышынчы жылдардын экинчи жарымында үй-бүлөсүнүн макулдугу менен өз элине кайтып келип, биздин Маданият министрлигинде иштеп калды. Бир күнү үйүнөн кат алганын, чакырып жатышканын айтты. Ошондо эле «ай, кайра келбей каласың го» дедим. Эки-үч айдан кийин кат жазыптыр. Мен болжогондой эле «үй-бүлөгө, турмуш шартка карата баралбайбыз, кечирип кой» дегенин окуганда жүрөк тыз этти... (Бул баяндан улам Кыргыз илимдер академиясынын кол жазмалар фондусундагы Алыкулга тийиштүү куш тилиндей кагаз эске түшө калды. **(«Осмонова Жипар Алыкуловна умерла 9\III.1942. Причина смерти: остатки бронхопневмонии. Возраст 15 дней»** деп жазылган справканы кол жазмалар фондусуна Зейнеп Сооронбаева 1967-жылы 5-июнда тапшырганы жазылган. Кыязы, ошол келгенинде берип кетсе керек).

Кийинки жолу көрүшүм Керим Сооронбаев деген байкеси дүйнөдөн кайтканда болду. Ошондон бери ойлоп

отурсам он беш жылдын закымы бир серп салгандай өтүп кеткен экен. Он беш жылың кеппи, ошол окуучулук күндөр Алыкулдун тили менен айтканда «кечээ гана, бая гана болгондой» сезилип турбайбы... – деп эже оор улутунуп, кебинин соңуна чыккансыды..

Зейнеп эженин Алыкулдун музейине деп жөнөткөн китеби, сүрөттөрү жана экөөнүн кызы Жыпардын чарчап калганын күбөлөндүргөн справка Каптал-Арыктагы музейдин эң баалуу буюм-тайымдарынан. Ал буюмдар үн катпай турганы менен турмуш жолдору чиеленишип өткөн эки адамдын тагдырынан соңку муунга кабар бергенсийт...

*(«Кыргызстан Маданияты», 18.10.1990-ж.)*

# АЛЫКУЛДУН ТООСУНАН ЖОЛУГАЛЫ

*Акындын үйүн шаар менчигине саттырып алууга түздөн-түз кийлигишкен, Алыкул тоосу деп атоого демилге көтөрүп, альпинистерди 2002-жылдын 10-мартында тоого жөнөткөн жана адабиятчы окумуштуу катары акын жөнүндө алгылыктуу эмгек жазган Осмонакун Ибраимовго Алыкул күйөрмандары атынан рахмат айтууга арзыйт, башка коомдук-саясий иштерине наараазы болсок да.*

Алыкул тоосуна биринчи ирет чыйыр салган альпинисттер В. Комиссаров, Ю. Башманов жана АКШ элчилигинин өкүлү Петер Экстром экендигин эске салалы. Алардан кийин «Алыкулдун тоосунан жолугалы» ураанын чакырганыбыз менен эч ким деле кызыкканын, колдоорун билдирбеди. «Ала-Арча» жаратылыш паркынын директору Дөөлөтбек Шадыбековдун колдоосу менен төртөөбүз: Кыргыз ТВ «Күндүзгү канал» журналисттери Орозбек Мусакеев, Азамат Мусакеев, Аида Кадырбек кызы жана мен Алыкулдун тоосуна аттандык.

Ала-Арча капчыгайынын Бишкек тараптан оң жагындагы жылгасы менен таң куланөөк салганда өзөн бойлой жөнөп калдык. Чала уйку бизге окшоп, аттар деле таңкы теребелге термелгендей шашпайт. Аларды камчылай, бакылдап калганыбызда Касымбек Жумашев агай «акырын» деген ишааратын билгизе, суунун аркы тарабын көргөздү. Дарыянын шаркырагын унута, таңкы үрүл-бүрүлдө көзүбүздү чекчейте канчалык караган менен тоонун жапжашыл апай бетинен эчтеме байкабадык. Биз ошентип шашкалактап турганда, суу жээгиндеги таш жарчалардан бозоргон нерселер кыймылдагансып

калды. А дегенде бириндеп, шашпай чыгып жаткандар бизди көргөндө тоо бетине дыр коюп, типтик эле желе-жорто кетип баратышты. Алар туз жалоого дайыма таңга жуук түшүп келе турган тоотекелер экен. Өйдөрөөк бастырганда дагы бир теке коңулга башын сала эчтекеден капарсыз, туз жалап жатканын көрдүк. Кайберендердин минтип жүргөнү Ала-Арча жаратылыш паркында аңчылыкка тыюу салынгандыгында экенин Касымбек ага сыймыктана айтты.

Атка анчалык шыгы жок туристтерге баш бербей көнгөн жана бири-биринен 20-30 метр алыстаса эле токтоп, күткөнгө көнгөн аттардын жанын койбой улам өр тартып бараттык. Таңдын толук атпаганынан улам оператор жигитибиз Азамат тоо текелерди тартпай калганына «кап» деп караторусун теминет.

Топоздордун бийик тоого чыгарылбай коктудагы зым тосмонун ичинде жатканы жана аларды бойдок орус жигиттин кайтарары жолдогу дагы бир таңкалганыбыз эле. Балким, жаңы алынып келип, көнгөнчө деп турушканыбы. Алиги тоотекелерди таңкы үрүл-бүрүлдө тарталбаган Азамат топоздордун жайыла баштаганын дароо тартып, кийинки дүрмөттөрүн даярдап койду. Күн да көтөрүлө баштады. Тоолордун сулуулугу, улуулугу да ошол Күн нуруна чайына огобетер көрктүү, сүрдүү. Кырга чыгып кеткен алиги эчки, текелер бейкапар. Алардын тузга түшүүчү жолдору тарам-тарам чыйырланып, жашоонун бир ыргагын элестетет. Бир белеске жеткенибизде Касым агай аттарды эс алдырганча, жылга ичинде келаткан студенттерди күтөлү деп калды. Алар улуттук университеттин география факультетинде окушуп, жайкы практиканы өткөрүп жүрүшкөн кези экен.

Бүгүнкү максаттары университетке аты коюлган Жусуп Баласагындын ысымындагы тоо чокусуна чыгуу. Биздин сапар болсо 4060 метр бийиктиктеги Алыкул тоосуна багытталган.

Каркырадай каз-катар чубап келаткан топту күтүп, бир жондун үстүндөгү аскаташтарга чыгып отурдук. Аттарыбыз болсо тизгин, чылбырды сүйрөй жапжашыл чөптөрдү күртүлдөтө оттоодо. Азамат камерасын дайындай, төмөнкү жылга тарапты карап калды. Тээ алыскы сапардан катарын бузбай учуп келаткан топ каркырадай жай, бирок ишенимдүү кадам таштаган жаштардын асты биз отурган белестин алдына жетсе, арты дале жылгадан чыга элек.

Акыры бардыгы чогулуп, бир аз дем алууга отурушканда: – Биз менен Алыкул тоосуна бирге барасыңарбы? – деп калдык кызыкчылык үчүн. Каалоочулар көп болгону, акын жөнүндө сөз кылгандар, билгендер арбындыгы кубантты. Үч жигит туруктуулук менен бизге кошуларын билдирген соң, өргө кеткен жол чыйырын кубалай атчан, жөө жөнөдүк.

Түркүн чөп, жайнаган гүлдөр, майда бадал, караган жана аткулак, долоно, кубулжута сайраган ар кандай канаттуулар. Жайдын толуп турган кезиндеги тоолордун кереметтей керилип жаткан түрүнө, асмандын чаңкайган көк түсүнө, бийик чокулардын көк жалтыр мөңгүсүнө суктана баратабыз.

Терең коктудан чыккандан кийин чыйырыбыз көрүнбөй, аттар да тердеп, тоо беттери өтө эле тик тартып баратты. Мал туягы тийбегенден, бизге окшогондор аз каттагандан жолдун нугу дээрлик билинбейт.

Бизге жол көргөзүп, жардамдашып бараткан корук кызматкерлеринин бирөөнүн аты бир кезде тык токтоп,

ордунан таптакыр жылбай койсо болобу… Бирдемени сездиби, чоочудубу же бутун кокустатып алдыбы деп бир аз аярлаганча турдук. Акыры жылбасына көз жетип, артка кайта беришин айтып, калганыбыз «Алыкул кайдасың?» деп, аттарга өбөктөй өйдө чыгып бараттык. Биздин аттар да чарчай баштагансыды. Жапжашыл жанбоорго жабыша өтө эле бийиктеп кеткенбизби, айтор аскалардан кулаган таштарга кептелдик. Бул жерден кантип өтмөкпүз деген оюбузду туйгандай эле аттар да кежирленип, канчалык теминсек да болбой туруп калышты. Анча-мынча өргүп алалы деген ойдо жерге түштүк. «Көрүнгөн тоонун ыраагы жок» деген менен кол сунсаң тийчүдөй сезилген чокуга качан жетебиз деген тейде тоолорго жана бир ирет көз сала сугубуз артып турду.

Үч студент жылга нугу менен салып уруп кетип баратканына маашырлана карап, деги алар туура баратабы деп тынчсыздандык.

Жол баштап келаткан Касымбек агайдын жолдон адашканын эми туюп, мындан өйдө көтөрүлбөй, ушул таштарды аралай өтөлү деген сунушуна макул боло аттандык.

Басып көрбөгөн жолдорунан жылкы жаныбарлар да айбыктыбы же такалары жешилген туяктарынан зааркандыбы, айтор кыйла азап, кыйноолор менен тигил тарапка өттүк. Айрымдарыбыз атыбызды жетелөөгө аргасыз болдук.

Дагы кыйла кыялай бастырып отуруп түзөңчө жерге чыкканда шам-шум этели, аттар да эс алсын деген ойдо көкмайсаңга көчүк бастык.

Таң эртеңден тынбай тепилдеп келаткандагы чарчообузду тамак ичип бүткөндө сездик. Атка минерде

үзөңгүгө бут жетпей, жеткенде деле шап эте ээрге конуп калбай «кокуйладык». Анткени, дайым минбегенибиз аз келгенсип, минтип 3 миң метрлик бийиктикке чейин атчан келгенибизден буттун булчуңдарына бир топ эле күч келди го… Бирок тоо желине серүүндөй, көпкөк асман, бийик зоолуу өрөөн өңүрүндө отуруп жеген тамагыбыз таттуу, сөздөрүбүз ширин, маанайыбыз жайдары эле. Анын үстүнө боз үй сымалданган Адигине чокусунун тескей тарабындагы аппак карга капталган мөңгүсү көздүн жоосун ала өзүнө тартып турганычы… Анын сол жактагы кырынын бизге эле тушташ белинде беш тоотеке торпоктой болуп жатканын Орозбек ага айтканда көргөнгө шаша калдастай, дүрбүнү талашып жаттык. Андан соң камеранын жардамы менен көрүп, кебелбеген кейиптерине таңдана, көркүнө суктандык. Туруп оттой башташса, тоо аша качышса жакшы кадр болбойт беле деген тейде кыйкырып, кол булгалаганыбызды деле чиркей чаккандай сезбей, алдыңкы буттарын сунуп коюп, кепшөөсүн уланта кериле жаткан кайберендерге тан бердик.

Адигиненин оң жагындагы Алыкул чокусунун этегине да жакын калгандыктан айрым жүктөрүбүздү таш түбүнө жашырып, сапарыбызды уладык. Оң жакты көздөй кыялай жүрүп отуруп, жылганы өрдөй өйдөлөйбүз го деген божомол ордунан чыкпады. Жылгага кетчү тарапта типтик жарлар, суу жеген кыялар убакыттын далайын алмагы сезилди. А тиги студенттер жөө болгондуктан жылганы өрдөө менен чокуга дал тушунан кыялай чыгып батууну көздөгөндөрү баамдалды. Аты-жөндөрүн тактап албаганга өкүнүп, бирок Алыкулдун тоосунан жолугарбыз деген үмүттө тизгинди солго, Адигине тарапка тарттык.

Жарым чакырымдай өйдөлөгөн соң аттарды калтырып, чокуга чыгуунун ыңгайлуу жолдорун болжогончо Күн төбөгө жакындап калган. Адигине мөңгүсү болбосо жайдын ортосундагы ысык жанды кыйла эле кыйнамак.

Жана жакындай туюлган тоо чокусу көрүнбөй, алыстап кеткенсиди. Ашыкбаш нерселерди калтырып аскалуу бет менен өйдөлөй баштадык. Мына ушунда гана бийиктиктин таасирин таамай сезе, анча узабай эле, отуруп дем алуубуз арбыды. Ат менен келатканда эчтекени туйган эмеспиз. Ошентип, Орозбек аба жүрөгү кысылып, дем алуусу кыйындагандан кызарып-татарып ташка көчүк баса отуруп калганда айлабыз куруй түштү. Ал киши өзү да бизди жолдон калтырып коембу деген ойго келгени баамдалат. Абалды калчоо менен төртөөбүз: Касымбек агай, мен, Азамат жана Аида өйдө чыгууга, ал эми Орозбек аба ылдый түшүп, аттардын жанында калып, бизди күтүүсүнө чечим чыгардык.

Жантайыңкы эле сезилген тоо боорунда акырындап өйдөлөө да өзгөчө күчтү талап этерин улам жогорулаган сайын жондон куюлган тер аныктоодо. Кыялай баса жолубузду арбыткансыган менен тоонун өзүнө тарткан күчүбү же көк асмандын ныгырганыбы, айтор, улам дем алууга туура келип жатты. Касымбек агай Аларчаны күндө кыдырган адам катары шыпылдап эле бараткандай сезилет бизге. Кээде гана кооз гүл же өзгөчөлөнгөн өсүмдүктөрдү фотого түшүрүүгө токтойт.

Эңгилчек баскан аска таштарына тим эле диванга бой таштагандай олтуруп же чалкалай жата абадан кере-кере дем алганда, Бишкектин түтүнү менен чаңдары өпкөдөн өздөрү эле чыгып кеткендей жеңилдейт. Түстүү гүлдөрдүн атыр жытын аңкыткан тоо желинин назик аймалаган шоокум агымына магдырай түшөсүң.

Шаардан караганда чоң аппак боз үйдөй жумуру көрүнгөн Адигине чокусу биз улам жогорулаган сайын өзүнүн бийиктигин, мөңгүсүнүн кенендигин көргөзө, жай чилдесинде чаңкайган көк асманга куп жарашкан аппак чокусунун кооздугу менен таңдайыңды такылдата таңдандырат. Мөңгүнүн эшилип эриген этек жагынан кез-кез куланып түшүп аткан таштардын күлдүрттөгөнү да чала-була эшитилип жатты. Абай салып карасаң мөңгүнүн мурдагы каптап жаткан чеги кыйла эле төмөн, болжолу 2-3 чакырым экени байкалат.

Таң калыштуу нерсе – бийиктеген сайын канаттары кооз калдыркан көпөлөктөрдүн көбөйүп баратканы эле.

Касымбек агай улам озуп кетип, биз жеткенче эс алып алат. Ошентип, каракөк тарта быш-күш эте чыгып баратканда ал киши колун жаңсай, оң тараптагы кырды көргөзүп калды. Көрсө, тоо текелер тобу ошол кыр менен ылдый түшүүгө бараткан окшойт. Ар кайсы асканын башында серейип-серейип, катып калгансыган кароолчуларын гана байкадык. Алар да бизден жыт алдыбы же өзүнчө эле кеткениби, андан-мындан бир секире көздөн далдаланат. Ошондо баягы белде жаткан текелер эске түшүп, дүрбү салсак алар да ордунан козголуп оттоп калган экен.

Видеокамераны автоматтан бешбетер этиеттеп, аркасына коомай көтөргөн Азамат да улам кызык нерсе тартканга ынтызарланып, кыйла мүшкүлдө. Анын үстүнө Аида экөөнүн бут кийимдери ылайыксыз болгондуктан, жылаңайлак эле чыгып келатышты.

Айланта курчаган тоо чокулары улам дааналанып, улам бийиктеп көрүнгөн сайын эңгилчек көлдөлөңгө чалкалай отуруп «ох, ах» деген суктануубуз түгөнбөйт. Тоолукпуз деген биз ушунча рахаттансак, атайын

келгендер өздөрүн кандай сезер экен? Ошол бийиктиктер бизге күч-кубат бере, өргө тартып бараткандай. Кезектеги дем алуумда кайсы бир куштун канатын таап алганыма кубанып, жакшылыкка жоруп койдум. Анчалык чоң эмес канат Алыкулдун акындык касиетинин белгисин элестеткен калемсапка окшошуп турду.

«Кыргыз тоолору» деген ырында жазылгандай Ала-Арча капчыгайынын чыгыш тарабындагы чокулардан тарта, мына маңдайыбызда заңкайып турган Адигинеге чейинки көрүнүш өзүнчө бир өзгөчө кооз, табышмактуу жана сүрдүү.

Дем кыстыгып, тамак ачыша, чыкыйлар дүкүлдөй, жүрөк энтиккенин басуу үчүн ыңгайлуу таш же өңү өчкөн баркыт сымалданган эңгилчекти издемей…

Тигил чокулардын аталышын Касымбек агайдан сурап, географиялык сабатыбызды жоюу менен ойго бир нерселер кылт дей түшкөнү.

Адегенде Адигине жөнүндө сөз. Бийиктиги 4793 метр. Мөңгүсүнүн этеги 3620 метр бийиктикте. 1990-жылдагы маалыматтан бери канча өйдөлөгөнүн ким билет? Ушул жерден башталып, Ала-Арчага куюлчу Адигине суусунун узундугу 7 чакырым.

Демек, биз оң тараптагы 4060 метрлик Алыкул тоосуна чыгып бараткан жанбоордун орточо бийиктиги 3700–3800 метрге жете берерин жол көрсөткүч агабыз айтканда, чокуга азыр эле аттап-буттап чыгып барчудай шердене түштүк. Бирок, өйдөлөө улам барган сайын кыйындоодо.

Тик зоокалуу бет бир убакта үйдүн чатыры сымал жантая, биз беттеген тоолордун башы көрүнө баштады. Эңгилчекке отуруу менен тиги бет маңдайда шаңкайган, бири-бирин жөлөп же бири-бирин челишип калгансыган

бийик чокуларга көз сала, фото жана камераларды иштеттик. Тоо панорамасы көк асманга ансайын ширелип, ак-кар көк муз менен Көктеңир бир бүтүндүккө төнүп, табияттын эриш-аркактыгы жашоонун башкы обону экендигин улуу жымжырттыктын кулак тундурган тунжуроосу эс-акылыбызга салып жаткандай. Бийик чокуга чыкканда өмүр бир саамга токтойт деген чын белем. Бардыгыбыз эс-мас абалда ааламдын тирукмуш кереметине балкый, мээримдүү тийген Күн нуруна чөгө, улуу тоолор бешигинде термелип жаттык. Турмуштун майдачүйдөсү, бүтпөс көртирлиги жана шаардын мээ кайнаткан аптабы менен мээнди чарчаткан ызы-чуусу да кайда калганы билинбейт.

Таңкы 4төн бери тынбай келаткан жаныбызга тоолордун сулуулугу менен улуулугу дем киргизүүдө.

Касымбек агай тигил чокуларды катары менен тааныштырып жатты: Пионер, Комсомол, Морозов, Учитель, Тяньшань, Корона, Свободная Корея, Бокс, Текетор – Ала-Арча капчыгайынын чыгышында. Ал эми Адигине жагында Комсомолдун 30 жылдыгы, Электра.

Тигинде дагы бир таш кулап, төмөн жагындагы көлмөгө түшкөндөй эле, тоолордун кыргызча аталышы да жоюлуп бараткaны ойлонтпой койбоду. Анткени, альпинизм шарты боюнча коюлган ат картага түшүрүлөт жана ал оңой менен кайра өзгөртүлбөйт, жаңыча атоого болбойт. Демек, биз кенебей жүрүп тилибизден, дилибизден гана эмес, жер-суулардын бабалар атап кеткен аталыштарынан да айрылганыбыз анык экен го.

## АДИГИНЕ ЖАЛГЫЗ ЭЛЕ, ЭМИ ЖАНЫНА АЛЫКУЛ КОШУЛГАНЫНА ТОБО ДЕЙЛИ

Дем-күчтү жыйнап, жакындап калган белести беттей зоокалар арасындагы сапарды уланттык. Касымбек агай кырга жете, кыңайып жатып калганы. Мен ортодо. Азамат камерадан жүдөдүбү же чарчадыбы, арымы анча болбой, Аида экөө артта. Кырга жетсек дегенде эки көз төрт. Анткени, андан ары Алыкул тоосуна чыгып баруу жеңилдей сезилет. Бирок күшүлдөп-бышылдап жатып ошол мелжиген урчукка жеткенде көңүл жаман кайт болгонун айт. Белестин тескей жагында эрип бүтөйүн деп калган мөңгү, андан ылдый эшилме кумай жана жылга.

Суусап, тамак кургап бүткөндүктөн мөңгүнүн карынан жеп, жанды сеп алдырдым. Кардын даамы, муздактыгы тим эле балмуздактай сезилди го. Артта калган экөөнү күткөнчө, алиги тоо текелердей бийик кырдан эки жакка көз сала баам таштаганда түштүк тарапта кар каптаган чокулар, түндүк жакта жылаңач аска-зоолор аркаят. Ал эми биз максат кылып, күсөгөн Алыкул тоосу ушул эки көрүнүштүн дал ортосундагы тең таразадай көрүнөт.

Тоо улам бийиктей берет дегендей, ал чокуга жетүүгө дагы далай аралык жатканы жанга батып турду. Касымбек аксакал да чарчаганбы же адатыбы эбак эле куш уйкуга кирген.

Жаштар келсин, алардын кебетесине карай иш кылалы деген ой көкүрөктү ээледи. Аңгыча Аида келди, Азамат басалбай башы айланып төмөндө калды деп. Эми аз калганда кантер экенбиз деп эки анжы боло түштүм.

Кыйладан соң Азамат келди, камерасын коомай көтөрүп. Кардан жеп, бети-колун жууган соң өзүнө келе түшкөнсүдү. Бирок көзү киртийип, өңү керсары тарта кыйналганы сезилет.

Дээрлик төрт миң метрлик бийиктикке чыккан соң, дагы өйдөлөп, 500-600 метр аралыкты өтсөк «Алыкулдун тоосунан жолугалы» урааныбызды кыйкыра, Алыкул туусун желбиретмекпиз. Ушул ойдо кыр менен жөнөй баштаганда бардыгыбыз чокуга чогуу жетпесибиз билинди. Бөлүнүү менен этектен жолугалы деген оюбуз да туура эмес эле. Анткени, сыркоологон Азаматты жалгыз Аидага табыштап кетүүгө болбоду. Ошондо Касымбек агайдын: «Атын атаса куту сүйүнөт» – дегендей ушунча максат менен келгениңер анык. Эми шартка жараша иш кылалы. Алыкул тоосун ушул жерден камерага тарткыла. Акындын арбагына багыштай куран окуйлу, – дегенин туура көрдүк. Атайын ала барган китептерди аскага жайып, «Алыкул-борбору» туусун жана КР байрагын бажырайта көтөрө Алыкул тоосу элесинде сүрөткө түшүп, камерага тарттык. Алыкулдун «Аккан суу», «Балдарга» китептери, календары жана тоо боорунан табылган куш канаты, Ашым Жакыпбектин «Теңири Манас» романы биздин кубанычтуу өкүнүчкө күбө болду. Алыкулдун ырларынан окулду.

Дагы бир жакшы жышаан. Кыз-жигит катары көптөн бери сүйлөшүп жүрүшкөн Аида менен Азаматка дал ушул жерден бата берип, бактылуу жаш үй-бүлө түзмөгүнө ниет, каалообузду айттык. Азамат Орозбек абанын уулу. Ал эми Аида кадимки Кадырбек Матиев агайыбыздын, талanттуу инсан жана таанымал философтун кызы экендигин ошондо билип, огобетер кубандым. Анткени,

Азаматты алга жетелеп, ооруган жанына демөөр боло өр менен тоого алып чыкканы да кошумча болду. *(Ошентип, Алыкул тоосунан берилген алгачкы батабыз тийип, Азамат менен Аида көп узабай эле баш кошуп, ата-энелерин кубантты.)*

Түш ооп калгандыктан Күн аптабы күңгөйдүн бетин куйкалачудай ысыгына талыкшыган денени көтөрүүгө дарманы жетпей бараткан буттарга ылдый түшүүдө огобетер күч келди. Азамат менен Аидага улам көз сала, тик түшпөстөн Адигине тарапка бурулуп, оң жакка кыялай басканыбыз оң болду. Майда шагыл таштардын жоктугу эки жаштын чоң бактысы эле. Буттарына илме тапочка кийип алгандары алардын анык кыйноосу болду.

Кыялай басуу менен эки кырдын кошулган жылгасынан тик эле ылдый түшкөнүбүз жолду арбытты. Ошондо, аттарды дагы жарым чакырымга минип келип, ушул жылганын оозуна таштоо менен тигил зоокалуу бетти тикелебей, жылга менен өрдөп чыкканда Алыкул тоосуна эбак эле мынчалык кыйналбай жетмегибиз туюлду. Биз менен кошо өзү да адашып жүргөн Касымбек агайга эмне деп айтышты билген жокпуз... Болгону, буйруса эмки сапарда ушул жол менен чыгарыбызды болжоп койдум.

Орозбек аба бизди күтүп, тынчы кетип отурган экен. 2–3 сааттай уктап эс алыптыр. Аттарды да серүүндөтүп, ээр-токумдарын ала откоздуруп. Жылга ичи менен уруп турган желге да бир топ кайыккан экен.

Ошентип, аттарга кайрадан «кокуйлап» мине жөнөдүк. Мына ошондо бийик тоодон жөө да, атчан да ылдый түшүү тозок экенине жана бир ынандык. Баягы калтырган буюм-тайымдарыбызды алганча, шам-шум эте

тик ылдый жөнөдүк. Аттарды эртең менен жетелеп өткөн аска таштардан кантер экенбиз деген жүрөкзааданы Касымбек агай басты. Көрсө, биз чөп басып калган чыйырды байкабай башка жолго түшүп кеткен экенбиз. Эми болсо боорду кыялай, ылдый шуңшурулуп кулап кетчүдөй, куйушкан менен басмайылга ишене, үзөңгүнү чирене тээп, куйрук улаш келаттык. Эртең менен студенттерге жолуккан жерге жеткенде кеч кирип калды. Баягы үч студентибиз эмне болду экен деп тынчсыздандык. Жусуп Баласагын тоосуна кеткендердин айрымдары менен көрүштүк. Чарчаган, беттери күйгөн балдар, кыздар.

Иңир кирип, көз байланган маалда топозчунун журтунан өттүк. Карышкырлар кээде келип калмайы бар, ошон үчүн зым короону колдоном деген топозчу жигит Вячеслав топоздорун камап коюптур.

Жанатан бери анча баспаган аттарыбыз алып-учуп калса боло. Анткени, алар да үйгө жакындаганын сезүү менен мынча кыйнаган кыргыз туристтерден тез кутулууну көздөшкөндөй.

Ала-Арча дарыясындагы жыгач көпүрөдөн өткөн соң өрдү карай таскактаган аттардын тизгинин тартпай баратсак Бишкекке жөнөп жаткан чет өлкөлүктөр баш бармагын көтөрө кубанып да, суктанып да карап калышты. Ара жолдо аты баспай, артка кайткан альпинист аксакал Альков Юрий жайдарылана тосуп алды. Касымбек агай студенттерин жайгаштырууга жана Алыкулга күйөрман үч жигиттин дайынын билүүгө кетти.

Денеси ысыган Азаматка дары издеп, кызыл памил чай ичирип күйпөлөктөгөн Аиданын аракетине Орозбек аба ичинен кымылдап, болочок келинине өзгөчө ыраазы.

Ал эми ушул эки жаштай эле Алыкул тоосунан өз тагдырына бата алчулар көп болсо деген тилекти ичимден кайрып мен жүрдүм.

Ала-Арча жаратылыш паркынын директору Дөөлөтбек Шадыбековдун демдүү мончосунан соң жагымдуу эс ала, Алыкул багытын көл тарапка буруунун мүмкүнчүлүктөрү ж.б. турмуштук жагдайлар жөнүндө жылдыздуу түндө кыйлага чейин сүйлөшүп отурдук. Аларча суусунун шары, капчыгайдын өрөөндү көздөй лепилдеген салкын жели, тоолордун кырына илинип калгандай сезилген жылдыздар Алыкулдун тоосунан кайра жолугууга чакырып жаткандай жылт-жылт этет.

Ал эми алардын үстүндө Алыкулдун Акболпоң поэзия жылдызы бажырая жанып тургандай элес келет...

*Бишкек – Ала-Арча – Бишкек.*
*2002-жыл. 14–15-июль.*

# АЛЫКУЛ-ЫСЫК-КӨЛ

Түшүнүгү, туюму  эзелтен эле ширелишип калгандай сезим берерин мурда кийин угуп, окуп жүргөнүм менен Тоо жылында өз көзүм менен көрүп, дилиме кубат алдым.

Бул жагымдуу жагдайга «Ысык-Көл биосфера» аймагы боюнча 2002-жылы тарыхый, маданий эстеликтер багытында чыгармачыл иш-сапарга аттандырган ГТЦ (Германия техникалык борбору) координатору Райкан Жээнбаева эже жана «Аккуу» редакциясы жакшы шарт түзүп берди.

ГТЦ көл айланасындагы тарыхый, маданий эстелик, музейлердин, инсандарга байланыштуу жерлерди тактаганда Алыкул Осмонов 1945–50-жылдары Чолпон-Атада жашаган үйүн адабий-маданий очокко айландырууну сунуштаптыр. Мунун жүйөөлүү ой, орундуу, омоктуу пикир экени талашсыз.

Жогортодо айтылгандай же акын өзү: «Карегимде көл жатпаса шарпылдап, ырларымда анда кандай касиет» деген мааниде жазгандай, «Алыкул-Ысык-Көл» түшүнүгү түрмөктөлгөн толкундай бири-бирин толуктап турганы табигый көрүнүш. 2000-жылы Чолпон-Атада өткөрүлгөн «Алыкул-85» иш-чарасын уюштуруунун демилгечиси Кеңешкан Ысманова эжебиздин ушул ойго өзгөчө басым койгону эстен кетпейт. Анткени, акын Ала-Тоонун көгүлтүр берметин ыр саптарында акактай маржандарга чөгөрсө, көл анын ден соолугуна тирек, чыгармачыл дымагына руханий булак болгону минтип, жаңы, XXI жүз жылдыкта да болумушка айланганын туюп жатырбыз.

...Ошолордон эки-үч мисал. Чолпон-Атанын балдар тубсанаториясына, Ысык-Көл райакимчилигинен анча алыс эмес жайгашкан акындын үйү жетимсиреп тургандай сезим берет. Себеби, санаториянын китепканасы деп эсептелгени менен качан барсак жабык, айланасы каралбаган абалда. Мурда республиканын ар жагынан келген арбын бала дарыланып, окуу-тарбия иштери күпүлдөп турганда көрүнүш бөлөкчө болгондур... Ушул үй Чолпон-Атадагы Ысык-Көл край таануу музейи менен Бишкектеги «Алыкул үй-борборунун» тең орток филиалы катары уюштурулуп, капиталдык ремонт жасалса – жаш муундарга рухий тирек, өнөрүнө өбөлгө, өрнөк, турмуштук үлгү, чыгармачыл жаштарга айтар сабак, туристтерге маданий маалыматтын ордосу болмогу ырас. Ошол үйүнөн алыс эмес жээкке же дөңсөөгө Алыкулдун акындык образын чагылдырган бир керемет эстелиги тургузулса: «Эмне арман көл боюнда эстелигим турса, муштумдай кара таштан» маанисиндеги керээзи аткарылмак. Мунун баары каалоо, ниет, көргөн-туйганды баяндоо... Ал эми азыркы өткөөл замандын өктөм закымы өмгөктөтүп жатканда Алыкулду ким эстейт да, эстегендердин эки ооз сөзүн ким эшитер экен. Мезгил көргөзөр. Акындын сөзү менен айтканда: «Билген билер, билбегенге не чара. Өзүң көр, өзүң сына таразалап». Үмүт үзбөй туралы.

Чолпон-Атанын микрорайонундагы Алыкул Осмонов атындагы мектеп жамааты келечекте бул ишке илбериңкилик менен катышарына, тартыларына алардын тажрыйбасы негиз болот.

Кыргыз тоолорун замандан заманга токтолбой келаткан кыргыз көчү, жашообуздун жашыл төрү катары

жазган акыныбыздын акыбетин Тоолордун эл аралык жылы толугу менен актаганына төмөнкү окуялар күбө. Кыргыз кырка тоосунун Ала-Арча капчыгайынын күнбатыш тарабындагы Адигине чокусуна жанаша турган 4060 метр бийиктикке Алыкул ысымы ыйгарылды. 15-июлда ага «Алыкул борборунун» туусун желбирете кошо чыгышкан Азамат менен Аиданын баш кошуу тилегине бата берип түшкөнүм, өзгөчө жышаан деп ойлойм.

Ал эми көлдүн тескейинен чыгармачылыгына түздөн-түз тиешелүү үч жер акындын эл арасына дагы кеңири маалым болушун шарттамакчы.

## ТЕСКЕЙЛИК ЭМЕС ГО...

Союз учурунда атайын акмармар ташка чегилип жазылган Жети-Өгүз курортундагы ыры жөнүндө ар кандай кызыктуу кептер айтылып жүргөнүн далай ирет уккан менен Тоо жылында гана ошол ырдесте эстеликти көрүү бактысына дуушар болдук.

Таштан болор, кумдан болор төшөгүм,
Аз болсо да сыртта калар сөздөрүм.
Өлсөм дагы жара тээп мүрзөмдү,
Буудан болуп таскак салып өтөрмүн.

*Алыкул.*

Ушул саптар чегилген аппак таш аллеяга жанаша орнотулуп, акын кадырына жана сөз баркына түшүнгөндөрдүн таазимин тастыктап турганын сезгенде жүрөк козголбой койбойт бекен!

Курортто эс алып жүргөн аксакалдардан бул руханий эстеликти ким койдуртканын тактайын дегениме: – Ким дейсиңер да! Советтер Союзу, компартия койдурткан, – дешип компоё жооп беришкени. Кепти улантуу маанайында акын тууралуу эмне билишерине кызыкканымда, бир аксакалдын:

– Ээ, айланайын Алыкулдун ким экенин билбейм. Мен көлдүн күңгөйүнөн болом – деген жообун укканда бир саамга сестее түшүп, анан каткырып жибергенимди алиге эстейм. Азыркы маалда ар ким өзүнүн анча-мынча эле бычакка саптуусун дүңүлдөтүп жатканда, тигил аксакалдын чолок ою Осмонов Алыкулду алеки заматта көлдүн тескейине таандык кылып жибергенин баамдай бардыгыбыз күлдүк. Бирок мунун да бир чеги чындыкка ирегелеш экенине эки нерсе ынандырып койду.

# НЕБЕРЕ АЛЫКУЛ

Мындан үч жыл мурда кат жазып, небересине Алыкул деп ат койгонун сүйүнчүлөгөн Касымбек Ишебаевдин үйүн сурамжылай Жеңиш (мурдагы Чычкан) айылына кайрылдык. Үчүнчү уулу Мараттын тун баласы улуу акындын ысымы менен чакырылышы канчалык сыймыктуу, канчалык жоопту экендигине маани берген Анара чоң эненин наристе Алыкулга энтелей төккөн мээрими үй-бүлөнүн кут нурундай жадырап турду. Төрт жашар Алыкулдун Данияр деген агасы, Абсамат аттуу иниси бардыгынан улам кыргыз инсандарына ийилип таазим эткен чоң ата Касымбектин жандүйнө рухунун улуулугуна суктанасың. – Ай, Абсамат кач, машина келатат – деп чыйпылдай кыйкырган кичинекей Алыкулдун добушу балалыктын шыңгыр коңгуроосундай кулакка жаңырып кала берди. Буйруса, Алыкулдун Бишкектеги үйүнө наристе Алыкулдун кадам таштары турган иштир.

# ЖЕҢИШБЕКТЕР ЭСТЕЛИГИ

* * *

Дүйнө – өмүр, уул бердиң, бала бердиң,
Дүйнө – өмүр, алоолонуп жана бердиң.
Неге сен алыс кеткен сапарыңан,
Ээриң жок, жайдакталып кайра келдиң?

1941–45-жылдагы Атамекен үчүн болгон улуу согуш апаатын философиялык маанайда чагылдырган «Жеңишбек» поэмасынан алынган ушул саптар Тоң

районунун борборундагы эстеликке чегилип жазылганы да Алыкул талантынын дагы бир тастыкталышы эмес-пи. Ушул улуу сөздөрдүн угутуна басым жасаган эстелик автору Сабитжан Бакашовго ыраазычылык билдириш лаазым. Текстти Бексултан Жакиев сунуштаганы да жөн эместир.

## ЭЖЕНИН ЭКИ ТИЛЕГИ

Мекен үчүн кан майданда тепселип,
Кайтпай калган агаларга эстелик.
Таазим этер бейит болсун ушул жай,
Куран окуп, гүл койорго эскерип –

деген жазуусу бар, көлөмү кенедей, мааниси кемедей эстеликте 51 кишинин тизмеси кошо жазылып турат. – Ушул мармар эстеликти алып келатканда көнөктөп жааган жаанды кан майдандан кайтпай калгандарга төгүлгөн көз жаш катары элестетип кыйналганым кантейин! - деп Кеңешкан эженин айтканын эшиткеним бар эле. Өзүнүн күчү, үй-бүлөнүн көмөгү менен айылдаштарына эстелик тургузган Ысманова Кеңешкан Чолпон-Ата музейинин директору катары да жаны тынбай иштеп келет. Кален аба менен Кеңешкан эженин эл дегенде эт-бетинен кетмей мүнөздөрү, улуулугу менен жупунулугу урпактарга жукса дегенде эки көзү төрт.

– Ушул музей кеңейип, жарык көрбөй жаткан буюм-тайымдардын жаңы бөлмөлөрдөгү өз ордуна жайгашканына жетишсем, тим эле эки ийинден баскан оор жүктөн кутулгандай кубанар элем! – деген эженин тилеги Б.Н.Ельцин 2003-жылы эс алууга келгенде кыргыздын чоңдоруна чалганда ишке ашканын айтканда аябай күлдүк эле.

# АТАНЫН МУРАСКОРУ

– Кырк жылы кой артында сандалбаганда, а деген- де катышып жана 15тей түрдөгү аспаптарына чейин жасап берип жүргөн «Ак куу» ансамблинен алыстабаганда чыгармачылык башка нукта өнүкмөк беле. Эми ушуга да шүгүр. Минтип комуз боорун эртели-кеч тырмалап, Күмүшай эжеңдин маңдайында кичүү кызым менен отурам. Калган балдарым өз күнү менен – деген Эсенкул абанын нукура элдик мүнөздөгү добуш ыргагы көңүл кушун көшүлткөндөй назик, уккулуктуу.

Атасы Мамыркул чоң комузчу Чалагыз Иманкулов, манасчы Саякбай менен кошо бүркүт салышып, кезектеше шерине жешчү экен. Ошондогу обологон күүлөр, жүрөктү элжиреткен мукам үндөр, дастандын кызыктуу жана сүрдүү да окуялары балалыктын жандүйнөсүн билинбестен таасирленткен.

Ак чыбык кыйдым тал издеп,
Анжиян бардым мал издеп. –

дегендей комуз кармап калышына атасынын дүйнөдөн өтүшү жана комузун апасы Үпөлдүн башка бирөөгө берип жибериши себеп болгон.

17–18ке чыгып калган кезинде энесинен:

Комузуң калып, өзүң жок,
Калкыңа айткан сөзүң жок, –

деген мааниде атасын жоктоону уккан соң, Жапардан барып комузду алат. Ошондо келатканда «Акберметти» ырдап, ата комузун күүгө келтиргенден бери ата мурасын аздектеп, өнөр секисине чыккандай.

1980–82-жылдары радиофондго жазылган, «Атай-100» ыр мелдешине «Атайга», «Эгемендикке» деген

чыгармалары менен катышкан. Венгриялык этнограф Даут Кара атайын ат арыта келип, бир топ ыр-күүлөрүн жазып кеткенден кийин, кыргыз радиосуна да жаздырсамбы деген иетте.

Окумуштууга жана Алыкул үйүнө деп кызыл өрүктөн чаап берген комузду көркөмдүгү, үндүүлүгү менен өзгөчөлөнөт.

Элдик чыгармаларга да кызыгуу менен 96дагы Бектур аксакалдан жазып алган жарамазанды комуз күүсүндө аткарып бергени жарпты жазды.

Жекенди көлдүн тунугу,
Жети атаң элдин улугу –

деген маанайды камтыган жарамазан жакшылык менен ырашкерликтин чакырыгындай тээ эзелки элдик обон кайрыктарды жаңырта оболоп жатты... Чолпон-Атага барган сайын Эсенгул абанын «Чолпон-Ата» дастанында сүрөттөлгөн атасы менен кызын жана алардын ортосундагы жолборсту элестеткен чокуларды карай берем.

# АЛЫКУЛДУН КОМУЗУ

Үч буроо, жалгыз тээк, үч кыл комуз,
Чертилбейт, күүгө келбейт чебер колсуз.
Эли да комузундай жөп-жөнөкөй,
Бирок да тарыхы бар айтып болгус.

Акындын чыгармачылык көрөңгөсү, инсандык чакырыгы өз элинин эзелки тарыхына, этнографиялык өзгөчөлүктөрүнө, улуу «Манас» эпосу баш болгон элдик оозеки адабиятка негизделүү менен Мекенди сүйүү, Эне тилди урматтоо жана эң башкысы Атажуртту аздектөө, коргой билүү деген улуу сезимдерди жандантып туруучу жанар тоодой дем, күч-кубаты ар бир ыр саптарында камтылган.

Залкар комузчу, кошокчу, чоң манасчыдан калган кайрыктар Алыкулдун калеминен кайра жаралып, көөнө тарыхыбыздын санжыргалуу барактарын бүгүнкү заманга бап келтире баяндаган кыска, нуска ырдастанга айлангандыктан «Алыкул – Атажурттун акыны» деген түшүнүк эбак эле эл ичинде калыптанган.

Демек, Алыкул Осмоновдун чыгармачылыгына тарых, фольклор, этнография, экология жаатында көңүл буруу абзел.

Бул жагынан алганда Ысык-Көлдүн Кырчын айылында жашоочу абабыз Эсенгул Мамыркул уулу үлгү болорлук өрнөк баштады. «Аккуу» ансамблине катышып, аспаптарына чейин жасап берип жүргөн, кырк жылдай кой баккан адам элдик ырларды, кийинки, обондорду комуздун жүрөк элжиреткен добушуна кошо созолонтот. «Чолпон-Ата» дастанындагы ата менен кыздын армандуу окуясын тыңшап отурсаң:

«Ысыгы тоңбой көз жаштын,
Ысык-Көл болуп жаралган»

деген саптарына муюбай көр!

– Алыкулдун комузу! – деп Бишкектеги үйүнө илип кой. Комуз жөнүндө, эл тууралу анчалык жазган акынды көрө элекмин. Менин урматтаганым ушул болсун, – деп, кызыл өрүктөн кыябын келтире чаап берген Эсенгул абанын комузу акынга карата болгон жалпы элдик маанайдын күбөсү катары да кастарлуу.

Ушул эле айылдын тургундары Намазбек Уралиев менен Орозобай Кенчинбаевдер да өзгөчөлөнгөн талант ээлери. Намазбек жүздөгөн залкар күүлөрдү тунжурай чертип отурганда ой сезимин кыргыздын кыйла тарыхы, окуялары ээлеп, аларга Толубай сынчыдан бешбетер көз салып отургандай сырдуу да, сүрдүү да. Намазбек заманыбыздын залкар комузчусу.

Ал эми Орозобай аганын темир комузда ойногону, боз үйдү келтире жасаганы «Манас-1000» маарекеси учурунда жалпы журтка дүң болгон.

Нукура элдик ушул үч таланттын жалпы дагы бир окшоштугу, үчөө бирдей комуз чаба ала тургандыгында.

Комуздун үч кылы сымалданган таланттар көчү үзүлбөсүн!

*Бишкек–Ысык-Көл–Бишкек.*
*29/VII–11/VIII 2002-ж.*

# АЛЫКУЛ ЧОҢ-АЛАЙДА

«Аксаткын менен Мырза уул» өңдүү нукура элдик чыгарманы түштүк жергесинен таап келген акындын чыйырын улай сапар улоого эки нерсе – бир кезде иштеп келген жерим Чоң-Алай өзүнчө район укугунун 10 жылдыгына чакырганы жана Венгриялык түрколог Даут Каранын фольклор топтоо иш-сапары менен келиши эриш-аркак себеп болду.

Жыйырма беш жыл мурда мугалимдик билим менен барып, эл таанып, жер тааныган чөйрө-чөлкөмгө кайра жолугушуу, аралашуу абдан эле жагымдуу болгонун кантип, кандай айтса жарашарын да билбейм.

Мындан бөлөк дагы бир купуя сыр тоо жандуу жүрөгүмдүн түпкүрүндө, дайыма түнөп, кусалыктын, сагынычтын алчыланган аргымагынан бешбетер, тизгин тарттырбай Алай тоолорун аралата Чыйырчык, Акбосого, Талдыкты ашыртып, андан ары Акбайталга жетелей, Улуу Алай тоолорунун ары жагындагы Мургаб, Хорогко алып барат да Памир тоолорунун чокусунан эки жакка көз салып, серп таштап тургандай абалга жеткирет. Памир десе Шомор атамдын элеси, Шомор десе Памир-Алай-Гималай тоолорунун көрүнүштөрү көкүрөккө көп өрүм камчыдай чабылып, ичимди тыз-тыз эткизе, боор этимди эңшерилтет... Анткени, атамдын армиялык милдет өтөөсү, жаштык күндөрү дал ушул көк мелжиген Памирде өткөн. Ошон үчүн тун уулу мага – Памирбек деген улуу ысымды бекеринен койбосо керек!

Талдык ашуусунун эки тарабындагы эски жол нугун карап, атамдын жаштык элеси калган издерин кубалай өзүмө демөөр алам. Талдыктын чокусунан эле көрүнүп, ак мунарыктай келберсиген Желайдар тоо чокусу

(Ленин пиги), анын күнчыгыш тарабындагы Акбайтал ашуусу бозүйдүн көк тиреген түндүгүн элестетет. Ал эми Сарыташка жеткенден кийин ошол көк мелжиген аппак тоолордун айтып бүткүс кооздугу, укмуштай зордугу оозуңду ачтырат. Далай тоолорду көрүп, арасында болгонум менен жана убагында ушул өрөөндө жашап кеткениме карабай казкатар созулуп жаткан тоолорго моокум канбай карай бердим. Алардын көрүнүшү дүйнөнүн чатыры сымалданып жана ар кандай элестерди элестетип, жаратылыш менен адамдын аң-сезимин бир бүтүндүккө айлантып жаткансыды.

– «Ленин пиги» деп орусча айтылат экен. А кыргызча аталышы кандай болгон? – деген күйөө балам Даут Каранын капилет суроосуна жооп таппай карайлаганымчы. Бул табышмактын жандырмагын Карамык айылынын тургуну Буркан Шамшиев эң бир кызык аңгеме куруп айтып бербеспи. Ошол опол тоонун жака белинде мал кайтарып жүргөн бала кезинде улуулардан уккан улама кеп көкүрөккө сакталып калган. – Ой, тиги Желайдардын башын булут чалып, жел жүрө баштады. Камдуу тургула, мал-жанды алыска чыгарбагыла – деп айткандары бекер эместигин эми минтип, өзүбүз алтымыштан ашканда сезип отурбайбызбы – деп жайдары жылмайган Буркан аба акыркы мезгилде аба ырайында болуп жаткан өзгөрүүлөрдү өз айыл мисалында айта отурду. Бу киши менен мурда-кийин үй-бүлөгө чейин катышыбыз бардыгына карабай, (Буркан абанын жубайы Бурма эже аркалык, Чүйдөн болгондуктан эже, жезде деп калганбыз) Желайдар баянын эми угуп, билүүгө себепкер болгон Даут Карага рахмат.

Карамыктык 82деги Алила Мамажунусовадан, согуш, эмгек ардагери Токтобек Мурзаевден, Бүбүсара

Нышановалардан бата, кошок ж.б. элдик ырларды, макал-лакап, учкул сөздөрдү тасмага түшүрүп, өздөрүн фотого тарттык. Амиралиев Сопу ажынын Каранары менен сүрөткө түшкөн Дауттун  элеси өзүнчө эле керемет. Буркан жезде жолбаштоочулук, гид-экскурсовод милдетин раса аткарып берди.

## «КАЛП АЙТКАН СӨЗҮ КӨП БОЛУП, КАНАТСЫЗ КАЛДЫ ЗАМАНА»

Деген мазмундагы ырында азыркынын кыйчалыш көрүнүштөрүн кызыктуу салыштыруулар менен чагылыштыра төккөн 80 жаштагы Токтобек аксакалдын зиректиги, чукугандай сөз тапкычтыгы, керек болсо аялдардын образына кирип, обондорду, кошокту да ойдолото аткарып жибермеги, 1944-жылы медсанбатта жатканда сагынычтан жазылган ырларынан бери сактап жүргөн пукталыгы таңдантты. Алима апабыз айткандай, мындан 5–10 жыл мурда жаздыртканда «Эңилип төшөк салып жүр, эңкейип салам айта жүр» дегендей көп нерсенин узак учугу чубалмак. Кайдыгерлик, баамсыздык же жөн эле көңүл бурбоо көп нерсебизге кедерги экенин дайыма эле кеч сезебиз, өкүнөбүз... Дагы шүгүр. Алардын оозеки өнөрүн жазуу түрүндө уланткан жаштар бар экен.

Мен 1977–78- окуу жылында кыргыз тили, адабияты сабагынан, жубайым Мистегүл тарых сабагынан мугалим болуп иштеген Ленин орто мектебинин жаңы имараты 1985-жылы салынып, 680 окуучуну 53 агай-эжей окутат экен.

Мектеп жамааты менен жолугушуу соңунда Низамидин агай үйүнө кайрыла кетүүгө чакырганынан барганда анын кыргыз тили, адабияты мугалими катары

Алыкул Осмоновго болгон таазимин байкап, өз көзү-бүз менен көрдүк. Низамидин 1981-жылы КМУну бүтүр-гөн. «Эл агартуунун отличниги». Ыр жазууга куштар. Бир топ калыңдап калган колжазмаларын да көрдүк. Анын ичинен мени суктантканы, ойго салганы 2000-жылы жазган «Жоктоо» деген ыры эле. Аталган чыгар-масын Алыкулдун «Үлпөт ыры» менен Чоңказаттагы оор жоготуулар айынан Ала-Тоого армандуу кайтып келат-кан Эр Манастын ички трагедиялык абалын өтө тереңдикте, көркөм деңгээлде жуурулуштурганы чоң чебер-чилик табылга экендигинде талаш жок. Эгерде, Алыкул фольклордон өзөк таап, классикалык поэзияга айлантса, Низамидин инибиз азыркы поэзияга фольклордук ык-маны орду менен олжолуу пайдаланган деген тыянакка келдим.

**P.S:** *Кара-Мыкта, Дароот-Коргондо иштеген жети жылыбызда чоңалайчылар менен жакын туугандай мамиле күттүк. Алардын арасынан Абдыгапар менен Идаят, Тажидин аке менен Базар эже, айтылуу Жамбы эжеке жана Кудайбак агай менен Ташмама эже, Мамыт, Асамидин агай, Сулайман, Момон агайлардын, Айымпаша менен Кудайназардын, Муса жана Бакир агалардын, эки Айнагүл жана Бурма эжелердин, Аппай аке жана Бурхан, Жээнбек жезделердин жана аттары аталбай калган дагы далайлардын бизге деген ыйык, ысык мамилелерин эч качан унутпайбыз.*

# «ЧЕРТИЛБЕЙТ, КҮҮГӨ КЕЛБЕЙТ ЧЕБЕР КОЛСУЗ»

Алыкулдун ушул сабына бап келген көрүнүштү Чоң-Алайдын Кызыл-Эшме айлындагы комузчу, аткаруучу Акимбеков Буркан аксакалдын Токтогул менен Атайдан Болуш Мадазимовго чейинки эл чеберлеринин чыгармаларын чыпчыргасына чейин дадил аткарган таасын талантынан баамдадык. Күзгү маалдагы түшүм жыйноо аракетинде картошка казып жүргөндүктөн, барбайган эки алаканын каккылай, жайдары учурашты.

Ал-жай сурашып, максатыбызды уккан соң далис терезесинде турган комузду ала дароо эле черте баштады. Демейки, кыл ордуна өтүк жамай турган кара жипти эле чыйралта тагып алганы таңдантты. Кара кылды какшатып, улам бир күүдөн кайрып, кээде обондуу ырлардан созолонто баштаган Буркан акага оозубуз ачыла эле карап калыппыз.

Кетмен чапкан балбан колдорунун шадылуу манжалары да кызып, ийкемге келдиби:

– Кана, агайлар айткыла, күүдөн баштайынбы же ырдан таштайынбы дегенчелик мааниде улам бизди карай мукамдуу обондорду оболото берди.

Биз да алгачкы таңданып, абдыроодон арыла «тигини чертсеңиз, муну айтсаңыз, ырдасаңыз» дегенге өтүп, диктофонго жаздыртып, фотоаппаратка тартып жаттык.

Убакыт кандай өткөнүн билбей, комуздун коңур, назик жана сырдуу дүйнөсүнө ушунча куштарлана кирген экенбиз, ошол жазылган ыр, күүлөрдү Чоң-Алай–Ош-Бишкек жолунда Гамильбек кайним айдаган «Мазда» машинасынан кайра-кайра угуудан тажабадык. Кийин аны кыргыз радиосунда да угуздук. Ушул өрөөндө накта

кыргыз турмушу сакталыптыр деген Даут Кара ыр-күүлөрдү Венгриядагы этнофольклор фондуна алып кетти.

Азыр да алыска сапар аттанганда ошол тасманы автомагнитофондон угуу адатым.

«Чертилбейт, күүгө келбейт чебер колсуз» демекчи, комуз черте албаганыма арданганымды залкар күүлөр менен торгой таңшык обондорду жактырып, жантыгымдан жата кала угарым менен актап жүргөнсүйм...

– Дароот-Коргондогу райондук маданият үйүнө ысымымды койсоңор десем «Сиз тирүүсүз да» деп тамашалай кеп жуутпайт, бачагарлар... – Ой, тиги Усубалиевдин деле көзү барында атын атап, коргоо комитет түзүп коюшту го десем үндөшпөйт – деген Буркан аксакалдын талантына таазим. Ушундай улуу адамдар кыргыз өнөр көчүн улантып, XXI кылымга жеткиришкенине ырахмат! (Кийин уксак аксакалдын тилеги ишке ашыптыр.)

*Бишкек–Асылбаш–Чоң-Алай–Бишкек.*
*19–22-сентябрь. 2002-ж.*

## «КАЛАЙЫККА ЫЛАЙЫК»

Деген накылды жашоосунда, чыгармачылыгында пир туткан Тургуналы Молдобаев агабыз жаңыланып, жасалгаланып жаткан Алыкул үй-борборуна акындын Акбозатын жетелеп келгендей эле иш жасады. Муну менен мурунку иштерди улай, кийинкилерге өрнөктүү жол чапты. Атайын чакыртпай, «кел, бери» дедиртпей эле өзү элүү канча жыл мурда, экинчи курста сатып алган китепти кирдетпей, тытпай сактаган боюнча алып келип отурбайбы. Бул китеп Алыкул Осмоновдун 1949-жылы кыргыз тилинде жарык көргөн «Жаңы ырлар»

жыйнагы. Тилекке каршы, асыл акыныбыздын эне тилиндеги акыркы мээнети. Китепканалардан таппай жана мукаба сүрөтүнө да зар болуп турганда Тургуналы аганын Алыкул үйүнө акмаңдайы жарыла кирип келгенин кантип унутайын. 1967-жылы чыккан Алыкул библиографиясы жана өзүнүн «Калайыкка ылайык» накыл-ойлор топтому да Алыкул үй-борборунун китепканасы үчүн өтө баалуу.

Ушул руханий улуу угутту бир жерге топтоо салымын баштагандардын көчбашы-акын менен Токмоктогу балдар үйүндө 1927-жылы түшкөн сүрөтүн берген Рахиля апага, Айдай Жигиталиеванын сүрөтүн алып келген иниси Аскен Осмоналиевге, Саякбай, Аалы, Жусуп, Мукай, Кусейин өңдүү залкарлардын, алардын зайыптарынын жана Алыкул менен педтехникумда чогуу окугандардын, өзүнүн аймончок кезин чагылдырган фотолорду жана акындын атактуу 3 томдугун өтө ызаттоо, колтамга каалоосу менен XXI кылымдагы кыргыздарга белекке тартуулаган басма сөз ардагери Курман Кыдырбаевага, педтехникумдагы курсташы Шайык Жамансариевге эскерүүлөрү, ырлары, сүрөттөрү жана китептери үчүн Алыкул күйөрмандары атынан миң мертебе рахмат!

Бул руханий саамалыкты уланткандар арасында чыгармачылыктын ар кайсы багытында бараткандардын бардыгы акындын талантына, жаркын элесине болгон улуу таазимди тастыктайт.

Алыкул боюнча эки тасмасы менен эл аралык деңгээлдеги киносыйлыктарды жеңген Сагынбек Ишенов агабыз берген үч картина, акын каза болгондо көчүрмөлөнгөн беткеби, Жамбул Жумабаев 1990-жылы дубал календарга тарткан портрети, акындын педтехникумдагы кезин көркөм дүйнөгө айланткан Таалай Курмановдун

эмгеги, башка жардамдары, Кыргыз билим берүү институтунун атынан Сулайман Рысбаев тартуу эткен портрети (худ. С.Төрөбеков) акындын үйүн көрккө чыгарып турганычы.

Ал эми Виктор Арнольдович Шестопал Алыкулду үйбүлөсү менен урматтаганы, өзү Каптал-Арыктагы эстелик автору, жубайы Насипкан Исмаилова драмалык актриса катары Грунья Савельевнанын ролун аткарганы жагынан айырмаланат. Мындан тышкары акындын үйүнө бюстун эбак эле даярдап, өтө сүйгүнчүлүк менен тартуу эткеничи.

«Акын жана ажал» спектаклинин автору Кадырбай Мамбетакуновдун жубайы жана Алыкулдун талантын аздектеген эжебиз Базаркүл Кусейинова материалдык колдоосу менен бирге Кадырбай аганын мурасы «Жолборс терисин кийген баатыр» пьесасынын колжазмасын бергенин баса айталы.

Эл арасындагы ушундай мурастарды чогултууга шарт түзгөн, уюштуруу маселесин жөндөөгө демөөрчүлүк көргөзгөн уюмдар менен инсандар да арбындыгы Алыкулдун Атажурт деген улуу деминен экени эч талашсыз.

Бишкектеги үйүн кайра сатып алуу боюнча демилгени колдоп, вице-премьер кезинде чечкиндүү аракет жасаткан О. Ибраимов, тонолгон эстелик тегерегин оңдоткон Бишкек мэри М. Керимкулов, «Каптал-Арыктагы музейи» буклетин чыгарууда көмөктөшкөн М. Жангарачева (Чүй облусунда иштеген маалы), көчөсүн эски асфальт менен оңдоткон Бишкек мэриясынын жол куруу департаменти (К. Алыкулов) жана көрктөндүрүү, жасалгалоо милдетин моюндаган Ленин райакимчиликтерине, ремонт ишин илгерилеткен Бишкек шаардык калкты ишке жайгаштыруу департаментине эл ыраазы.

Төмөнкү эки инсандын бири жекече, экинчиси кызматтык деңгээлде өзгөчө иш жасаганын айтпасак жарашпас. Каптал-Арыктагы мемориалдык музейдин айланасына 35 ак кайың жана сейилбак отургузуу, жолбоюндагы көрсөткүчүн орнотуу демилгебизге колдоо, балдар үйүнө жардамдашуу сыяктуу өнөгөлүү өрнөктү көргөзгөн, АКПСБ төрагасы, эл депутаты Муратбек Мукашевдин аракеттери аңыз кепке айланып калды. Тагдыр кыйчалышында акындын агадил саптарынан кайрат, күч алып, турмушунун кийинки тилкесине ишеним менен кадам таштаганын ырастоо максатында Бишкектеги үйүнүн оңдолушуна да кыйла салым кошту. Акын боюнча эмгектенгендерге да көз кырын сала жүргөнү Алыкултаануугa да көмөктөшкөнү деп ойлойм.

Демейде, тууган-туушкан, жердештигине же ар кандай шайлоолорго карап кайрымдуулук жасоо, жардамдашуу дарты боорубузду жанкашайта кактап турат эмеспи. Мындан тышкары айылдык, шаардык жана «кыргыз», «киргиз» деп руханий жаатташып кетмей ит оорубуздан сакая турган түрүбүз жоктой.

Бул жагынан алганда Курманбек Салиевич Бакиев баатырдык эле иш жасады. Орусча окуп, Россияда жогорку билим, тарбия алган, орус туугандардан кайынжурт тапкан бул адамга акын жөнүндө, анын кыргыз адабиятындагы ордун Лермонтов, Есенин, Пушкин мисалында атайын маалымат берүү, Алыкул үйүнө 2000-жылы 22-июнда чакыруу чечкиндүү чечим чыгарууга руханий түрткү берди. Ошентип, Чүй облусунун губернатору кезинде көргөзгөн демөөрчүлүк жардамы акындын Бишкектеги үйүнүн оңдолушуна, Алыкулдун өз үйүнө «кайтып келиши», тиешелүү экспонат ж.б. баалуу нерселердин топтоло баштоосуна, Алыкултаануунун XXI

кылымга уюткулуу кадамын таштоосуна зор көмөк эмей эмне?!

Кошо колдогон губернатор орунбасары Т. Сулайманов, облкеңеш төрагасы Т. Рахманов агаларга да акын арбагы ыраазыдыр.

Айтылган иштер Алыкул Осмоновдун 90 жылдыгына карата (2005-жыл) даярдыктын башталышы жана 75 жылдыгын өткөргөндөрдүн өрнөгүн улантуу катары саналмагы ырас түшүнгөндөргө. Кыргызстан КП БК жана Кыргыз ССР Министрлер Советинин атайын токтому негизинде 75 жылдык 1990-жылы эң жогорку деңгээлде уюштурулганы жадыбызда. Каптал-Арыкта мемориал музейи ачылып, эстелиги орнотулган, Бишкектеги №9 китепканага ысымы коюлган.

Орус тилиндеги ырлар жыйнагы (К. Бобулов), «Мезгил жана Алыкул» китеби, буклет, календарь (П. Казыбаев) сыяктуу басылмалар жарык көрүп, жаңы спектаклдер: «Акын жана ажал» (К. Мамбетакунов), «Алыкулга таазим» (М. Сейталиев) коюлуп, документал тасма (Л. Турусбекова) тартылган эле.

Ошондогу Маданият министрлиги, музей кызматкерлери, Жазуучулар союзу «Ленинчил Жаш» гезити баш болгон басма сөз жана жалпы интеллигенция, коомчулук экспонат топтоо, музейди жасалгалоо жана маданий, илимий иш-чараларды илгерлетүүдө өтө жигердүүлүк көргөзүшкөнү өзүнчө санжыра.

Ал убактагы партиялык, советтик жетекчилер В.Үсөнова, К. Көкөев, Ж. Түмөнбаева, М. Шеримкулов, А. Масалиевдердин жоопкер, уюштуруучулук мамилелери да оң натыйжа бергенин унутпайлы.

Ошол маареке кыргыз адабиятынын аксакал акын, жазуучуларынын, Алыкулдун калемдеш замандаштары-

нын, анык күйөрмандарынын башын коштурганы менен да маанилүү. Ошол күндөн бери көзү өткөндөрдүн жаркын элесине таазим эте, жаткан жерлери жайлуу болсун деп, пенделик парзыбызды аткара жүрөлү.

Панфилов районуна жетекчилик кызматка дайындалгандар же ошол тараптан депутаттыкка шайлангандар да көбүнчө Алыкулга карата жасаган мамилесине жараша айтыларын эшитип калабыз. Мында мурдагы райкомдун биринчи секретарлары, кийинки акимдер жөнүндө кеп болот. Алардын арасында жогоруда аталган К. Көкөевден тышкары Г. В. Давыденко, А. Райымкулов, К. Наскеевдин, Ж. Ажыбаевдин ысымдары өтө ыраазылык менен эске түшөт.

Акындын Бишкектеги үйүнүн соңку жасалгалоо, оңдоо иштеринде «Мекеним Кыргызстан» (У. Барктабасов) кыймылы да иштиктүү көмөгүн көрсөттү. Бишкек мэри А. Ногоев «Мезгил жана Алыкул» китебинин экинчи басылышын чыгарууга чыныгы атуулдук мамиле жасаганына чоң рахмат! Мындай азаматтардын өрнөгү улана берсин.

## КАЛЫК КАШАЙТСА,
## ЫРЫСКЕЛДИ ЖЫРГАТТЫ

Көпчүлүк аспиеттеп, ыр саптарын макал, лакап сымалданта жагдайга жараша колдоно билерин, жалпы чыгармачылыгын аспиеттеп барктарын билген менен, кээде мындай акыбалдын тетири жактары да болорун өз башымдан өткөргөнүм бар.

Чачтарачка барып, эптүү кыймылдаган жаш жигитке чач алдырмак болдум. Илбериңки кыймылы, жанагы үксүгүй башты такшалган скульптордон бешбетер

көркүнө чыгарган талантына ыраазы боло, ысымын сурасам: – Калык деди.

– Оо, ата-энең улуу төкмө акындын таланты жуксун деген го. Калык деген ким экенин билесиңби?

Ортодо далайга созулган тынымдан соң, алиги ишеничтүү иштеп аткан жигит:

– Билбейм, – деп, – кандайдыр кыжаалат жооп берди.

– Орус мектепте окугандырсың?

– Жок, кыргыз эле. 8-классты бүтүрүп, анан ушул кесибим боюнча окугам.

– Мектепти каерден бүттү элең?

– Жайыл районунан.

– Анда Алыкулдун жердеши турбайсыңбы. Ал ким экенин билерсиң?

Илбериңки Калыгым ого бетер шалдая түшпөспү... Кыскасы, акын Алыкул жөнүндө да жөндүү маалыматы жоктугу бир чети таңдантты, капалантты. А балким акын тууралуу жетишерлик сөз болбой, тандалма томдору түгүл, айрым чыгармалары деле балдар үчүн көп нускадагы китепчелер түрүндө чыкпай жатканынан улам ушундай «унутуу» шарты түзүлүп жатканы китеп тармагынын кемчилиги эмеспи деп да ойлойт экенсиң. Чындыгында эле кенже, тестиер жана жаштар үчүн атайын чыгарылган Алыкул жыйнактары жок эмеспи. Башкалардыкын деле бастырса бөбөктөргө зор белек болмогу жалганбы?!

Ошентип, Калыктын Алыкул маалыматын ачайын максатында буклет алып барып бердим да «эмки келгенче окуп, ырларынан жаттап тур, сурайм» деп кеттим.

Кийинкиде барсам өмүр баянын боолголоп билгени менен ырларынан жок дегенде 4–5 сап жатка айтканга жарабады.

## «КЫРГЫЗ ТИЛИН» АЛА КЕЛСЕҢИЗ

Бишкектеги Алыкул Осмонов атындагы №68 мектеп-гимназиянын 1993-жылдагы бүтүрүүчүлөрү акындын эстелигин мектеп астына:

«Бүт дартыңды өз мойнума алайын,
Сен ооруба, мен ооруюн Ата Журт»

деген айтылуу ураан саптарын жазуу менен тургузушкан. Ошол эстеликке дагы бир ирет таазим эте, мындай баса бергенде башталгыч класста окуган бир бала шашыла жүгүрүп келип, салам айтты да акын жөнүндө билгендерин жобурап, билбегендерин сурай баштады.

2–3-класстын деңгээлинен алып караганда анын айтып жаткандары, кызыккан нерселери олуттуу эле. Экөөбүз пикирлеш боло, ал турмак ата-баладай кол кармаша атжалында маек куруп бараттык. Демейде жаныма сала жүрчү Алыкулдун «Балдарга» деген китеби жоктугуна катуу өкүндүм. Мектептен улуттук банкка жеткенче экөөбүз сырдакана болуп калдык. Ырыскелди 3-класста окуурун, Алыкул жөнүндө эжейи көп айтаарын, акындын ырларына обон чыгарган айрым обончу, композиторлор, аткаруучулардын жагар-жакпасына чейин айтканына маңдайым жарыла сүйүндүм.

– Сен азамат экенсиң. Алыкулдун китебинен алып барып берем – десем Ырыскелди: – «Кыргыз тилин» да ала келесизби деп алыстан үн сала колун булгалай жолдун ары жагына жүгүрүп өтүп кетти.

Анын ушул добушунан «Кыргыз тилин эң биринчи орунда ала жүрөлү» деген чакырык жаңыргансыйт сезимге.

Ошентип, Ырыскелдиге ана барам, мына барам деген-че акыркы коңгуроо күнү да болуп калыптыр. «Кыргыз

тилин» таппаганымды эскертип, Алыкул китебин, ал жөнүндөгү түстүү буклеттерди класста тапшырып, Алыкул боюнча уюткулуу иш жасаган Айгүл эжейине, окуучуларга да рахмат айтып, ыраазычылык билгизүүдөн улам көңүл кушу көкөлөгөн жагдай түзүлгөнүн жалпыбыз туюп турдук.

Анткени, Ырыскелдидей бөбөктөр суктанып, шыктанып турса Алыкулдун ырлары түбөлүктүү болмогу, кыргыз тилинин кунары артмагы талашсыз да.

*2005-ж., 24-май.*

## ТИССАДАГЫ КЕЧ

Куманстан же байыркы кыпчактардын азыркы Мажарстандагы борбору саналган Карсак калаасынын даңазасын ааламга болбосо да түрк дүйнөсүнө дүң кылган Коңур Мандокинин коло коңгуроонун коңур үндүү добушундай сүйлөгөн сөздөрү XX кылым соңундагы кыргыз, казак журтуна өтө таасирдүү эшитилип, элдин өз тилине, дилине кайрылуусуна руханий үгүт жана улуттук дөөлөт, нарктардын көрөңгөсүн көкөлөткөн ураан болгону жадыбызда.

Тилекке каршы бул илимпоз 1992-жылы 48 жаш курагында күтүүсүздөн каза таап, сөөгү өз керээзи боюнча Алма-Атанын Кеңсай көрүстөнүнө коюлган. Ондогон кылымдарда европалык маданиятка ооп, тили да, дини да дээрлик өзгөрүп кеткен кыпчактардын байыркы көчмөндүк уңгусун кайра табуусуна ынтызарлыкты ойготуп, алардын чыгыштагы тектештери менен байланышты кайра жандандырууга жанын үрөгөн Иштван Коңур Мандокинин көзү тирүү болгондо, 12 жыл ичинде

тюркология илиминде жана көчмөндөр байламтасында эң зор өзгөрүүлөр болуу менен 60 жылдыгы евразия деңгээлинде белгиленмеги турган иш эле го...

Кыргыз, казак тилин Мажарстанда (Венгрия) кызмат өтөп жүргөн жоокерлерден үйрөнүп, анын негизинде калган түрк ж.б. тилдерди изилдөөчү, ири окумуштуу-тюрколог деңгээлине жетүүгө не деген мээнет, аракеттер жумшалбады!

Урматтуу ушул инсандын 60 жылдыгын белгилөөнү колго алган Мажар академиясы, ELTE университети жана Будапешт мэриясынан чакырык алган соң, Сорос-Кыргызстан фондунун жол кире акысын төлөп берген көмөгү жана «Мажарстан маржандары» китебин чыгарууну каржылаган Бишкек мэриясынын Маданият департаментинин деми менен сапарга аттандым...

«Коңур Мандоки–60» иш-чарасынан тышкары негизги максатым Алыкул Осмоновдун жыйнагын мажар тилинде китеп кылып чыгаруу эле. Коңур аганын курдашы, пикирдеши Буда Ференц Будапешттеги эстелик тактанын ачылыш салтанатына келбей калгандыктан, борбор калаадан 150 чакырымдай ыраактагы Тиссакечке деген чакан шаарга барууга туура келди.

«Орфеус» басмасынан телефон менен сүйлөшкөндө көбүнчө орусча, кыргызча «Ассаломалейкум, жакшы, жакшы» дегенден башкага жарабай толкунданган адамды жарыткан деле котормочу эмес го деген түпөйүл ойдо калгам.

... Күн кечтеп калганда Буда аксакалдын үйүн издеп таптык. Ак сакалы жүзүн тегиз каптап, биздикинен бешбетер жүлжүгүй көзү күлүп-жайнап турган жапалдаш бойлуу, алтымыштан ашып калган жылдыздуу адам дарбазанын эшигин ачты. – Ассаломалейкум, Буда ага,

кандайсыз? – дегениме: – Валлекумассолам, жакшы, жакшы! – деп кучагын жая калбаспы. Эзелтен бирге өскөн, ортодо далай мезгил көрүшпөй калган эски тааныштарча көкүрөк тийгизе, айдалыдан таптай учураштык. Экөөбүздүн башыбыздагы калпактар калдайган тоолордун катарлаш чокусун элестетип турду.

Кара калпагына көзүм түшкөндө: – Кыргызстанга барганда кийгизишкен аппак калпак эле. Он беш жылдан ашып кеткен убакыттын ыкчамдыгын карасаң. Дайыма кийип жүргөнгө ылайыктап карага боеп койгом. Үйгө өтүңүздөр! – деп жан-алы калбаган мажар акынды өзүбүздүн эле акын агаларга окшото босогосун аттадым. Астанада жаткан чоң ити да кыргыздын барак жүндүү тукумундагы дөбөтү сымал балпайып, камырабайт.

Жупунураак, бирок кандайдыр жылуулугу бар менчик үйдүн төркү бөлмөсүнө кирип, отурарыбыз менен: – Куш келипсиздер! Биздин шартта шараптан бир чөйчөк алып жиберет, анан калганы болот, – маанайында чебелектеген үй ээсинин сыпайгерчилигине тан бересиң.

Будапештке салыштырганда бул жер тыптынч, шаардын күн чыгыш тарабында мелмилдеп агып жаткан Тисса дарыясындай мемирейт. Нандын даамы да жердин анык касиетин сездире, улам-улам жегиң келет. Баарын эле өзүбүздүкүнө салыштырып жибериптир дебегиле, бирок бул токоч саман жагылып бышырылчу айыл-ападагы дандыр нандын өзүндөй эле.

– Кыргыздарды сагындым. Сөзүңөрдү уккум келет. Кандай сонун тилиңер, дүйнөдөгү эң көлөмдүү жана мазмун-мааниси терең эпосуңар бар. Ушундай кереметти, оозеки адабиятты сактап калган элдик таланттарга рахмат. «Токтогул–125» жылдыгына барганда, котороюн деген ниетте «Манастын» Сагымбай вариантын ала келгем.

Бирок, бала-чаканы багуу маселеси жана мурдагы социалисттик түзүлүш ыдырашы бул зор үмүттү үзүп койду... дегенде Буда аксакалдын буудай жүзү күнөөлүүдөн бешбетер кубарып кетти.

Үч кыз, үч уул жана үч неберени багуу, тарбиялоо үчүн чынында эле не деген эрк, эмгек, мээнет керек.

Көрсө, биз бая эшиктен киргенде эле менин жээн неберем Шомукеге мынчалык өнтөлөп, эркелете, бала менен бала боло ойноп, жыргап жаткан сыры ушунда экен. Анын үстүнө балдарынын баары чоңоюп, үй-жай күтө бөлүнүп кеткендиктен, неберелердин келишин чыдамсыздык менен күтөөрүн, алар келгенче жалгызсырап кетерин, ошол букту анан чыгармачылыктан чыгарарын айта бажактаган бактылуу ата, чоңата, таятага суктанбай көр. Ылайым, бала-чакасы аман-эсен, бар болсун!

...Ошентип, баарлаша бара-бара Алыкул маселесине жеттик. Жанатан берки кыргызча, мажарча, кээде гана орусча сүйлөшүп отуруудан уламбы, Алыкулдун ырларын окуй, айрым жерлерин дароо эне тилинде окуй баштады.

– Ата, бул киши эмитен эле которуп кирди го?! – деп бир чети танданган, көбүнчө сүйүнгөн Аида кызымдын ошондогу бажырайган абалы көз алдымда.

Мен да көркөм окуп, кыргыз ыргагын кулагына салайын, кандайдыр кызыгууну арттырайын деген максатты көздөдүм. Ынтаа менен угуп жаткан Буда акынга Алыкулдун:

Мен тансам: жаштан танам, ырдан танбайм,
Ыры жок өмүрүмө канааттанбайм.
Кудайга тиң мертебе калп айтсам да,
Ырыма бир мертебе калп айта албайм –

деген саптарын жатка айтып, бул анын чыгармачыл урааны болгон десем «фантастик, фантастик» («укмуш, укмуш») деп таңдана, эки-үч сыйра кайталатып укканына маашырланганым айт.

– Алыкул кыргыздын Петефиси, экөөнүн тагдыры, патриоттук духу, Атажурт, эркиндик, азаттык жана махабат деген сезимдери дээрлик окшош – деп айткан Даут күйөө балам ортого ойлордун жаңы тутамын таштабаспы.

Шандор Петефинин 1957-жылы кыргызча чыккан жыйнагын көргөзгөнүмдө мажар акындын жүзү албыра, бала кыял мүнөзү огобетер шаттана:

– Эгерде, бул китеп кайра чыгарылса Петефи эмес, Петөөфи деп кыргызча эле жазсаңар. Анткени биздин тилде да созулма «өө» бар деген омоктуу оңдоо, сунушун айтты.

Алыкулдун балдар жөнүндөгү ырларын окуп жатканыбызда, ортодогу Шомуке ушул үч акындын ортосуна жагылган шамчырактай жышаан болуп, чыгармачылыктын колдоочу периштесиндей канат каккылап жатканына ичимден тобо келтирип жаттым.

– Мүмкүн болсо Алыкулдун мажар тилиндеги жыйнагы эмдиги жылы, 90 жылдыгына карата чыгып калса, Шандор Петөөфиникин биз быйыл кайра бассак сонун болор эле – деген ниетиме Буда аксакал колдон келишинче аракет жасарын, убакыт чукулураак экенин кеп арасына кыстара: – Эгер, Даут жардамдашса тез эле бүтүрөбүз, ээ! – деп ага жылмая караганда, Алыкулдун чоңдор жана балдарга арналган жыйнагын кыргыз-мажар тилинде кармап тургандай кубанганымчы...

Сагымбайдын «Манасына» Ашым Жакыпбектин «Теңири Манас» романы кошулганын көргөн Буда Ференц

китепке тооп эте, маңдайын тийгизгени да сезимди дүркүрөтүп жиберди.

Котормо акысын берүүчү китеп фондунун шарты катаал экен. Котормо толук которулуп бүтүп, колжазма китеп түрүндө чыкканда гана гонорар төлөнөрүнө карабай макул болгон акын Будага Алыкул күйөрмандары атынан алкыш айтыш аздык кылар.

«Манаста» айтылгандай Жердин түбү Желпинишке (мажар жергеси) атайы барган максатымдын бири – Петөөфи, Алыкул китептерин чыгарууга көмөктөштүк, өнөктөштүк жардамын көргөзгөндөргө чоң рахмат айтуу менен ушул аруу ойлорду турмушка ашырууда да бирге болобуз деген зор ишеничим бар. Алар – Миклош Яцкович (мажар элчиси), Дора Карой – Мажар китеп фондусунун төрайымы, Даут Кара Шомфаи – тюрколог, К.Мандокинин шакирти, Деак Ласло – «Орфеус» басмасынын директору жана акын Буда Ференц.

Акындын руханий дүйнөсү менен дүйүм тамагына карк болуп отурганыбызда жубайы иштер боюнча кечигип жатканын, бизге жолукпай каларына өтө өкүнгөнүн билгизе телефон чалды. Ал кишинин бизге деп атайы жасап кеткен даамдуу тамагына рахмат айта, буйруса китептин бет ачарында жолугушалы деген тилекти билгиздик.

Эл орунга отуруп калган маалда эшикке чыксак, февралдын ачык асманында сары жылдыз балбылдап калган экен. Байыркы көчмөндүк каныбыздан уламбы же Буда Ференцтин ушунчалык жароокерлигиби же лепилдеген жеңил кыймылыбы, айтор кыйлага чейин коштошо албай турдук.

– Ай, Шомуке, сени алып калайынбы. Менин неберелеримдей ысык экенсиң. Алар чоңоюп калгандыктан

сенчелик эркелетпей калбадымбы – дегенде үнү каргылдана бизди деле кетиргиси келбегендей чебелектейт.

Машинанын каалгасын ачып жатканда асмандагы алиги балбылдаган жылдызга назарым кайра бурулуп: – Алыкулдун адабий жылдызы Мажарстан маданий асманында жаркырасын! – деген батаны, үмүттү ичимден кайталап жибердим.

Буда Ференцтин колун булгалай, дарбаза алдында калган карааны Тиссакечкенин кечки үрүл-бүрүлүнө төнүп баратты. Ошентип, бир топтон кийин чыкканыбыздан улам жана кичбөбөк Шомуке чыргоолоно баштагандыктан Даут даңгыр төтө жол үчүн 10 доллар төлөй, Будапештке зымырылдык.

**Эскертүү:** *Карсак деген сөз кыпчак тилинде талаа, чөлдүн түлкүсү дегенди, Тиссакечке – Тисса кечүүсү, кечмеликти, Кечкемет – дегендин кечкеси – эчкини, экинчи бөлүгү талаа дегенди түшүндүрөт экен. Мындай түбү бир түпкүрдөгү окшоштуктардын уңгусу байыркы көчмөн турмуштун жалпылыгына барып такалары анык. Мисалы, бозону, быжыны кайсы эле европалык эңсесин.*

*Бишкек–Будапешт–Бишкек,*
*2004-жыл, февраль*

# «ЖЕҢИШБЕК» –
# АЛЫКУЛДУН ЧОЛПОНУ

Дүйнө – өмүр, уул бердиң, бала бердиң,
Дүйнө – өмүр, алоолонуп жана бердиң.
Неге сен алыс кеткен сапарыңан,
Ээриң жок жайдакталып кайра келдиң?

**А.ОСМОНОВ, «Жеңишбек» поэмасынан.**

* * *

«... Жеңишбек – Алыкулдун чолпону» деген жазууну жазуучу-манасчы, «Теңири Манас» роман автору Ашым Жакыпбектин күндөлүгүнөн окуу менен, XX кылымдын элүүнчү жылдардагы студенттеринин дээр-деңгээлине суктанбай койбойсуң. Ошолордон, 60–70-жылдардагы кыргыз адабияты менен искусство кереметин жараткан таланттар чыкканы да бекер эмес экен. Бул өзүнчө чоң сөз.

Ашым Жакыпбектин сценарист-жазуучу катары калыптанышына Алыкулдун таасир эткенине күндөлүгү күбө өткөнсүйт.

Эмесе, окурман журт менен бирге ошол ойлор үзүмүнө ортоктош бололу.

* * *

*Бүгүн Алыкулдун китебин кармап отуруп, сонун ишке туш келдим. Алыкулдун тандалган жыйнагы Москвадан чыгыптыр. Карап көрсөм, тандалган деген аты болгону менен далай сонун ырлары, поэмалары кирбей калып, кээ бир жакшы, бирок жогоркулардан сапаты төмөнүрөөк ырлары кирип калыптыр.*

*Экинчиден, кээ бир ырлары начар которулган. Үчүнчүдөн, көпчүлүк ырларынын орусча котормосунда кыргызчасындагыдай адамды тартып туруучу таттуу, магнит күчү сезилбейт – оригиналдуулукту жоготуп койгондуктан, жалпы эле жакшы деген акындардын деңгээлинде калган.*

*Чынында ырдын поэзиялык толкундуулугу жагынан Алыкулдайлар бирдеп саналат....*

*Мына ушулар жөнүндө пикир, макала жазайын дедим эле. Бирок, ал азырынча башка бир чоң ишке орун бошото берди. «Мырза уулу» Алыкулдун сонун поэмаларынын бири – анын башка сапаттарына кошумча фольклорду эң сонун пайдаланышы жанды эргитет.*

*Ушул поэма боюнча киносценарий жазалы деген ой – «мальчишеская мечта» болуп калды... Бирок, ойлоп отуруп бир нерседен токтодум: «Мырза уул» түштүктөн алынып жазылган, элдин диалектилик ж.б. көп турмуштук, духовный кичине айырмаларын, тилин билиш керек. А мен билбейм, Түштүктө болбогом. Барып келүүгө эмес, азыр курсакка тыйын жок...*

*Турмушка өкүнүп коюп, «Жеңишбекти» окуй кеттим. «Жеңишбек» – Алыкулдун чолпону. «Жеңишбекти» окуп отурсаң эрте жазда көл жээгиндеги атыр жытка мас болгондон да аша кетесиң...*

*«Жеңишбектей» таттуу-рахаттуу аба жок, болсо да аз.*

*Ошентип, «Жеңишбекти» экранга «чыгаргым» келди.*

*Бул багытта тажрыйбам жок болсо да бел байладым, ким билет эмне болорун...*

*Эгер, чебердин колуна түшсө укмуш эле болор эле!*

*Ошентип, «Жеңишбек» киносценарийин бүгүн баштадым.*

*Бардык күчтү, албетте, жакшы кылууга жумшайм...*
*Бирок, билбейм кандай чыгарын.*

*Ашым Жакыпбек, 1955-жыл, 6-8-ноябрь.*

* * *

Бул ою ишке ашкан-ашпаганын дагы иликтеп көрөрбүз. Ал эми Ашыке кийин «Кыргызфильм» киностудиясынын Башкы редактору катары көптөгөн тасмалардын таасирдүү чыгышына зор салым кошкон. Ал эми өзү жазган сценарийлер боюнча «Айдагы жезкемпир», «Ысык-Көлдүн кызгалдактары» кинолору тартылган.

Демек, Алыкул Ашыкеге сценардык шыктын, Бексултан абага драмалык жанрдын дүрмөтүн жакканы туюлат.

– Ошол тандалмага рецензия жазып, «Л.Г»га жиберсем жарыялабай коюшту. Котормону өтө сындасам керек. Чыкпай калганына деле бир чети сүйүнөм. Анткени, ага шерденип адабият сынчысы болуп кетишим мүмкүн эле. Редакциянын жообун тапканга, кол жазмаларды аңтарганга чолом жок, – дейт Бексултан Жакиев Ашыкенин күндөлүгүнөн улам уланган кеп тизгинин тарта.

Ооба, Алыкулдун таасирине берилбегендер деле учурашы мүмкүн. Ал эми таалимин алгандар Алыкулдук ойдон жаңы ой серелерине көтөрүлө алышабы? Кеп ушунда. Ал эми Алыкулдун согуш темасындагы «Бүкөнтай», «Үлпөт ыры», «Покрышкинге», «Майдын түнү», «Чолпонбай», «Жеңиш ыры», «Күлүйпа» сыяктуу бөлөк чыгармалары да согуштун трагедиялык маңызын ачкан өзүнчө бир түрмөк. Ушулардын туу чокусу же Ашым Жакыпбек атаган философиялык ой чолпону «Жеңишбек» эмеспи.

* * *

Ошентип, Алыкул өзү эл арасынан «Аксаткын менен Мырза уулдай» элдик чыгармаларды алып чыкса, анын айтылуу «Жолборс терисин кийген баатыр» котормосу элдик ырларга айланып кеткени да кызыктуу.

Анда эмесе элдик чыгармалардын жыйноочусу, коомдук академик Калмурат Рыскулов аксакалдын жарыялана элек «Ок аралаган ырлар» кол жазмасын барактап көрөлү. Автор 1928-жылы Ала-Букада төрөлгөн. 1955-жылы Ош пединститутунун филология факультетин бүтүрөт. 1948-жылдан бери чыгармачылыктын чыйырында. «Эл агартуу» отличниги. Ондогон китептердин автору.

Колжазма уруш учурундагы эл турмушун чагылдырган (132 бет) ырлар, кат жана автордун өзүнө таандык «Өмүр күрөшү» (84 бет) чыгармасынан турат.

1. Ар бир ырдын ээси конкреттүү адам, демек адабий көркөмдөө жана ойдон кошумчалоо дээрлик жок.

2. Айрым ырлардын жаралышына негиз болгон окуялардын баяндалышы да кызык. Мисалы, Алыкул Осмоновдун кеңири белгилүү «Жолборс терисин кийген баатыр» (Ш. Руставели) котормосунун эл арасына терең сиңгенин далилдеген:

Бул турмуш чие шахматтай,
Болбойлу курбум ашмалтай.
Убадага бек тургун –
Убарлуу селки Асматтай.

Пайдаланып шарттан бир,
Пакизалыкты гаптан (кептен) бил.
Тилегине жетишкен,
Тинатин менен Автандил.

Туруктуу жүрсөк бетмандай,
Талапты бузбай эч кандай.
Табышабыз түбөлүк –
Тариэл менен Нестандай.

Бул ырлар Алыкултануу илимине да баа жеткис булак болмогу ырас.

## «ЖОЛБОРС ТЕРИСИН КИЙГЕН БААТЫР» БАЯНЫ

Дасыккан адабиятчылар менен таланттуу котормочулардын далай сынынан, алтымыш беш миңден ашык окурман баамынан өткөн жана көптөгөн калемгерлердин сөз өнөрүн өркүндөтүүгө өбөлгө түзгөн Шота Руставелинин айтылуу дастаны Алыкул Осмоновдун эркин котормосунда 66 жыл ичинде алты ирет басылганы адабияттагы өзгөчө окуя. Анткени, түп нускадагы эң мыкты чыгармалар деле кайра-кайра китеп түрүндө чыгарылышы чанда көрүнүш.

Алыкул айтылуу котормосун 1938-жылы май айында баштап, 1939-жылдын апрелинде бүтүрсө, ошол эле жылдын 15-ноябрында латын арибинде терүүгө берилип, Казан шаарындагы Татполиграфта 23 басма табак көлөмүндө, 10 миң 90 нуска эсебинде, Кыргызмамбас грифи менен китеп болуп чыккан. «Мамлекет Басмасы» деп айланта жазылган жазуу ичине чыгып келаткан Күн, тоолор жана алчактаган ат минип турган ак калпакчан кишинин сүрөтү, сол жагын бадырайган буудай башы, оң жагын куш канаты иймекей тарта курчап турган айлампа – текче үстүндөгү китеп мукабасы менен бир бүтүндүккө ширелишип, энтамгалык таасирге жетип турат.

Басууга кол коюлган күнү 1940-жылдын 11-марты. Ар бир басма табагында 48 миң 400 тамга бардыгы жазылганы боюнча алсак, китеп 1113200 тамгадан турат. Ал эми азыркы эреже боюнча бир басма табак дегенибиз китептин 16 барагы эмеспи. Демек, 368 бетти түзөт. Бирок бул сан китептин чоң, кичине формат – көлөмүнө карата да өзгөрүп кетерин эске алуу шарт.

Биринчи басылышына жооптуу редактор А. Осмонов өзү, жооптуу корректорлор Б. Ысмайылов, Ж. Солтобаев, чыгышына жооптуу Ж. Жоробаев, техникалык редактору Н. Гайфуллин.

Котормонун экинчи басылышы 1950-жылы 20-июлда терүүгө берилип, ошол эле жылдын 21-ноябрында басууга кол коюлуптур. Көлөмү 16 басма табак, нускасы 5090. Котормонун редактору Т. Сыдыкбеков болгон бул китеп 1951-жылы жарык көргөн.

Демек, 1,2-басылыштарына А. Осмоновдун котормочу – автор жана редактор катары катышы бардыгын, бирок ден соолугуна байланыштуу экинчисине канчалык деңгээлде катышканын адабий тарыхта эске алыш зарыл.

1956-жылы 15 миң нускада чыккан үчүнчү басылышы 1955-жылдын 10-сентябрында терүүгө берилсе, 19-ноябрда басууга кол коюлган. Басылманын редактору Х. Аманканов.

1972-жылы «Кыргызстан» басмасында Ш. Абдылдаевдин редакторлугу менен 10 миң нускада чыгарылганы 16-июлда терүүгө берилсе, 12-октябрда басууга кол коюлган. Көлөмү 16 басма табак.

1975-жылы 19-ноябрда терүүгө, 1976-жылы 19-январда басууга кол коюлуп, чыгышына жооптуу А.Исакова

болгон басылма 20 миң нускада, «Мектеп» басмасында жарык көргөн. Көлөмү 16 басма табак.

Акыркы, алтынчы басылышы 1982-жылы ушул эле басмада чыгышына Э.Үсөновдун жооптуулугу менен 15 миң нускада, (300 бет) 16 басма табак көлөмүндө чыгарылган.

Ошентип, биринчи – алтынчы басылыштардын көлөм боюнча айырмасы 7 басма табак экени эмнеде? Башта эскертилгендей китептин форматына жараша болот. Мисалы, 1940-жылдагысы 60х90 $^{1}/_{16}$, калгандары негизинен 84х108 $^{1}/_{32}$ форматта. Булар техникалык жагы деп коёлу.

Ал эми жалпы саны 65 миң 180 нусканы түзгөн котормо – чыгарманын маани-маңызы кандай өзгөрүүлөргө, алымча-кошумчаларга кез келгени адабият айдыңында көңүлгө алынбаганы текстология илиминин кемтигидир.

«Жолборс терисин кийген баатырды» жетинчи ирет чыгарып, XXI кылымдагы кыргыз окурмандарына Алыкул атынан тартуулоо ниетибизге ортоктош болгон акын, басма ишинин ардагери Байтемир Асаналиев агабыз:

– Памирбек, максат чоң, ниет зор экен. Бирок, мурда чыгарылгандарына анчалык зирек мамиле жасалбай, эски басылмалардын барактарын чаптай салып, терүүгө берүү менен чектелгенин эскертейин. Ошондуктан, алгачкы басылыштарын кийинкилери менен салыштырууга көңүл бурсаң, – дегенинен улам Шота Руставелинин орус тилиндеги китептерин да пайдалануу менен редакциялоо башталды. Негизинен Н. Заболоцкийдин 1984-жылы «Художественная литература» басмасынан чыгарылган котормосу колдонулду.

# АЛЫКУЛДУН АЛГЫ СӨЗҮ

Котормочу катары өз оюн билдирип, китептин авантитулунда: «Кыргызчалаштырып эркин которгон Алыкул Осмонов» деп жазылгандын чоо-жайын түшүндүргөн, эркин кетип калышына мисал келтирген чакан кириш сөзү латын арибиндеги алгачкы басылмада берилген.

Адабият кызыкчылыгын көздөп, акындын ошол сөзүн толугу менен берүүнү эп көрдүк.

* * *

Улуу акындын чыгармачылык жолун жана ким экендигин толкутуп жазуу кыйын, төмөнкүчө гана бир-эки ооз сөз жазууну ылайык таптым. «Жолборс терисин кийген баатыр» (Vepxic Tgaosani) грузин элинин сүйүктүү ыры 750 жылдан бери ооздон оозго айтылып, элдин жүрөгүндө сакталып келди. Ашыкчылыктын, досчулуктун, баатырчылыктын поэмасы грузия элине кайда жүрсө да (согуштарда, дыйкандар арасында, жумуш маалында, үйлөнүүдө, кайгыруу-шаттанууда) макал катары колдонулат.

Жакында болуп өткөн акындын юбилейинен кийин бир тууган улут республикалар да өз тилдерине которууга киришти, ошонун бири биздин кыргыз жазуучулары да айрым главаларын которуп, элге тааныштырышты.

Мен үч жылдык ишимде ушул поэманы толугу менен которуу максатын коюп, акыры ишке ашырдым. Котормо эң эркин которулду, маселен сиздерге төмөнкүнү жазып окутуп көрөйүн:

**Орусчасында:**

Уж забыл я ликованье,
арф и звонких лир бряцанье,
И свирели напеванье, той,
чье имя нежно най.
Так в печали безответной вянет
пламень озоцветной
Но в серднечной мгле заветной
молвил он «не унывай».

**Котормодо:**

Коңур үндүү арфа күүсүн сагындым,
Үнүн кошуп ыр ырдаган жарымдын.
Жаш төгүшкөн ошол салкын түндөгү
Жароокерлүү шерттеринин бардыгын.
Чыда жаным, болот канжар кессе да
Түбү келип сары алтын дейт – сабырдын.

Ушул сыяктуулар.

Орусчасы менен кыргызчасынын ортосунда чоң айырма (расхождение) бар, бирок ошондой болсо да мааниси өзгөрбөй сакталат. Поэманын эң бөтөнчөлүгү, афоризм байлыгын сактоого да тырыштым. Ачык айткан- да көп жерлеринде маанисин алып туруп, өзүмчө кетип калган учурлар да бар. Мындан аркы которуучулар мын- дай кемчиликтерден арылуулары шексиз.

Ардактуу окуучулардан, өздөрү тарабынан сезилген кемчиликтерди мага жазууларын сурайм, мындан аркы басылуулар сайын оңдой берүүгө даярмын.

Шота Руставели жөнүндө жетиштүү башкы сөз жа- зууга мүмкүндүк болгон жок, ал тууралу жазылган сын

материалдары менен тийиштүү китепканалардан таап алып, таанышып чыгууңуздарды сурайбыз. (1940-жыл. 5–6-беттер)

* * *

Алыкулдун алгы сөзү эч оңдоосуз берилди. Орусча тексттен кеткен каталары оңдолду.

(озоцветный-розоцветный, серднечной-сердечной, рассхождение-расхождение).

Кийинки китептеринде котормочу – автордун алгы сөзү берилбейт да, адатка айланып калган «Басмадан» деген кириш макалада Шота Руставели жана анын ушул чыгармасы тууралуу баяндалат. Кызыгы, бул макала анча-мынча өзгөрүүлөр менен китептин кийинки чыгарылыштарында кайталанып, жаңы ой-пикир айтылбаганына адабиятчылар назар салар.

Ал эми акын 1944-жылы жазган «Шота Руставелиге» деген ырында авторго болгон сый, урматын чагылдырган.

## ШОТА РУСТАВЕЛИГЕ

Шота аба, чын достуктун эң кымбаты,
Эр үчүн керек жерде ак кызматы.
Жөнөй бер, дагы сонун жерге алпарат,
Алдагы мен берген ат – кыргыз аты.

Таарынба, белегимдин көрдүң азын,
Сынагын, кандай экен ичин ачкын.
Ал белек: сага тааныш – сулуу Нестан,
Мен аны кыргызчалап кайра жаздым.

Тариэл – сен көргөндөй баа жетпес эр,
Автандил – жүзү жылуу акылман шер,
Түз талаа, бактуу калаа, тунук суулар...
Баары бар... Тинатин кыз үн салган жер.

Баягы кара үңкүрдө күткөн Асмат,
Батмажан виного мас, күлгөн шат-шат...
Айтылды өз түрүндөй Фридон дос,
Не сулуу, айлуу түндөр күмүштөй ак...

Айбы жок жаш сүйүүнүн кайгылары,
Эң таттуу, эң бир жумшак муңу, зары.
Арфа ыры, жанды эриткен коңур үндөр,
Таарынуу, сүйүнүүлөр, баары баары...

Жок күтпөйм, алдын алып айтпа рахмат,
Өзүң көр, өзүң өлчө таразалап.
Арманым ошол сүйүү бул күнгө да,
Кайрадан жаралсачы атаганат!

Шота аба, чын достуктун эң кымбаты,
Эр үчүн керек жерде ак кызматы.
Жөнөй бер, дагы сонун жерге алпарат,
Алдагы мен берген ат – кыргыз аты.

*3/XII 1944, Койсары*

## «МИҢ УККАНДАН БИР КӨРГӨН»

Дегендей эле улуу, таза, нукура жана ыйбаа махабат жөнүндөгү бул дастанга сюжеттик сүрөттөр да ар кыл түстө, ыкмада тартылган. Бала кезде окуганда элестеткен элестер менен айрым үй чатырларын кооздоп турган сүрөттөрү (көбүнчө Тариэл менен жолборстун кармашып атканы) гана болбосо, бул алты ирет чыгарылган котормо-чыгарманы көркөмдөп жасалгалап, сүрөт тартканга кыргыз китебинин художниктери чыгынбашында не себеп? Балким эмки китеп художниктери жаңы түстөгү сүрөттөрдү жаратып, Шота менен Алыкулдун каарман элестерин Ала-Тоо арасына аралатар.

Айтмакчы, эки залкардын кыргыз кыйырын аралай чаап бараткнын чагылдырган графикалык эмгек кинорежиссер жана художник С. Ишеновго таандык.

Мына ушул себептерден улам, алты ирет басылган китептин төртөө мурдагы эле иллюстрациялар менен толукталган. Алардын авторлору советтик жана ага чейинки мезгилде жашаган башка эл өкүлдөрү. 1976–1982-жылдардагы басылышында иллюстрация түгүл, авантитулунда Шота Руставелинин сүрөтү да жок. Мукабалары эч айырмасыз жасалгаланган. Демек, жогоруда Б. Асаналиев айткан кеп-кеңештин чындыгын тексттен тышкары сүрөт жасалгалары да ырастады.

## БАЙКАЛБАЙ КАЛГАН КАТАЛАР

Автандил Тариэлди алгач издеп жөнөгөндө Ростеван бата берип, эл менен чогуу узатканы 1940-жылдагы китепте:

Автандил ошол бойдон житсин ылайым!
О, тагдыр, мындай кулга кылба райым! –
деп ката (193-бетте) берилсе, 1951-жылдагыда:

Автандил сапарында кор болбосун,
О, тагдыр, жолун ачып, бер райым!
деп оңдолгон (175-б.).

Мындагы «тагдыр» сөзү «Кудай» же «Алла Таала» түшүнүгүн берип турганы менен негедир өзгөртүүсүз кала берген. Балким атеизм таасири тийгендир.

Динге байланыштуу окуялар же башка көрүнүштөр чыгарманын түп нускасында көп экендиги, алардын кыйласы котормонун кыркынчы жылдагы алгачкы басылмасында дээрлик сакталганы табигый көрүнүш эле.

Бирок, кийинки басылмаларда алар дээрлик сакталбай калган. 1951-жылы чыкканында атеисттик көзкараштагы оңдоолор изи даана сезилет.

1940-жылдагы:

Ойгонуп, күндө ойгончу убагында,
Жыгылып ак багымдат намазына.
Ростеван отурган жок тактысына,
Эч кимдин датын укпай, абдан капа –
деген түрмөгү:

Ойгонду Ростеван кан таң азанда,
Өңү сур, ачуусу курч кыялында.
Бүгүн ал отурган жок тактысына,
Эч кимдин датын укпай, абдан капа – болуп оңдолгону буга күбө.

Дегенде:
«Күнүң өчтү, айың батты»
«Аллалап» жин тийгендей калтырашты.
(1940-ж., 192-б.)

Мунун экинчи сабы:
Калың эл өкүнүчтө калтырашты болуп кийин өзгөртүлгөн.

Ал эми Автандилдин арманындагы:

Сурарым Нестаныма угузуп кой,
Сүйүүгө минтип күйүп, жанганымды, –

деп айтканы эң биринчи басылышында (222-бет) ката берилсе, кийинкилеринде да оңдолбой калган. Нестаныма эмес Тинатинге дегени туура.

1940-жылдагы басылманын 124-бетиндеги:

Нестандын баш жагында ачык жаткан,
Шыбырап «бисмиллалап» Кураанды алам.
«Акмын» деп жүз кайталап айтсам дагы
Ишенбес кургак сөзгө каргангандан.
«Мына бул ак Кураандын кусуру урсун,
Калп айтпайм, ишен жаным, ишен маган...»

деген түрмөк 1951-жылдагы китептин 117-бетинде:

Нестандын баш жагында ачык жаткан
Шыбырап касиеттүү китепти алам.
«Акмын» деп жүз кайталап айтсам дагы
Ишенбес кургак сөзгө каргангандан:
«Мына бул касиеттүү китепке ишен!
Калп айтпайм, ишен жаным, ишен маган...»

деп өзгөрүлгөнү кийинки басылыштарда кала берген.

Түп нуска саналган орус тилиндегисине салыштыралы:

На ковре Коран открытый я заметил
пред царевной,
Взяв Коран, прославил бога я молитвою
душевной.
Я сказал: «Меня, о солнце, ты спалила
речью гневной,
Но послушай, что я скажу о судьбе
моей плачевной». (82-стр.)

Мындай айрым логикалык каталардан тышкары көптөгөн майда-чүйдө, бирок маанилүү каталар да кетирилген. Мисалы: ат жаратып алыстан эмес – ат чарчатып алыстан; минутту – ирмемди;

Ок тийип, жаткан кезде кан жүрөктөн – ок тийип, аккан кезде кан жүрөктөн;

Нестанды издегендей иренжүү жок – «иренжүү» эмес туурасы «убайым».

Бар жанга өз кесибин жазган Алла,
Кесибин эмес «насибин» делгени туура.
Жаткан эмес – жеткен.
Байып жаткан саранддар да жок эмес.
Мында «сараңдар» ордуна «күң, кул».
Жерди жеңип – эмес, жерди кезип.

Автандил менен Тинатиндин баш кошконго чейинки мамилелери ашыктык, сүйүү жагдайында болгондуктан «жубайым» деген туура эмес (1940-ж., 11-бет), «ашыгыма» делип (7-басылыш. 10-б.) оңдолду. Башка жерлерге да ушундай оңдоолор берилди. М: Нестан жарга-жанга.

Автандил бар миллион эрлер башчысы.
Оңдолду:

Автандил бар түмөн эрлер башчысы.
Байкап турса даңгыраган жол жатат
Мел-мел этет дагы алыс, дагы ары.

Экинчи саптын:

Мунарыктап алыстаган дагы алыс, дагы ары – делгени туура.

Деп Автандил тартты аларга сапарын

Оңдолгону:

Деп Автандил айтты аларга максатын.
Жеңил сүйлөп болбоюн деп девелги,

Оңдолгону:

Кылып албай өзүмө өзүм кедерги.
Кыз буралып алып берди жүгөндү.
Туурасы – тизгинди
Жабыркаган күнөөсүз жаш баланын,
Жүрөгү өлбөс, берер бакыт жардамын
(1951.51-б.)

Туурасы:

Жабыркаган күнөөсүз жаш баланын
Жүрөгү өлбөс, Кудайым берер жардамын.
(1940. 49-б.)
Кызым Нестан өсүп, жетип бaратат.

Туурасы:

Кызым Нестан бойго жетип келатат.
Биздин ыйга төлөп берет ырахат.

Туурасы:

Биздин ыйга төгүп турду ырахат.
Коркоктук, чын баатырлык кадимки экен.

Туурасы:

Коркоктук, чын баатырлык кимдики экен.
Мен жигит, сүйгөн сулуу ашык жардын,
(1951. 83-б.)

Туурасы:

Мен жигити сүйгөн сулуу ашык кыздын.
(7-басылыш. 73-б.)
Жолборстун терилерин кийинген шер.

Туурасы:

Жолборстун терисин кийген шер.
Ефрат эмес – Евфрат.
Тагдырдын кыла жүргөн дабалары – эмес табалары.
Бакыт келбейт бак талашпай Алладан.

Туурасы:

Бакыт келбейт буйрук болбой Алладан.
Колдосун бул күчүмдү өз таалайым

Туурасы:

Колдоду бул күчүмдү бир Кудайым.
Бир саатча тил байланып туруп калды,

Оңдолду:

Бир саамга тил байланып туруп калды.
(7-басылыш. 268-б.)
Өлбөсөм жүз көрүшөр бир мезгилде,
Жарармын сенин кылган кызматыңа.

Туурасы:

Өлбөсөм, бул дүйнө эмес, ал дүйнөдөн,
Жарармын сенин кылган кызматыңа!
Көзүңдүн асыл жигит алабтары.

Туурасы:

Көзүңдүн асыл жигит караганы.

**«Батма сөзүн узарта берди» бөлүмүндөгү:**

Күн өчтү. Акыр заман болору ушул,
Жер үстүнө жамандык толору – ушул.
Жыргал менен азапты бөлөр күч жок,
Тозоктун кара кушу конору ушул,
Күлкү, оюндан айрылып бардык адам,
Ажал жели зыркырап согору ушул –

деген экинчи түрмөгү кийинки басылыштарында алынып салынган. Буга негизи: акыр заман, тозоктун кара кушу, ажал жели деген түшүнүктөр түрткү болгон десек, төмөнкү ыр саптары эмне үчүн кыскартылганы белгисиз:

Махабат – өжөр таттуу бала тура,
Тагдыр куш – мел-мел эткен талаа тура.
Бул дүйнө – бир өң эмес, ала тура,
Махабат жүрөктү эзген санаа тура.
Ашыктык алоолонуп күйсө дагы,
Тагдырга мунун баары даба тура!
(1940-ж. 78-б. Эң акыркы куплет)

* * *

Алыкулдун эркин котормолорунун акын берметиндей туюлган бул түрмөктөрүн окуп көрөлү:

Махабат – бирде уу да, бирде балдай,
Махабат – бирде учкул жагалмайдай.
Махабат – бирде туткун эркке көнгөн,
Кор болуп, бирөөлөргө алдангандай,
Мен үчүн булуттардын арасына –
Кылт этип кирип кеткен кайгылуу Айдай.
(1940. 165, 166).

* * *

Сүйүүнүн көзүң көрбөс түрлөрү бар.
Сүйүүнүн кулак укпас үндөрү бар.
Сүйүүнүн кыш болсо да жайдан жыргал,
Үзүлбөс башка адамга гүлдөрү бар.
Сүйүүнүн арфаларга бербей турган –
Өзүнүн тарта турган күүлөрү бар.
(7-басылыш. 94-б.)

* * *

Махабат – арсыздарга жеңил элпек,
Оң, солго өз оюндай тегеретмек.
Махабат – билгендерге асмандан зор,
Чөл басып, аскар ашып, деңиз кечмек,
Мындайда болоттон бек, баатыр жүрөк
Автандилдей ак дил арстан керек.
(7-басылыш. 192-б.)

* * *

Адабиятка, анын ичинде котормо адабиятка да атеисттик көзкараш-конъюктуранын катуу коюлганы же чектен ашып кеткени «Автандилдин мечитке сыйынганы» темасы «Автандилдин сыйынганы» болуп оңдолгону жана 24 сап мааниси 10 сапка орунсуз сыйдырылганынан улам да айкындалып турат.

Адегенде «оңдолгонун» окуп көрөлү:

«Асманды, жерди, сууну жаратканым!
Түрлүү насип ар адамга таратканым.
Колдой көр, эрдик антын колдоор болсоң,
Жолумду ач, артсын менин күч-кубатым.

Жараткан, адам этин жегичтерден,
Дайра, суу жана түнкү жин периден.
Сактай көр, жолумду ач, кенен кылып,
Чыга көр аман алып деңиздерден!
Сүйгөндү сүйгөнүнө жолуктуруп,
Элиме соо-саламат кайра келсем».

1940-жылдагы китепте берилгени:

Башына чымкый кара селде оронуп,
Тулпарын жолго минер токуп болуп.
Мечитке касиети күч ээн келип –
Автандил бата кылды, кураан окуп.
Кудайдан төмөнкүнү өтүнүч кылды,
«Сактай көр жанымды» деп колун созуп:

«Асманды, жерди, сууну жаратканым!
Түрлүү ынсап ар адамга тараткaным,
Колдой көр бар-бар дигер колдоор болсоң!
Өлүмгө жанды байлап баратамын,
Артымдан издеп барар бир тууган жок,
Тагдырым жалгыздыкка армандамын!

Ээ, Кудай! Бардык таалай бир өзүңдө,
От салдың менин ысык жүрөгүмө.
Ашыктык, ушул жыргал, ырыс-бактым,
Кайра бир жетер бекем сүйгөнүмө?
Жаңы өскөн айкалышып эки гүлдү,
Жеткирбей бир-бирине, таптай көрбө?

Ээ, Кудай! Адам этин жегичтерден,
Дайра, суу жана түнкү жин периден,
Сактай көр! Көкүрөктөгү чымын жанды!
Кырк бир күн, кырк бир түн түлөө берем,
Элиме соо-саламат кайра келсем».
(7-басылышка ушул берилди).

* * *

1951-жылдагы басылмада «Автандилдин арманы» минтип бүтөт:

Баатырдын ай-ааламга зары жетип,
Айбандар баш ийишти текши келип.
Индилер, грек, орус, ирандыктар,
Баарлыгы өз тилинде алкоо берип.
Миң алаамат шумдукту артка таштап,
Автандил жүрүп кетти сапар чегип.

Бул түрмөк 1940-жылдагы китепте:

Баатырдын бир Кудайга зары жетип,
Ыйлады сайдын сансыз таштары эрип.
Ошондо чыдай албай кошо ыйлашты,
Токойдун айбандары чыгып келип...
Миң алаамат шумдукту артка таштап,
Автандил жүрүп кетти сапар чегип –

деп берилген. Ал эми жогоркудай ар түркүн улуттарды кошуп бурмалоого жол болсун, же жасалма «интернационализм» идеясынын илдетиби...

* * *

Ай элем – эми өчөмүн айың болбой,
Күн элем – эми өчөмүн нурга оробой!
Жашоодо сүйүү кыйын билгендерге,
Сүйүүдөн айрылган соң, өлүү оңой.
Урматың, денем менен кошо жатат,
Мен өлөм, колуң жайып, дуба окуп кой –

түрмөгү кыскарылбаса деле болчудай экен.

Нестан кажеттердин сепилинде камоодо жатканда үмүтү үзүлө Батмага жазган катында, Тариэл хатаваларды жеңгенде тартуулаган жоолугунун айрындысын кошуп бергенин жазат.

1940-жылдагы басылышта (301-бет) бул учур башкача сүрөттөлгөнү А. Осмоновдун эркин котормого өтө берилгендигинен болсо керек:

Жибердим белек кылып сары жоолук,
Жаш менен тегерете сайма согуп.
Түшүнсүн Тариэлим бул белгиден,
Саргарып жатканымды туткун болуп.
Күн эмес, минут сайын эсиме алып,
Камыгып, караңгыда кайгы оронуп.

Орусчасында:

Пишешь ты, что знак любови
я послать ему должна
Шлю ему кусок вуали, тяжкой горсти полна.
Та вуаль отбита милым у хатавов и она,
Всюду странствуя со мною, как судьба моя,
черна! (201-стр.)

7-басылышында оңдолгону:

Жибердим белек кылып айрып жоолук,
Бир кезде өз колунан берген жоолук!
Түшүнсүн Тариэлим бул белгиден,
Кайгыда жатканымды туткун болуп.
Жок менде мындан башка көңүл басар,
Жатканым караңгыда кайгы оронуп.

Тариэлге Нестан жазган каттын:

Берерим, ушул жаным, кайгы жоолук,
Катып ал, жазган катты окуп болуп.
Бул өзү – махабаттын элестери...
Жаш гүлдөр жамгыр жаабай калган соолуп.
Жер, көк да, ай да, күн да, баары каршы
Эмесе, түбөлүккө коштошолук –

деген эң соңку түрмөгү эмне үчүн кийинки басылыштарга киргизилбегени белгисиз.

Сеп болор, жалынып көр Жаратканга,
Көз салар карыптардын көз жашына!

деген саптар (1940.304-бет) 1951-жылдагы басылышта (271-бет):

Сеп болор жалынып көр махабатка,
Аскадай бекем болгун кайратыңа –

деп оңдолгону атеисттик көз караштан же махабатты барктоодон болгонбу?

Ал эми чыгарманын:

Шаркырап, эркин агат алтын булак,
Жээгинде булбул куштар сайрайт, ырдайт.

Жалганда не тилесең, баары даяр,
Жаралып жарык заман, жанга рахат...
Унутуп адамзаттар жамандыкты,
Кой үстүндө боз торгой жумурткалап –

деген эң соңку саптарын алып коюшта жана жогоруда көрсөтүлгөн оош-кыйыштар боюнча иштөөдө котормочу Алыкул Осмонов редактор Түгөлбай Сыдыкбеков менен иштешкени же редактордун «аракети» эбепке-себеп болгонун Алыкултаануу илиминин айдыңына эми келип аткан текст изилдөөчү окумуштуулар аныктап алар деп ойлойбуз.

Мунун бир төтө жана ыңгайлуу жолу «Жолборс терисин кийген баатырдын» 1940-жылдагы алгачкы жана кийинки басылыштарын (1951-ж.) Алыкул Осмоновдун жетинчи басылышына кунт коюп, дагы майда-чүйдөсүнө чейин салыштыруу.

* * *

Махабатты жана анык достукту даңктоодо кыргыз тилинин көркөм ой даражасын, кудурет күчүн тастыктоодо Алыкулдун «Жолборс терисин кийген баатыр» котормосу опол тоодой тирек болуп, кыргыз адабиятына ак кызмат өтөгөнү ырас.

Бул котормо – чыгарма эне тилибиздин кооздугун, көркөм сөз касиеттерин XXI кылымдагы кыргыз окурмандарына да даана ачып көргөзмөгү анык.

## СОҢКУ СӨЗ ОРДУНА

Шота Руставелинин сүйүү дастанын түп нускасында окуй албагандыктан төмөнкү күмөнсүнүү чечилбеген бойдон калат шекилденет. Орусча котормосунда Тариэлдин арстан менен жолборсту өлтүргөн себеби бул эки жаныбардын өз ара арзуусу, ашыктыгы же тикелей, орой айтканда экөөнүн үйүгүшүү аракетинен улам болгону айтылат. Ушул жерден зоологиялыкпы, биологиялыкпы бир суроо кылт эске түшөт... Арстан менен жолборстун бири-бирине мынчалык жакындашуусу жөнүндөгү маалымат илим же турмушта деле бардыгын учуратпасак керек эле.

А балким автордун фантазиясы аркылуу Тариэл жана Нестандын азаптуу махабаты арстан менен жолборстун ойго келбес лирикалуу образына салыштырылгандыр. Эгерде, ушул оюбуз омоктуу делсе, анда котормочулар тарабына эч доомат жок.

Бирок, А. Осмоновдун вариантына киргизилген редакторлук оңдоону көргөзүүнү эп көрдүк.

«Тариэл жолборс менен кармашканын айтып баратты» бөлүмүнүн орусчасында:

Я сквозь заросли проехал и на холм
поднялся скоро,
Вижу: лев спешит к тигрице,
полный страсти и задора.
Их веселые забавы были радостны для взора,
Но затем меня смутила непонятная их ссора.

*(Ш. Руставели. Витязь в тигровой шкуре. Перевод с грузинского Н. Заболоцкого. «Художественная литература», 1984., 142 стр.)*

Тариэл боор толгогон жаш жолборс да аны түшүнбөй, тырмагын матырганы, аны өлтүргөндө өзүнүн сүйгөнүн эстегени мындайча сүрөттөлөт:

Ничего не мог я сделать с тварью
той неукротимой,
Я ее ударил оземь, гневом яростным палимый,
И припомнил я внезапно, как я ссорился
с любимой,
И едва в тот миг не умер от тоски невыносимой
(там же. 143 стр.)

Эми Алыкулдун эркин которуусуна назар салсак:

Туш келдим бир дөбөгө кырдан ашып,
Келатат бала жолборс жыла басып.
Артынан баатыр арстан чыга калды,
Турушту күркүрөшүп жерди чапчып.
Булардын сүйүүсүнө батмак болдум,
Мындайга маашыркаган кайран жаштык.
(1951-жылдагы басылма, 190-бет)

1940, 1951-жылдагы басылмаларда Тариэл жолборсту аргасыз өлтүргөндөгүсү:

Жолборстун жини келип чапчып алды,
Канталап денелерим жараланды.
Мойнунан мыткып туруп жерге соктум,
Байкуштун ошол замат чыкты жаны.
Мындан да жаныма айла болбогон соң
Курдашың мажнун болуп боздоп калды.

Орусчасындагы ой менен дал келтирүү ниетинде акыркы эки сап оңдолду:

Ошондо кокустан элестеп ашыгы,
Курдашың ого бетер боздоп калды.
(7-басылыш. 171-бет)

Арстан менен жолборстун жоругун жокко чыгарып, эки жолборстун «жакындашуусу» деп, бул бөлүмгө төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилди.

(7-басылыш 170-171-беттер).

Экинчи түрмөктүн:

Келатат бала жолборс жыла басып,
Артынан баатыр арстан чыга калды – делгени,
Келатса жаш жолборс сырдуу басып,
Артынан дагы бирөө чыга калды, – деп,

Үчүнчү түрмөктүн:

Жаш жолборсу арстанга шыйпалаңдап – делгени
Жаш жолборсу беркисине шыйпалаңдап – деп,

Төртүнчү түрмөктүн:

Бирок да эркексинип арстаны,
Күркүрөп күчтүүсүнүп үстөм кылат – делгени,

Бирок да эркексинип беркиниси,
Күркүрөп күчтүүсүнүп үстөм кылат – деп,

Бешинчи түрмөктүн:

Кыйкырдым:
«Арстан, мунуң эрдик эмес, –
делгени
Кыйкырдым:
«Шерим, мунуң эрдик эмес, – деп,

Ушул эле түрмөктүн:
Арстан шер жерге кулап күр дей түштү, – делгени,
Жолборс шери жерге кулап күр дей түштү, деп өзгөртүлдү.

Заболоцкий – Алыкул котормолорундагы ушул окшоштукка муюбай турганымды Кыргыз эл акыны, айтылуу котормочу Эрнис Турсунов менен бөлүшкөнүмдө, кыйладан кийин «Сеники туура» деген колдоо жообу менен кубаттаганына рахмат.

* * *

Текстологиялык, редакциялык алымча-кошумчалар менен иштөөдө айрым терминдер же түшүнүктөр да оңдоого кириптер болду. Мисалы хан Тинатин эмес, каныша Тинатин, Хваразмшаа эмес Хорезм шахы, Тариэлдин жарына жазган каты (1940. 90-б.), оңдолгону Тариэлдин сүйгөнүнө жазган каты (1951. 86-б.) Хан Тинатин кары устатын чакыртты. (1940. 13-б.)

Шах Тинатин кары устатын чакыртты (1951.18-б.)

Каныша Тинатин делгени туура. (7-басылышта)

Мындан тышкары 7-басылыштын аягына түшүндүрмө сөздүк да берилди.

*Сентябрь-декабрь, 2005-жыл*

# АЛЫКУЛДУН АЙКЕЛИ
# КӨЛ БЕТИНЕ ЧЕГИЛГЕН

Алыкул – жалгыз жел кайык,
Жел айдап кеткен – ажайып.
Ажайып дүйнө бөксөрдү,
Алыкул кетип азайып.
Эскерип Ысык-Көл турат,
Эстеген сайын муңайып.
Муңканган сырын билдирет,
Толкундан бүгүн чыгарып.

Тосуп чыгып толкунду,
Кол сунгандыр Алыкул!
Кошо толкуп толкунга,
Олтургандыр Алыкул!
Ой чабытын толкундан,
Толтургандыр Алыкул!
Анан, ыр саптарын саймадай,
Болтургандыр Алыкул!
Кошулуп «Сан-Таш» «Уланга»,
Күүлөнүп кээде кеткендир!
Көрүнсө ырдын тамчысы,
Көшөрүп терең чөккөндүр!
Калеми түтпөй заматка,
Кагазга мончок төккөндүр!
Жаратып көлдүн көркүнөн,
Суйкайтып сулуу өпкөндүр!
Мээнеткеч улуу акындын,
Мээрими көлгө төгүлгөн.
Көл бетин гүлдөй саймалап,
Айкели көлгө чегилген!

Абасына ай мончок,
Ыр саптары себилген!
Тамгасы түгүл тамчысы,
«Бали, Алыкул»! – дедирген.

*Жамансариев Шайык,*
*Алыкулдун педтехникумдагы курсташы, жакын курдашы*

## ЖОКТОО

Кымбат ырдын кийин кыйын чыкмасы,
Анда бир жан,
Азыр гений, устасы.
Бир үлпөттө жоктоп турду катарын,
Же көзүнөн ныпым көз жаш чыксачы.
Дайра күйүп,
Күн түнөрүп,
Жер онтоп,
Катуу бороон –
бирөө сөзүн уксачы!
Жоомартынын орду жок –
Лира турат шолоктоп!..
Жусубунун орду жок –
Муза ыйлайт шолоктоп!
Мукайынын орду жок –
Мурас ыйлап, тур жоктоп!..
Күрс-күрс этип,
Өзү жоктоп өзү онтоп...
Же бир көз жаш чыксачы,
Же бир киши уксачы.
Кайран эрлер бар болсо,
Дагы кыйры узармак,
Кыргыз ырдын нускасы!

Толубайдай сынчы болуп ал өзү,
Карайласа:
Шырдакбектин жоргосундай бирөөсү,
Көкаладай бирөө келет чуу жарып,
Дагы бири –
Толубайдын тулпарынын тим өзү!
Пай-пай, пай-пай!!!
Тулпарлар да дулдулдар!
Кыргыздагы булбулдар!
Анан өзү мүнүшкөрсүп караса:
Бирөө жолго ажал төккөн пулемет,
Бири бүркүт, алп кара куш бири окшоп.
Бала тилдүү, шекер сөздүү курбулар,
Сөзү – таяныч, ыры – кубат, деми – от.
Пай-пай, пай-паай!
Шумкарлар да кыраандар!
Кайра туулбас чыгаандар!

Тоо ураса болбойбу –
Жоомартынын орду бош!
Көл соолуса болбойбу -
Жусубунун орду бош!
Жамандардан миңди алып,
Жакшыдан бирди койбойбу –
Мукайынын орду бош!

Өзү жоктоп, өзү онтоп,
Чоң Казаттан келаткан
Баатыр Манас өзү окшоп:
Эр Сыргактан айрылып –
Канатынан кайрылып.
Шер Чубакты жоготуп –

Ичи сыздап, кан өтүп.
Алманбет шейит кетирип
Жаны күйүп эчкирип..
Аккуласы окко учкан,
Кайран Манас өзү окшоп...
(Кандуу согуш басылат,
Кандуу күйүт жазылат.
Тиги үч булбул жөнүндө
Сөздүн кени казылат...
Томдор чыгат, макталат,
Эскерме, арноо чапталат.
Кандидаттык, докторлук
Эсеби жок жакталат,
Албан түркүн кеп менен
Бирок баары биригип,
«Үлпөт ырга» жетпеген...

Курбуларга кайгырып,
Же бир киши уксачы.
Ден соолуктан айрылып,
Же көздөн жаш чыксачы...
Тулпар гана тулпарларды коштогон!
Шумкар гана шумкар менен чабыттап,
Булбул гана булбулдарды жоктогон!!!
Ошол жоктоп олтурган,
Ошондогу алсыз бул,
Атагы азыр таш жарган,
Чыгаан акын Алыкул!

Өзү оорукчан, көкүрөгү от жалындап,
Мүнөзү түнт, дили таза, көңүлү ак.
Куру кыска, түбөлүккө жолу ачык,

Куш төрөсү буудайыктай чабыттап.
Анын ыры кыргызга кан, жан эле,
Мүрөк эле, жаңы аткан таң эле.
Күлүктүгү жоого минсе ак жолтой,
Жарышта озчу Аккуладай бар эле!

*Низамидин Мурзаев,*
*Ленин атындагы орто мектептин кыргыз тили адабияты мугалими,*
*Чоң-Алай району филология илимдеринин кандидаты*

## АКЫН ЖӨНҮНДӨ АРУУ ОЙЛОР

**Мелис Убукеев, Кыргыз эл артисти, кинорежиссер:**

– Алыкулду гений деп айтуудан таймана албайм. Анткени, Ата Журт жөнүндөгү терең мазмундуу ырлары, Ысык-Көлдү көркүнө чыгара сыпаттаганы жана сүйүү тууралуу укмуштай уюткулуу ойлору орошон таланттын күбөсү эмей эмне. Аны түнт, жалгыздыкты жактырган деген пикирге каршымын. Алыкулдун жан дүйнөсүнөн жаралган чыгармаларынан чынчылдык, адилдик жана калыстык кашкая сезилүү менен демиңе дем, күчүңө күч кошуп турат.

Ошондуктанбы, ал жөнүндөгү «Акын» тасмасын биринчи болуп тартканыма сыймыктанамын. («Түбөлүккө жалгашуу» тасмасында да Алыкулга өзүнчө баа берген. – П.К.)

**Омор Султанов, Кыргыз эл акыны:**

– Окурмандардын ар бир мууну Алыкулдун жан дүйнөсүн өзүнчө ачат, табат. Ушунун өзү эле өлбөстүк, сөз касиетинин ажар, кемелин ача билгендик эмеспи. Демек, акын дайым эли менен.

**Кыялбек Урмамбетов, акын:**

– Алыкул көп билүүгө, андан канаат алууга же арзыбаган нерседен көңүл калтырууну каалаган. Ушундай изденүүнүн ийгилиги катары «Алыкулдун ыр төңкөрүшү» деген өзүнчө бир укмуш тааным, түшүнүктү жаратты.

**Хусейин Карасаев, профессор, элдик академик:**

– «Мен ооруюн, сен ооруба Ата Журт» деген сыяктуу ыр саптарынан анын ак ниет адам экендиги ачык көрүнүп турбайбы. Элге жага турган эстелик эмгек калтырды. Ар бир эмгектенген адамдын тирүү кезинде эстелик калтыруусу – мойнундагы борчу, парзы, милдети.

Баратбай Аракеев, журналист:

– Ар доордо улуу чыгармачылыгы менен элинин канжанына сиңип калган акындар бар.

Кыргыз адабиятында Алыкул деген сөз – нукура поэзия деген сөз. Ошон үчүн, бешенебизге бүткөн залкарыбызды сыйлап алууга үн кошолучу.

**Байдылда Сарногоев, Кыргыз эл акыны:**

– Алыкул адегенде эле Жоомарт, Жусуп, Мидиндердей чагылгандай чарт этип, жарк этип чыккан акындардан эмес. Ал акырындык менен алабармандабай туруп жетилген акын. Кыргыз акындарынын бир тобу коздуктун, аллтерициянын, уйкаштын жана эргиген эмоциянын акындары болушса, Алыкул ойчул, баамчыл, философиялык толгонуулардын акыны.

Алыкул элет жерде, эл арасында жүрүүнү көп эңсеген, элдин тилин, турмушун үйрөнүүгө көп далалат кылган жана ошол ой максатын жүзөгө ашыра билген.

**Шаршенбек Үмөталиев, Алыкултаануу илимин баштаган адабиятчы:**

– Алыкулга келгенде бөтөнчө шыктанып кете турганымды жашыра албайм. Менимче, азыркы таланттуу акындардын кыйласы Алыкулдун мектебинен өсүп чыкты десем жаңылбайм.

**Эрнис Турсунов, акын, котормочу:**

– Эгер, Ысык-Көлгө тил бүтсө, өзүн тунук поэзияга чайкап, жарык дүйнөгө даңазалаганы үчүн эң биринчи алкышын Алыкулга айтат эле...

Алыкул бизге чыгармачылык менен жашоонун өрнөгүн берди. Ал кыргыз жерин жан боорундай сүйүп, аны мукам кайрыктарга салып жазуу менен элинин салт-санаасын, кулк-мүнөзүн, каада-адебин, санжыра-тарых, улама жомокторун ийне-жибине чейин билген. Анын тили элдин тили болгон. Көркөм тилдин каймагын калпып алып, элинин духун ачкан.

**Кымай Өмүрзаков, отставкадагы полковник, Алыкул сыйлыгынын лауреаты:**

– Мен жетимиш жашка келгенче нечен улуу адабий чыгармаларды оригиналында жана котормосунда окудум. Адабий котормонун тарыхында, котормочу канчалык устат болсо да, ар бир улуттун өзүнө гана таандык улуттук колоритин, үрп-адатын, ырым-жырымын, поэтикалык өзгөчөлүгүн так өзүндөй, өз дилиндей бере албайт, берсе да, чанда гана болуу керек. Буларды биз кыргыз адабият тарыхынан Т.Сыдыкбековдун «Биздин замандын кишилери», Төлөгөн Касымбековдун «Сынган кылычынан» жана да Алыкул Осмоновдун орус тилине

өксүк которулган ыр саптарынан көп эле кезиктиребиз. Ошондо моокум канбай, ичтеги черiң жазылбай өксүй да түшөсүң.

Бирок Алыкул Осмонов грузин элинин чыгармасын ашкере чеберчилик менен которуп, миңдеген окурмандарынын жүрөктөрүнөн түнөк таап, байыркы бабалары калтырып кеткен мурастай кастарлап, окуп жүрчү дастанга айланткан.

**Муратбек Мукашев, КР ЖК депутаты:**

– Бул таланттуу адамдын атын 1957-жылы, 7 жашка чыкканда гана билдим. Мурдагы Чүй районунун мурдагы Кегети совхозунда Арпатектир деген айыл бар. Мына ушул тепкедей айылда Алыкул Осмоновдун бир тууган эжеси, эл Мариям деп атачу аял жашачу. Анын үйү айыл четиндеги картошка айдалчу талаанын жанында болучу. Мына ушул жерден эскертип кете турган манилүү маселе – белгилүү бир Алыкул изилдөөчү, жазуучу анын «Победасын» Мария эжеси талашкан деп жазып жүрөт. А чындыгында эжеси талашкан эмес, улуу акын өмүрүнүн акыркы сааттарын сезгенби, айтор, машинесин өзү атайын эжесине ыйгарган. Алыкул тууралуу мага айылдык мектептин директору болуп иштеген атам айта берер эле. Эмнегедир орус класста окуп, чуваш улутундагы мугалимим айтып берүүчү А.Пушкиндин жомокторуна көбүрөөк көңүл бурганданбы, атамдын аңгемелери кулагымдын сыртынан кетүүчү.

Жылдар жылып, окуумду Фрунзеден, кийин музейлерге, көргөзмөлөрү менен театрларга бай Москвадан улантым.

Тагдыр мени Алыкулга кайрадан жолуктурду, бүгүн эмне үчүндүр анын атап аткан акынга, 35 жашында көз жумган акынга 49 жашымда жолуктум.

Анын чыгармаларын кыргыз жана орус тилдеринде кайрадан окуп отуруп маанисин, турмуштагы ордун түшүндүм.

Мен тагдырыма эмес, бактыма кездешкендей болдум. Адам бактылуу экендигин билбегендиктен, бактысыз болуп жүргөнүнө ишенем. Бала кезимден ыр жазсам да, бул жагынан мага анча бак айткан эмес эле.

Менин маңдайымда гений турду, турганда да 18 жыл бою өз жашоосунун азап-тозогу менен күрөшкөн, өзүнүн гений экенине көзү жетип, бирок узак жашай албасына да көзү жетип, өлөр-өлгөнгө чейин шашкан, аябай шашкан гений турду. Шашып баратып, түгөнүп-бүтүп баратып опол-тоодой шедеврлерди жаратып кеткен акындар менен кантип гана сыймыктанбайсың.

*«Асаба» 26-март, 1999-жыл*

## УЛУТТУН УЛУУ УУЛУ

Алыкул Осмонов... Чыңгыз Айтматов... Бул ысымдар, алардын өзгөчө дүйнөсү бизге бала күнүбүздөн тааныш. Таланттуу сөз зергерлеринин чыгармалары менен наристе чагыбыздан ынак болсок да, алардын ажайып дүйнөсүнө улам сүңгүп кирип, улам тереңине умтула беребиз, канчалык арылап барган сайын сүрөткерлер жаңы жактары, мурда биз жеткире түшүнбөй келаткан тараптары менен кайра жаңырып, кайрадан кубулуп ачыла берет. Турмуш бүтпөгөн сыяктуу Алыкулдун поэзиясын, Айтматовдун прозасын үйрөнүү соңуна чыкпайт, аларды өмүр бою ар кимибиз өзүбүзчө үйрөнүп, өзүбүзчө өздөштүрө беребиз.

Алыкул – улуу акын, кыргыз поэзия ааламынын генийи, улуттук ыр өнөрүнүн кайра жаратуучусу, бүт элдин көркөм өнөрүнүн ачылышын жасаган атуул. Баарынан мурда акын биздин поэзияга философиялык лириканы киргизип, биротоло орун-очок таап бергендиги менен бааланат, анын лирикалык каарманы бу түбү түктүү Дүйнө – Адам, Аалам, Кудай, Жер, Табият менен тээ алмустактан тартып акыр заманга чейин чечилбей, инсан башын дайыма катырып келаткан түбөлүктүүлүктүн бүтпөс сөзүн сүйлөшүп, чечилбес маселелерге үнүн кошот.

*Абдыкерим Муратов,*
*«Адабият-ыйман сабагы»*
*Бишкек, «Мектеп», 1993*

**Котормочу Уолтер Мэйдин акын жөнүндөгү ой-толгоосунан:**

– Мындан көп жыл мурда Алыкулдун чыгармачылыгы, өмүрү менен таанышканымда эле акындын жүрөгүнөн оргуштап чыккан чынчылдыгы жана өз ишине ушунчалык жан дилинен берилгени таңданткан. Экинчи баамдаганым, ал өзүнүн жаштык жигерин поэзияга сиңире алгандыгы болсо, үчүнчүдөн, анын илхам дүйнөсүнүн кеңдиги, жергесине болгон ыйык сүйүүсүн колдон келишинче чебердик менен чагылдыруудан чарчабастыгы. Акындын төртүнчү эрдиги – оор дарт менен жабыркаган (өпкө учугу) жанына карабай поэзия дүйнөсүнөн баш тартпай көктүк менен иштегендиги. Не бир сонун ырлары да дал ушул оор мезгилде жаралганы анын эрк күчүнүн далили.

Эң башкысы, өмүрдүн булагы мезгилсиз соолуп бараткакына карабай акындын ошол чыгармаларында өзүнө өзү бекем ишенүүсү, жашоо максаты – бул дүйнөгө жакшылык нурун себүү менен адамдардын көңүл кушун көкөлөтүү экени жогорку деңгээлде көркөмдөлүп сүрөттөлөт. Табиятынан кең пейил акындын турмушта туткан туусу – замандаштарды жан дил менен аздектөө жана ушул таасирди башкаларга да жайылтуу. Бул үчүн ал эч нерсесин аянбай эмгектенди.

Мен акын алдында адилет жана калыс болууга абдан аракеттендим. Акын эмне айткысы келгенин, ар бир оюнун маңызы эмнеде экенин англис окурмандарына жеткизиш үчүн акындын өзүнүн манерасын колдонууну башкы максат кылып алдым. Алыкул музыканы, жаратылышты, шаттыкты жана түркүн оюндарды, ошондой эле акыл эмгеги менен күч эмгегин жактырган. Адамзат үчүн ак жаркын келечекти каалап, согуш менен

түшүнбөстүктүн болбошун жана дүйнө элдеринин ортосундагы эриш-аркак кызматташууну тилеген.

Мен өзүмдүн узун өмүрүмдү акындын кыска, бирок нуска жана жемиштүү өмүрүнө салыштырганда мен да аныкындай ой, максаттар менен арбалып, ошолор үчүн жанданып жашап, котормочулукту улантып келем. Ошондуктан, Алыкул фонду аркылуу болуп жаткан иш-аракеттердин бири акындын өз мекенинин гана эмес, чет өлкө окурмандарына да таанытуу экендигин билгенимде мен өзүмдү өтө бактылуу сездим.

Мен бул жыйнактагы котормолорду үн чыгарып, ырдын шаңын жаратуу үчүн кайра-кайра окууну англис окурмандарына, өзгөчө, жаштарга сунуш кылам. Алар да Алыкулдун ыр саптарын окуп жатып, мен тапкан акын жүрөгү анык айкөл экендигине ынанарына жана табиятынан таланттуу жаш кыргыз акыны деген ойго келерине үмүттөнөм.

*Пикирди кыргызчалаткан Аида Казыбаева.*
*Бишкек 1995-ж. 23-август*

## БИЙЛИК ЖАНА ОСМОНОВ

Дүйнө-өмүр, уул бердиң, бала бердиң,
Дүйнө-өмүр, алоолонуп жана бердиң,
Неге сен алыс кеткен сапарыңан
Ээриң жок жайдакталып кайра келдиң?

Сөз мында согушта курман болуп өз элине, өз жерине кайтпай калган адам жөнүндө баратат. Эмне үчүн башкалар Берлинди жеңгендерди көкөлөтүп мактап жатса, («Биздин замандын кишилери» романынын эпилогун эстесек эле жетиштүү), Осмонов тескерисинче, күндө

көл жээгине келип, согуштан кайтпай калган уулун күтүп, «көл толкуса, кошо толкуган» карыянын ички трагедиясын сүрөттөйт?

Ырына эч качан калп айтпаган акын согуш жөнүндө нака чындыкты, б.а. Жеңиш – бул зор жоготуу, зор трагедия экенин көрсөткүсү келген. Согуш жөнүндөгү бул чындыкты кыргыз адабиятында биринчи жолу Алыкул Осмонов айткан десек болот. Эгерде Алыкул дагы бир азыраак жашай түшкөндө Зощенко менен Ахматова, Шостакович менен Мураделинин катарында катуу идеологиялык сындын токмогунда, эч болбогондо эпкининде, калаары бышык болучу.

Экинчи мисал, «Толубай сынчы» поэмасы. Бир караганда, бул чыгарма – легенда, байыркы уламыш, анын кайрадан иштелиши. Бирок бул байыркы уламыштын жөн эле кайрадан иштелиши эмес, бул легенданын, байыркы турмуштун кайрадан кубулушу, тагыраак айтканда, бир абалдан экинчи абалга өтүшү, сублимациясы. Бул эмне деген сөз? Поэмада поэтикалык баян саяпкер менен хан жөнүндө болгон сыяктуу, а чынында сөз чыгармачыл инсан менен бийлик жөнүндө, өзүнүн гениалдуу «чыгармасы» үчүн жаза тарткан адамдын трагедиясы жана бийликтин адилетсиз өкүмү жөнүндө. Ошондуктан, бул поэма качандыр бир өтүп кеткен Толубай аттуу сокур саяпкер жана каардуу хан жөнүндөгү гана баян эмес. Бул баарынан мурда кандай гана заман болбосун, кандай гана доор болбосун чыгармачыл инсан менен бийликтин ортосунда жүргөн эч качан бүтпөс, түбөлүктүү күрөш жөнүндөгү поэма. Акындын бул поэмага экинчи жолу 1944-жылы, өзү айткандай акындык жагынан да, жаш жагынан да жетилип турган чагында кайрадан кайрылышы, жөн эле экинчи вариантты жазып коюу үчүн эмес, ички

чыгармачылык зарылдыктан, жазбай коюуга мүмкүн эместей абалга жеткен учурундагы зарылдыктан келип чыкканы поэманын азыркы учурга толук үндөшүп турган мазмунунан көрүнүп турат. Поэманын терең параболалык мазмуну мына мында: жогоруда айтылгандай легенданын бир абалдан экинчи абалга өтүшү, сублимациясы дегенибиз, бул жөн эле «Чаар тулпардын» «Боз тулпарга» айланышы эмес. Бул байыркы легенданын азыркы реалдуу турмушка өтүп келиши, тилчилер айткандай контаминациясы, б.а. байыркы легенда аркылуу азыркы мезгилдеги чыгармачылык инсан менен бийликтин ортосундагы айыгышкан тирешүүнү, конфликтини апачык, даана сүрөттөө.

Алыкул Осмонов бекеринен жазган эмес экен:

Таш идишке куйса керек бактымды,
Татты идишке куйса керек атымды,
Берем.
Алсын!
Сатпайм, кадыр-баркымды.
Уйчу, койчу, кетменчинин
Менмин кымбат акыны.

Өзүнүн ички жан-дилинде идеологиянын бекем кучагынан бошой алган гана акын, ошол учурдун тили менен айтканда, ушундай «идеясыз», «аполитичный» (саясатсыз) ырларды жазмак. Алыкул Осмонов жашоо-турмушунда, жан-дилинде коммунист болбогон сыңары, акын катары идеологиянын «жарчысы» да, партиянын «солдаты» да болгон эмес. Бар болгону жөн эле акын болгон.

*Кеңешбек Асаналиев*
*«Кут билим» 30.12.1997-ж.*

***1998-жылы «Кыргызстан» басмасында жарык көргөн «Акындын эки өмүрү» деген эмгегинде адабиятчы Салижан Жигитов обьективдүү, тарыхый контексттеги ой-пикирин башка адабиятка салыштырып изилдөө менен айтуу аракетин көздөгөн.***

***Ушул мээнетин турмушка ашыруу убаракерчилиги жана төмөндөгүдөй көзкарашы С. Жигитовду акындын эң мыкты тандалма жыйнагын түзүү убадасына тоскоолдук кылгандай.***

Автор китеби тууралуу бетачар кебинде мындай дейт:

– Ушу колуңарга тийген китеп – айтылуу акын Алыкул Осмоновдун жекече өмүрү, оригиналдуу жана котормо чыгармачылыгы жөнүндө илимий мүнөздө жазылган монография.

Мунун жазылып бүтүшү узак убакытка – отуз жылга (1958–1988) созулду. Адегенде «Устат жана шакирттер» деген ат менен Алыкулдун чыгармалары жана анын жолун жолдогондордун ырлары тууралуу диплом иш жаздым. Анан ошол иштеги өзөктүү идеяларды «Кыргыз совет поэзиясындагы салт жана жаңычылдык маселелери» деген кандидаттык диссертациямда (1965) өөрчүттүм. Кийин А.Осмоновдун жеке тагдырына, жаратмандык иш-аракетине тиешелүү жаңы макалалар аста-аста жазыла берди да, акыры баары чогулуп келип өзүнчө бир илимий эмгек шекилин алды.

Монографиянын материалдары бир чети акынга карата ызат-сый, сүймөнчүлүк менен, бир чети калыс илимий өңүттөн сынчыл көз караш менен жазылды.

Арийне, А.Осмонов кийинки 30-40 жылда бир беткей макталып отуруп, идеалдуу акын даражасына көтөрүлдү.

Аны улуттук ыйыктардын бирине айландыруу аракеттери абдан көп жасалды. Натыйжада көпчүлүк эл Алыкулду телегейи текши бүткөн чыгармачылыгы бар классик калемгер экен деп түшүнүп калды. Ал эми кыргыз жазуучуларынын, сынчыларынын, адабиятчыларынын, дагы башка билимдүүлөрүнүн арасында Алыкулга сокур сыйынгандар же калыс карай албагандар абдан эле арбын. Албетте, алардын баары бул китептеги бир далай талдоолорду, тыянактарды, ой-пикирлерди өгөйлөп кабыл алат. Бирок айрымдары ойлонуп көрүүгө да аргасыз болот. Анын үстүнө азыр өтмүш тарыхыбыз, руховный байлыктарыбыз кайрадан каралып, жаңыча бааланып атпайбы. Экинчиден, коомдо ой-пикирлердин плюрализмине (көп түрдүүлүгүнө) да кенен жол ачылбадыбы. Ошондуктан А.Осмоновдун өмүрүнө, чыгармачылыгына карата меникиндей көз караштын да жарыя айтылууга, ортого салынууга, ошондой эле талкууланып, сынга алынууга толук акысы бар го деп ойлойм.

Баса, ушул тапта кыргыздын окумал журтчулугу Алыкул Осмоновдун чыгармачылыгы тууралуу жаңы илимий эмгектерге абдан муктаж, анткени кийинки 20-25 жылда ал жөнүндө бир да илимий китеп жарык көрө элек, мурда жарык көргөндөрү болсо кайра басылган жок. Мазмун жагынан эскирип калган себептүү алардын кайрадан жарыяланары да күмөндүү.

Бул китеп окурмандардын, айрыкча филолог студенттердин, мугалимдердин, илимпоздордун кызыгуусун туудурса, ойломун аздыр-көптүр жандандырса, акыл-эсине анча-мынча азык болууга жараса, мен көп жылдар бою тирмейе отуруп жасаган аракеттерим текке кеткен эмес экен деп канимет таба алар элем. Албетте,

китепке тиешелүү ар кандай сын пикирлерди эч чычалабай кабылдоого, ойлонуп көрүүгө, эгер көңүлүмө төп келсе жана жөндүү болсо, эске алууга даярмын.

**P.S.** *Бул монографияны окуган жаш акындар ыр жазуу түйшүгүнөн ааркана тайсалдап, ал эми жаш илимпоз бардык нерседен кине табууга эле умтулбайбы деген ой кетет.*

*Анткени, С.Жигитов дайыма тамаша-чынды аралаштыра айта жүргөн «Алыкул курсагы ачкандан акын болгон», «Отузга жетпеген мыкты ыры бар» сыяктуу пикирин канчалык илимий деңгээлге көтөрбөсүн, аталган эмгегинде деле эки анжылыктын алкагынан арылбаптыр. Албетте, авторлук көз караш деген бар. А бирок, Ш. Үмөталиев, К. Артыкбаев, А. Садыков, Р. Кыдырбаевалардын ойлорун дээрлик жокко чыгаруусу ынанымсыз.*

*«Акындын эки өмүрү» Мидин Алыбаевдин айтылуу «Мааниси жок «Махабат» макаласына үндөшүп, Алыкулдун улуулугун урматтагандардын көзүн «ачып» коюш максатын көздөгөнү туюлат.*

## ЗАМАНДАШ

Акындардын бардыгы Ысык-Көлдү жазып бүтүшүп, мага көлдүн куму эле калыптыр деп Райкан Шүкүрбеков айткандай, Алыкул Осмонов жөнүндө жазбагандар калбады окшойт. Ошентсе да, Алыкул жөнүндө мен да өз оюмду айткым келди. Алыкулдан мен он жаш кичүү элем. Анын көзү барында эки жолу көргөнүм бар. Адамдардан өзүн обочо кармап, унчукпай тунжурап, ойго чөмүлгөн калыптагы элеси көз алдымда калган. 1948-жылы

Алыкул Осмонов түзүп, басмадан чыгарган «Жаш калем» деген альманахка менин да эки ырым жарыяланган эле. Мунун өзү менин алгачкы ырларым менен Алыкул Осмонов тааныш болгонун далилдейт.

Акын өзүнүн күндөлүгүндө 1941–43-жылдары көп иштеп, көп жазып, көп окуганы жөнүндө билдирсе да, ошол 1941, 1942, 1943-жылдары жазган ырларынан азырга чейин дарек, дайын жок. Ал кезде жазган ырларын акын басмага бербегенби, же башка себептерден жоголгонбу, биз үчүн бул бүгүнкүгө чейин түшүнүксүз да, табышмактуу да. Ал эми үч жыл бою акын көп ырларды жазганы чын.

Элдик оозеки чыгармалардын ичинде бир киши өзүнүн торпогуна минтип кеңеш берген имиш:

Алга кетсең ууру алат,
Артта калсаң бөрү жейт –
Орто ченде жүр торпок!

Ошол сыңары Алыкул орто ченде жүрө албады. Баштагыдай көптөргө таанылбаган, көптөрдүн көзүнө анчалык көрүнбөгөн абалда жүрө берсе, анын жанына тынч болмок. Мурдагы ыр китептери чыккандан 8 жыл өткөндөн кийин, 1945-жылы Алыкул Осмонов өзүнүн «Махабат» аттуу жаңы ыр китебин чыгарды. Бирок, жакшы акынды да бир жакшы акын сындаган макаланы эл көпкө чейин эсинде сактап жүрдү.

1959-жылы мен «Чалкан» журналында жооптуу катчы болуп, Мидин Алыбаев менен бирге иштеп жүргөнүмдө күндөрдүн биринде кең бөлмөдө экөөбүз жалгыз калган учурдан пайдаланып менден сегиз жаш улуу акын

агама «Мааниси жок «Махабат» деген макаласынын жазылуу себебин, аны өз эрки менен жазганбы, же башка бирөөлөрдүн кеңеши, тукуруусу менен жазганбы, ошону айтып берүүсүн өтүнгөнүмдө, а дегенде Мидиндин кабагы бүркөлө түшүп, өңүндө кандайдыр бир өкүнүүнүн белгиси пайда болгонсуп, анан кызык тамашалуу бир окуяны айтып, сөздүн нугун атайылап башка жакка буруп, көңүлүмдү алаксытканынан улам бул суроом ал үчүн өтө ыңгайсыз суроо экендигин түшүнүп, андан ары Мидинди кыстаган, такыган эмесмин. Андан сураган суроом ошентип жоопсуз кала берген.

Көзү тирүү барында ар кыл кыйын кезеңди башынан өткөргөн, биз билбеген тоскоолдуктарды жеңип чыккан, жеке үй турмушу өтө оор болгон, оорунун азабын узакка тарткан, тагдыры татаал, жолу катуу да, катаал да болгон акындын чыгармачылыгы жогоруда аттары аталган илимпоз-адабиятчылар тарабынан татыктуу бааланганды гы жөнүндө айттык. Бирок, ушул эле мезгилде акынга биздин өкмөт кандай карап, кандай мамиле жасады экен деген суроо туулушу мүмкүн. Өз үйүндө жалгыз ооруп жаткан акын 1950-жылдын 12-декабрында 35 гана жашында кырчылдаган кыш чилдеде учук оорусунан дүйнөдөн кайткан. Акындын сөөгүн Аларча көрүстөнүнө алып барышып эптеп жер астына жашырышкан. Элге, мамлекетке эмгек сиңирген аттуу-баштуу жазуучулардын мааракелерин өткөрүү жөнүндө өкмөттүн токтому болсо да, Алыкул Осмоновдун 50, 60, 70 жылдык маарекелери өкмөт тарабынан эске алынып өткөрүлгөн жок. Заман, мезгилдин өзгөргөнүнө байланыштуу 1995-жылы акындын 80 жылдык маарекесин өткөрүмүш болушту, бирок, керектүү деңгээлде салтанаттуу түрдө

өткөрүлбөдү. Акын туулган 21-март күнү бир топ акын чогулуп барып, Алыкулдун бейитинин жанында ага арнаган ырларыбызды окудук да, ошону менен иш бүттү. Ошентип, 2005-жылы 21-мартта анын 90 жылдык мааракеси өтпөдү, өкмөттүн көңүлү бурулбады.

Улуу акындын арбагына кайдыгер, салкын көз менен кароо эмнегедир уланып жаткандыгы өкүнүчтүү. Мен Жазуучулар союзунда адабий кеңешчи болуп иштеп жүргөн 1965, 1975, 1985-жылдары жакында Алыкул Осмоновдун юбилейин өткөрөбүз деген кабар тарап, даярдык көрүлө баштачу да, юбилейди өткөрүүгө 3–4 күн калганда эле Чоң үй тарабынан кандайдыр жашырын көрсөтмө берилип, Осмоновдун юбилейин өткөрүү маселеси кан буугандай токтоп калып жүргөнүнө күбөмүн. Бул маселенин токтошуна кимдер кызыкдар, кимдер себепкер экендигине азыркыга чейин түшүнө элекмин. Өлгөн акын менен күрөшкөн карасанатайлар бар окшойт деген ой көңүлүмдөн алиге чейин кетпей жүрөт. Бирок, ага карабай улуу акындын поэзиядагы сапары жеңиштүү уланып келатканына баарыбыз күбөбүз.

Кийинки мезгилде ал акындан анча, бул акындан мынча дурус ырлар гана кийинкиге калат деген көзү ачыктык кылган кээ бирөөлөрдүн сөздөрү гезитке чыга койгон учурлар бар. Ошол акындардын катарына Алыкулду да кошуп, андан 30га жетпеген дурус ырлары гана бар деп жүргөнү кейиштүү. Андайлар өтө эле акылдуусунуп, өз пикирлерин башкаларга чечкиндүүлүк менен оңой эле таңуулашканына күйөсүң. Ал эми Алыкулдун ырлары жөнүндө башкалар кандай ойдо экени менен алардын такыр иши жок. Чынына келсек, Алыкулдун ыр сакаларынын бардыгы бүт бойдон дайым

алчы коно берген эмес. Албетте, керектүү деңгээлге жете бербей жазылып калган ырлары бар экендигин жашыруу калыстыкка жатпас эле.

Бирок, ой жагынан да, көркөмдүк жактан да төп келишкен таң калардай чебер жазылган, кыргыз поэзиясында шедевр болуп таанылган анын сонун ырлары Алыкулду Алыкул атантып келатпайбы. Жанагы кээ бир сынтаккыч нигилисттер өздөрүнүн ыгы жок эсепкөйлүктөрүн, олуясөрөйлүктөрүн, акындарга сот болушканын коюшса дурус болмок. Ар бир акындын чыгармаларын кайсыл мезгилде болсун кылдат ылгап, таразалап, туура баалап кабыл ала турган калыс да, акылман да эл менен мезгил деген сот бар экенин алар эстеринен чыгарбашы зарыл.

*Сооронбай ЖУСУЕВ, Кыргыз Республикасынын эл акыны, Токтогул атындагы мамлекеттик сыйлыктын лауреаты.*
*«Адабий Алатоо» Декабрь. №7. 2005.*

# АЛЫКУЛ КОТОРГОНБУ ЖЕ ЖАЗГАНБЫ?

Ийне-жибине чейин далилдеп жатканымдын себеби эмнеде? Айтайын дегеним: Эмне үчүн макаламда атап жаткан улуу акын-жазуучулардын бири дагы котормочу делбейт? Өз ордунда оригиналдуу акын болуп гана, жогорку кадыр-баркка ээ, эч ким буга каршы эмес? Ким мисалы Дантени, Дефону, Крыловду, Жамини, Навоини ж.б. котормочу дей алат? Антип айтууга ооз барбайт. Ал эми биздин элибизге келип, алардан кем эмес Алыкул жөнүндө сөз кылганда биз аны жөн эле котормочу деп атап, андан жогору көтөргүбүз жок. Мына кемчилигибиз ушунда. Менин айтайын дегеним ушул болучу. Менин түшүнүгүм боюнча, биздин Алыкул дагы котормочу гана эмес, Данте, Жами, Навои, Крылов сыяктуу эле өз тилинде «Жолборс терисин кийген Баатыр» – аттуу чыгарма жараткан оригиналдуу акын. Биринчиден, андай көлөмдүү чыгарманы бир жылдын ичинде которуш оңой эмес, колдон келбейт. Үч-төрт мыкты акын-котормочулар биригип бир нече жылдын ичинде которушу мүмкүн. Экинчиден: – чыгарма котормого окшошпойт, кыргызча эле жазылган мыкты чыгарма, сюжетин гана алган, кыйналып, кысталып которгон эч бир сабы жок. Ыргагы, уйкалышы, муун өлчөмү нукура кыргыздыкы болуп турбайбы. Атүгүл, Шота айтпаган ойлорду да айтып, тереңирээк берген.

*Кубанычбек Басылбеков*
*«Эркинтоо», 7.01.2000-ж.*

# АЛЫКУЛ – ЧЕЛОВЕК НАРОДА

**Дооронбек Садырбаев, кинорежиссер, народный артист, депутат ЖК КР.**

Я, человек, из племени кыргызов, я пришел в пору своей нравственной зрелости, и, глядя назад, говорю: эпохой Возрождения моего народа стали годы предвоенные. Тому подтверждение день сегодняшний наш, когда всем открыто доступны школы и книги, театр и художника кисть.

Тому подтверждение эти вот имена: Г. Айтиев, К.Акиев, И.Ахунбаев, М.Баетов, К. Баялинов, Ж. Бокомбаев, О. Болебалаев, А. Боталиев К. Жантошев, С. Кийзбаева, А. Куттубаев, М. Рыскулов, А. Малдыбаев, К. Маликов, А. Огонбаев, К. Орозов, А. Осмонов, Т. Сыдыкбеков, Ш.Термечиков, М. Токобаев, А. Токомбаев, Ы. Туманов, Ж.Турусбеков, Т. Уметалиев, А. Усенбаев, М. Элебаев и многие другие, ибо или – золотой фонд народа, культура моей республики – ребенок эпохи Возрождения, давший возможность впитать живительный сок «Манаса», первых просветителей опыт понять, чтобы начать строить здание профессиональной культуры.

И здесь – Алыкул, в этом списке – по праву, определенному народом, ибо одним из первых кыргызов сумел воспринять три музы: слово, мелодию, живопись...

Он – Тулпар в поэтическом кладе кыргызов и, мне кажется, первым стал возводить мост культуры между кыргызским народом и русским его собратом, а через русский язык – к мировому богатству культуры.

Полунищему, полуголодному, не раз глядевшему смерти в лицо, Великий Октябрь явился уверенностью завтрашнего дня. И для него самого. И для народа.

Алыкул – Человек народа.

Он изведал мгновенья счастья, и отчаяние он испытал. Когда ему было плохо, он находил утешение у Пушкина или у Гете, Шота Руставели, Шекспира. Когда ему было плохо, он открывал народу огромные дали планеты.

## МОЙ АЛЫКУЛ

– Как быстро пролетел Алыкул Осмонов весь путь от первых слабеньких сборников к стихам и поэмам последнего, самого плодоносного своего пятилетия! Окреп и вырос его природный дар, отформовался недюжинный, крупный характер. Природная зоркость позволила увидеть изнанку жизни, постичь катастрофичность бытия, драматизм военных и мирных лет. Было глубокое, с младенчества, знание фольклора. Был громадный, неисчерпаемый «Манас». Было много мятущихся чувств, много смешанных мыслей и – немного книг. Были некоторые книги: Гомер, Шекспир, Шиллер…

Что значит перевести Пушкина, а впрочем и – любого другого поэта? Скажем не ради каламбура: это значит провести переводимые слова через мозг и сердце, войти в иной мир, в чужую вселенную... Алыкул перевел «Витязя в тигровой шкуре» Руставели. Это знаменитое поэтическое переложение (столь любимое кыргызскими читателями, что в Киргизии и по сей день дают детям имена руставелевских героев), это деяние поэта-переводчика стало не то что вехой жизни Осмонова – эпохой его самосознания. Алыкул Осмонов истолковал руставелевскую поэму как должно: не просто, как увлекательную «приключенческую» повесть-сказку, но как

сказание о заточенной и вновь обретенной, отвоеванной душе. Здесь лежали пласты античной и средневековой философии, возвышались сферы иудео-христианского богословия, исламской, суфийской мистики. Ничего этого Осмонов не знал, не мог знать (кроме разве отдельных коранических преданий), но силой ума и таланта он проник в самую суть, ибо культуру носил в себе самом.

В сонме замечательных кыргызских лириков столетия Алыкул Осмонов – единственный великий поэт, единственный поэт мирового уровня. Мирового, потому что в отличие от ровесников и современников, обладал мировой культурой. Той культурой, для которой свойственно благоговение перед тайной жизни, этичность ума, внеисторческое, метафизическое, религиозное ощущение мира, которое я решился бы назвать «внутренним христианством».

*Михаил Синельников, переводчик.*

* * *

## ПАМЯТИ АЛЫКУЛА

Горы как прежде стоят,
И реки в ущельях шумят,
Солнце все также горит,
И радуга глаз веселит.
Бишкек своей жизнью живет,
В делах и заботах народ.

И вдруг... к нам пришел Алыкул
Ветер с джайлоо подул,

Пахнул ароматом кумыс,
И беркут вдруг ринулся ввысь!
Под небом блестит Иссык-Куль,
Любил ты его, Алыкул!

И если б спросил ты у нас:
«Что сделал я, люди для вас?»
По чести, таков наш ответ:
«Свой подарил ты нам свет!
И он в твоих песнях живет,
И радость он людям несет!
Хоть мало ты прожил, поэт,
Но яркий оставил свой след!»

*Д. Крутиков*

## ВЕСТЬ ИЗ ПРОШЛОГО

Когда Алыкул Осмонов в 1948 г. купил домик (усадьбу) рядом с нами по соседству, мне было 15 лет.

Училась я в 8-м классе и, конечно прекрасно помню всө. А когда он умер (1950 г.) я была уже студентка I курса физмата КГУ.

Не было забора и построек на границе наших усадьб. Моя мама (домохозяйка) первая познакомилась с Алыкулом Осмоновым. Видно он был очень общительный, так как мы сразу (от мамы, конечно) узнали, что он-поэт, что он перевел на кыргызский язык «Евгений Онегин» А.С.Пушкина, «Витязь в тигровой шкуре» Шота Руставели, что он получил премию и купил этот домик. От мамы мы (а это я, папа и сестра) узнали, что Алыкул воспитывался в детском доме, что он живет один. Но

вскоре у него стали жить пожилая женщина и молодой человек. Это – как он обьяснил маме – односельчане: сестра с сыном. Они помогали ему, все делали по дому. У нас в 1948 г. не было электроэнергии. Даже эл. линии не было по улице (тогда она называлось Верхней). Алыкул Осмонов сказал маме, что он хочет взять разрешение на проводку эл. энергии. Мама предлагала ему, чтобы вместе провести: он возьмет разрешение, а мой отец – Бобров Никандр Агафонович возьмет на себя всю практическую часть.

Так у нас появилась эл.энергия раньше чем у всех жильцов, а проводку сделали с Тимирязевского переулка, от дома начальника Ленинского отделения милиции – Лейбо (имя, отчество не помню).

Мы конечно, очень были благодарны Алыкулу Осмонову. Когда он был свободен и видел, что мама на участке, он подходил и они разговаривали (так я часто их видела). Я подходила, поздоровавшись слушала. Интересно было, т.к. я в то время понимала, что перевести Пушкина на кыргызский язык – непосильная задача. Думала, что кыргызский язык беднее по словарному запасу. Но оказалось – это были мои наивные мысли.

Алыкул Осмонов поделился с мамой, что он болен: «Туберкулез легких». Мама предложила ему попробовать его вылечить, т.к. незадолго до этого она вылечила младшего брата папы (дядя Илья). Дядя Илья был выписан из больницы в безнадежном состоянии (лежал, плевал кровью). Мама обратилась к знакомому врачу со своим горем.

Врач посоветовала попробовать народное средство и дала маме (подробно расписала) рецепт (какие

компоненты взять, как приготовить и как принимать). Я помню, что в это лекарство, приготовленное по рецепту врача входило: барсучий жир, алоэ, мед, яйца и еще много компонентов, но все сьедобное и калорийное. Все это смешивалось (особо готовилось) получалось в виде сметаны и употреблялось по 1 ст. ложке 3 раза в день. Дядя поправился. Врачи удивлялись.

Алыкул Осмонов отказался, сказав, что у него путевка на курорт. И он примет там курортное лечение. Я видела его в эти дни. Он мне запомнился, когда я его видела в последний раз, он стоял с мамой у нас на участке, разговаривали. Он был одет в серого цвета габардиновое пальто, без головного убора.

Через некоторое время мы узнали, что Алыкул Осмонов умер. Мама очень переживала, что не настояла на лечении, не проявила большей твердости и настойчивости.

*Боброва Адель НИКАНДРОВНА*
*2005-год 21-марта*

**P.S:** *Она сейчас на пенсии, часто заходит в Дом-центр Алыкула. Рада тому, что делается по сохранению памяти великого поэта кыргызской земли. Выразила поддержку идеи строительства отдельного здания музея, которое пока ни правительством, ни общественностью не воспринимается всерьез. Если бы ей представили благоустроенную квартиру, она согласна отдать свой огород под музей Алыкула, который необходимо расширять и благоустраивать.*

## ВРЕМЯ И АЛЫКУЛ

Три измерения познания мира параллельно сливаются (прошлое, настоящее, будущее; фольклор, классика и современность), когда начинаешь познавать суть творчества Алыкула Осмонова (1915–1950). Он облекает в совершенную поэтическую форму все мысли и ощущения, тревогу и боль. Он говорит с нами на таком поэтическом языке, который подобно горному роднику обладает чистотой и прозрачностью, утоляя жажду духовного прикосновения, удивляя своими образами, сравнениями и открывая неизвестные пласты в повседневном мире, пробуждая интерес к жизни. Интересно то, что сколько раз читаешь его стихи, столько же находишь новые мысли и понимание.

Где бы я не находился, куда бы не ездил, строки его великолепных стихов, как талисман, как горсть родной земли, путешествует вместе со мной. В его стихах, большинство любителей поэзии, которые имеют возможность прочитать Алыкула в оригинале, могут найти сопровождение в состоянии своей души.

Его неравнодушная, любящая все земное, человеческая природа оставила поэтический отпечаток прошлого времени будущим поколениям. Он воспел Жизнь от рождения человека до его смерти и даже Смерть воспевал во имя Жизни. Поэтому и сейчас он настраивает нас на волну своего мировосприятия, открывая нам богатства, которыми, мы сами того не замечая, владеем.

Восславляя любовь, он любил сам и был любим, но подлинной его страстью была Родина, жемчужина нашей земли – озеро Иссык-Куль. Скалистые, прогретые солнцем великие горы (Улуу Тоолор) с ледяными родниками,

запахом летних трав, пением птиц, надменным взмахом орла на фоне голубого неба, вкусом богатырского напитка – кумыс, удивленными глазами детей, степенностью аксакалов, красотой женских лиц и таинственными оттенками трагических напевов задумчивых народных акынов-импровизаторов.

Чудесными наигрышами народного комуза, его поэзия парила над тысячелетними высотами нашей истории и болью открывала новые пласты прошлой культуры, вытаскивала из небытия образы и жизни наших древних предков, как легендарных, так и реальных. В этом он напоминает великих сказителей Великого Слова кыргызов, эпоса «Манас». Через его чувства и восприятия, они становились нашими современниками, а их жизнь и деяния – предметом наших размышлений о себе, о нации, о Родине, о прошлом и будущем.

И хочется верить, что Время и Алыкул будут продолжать удивлять и покорять новый мир – в лице грядущих поколений. В свою очередь новые поклонники таланта Алыкула Осмонова тоже будут открывать новые просторы его творчества и внесут новый вклад в Алыкуловедение.

Основными направлениями этой деятельности является продолжение работы по созданию Дома-Центра Алыкула в его собственном доме в г. Бишкек, переиздания и новые переводы стихотворений на другие языки, организация музея в доме на территории детского тубсанатория (Чолпон-Ата), где поэт проживал с 1945 по 1950 годы. И еще одна важная задача – восстановление детского дома №2 в городе Токмок, где воспитывается будущий поэты.

Обращаемся к структурам правительства и широкому кругу общественности по установлению лирического памятника на берегу озера Иссык-Куль, дополненное переиздание произведений – стихотворений, переводов, драм, легенд, выпуск литературно-научных сборников об его творчестве, не раздавать воспинании современников, продолжение благоустройства дома поэта в г.Бишкек, стройка отдельного помещения там же со всеми условиями для посетителей: аудиовидеотехника, конференц зал и т.д. Нужно установить памятник-бюст перед домом. Кроме этого следует активизировать работу среди школьников, студенчества и творческой молодежи.

В последние годы его отдельные стихотворения переведены на английский, японский, турецкий, узбекский, казахский языки. В Венгрии идет работа над выпуском сборника избранных произведений на венгерском.

Общественное обьединение «Дом-Центр Алыкула» приглашает истинных патриотов Родины, ценителей истории, литературы и культуры к сотрудничеству во имя сохранения, усовершенствования и распространения духовно-культурного наследия народа, не отрывая ее от казны общемировых ценностей.

*П. КАЗЫБАЕВ Директор ОО ДЦА,*
*дважды лауреат литературной премии*
*им. Алыкула Осмонова.*

# АЛЫКУЛ ҮЙ-БОРБОРУНДАГЫ ОЙ-ПИКИР ЖАНА СУНУШТАР КИТЕБИНЕН

Выставка посвященная 85 летию А.Осмонова содержит большой архивный материал, отражающий вехи творчества поэта. На мой взгляд, большой учебный материал для ВУЗов КР. К отрицатеьным моментам отношу недостаточное внимание Правительства к организации данного юбилея. Желаю Фонду А.Осмонова высоко держать знамя духовности кыргызского народа.

*Эркингүл Найзабекова,*
*к.экн. ст. консултант ЖК КР*
*23.05.2000. Нац. библиотека*

Поэзиянын алп акыны Алыкулдун 85 жылдыгына арналган китеп-сүрөт көргөзмөсү өзүнүн маанилүү-маңыздуу, тематика жактан өтө бай көрсөтүлгөнү өтө чоң таасир калтырды. Акындын чыгармачылыгы эң мыкты берилген. Эң мыкты иштери үчүн Улуттук библиотекасынын (китепкананын) коллективине раазычылык билдирип, чоң ийгиликтерди каалайбыз. Бул ишке активдүү катышкан, башкы уюштуруучулардан болгон Алыкул Фондусуна дагы ийгилик каалайбыз.

*К.Кондучалова, К.Кыдырбаева,*
*Болотбек Сыдыгалиев, О.Кутманалиев,*
*Осмоналиев Аскен. 23-май, 2000-ж.*

Улуу акын А.Осмоновдун 85 жылдыгына арналган «Аккан суу жана Алыкул» аттуу көргөзмө «эң жакшы» деңгээлде уюштурулган экен. Көп илимий факты, көз караштар, сын пикирлер коюлган. Биринчиден Улуттук китепкана кызматкерлерине, П.Казыбаев агайга чоң

ырахмат! Сиздерди Алыкулдун арбагы колдоп, иштериңиздерге ийгилик каалайм.

*Ж.Сокурова. КМПУнун филология факультетинин окутуучусу. 1.06.2000.*

Улуу акын Алыкул Осмоновдун «Аккан суу жана Алыкул» кечесине катышууда биз көптөгөн орошон ойлорду уктук. Мында А.Осмоновдун өмүрүнө, чыгармачылыгына арналган ар кандай көз караштар, ойлор айтылды. Мына ушул ойлордун иш жүзүнө ашышына тилектешмин. Кыргыз элинин атагын чыгарган А.Осмоновдун Ак Боз атынын дүбүртү кылымдардан кылымдарга угулушуна биз дагы салымыбызды кошобуз деп ойлойм.

*Мээрим Жумалиева. 1-курс. Гр. КЖ-12. КГПУ И.Арабаев*

Бул кеченин темасы «Аккан суу жана Алыкул». Алыкулдун аккан суудай таза, назиктигин ушул кечеде терең түшүндүм. Менин руханий дүйнөмдү ойготкондой болду.

Рахмат сизге Памир агай! Ушул маселеңизди мындан ары тереңдетип жалпы элге жеткиришиңизге тилектешмин.

*Бейшетаева Мадина. 1-курс. КЖ-12. КГПУ И.Арабаев*

Акындын мөлү Алыкулдун маарекесине арналып уюштурулган көргөзмө зор таасир калтырды. Мындай ишти колго алган Фонддун жана китепкананын кызматкерлерине ийгиликтерди каалоо менен аны мезгилдүү эмес, туруктуу иштөөчү адабий-маданий, маалыматтык

көргөзмөгө айландыруу жагын ойлонуп көрүүнү сунуш кылар элем.

*Сабыр Иптаров.*
*Кыргыз билим берүү институту.*
*23-июнь, 2000-ж.*

Посетив книжкую фото-выставку посвященную 85 летию Алыкула Осмонова хочу выразить глубокие слова благодарности всем сотрудникам общественного фонда Алыкула за их самоотверженный и благородный труд. Я считаю наш долг, донести до сегодняшнего и завтрашнего поколения высокий патриотический дух Алыкула Осмонова.

Его большую и безграничную любовь к кыргызскому народу. Со своей стороны Чуйская областная госадминистрация будет всячески поддерживать все добрые дела фонда Алыкула направленные на пропаганду поэзии и духа Алыкула.

*Губернатор Чуйской области Бакиев К.С.*
*22-июня 2000-года.*

* * *

Суук кышта кеттиң бизден жаз тилеп,
Ырларыңды сөз сыйлаган эл билет.
Ар бир сабың жыпар жыты буркурап,
Жылуу сезим арбап турат жазгы илеп.

Жылда эскерем, Бүгүн дагы эскердим,
Ойлоруңдун аруулугун эл көрдү.
Өмүр тилеп Адамзатка март болуп,
Бузук, тентек шүмшүктөрдү жек көрдүң.

Дагы далай келем отко сен жаккан,
Жылынууга келет көптөр ар жактан.
Черин жазаар, чаңкаганда кандыраар,
Ичким келет ошол таза булактан.

*Автандил Төрөкулов,*
*Каптал-Арык айылынын тургуну.*
*27-июль, 2000-ж.*

Алыкулдун бул үйү – өзүнүн эмгек акы, маңдай тери менен тапкан байлыгына сатып алып, көп чыгармаларды жараткан, кийин өзүнүн сөөгү чыккан үйү. Бул үй анын генийлигин эл мүлкүнө айландыра турган борбор болуу керек деп ойлойм.

Атаганат, тиешелүү адамдар марттык кылып, бул үйдү чыныгы адабият тарыхына айландырса кана?!

*замандашы, курсташы, ботколошу Шайык*
*21.03.2001-ж.*

Памирбек байке!

Уламкы муундар келип түндөп-күндөп,
Баш ура таазим кыла көптөр жүрмөк.
Акындын үйү – музей борбор болуп,
Дүйнөдөн көчкөн жери турсун гүлдөп...

*Эркин Жаныбеков, 21.03.2001-ж.*

Мен Алыкулдун жашаган үйүнө бүгүн келип кеттим 21-март Нооруз майрамында келдим. Куран окудук. Мен бир кезекте 1949-жылдары келип конуп кетчүмүн. Азыр болсо 75 жашка чыктым.

Баарыдан да ийнедей,
Сайып турган жүрөгүн.
Оору-кесел, тозоктур,
Ээлеп алган түнөгүн.

Рахмат орус бабушкага! Энесиндей күйүмдүүлүгүнө таң калганмын.

*Ардагер жазуучу, журналист*
*Жамийла Сулайманова*

Фонддун бүгүнкү оюн: Алыкул Осмоновдун үйүн эле эмес, анын калтырып кеткен мурасын, ырларын калыбына келтирип, жаш муунга жеткирели дегенин толук колдоймун. Фондду кыймылдатып жаткан кишилерди Алыкулдун арбагы колдосун.

Ишиңерге толук ийгилик, оюңарга, максатыңарга жетишкендик каалаймын.

*Улукбек. 24.04.2001-ж.*

Көптөн бери келем деп дегдеп жүргөн Алыкулдун үйүнө келип отуруп кеттим. Башкача, аруу абасы менен бир аз болсо да дем алып, кое турган спектаклге бир топ ойлорду топтоп кетип жатам. Үйдү кармаган Памирге ыраазы болдум. Дегинкиси Памир тоодой алп, таза жигит. Ушундай балдар бар үчүн Алыкул тирүү. Фонддун иши оңолуп кетсе деген тилегим бар.

*Сарлыкбеков Алмаз. 16-май, 2001-ж.*

Алда качан келишим керек болчу. Келе албай жүрдүм. Бүгүн келдим. Кеч келгениме кечирим сурайм сенден.

Сени кыргыздын дагы көп урпагы издеп, баскан жериңди, эңсеп келет. Себеби, сен Алыкулсуң!

*Бурул Калчабаева, 16-май, 2001-ж.*

Акындардын падышасы Алыкул Осмоновго таазим. Үй-музейин кармаган Памирбек байкеге миң-мертебе рахмат. Талантка таазим.

*Одуракаев Бусурман , 16.05.01-ж.*

Алыкул Осмонов – Кыргыз Пушкини өмүрү кыска болсо да, элине көп кылымдык тарых калтырган. Өчпөс тарых кала берет. Мамлекетибиз, элибиз өз тарыхын унутпай колунан келген жардамы менен ушу инсандын арбагын колдосо! Үй-музейин жаштарыбызга үлгү болгондой жайга айландырыш керек деген ой бар. Ушу үй-музейди ордуна коюп, тарыхый жай катары кармаган Памир, Сыргак мырзаларга жана Мисте айымга, чоң рахмат.

*Абдынасыр Ажыкулов*
*12.06.2001-ж.*

Биз, Алыкул Осмонов атындагы гимназия мектебинин мугалимдери, окуучулары, акындын үйүнө келип, үйүн, короо-жайын тазалагандыгыбыз үчүн кубанычтабыз. Себеби дүйнө эли бүт суктанган Алыкулдун үйүн көрүү мүмкүнчүлүгү баарында эле боло бербейт. Биздин каалоорубуз: ушул үй кийин чоң музейге айланып, атайын келип кызыккан адамдар арбын болсун.

Памирбек агай, сизге чоң рахмат, ушундай үйдү Алыкулдун музейи кылыш үчүн чуркаган ишиңизге.

*№68 мектебинин 7 а,б,в класстардын окуучулары.*
*18.06.2001-ж.*

2001-жылы август-октябрь айларында жана 2002-жылдын жайында Алыкул үйү оңдолуп, короосу кеңейтилди. Чатыры, шыбы, шыбагы, полу бүт алмаштырылып, коридору кеңейтилди. Дубал кырына бетон арматура коюлуп, 30 смден жогору бийиктелди.

Черепица Токмоктон алынганы, терек устундары Каптал-Арыктыкы, карагайлары Көлдүкү болгону кызык. Анткени төрөлгөн айылы Каптал-Арык, торолуп өскөнү, бой тарткан жери Токмок, ал эми чыгармачылыгы жетилген жагы Көл экендиги белгилүү эмеспи.

Бүт баардыгын жаңылоодон тартынып, эшик-терезелерин калтырдык, өтө эскиргендери гана алмашылды. Эки бөлмөнүн полу да эски тактайлары менен кайра төшөлдү. Анткени, калың бышык экен.

Акындын короо-жайын кеңейтүү максатында кошуна үй, короосу менен сатылып алынганы келечек үчүн да ыңгайлуу шарт түздү. Буйруса, эки кабат музей имараты салынса, конференц-залы менен. Сокулук көчөсү таш жол эле чаңдаган. Мэрияга кайрылып жатып, эски асфальт төшөлдү. Дагы 50-70 метрдей жерди бүтүрүү керек.

Көчө жакты дубал менен тосуу, дарбаза орнотуу, гүлзарга айлантуу башкы маселе. Андан соң короонун ичин скверге айлантып, Алыкулдун эстелик көчүрмөлөрүн орнотсок, 2-3 отургуч коюлса.

Музей имараты курулганча деп бир боз үйдү пайдалансак деген тилек, сунушту «Кыял» бирикмеси, көлдөгү филиалы менен биргелешип аткара турган болду. Рахмат!

Үйдүн оңдолушуна, короо-жайдын кеңейтилишине кайрымдуулук жардамын көргөзгөндөргө ыраазылык

айтыш лаазым. Башкы спонсорлор: Чүй облусу (К.С.Бакиев) жана АК ПСБ (М.Мукашев).

Колдон келген көмөгүн көргөзгөндөр катары да арбыса экен.

*Памирбек Казыбаев*
*21-март, 2003-ж.*

Өтө чоң эмгек жумшалып курулган бул үй-музей дүйнө жүзүнө өрнөк боло алат деп эсептеймин. Бул музейде бир үй-бүлөнүн бүтүндөй тагдыры жатат. Кыргыздын улуу акыны үйдө эки жылдай жашап, кийин анын элесине үйүн музейге айландырышкан.

Кыргыз валютасынын 200 сомдугуна сүрөтү түшүрүлгөн бул акын келечек муундарга өтө улуу мурас калтыргандыктан, анын **чыгармачылыгын калкка таанытуу улуттук милдет болуп саналат**. Музейде өз эрки менен иштеп жаткандар бул милдетти жакшы түшүнөт. Бүгүн түштөн кийин мен музей менен таанышканы келдим. Музейге келгенде менин көңүлүмдү бурган нерсе мектеп окуучуларынын да музейге келип, акын жөнүндө маалымат берип, ырларын окуганы болду. Алардын эмитен эле акын алдындагы өз милдетин туя билгендери мени сүйүндүрдү.

Аз жашаса да, өз өмүрүндө кыргыз элине, деги эле, түрк элине калтырган чыгармаларын Түркия түрк тилине да которулуусун каалаймын.

*Сиздерди терең урматтоо менен*
*Турциялык профессор, доктор Текин Айбаш*
*16.05.2003-ж.*

Кыргыз элинин өлбөс-өчпөс улуу акыны Алыкул Осмоновдун экинчи өмүрүн улап, өркүндөтүп, кыргыздын

келечек урпактары үчүн жасап жаткан ат көтөргүс чоң ишине, Памирбекке чоң ийгилик каалап

*Эмгек ардагери, КР мугалимдеринин отличниги*
*Ж.Ж.Назаралиева. 23-май, 2003-ж.*

Алыкул Осмоновдун жашап-өткөн үйүн, жашоо өмүрүндөгү иштеп кеткен иштерин калыбына келтирип толуктап эл үчүн эмгек жасап жаткан эмгектериңизге ырахмат. Дүйнөгө таанылган аруу ак үйгө айлантууңузга тилектешпиз.

*Көчкөнбаева Топчугүл*
*23-май, 2003-ж.*

Биз А.Осмонов атындагы №68 орто мектептин 1993-ж. бүтүрүүчүлөрү бул күнү улуу акындын айкелин ташка түшүрүп мектептин алдына орноттук. Атабыз Алыкулдун арбагы баарыбызды колдосун. Памирбек байкеге кыргыз эли үчүн жасап жаткан эмгегине ийгилик каалайбыз.

Скульптору Равшан Маматкулов (2001-жылы көркөм акад. бүткөн).

Аденов Нурлан, Асаналиев Нургазы,
Жээнбаев Нурбек, Кадыралиева Аида,
Рысалиев Кылычбек, Садыков Мирлан,
Сапаралиев Нурлан, Исраилова Жанай

Жогоруда жазып кеткен окуучуларымдын класс жетекчиси катары мен, окуучуларымдын жасаган ишине сыймыктанып, ыраазы болуп жатам. Сизге Памир байке

ден-соолук каалайм, ишиңизге ийгилик каалап Train Кеминде иштеп жүргөн мугалим

*Малакова Айнура, 24-май, 2003-ж.*

Бүгүн биз, 6-гимназиянын окуучулары менен Алыкулдун мурасканасында болдук. Бизге Памирбек агайыбыз акын жөнүндө айтып берди. Биздин каалоорубуз, бул мураскана өсүп-өркүндөй берсин. Окуучулардын атынан Памирбек агайыбызга чоң ыраазычылыгыбызды билдиребиз. Агай, сиз чоң иш жасап жатасыз, ошондуктан сизге чың ден соолук, узак өмүр, ишиңизге ийгилик каалайбыз.

*Мугалим: Үсөнбаева К.*
*Окуучулар: Харлампиева Клара, Киркетер Даша,*
*Глова Кристина, Керимбекова Мээрим*
*31.05.04.*

Бүгүн биз атам экөөбүз Алыкул атанын жашап өткөн үй-музейине келдик. Памирбек байке Алыкул ата жөнүндө көп нерселерди айтып берди. Алыкул жөнүндө атам да айтып берчү. Мен бул жерге алып келген атама абдан ыраазы болдум. Мен босогону аттап киргенде Алыкул атанын сүрөтүн көрүп өзүмдүн жашоомдо чоң сүйүнүч болду. Мен Алыкул атанын үйүнүн босогосун аттап кирип, бөлмөлөрүн кыдырып Памирбек байке да көп нерселерди айтып бергенде мага бир өзүнчө чоң таасир берди жана Алыкул атанын турмушун укканда сүйүндүм да кайгырдым.

*Марат уулу Акунбий. Акталаа районунун Карабүргөн айылындагы*
*Мукаш Базаркулов атындагы орто мектептин 5б классынын окуучусу.*
*Атасы – Марат.*
*16-апрель, 2005-ж.*

Мен 1950-жылы декабрь айында Алыкул дүйнөдөн кайтканда күн катуу суук болуп, топурак салганга бара албай калдым.

Эртеси адресин сурап алып (ал кездеги адреси – Тимирязев-3), Алыкулдун үйүндө жээни бар экен, ошого кездешип кеткем. Ошондон кийин бүгүн Памирбекти ээрчип келип, Алыкулдун үйүн көрдүм.

Алыкул – кыргыз элинин кайталангыс улуу акыны. Ал киши кыска өмүрүндө өлбөс чыгармаларды жаратып кетти. Шота Руставелинин дастанын таң калаарлыктай которгон.

Келечекте, Алыкулдун короосунда бош жер бар экен, эки кабат музей курса болчудай экен. Кыргыздын мыкты уулдары ушуну эске алса.

*Фольклор жыйноочу Буудайбек Сабыр уулу.*
*31.10.2005.*

Огромное спасибо, за прекрасную возможность познакомиться с творчеством такого великого человека.

Спасибо Памир ага за интересный рассказ о жизни и творчестве Алыкула Осмонова.

*Камила Сооронбаева*
*19.11.2005.*

Студенты Американского университета в Кыргызстане посетили этот музей и гордятся тем, что в нашей стране еще находятся люди, которые создают музей в честь известных людей нашей страны. Мы узнали много нового и интересного. Спасибо большое!!!

*19.XI.05*

Кыргыз элинин Пушкини, Омор Хаямы Алыкулдун үй-музейинде болуп, жүрөгүмө терең таасир калтырды. Алыкул акындардын акыны, улуу алп акын. Алыкулдун ырларынын саптары маанисинин тереңдиги менен башка акындардан айырмаланып турат. Бирок ушундай улуу акыныбыздын баркына ушул убакка чейин жете албай жүрөбүз. Кыргыз эли Алыкулга карыз. «Сен ооруба, мен ооруйун Ата-Журт» деген сабы үчүн Алыкулга алтындан эстелик тургузса болот. Быйыл Алыкулдун 90 жылдыгына карата анын ыр-китептерин чыгарыш керек, 2 кабат үй-музейин тургузуш керек, мектептерге Алыкулду таануу сабагын киргизиш керек, Бишкек шаарынын борбордук көчөлөрүнүн бирине (Киев же Москва көчөлөрүнө) Алыкулдун атын коюш керек, ж.б. Үй-музейи мага жакты. Памирбек иниме ырахмат! Канчалык кыйынчылыктар болсо да ар бир тарыхый экспонаттарды бирден жыйнап жакшынакай кылып музейге уюштуруп койгонуна.

Памирбек иним дайыма Алыкулдун эстеликтерине спонсор издеп жүрөт. Мен Памирбекке айтар элем, Алыкулдун спонсору бүтүн кыргыз эли. Кыргыз элинин атынан Республиканын президенти спонсор болуш керек. Алп акыныбыз Алыкул менин эжекем Айдай Жигиталиеваны сүйүп улуу чыгармаларды жаратса, биз 50–60-жылдарда Алыкулдун ырларын сүйүп, ошол ырлары менен жашап чоңойдук. Алыкулдун ырларын тереңден тааный элекпиз. Анын ырларынын келечеги кең. Алыкулдай акын кыргыз элинин бактысы. Мындай акын 1000 жылда бир гана туулат.

Памирбек иниме ырахмат, Алыкулга жакшынакай эстелик уюштурганы үчүн. Мындан ары Алыкулдун бүтүн күйөрмандары сени колдосун.

*Алыкулдун сүйгөнү Айдай Жигиталиеванын иниси*
*Осмоналиев Аскен. 3-декабрь, 2005-ж.*

Аликулдун каза болгонуна 55 жыл толду. Аларча көрүстөнүндөгү жайбашына барып, куран окудук, эскерүүлөр, ар кандай ой-пикирлер айтылды. Акындын педтехникумдагы курсташы, токсондогу Шайык аба Жамансариевдин келгени бардыгыбызды кубантты. ЖК депутаты А.Шадиевдин жардамчысы Айнагүл Базарбаева алоолонгон гүлдестесин койду. Мундузбек Тентимишев энциклопедия даярдап жатыптыр.

«К.Т.» гезитинин редактору Бакыт Орунбеков студент кездеги салтты бузбай келгенин айтты. Гезит кабарчысы Жыпар Исабаева кичине кезде түш көргөнүн: – Аликул жаагына колун жазданып отурганын, мен өлгөн жокмун, менин ырларымды уурдап жатышат дегени турмушка дал келгендей.

Анткени, 1951-жылы ЖС комиссия мүчөсү Т.Шамшиев кол жазмаларын алып кетип, үйүндөгү жертөлөгө койгон имиш. Ал эми академиядагы кол жазмаларында 1956-жылы өткөрүлгөнү жазылган. Чындык кайда? А эң башкысы – чыгармалары толук жарыяланганбы, эч ким уурдаган эмеспи…

*П. Казыбаев 12.12.05*

Народ, который почитает память великого сына, вечен.

Спасибо организатором музея. Желаю процветания Кыргызстану,

*с уважением Гиули Аласания.*
*Грузия. 22.06.06.*
*P.S. Она мать президента Грузии М. Саакашвили*

**Кыргыз Республикасынын Президентинин «XX кылымдагы кыргыз маданиятына жана руханиятына өзгөчө зор салымы үчүн» Ардактуу алтын медалы менен Ч. Т. Айтматовду сыйлоо жөнүндө**

## Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыгы

Кыргызстандын руханий өнүгүшүнө жана XX кылымда өлкөнүн улуттук маданиятына жана адабиятына кошкон зор салымы үчүн жазуучу жана коомдук ишмер **Айтматов Чыңгыз Төрөкулович** Кыргыз Республикасынын Президентинин **«XX кылымдагы кыргыз маданиятына жана руханиятына өзгөчө зор салымы үчүн»** Ардактуу алтын медалы менен сыйлансын.

*Кыргыз Республикасынын Президенти А. АКАЕВ*
*Бишкек шаары, Өкмөт Үйү, 2003-жылдын 7-декабры*

**Кыргыз Республикасынын Президентинин «XX кылымдагы кыргыз маданиятына жана руханиятына зор салымы үчүн» Ардактуу алтын медалы менен С.Каралаевди, С. Орозбаковду, А.Осмоновду, Т.Сатылгановду, Т. Сыдыкбековду, А. Токомбаевди сыйлоо жөнүндө**

## Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыгы

Кыргызстан калкынын XX кылымдагы руханий жана маданий өнүгүшүнө кошкон зор салымы үчүн жана жаркын элесин урматтоо менен Кыргыз Республикасынын Президентинин «XX кылымдагы кыргыз маданиятына

жана руханиятына зор салымы үчүн» Ардактуу алтын медалы менен төмөнкү көзү өткөндөр сыйлансын:

*КАРАЛАЕВ Саякбай – манасчы*
*ОРОЗБАКОВ Сагымбай – манасчы*
*ОСМОНОВ Алыкул – акын*
*САТЫЛГАНОВ Токтогул – төкмө акын*
*СЫДЫКБЕКОВ Түгөлбай – жазуучу*
*ТОКОМБАЕВ Аалы – акын*

*Кыргыз Республикасынын Президенти А. АКАЕВ*
*Бишкек шаары, Өкмөт Үйү, 2003-жылдын 13-декабры*




## ОХРАНЯЮТСЯ ГОСУДАРСТВОМ?

Неизвестные негодяи надругались над могилой классика кыргызской литературы Алыкула Осмонова на Ала-Арчинском кладбище. В канун 49-й годовщины со дня его смерти вандалы похитили ограду памятника.

СООБЩИЛИ об этом в редакцию сотрудники фонда «А.Осмонова и Госдирекции по пропаганде эпоса «Манас». В воскресенье, 12 декабря, они пришли на кладбище возложить цветы на могилу. И... были шокированы увиденным.

– Мы регулярно посещаем могилу Алыкула. Такое вот хулиганство вижу в первый раз, – сетует работник Госдирекции Памирбек Казыбаев.

Развороченное чугунное ограждение оказалось не единственным «подвигом» грабителей: сорваны бронзовые таблички с мемориалов акына Осмонкула Болобалиева, писателя Касымалы Джантошева. Вновь, в который уже раз за несколько последних лет, варвары покусились на металлическую надпись на могильной плите Бюбюсары Бейшеналиевой: украли, несколько мемориальных литер...

На территории кладбища проживают с семьями двое охранников. Известие об ограблении могил эти сторожа восприняли с недоумением.

– Какая ограда?.. Ах, Осмонова... А ее вроде бы давно не было... – говорит одна из охранниц, Мирван Мусабаева. По ее словам, пять месяцев кладбище по ночам не освещалось. Лишь на этой неделе к элитному погосту, где покоится прах многих известных в республике политиков и общественных деятелей, подвели электричество.

*А. Токомбаев*
*Фото С. Медведева*

**Кулбаеву А.С.**
**Раимбекову Ж.Р.**

Прошу разобраться и принять меры. О результатах доложите и направьте ответ в редакцию газеты «Вечерний Бишкек» до 21.12.99г.

*М. Керимкулов*

**P.S.:** *Эстелик толугу менен 2015-жылы, акындын 100 жылдыгында араң оңдолду, ортодон он алты жыл өткөндө.*

## ОТШЕЛЬНИКИ

**Сельский музей. От самого словосочетания отдает нафталином. Ассоциации: Богом забытое место, зануда-вахтерша и ни души вокруг. Но музей Алыкула Осмонова в Панфиловке, что в одноименном районе, а точнее люди, которых мы там встретили, полностью опровергли подобный стереотип.**

Небольшое облицованное мрамором зданьице и зеленая ухоженная поляна вокруг дразнили взгляд. В такие моменты начинаешь понимать отшельников... Точно! Вот кого напоминают здешние обитатели.

Болотбек Сыдыгалиев, узнав, что приехали гости, отправился в сад и вернулся с двумя душистыми букетами сирени. Алыкулу Осмонову Болотбек приходится племянником. В музее он – сторож и по совместительству садовник. Память о прославленном предке аксакал хранит бережно.

– Смотрите-ка сюда, это книга стихов Шота Руставели. Мой дядя первым перевел ее на кыргызский, – водит указкой по стеклянной витрине Болотбек. – Он и Пушкина переводил, и Шекспира. Чувствовал стихи – тонко чувствовал.

Болотбек не пропускает ни единой детали. Только взглянет на какой-нибудь предмет – и давай рассказывать все, что с ним связано. Когда в девяностом году открыли музей, он передал в дар вещи, которые много лет хранил дома: старенький дядин комод, тахту, письменный стол, первый радиоприемник «Урал».

А по фотографиям, что развешаны на стенах, вообще можно генеалогическое древо восстановить. В каком году был сделан снимок, кто кому и кем приходится – все

знает и помнит племянник. А ему, между прочим, уже семьдесят второй год пошел.

Глядя на то, как Болотбек водит нас от одного стенда к другому и рассказывает, экскурсовод Гуляйым улыбается: вот, мол, вам и сторож – настоящий гид.

Вместе с Гуляйым здесь работают жена Болотбека и его сын-художник. Этот маленький музей, по сути, и есть их дом. И мы не единственные, кто заглянул сюда. Есть и постоянные посетители.

– Здесь неподалеку мечеть, люди после молитвы всегда заходят, – говорит аксакал. – А когда в нашем селе или в соседних свадьба, молодожены приходят в музей, чтобы возложить цветы.

Депутат Мурат Мукашев приезжает сюда каждый год на свой день рождения. Он большой поклонник Алыкула Осмонова. Вообще, в книге посетителей оставили автографы многие важные персоны: известные писатели, политики, первая леди республики. Жаль только, что на зарплату работников это никак не влияет.

Потомок-садовник получает сто сомов, его жена – полминимальной ставки – пятьдесят, самая высокооплачиваемая сотрудница Гуляйым. Ее зарплата – 250 сомов.

Но они не думают оставлять музей. Ухаживать за ним и землей вокруг него – в этом, если хотите, они видят свое предназначение. Чудаки?

*А.БЕНЛИЯН, Ф.БАШКУЛОВА.*
*Фото С.МЕДВЕДЕВА.*

## КЫЯЛЫМДА ТУРГУЗДУМ, КЫЯМАТТЫК ЭСТЕЛИК

Атаганат!
Ой жетсе да кол жетпей,
Керээзди актаар кез келип,
Калбайын дедим четтенип,
Кадырлуу кыргыз калкынын,
Кадырман уулун эскерип,
Кыялымда тургуздум,
Кыяматтык эстелик!

Кылымга турчу эстелик!
Окумуштуу усталардан,
Он жетини алдырдым!
Опол тоодой жардын бетин,
Омкорултуп каздырдым!
Кызыл ташты мрамырлап,
Көл жакалай бастырдым!

Ай далысын кыбыланы каратып,
Айдай жүзүн көлгө кыйгач келтирдим.
Кыйкуулаган чардактарды санатып,
Маңдайына күндөн нурду септирдим.
Сол колуна ак китебин карматып,
Оң колуна –
Шота жазган ак канатты кондурдум!
Мойнун созгон ак кууларды,
Бет алдына толтурдум!

*5-май, 2006-ж.*

# ТОКСОНДУН ТООДОЙ ЫРЫСЫ

*Маектеш жөнүндө маалымат Жамансариев Шайык Бекович, 1915-жылы Ысык-Көл облусунун Аксуу аймагында Тепке айылында төрөлгөн. Бишкек педтехникумун, мугалимдик курсту бүтүргөн. 1936-жылдан бери Кыргызмамбаста редактор, «Ысык-Көл правдасы», «Кыргызстан айыл чарбасы» журналынын, «Эл агартуу» журналынын башкы редактору, педучилище мугалими, облустук билим берүү бөлүмүнүн жетекчи орунбасары, Кыргыз ССР Министрлер Советинин бөлүм башчысы, Билим берүү министрлигинин кадрлар башкармасынын начальниги, Кыргызмамбаскомдун жооптуу кызматкери сыяктуу кызматтарда эмгектенген.*

*Үзүрлүү мээнети «Ардак белгиси» ордени, көптөгөн медалдар, ардак грамоталар жана агартууга эмгек сиңирген ишмер наамы менен белгиленген.*

*Көптөгөн окуу китептеринин, көркөм чыгармалардын котормочусу. Соңку жылдарда ондон ашык чыгармаларды жазуу менен өзүнө таандык талантын тастыктап койду.*

Эки кылымдын элине берген жакшылыгына, устаранын мизинде оодарылткан кыйын кезеңдерине күбө өтүп, ошондой оомал-төкмөл турмуштун далай белестерин аша, өмүрдүн токсон биринчи жазын тосуп отурган аксакал менен маектешүү кызыктуу да, кыйын да экен.

Анткени, кыргыз маданияты, агартуусу, басма сөзү жана коомдук турмушунда жетимиш жылдан ашык эмгектенип келаткан инсан ибаратын калктын калың катмарына жеткирем деген дымак күчтүү, а бирок ага

жүгүнүң боштук кылбайбы деген кыжаалаттык кыл чылбырды чайнатканын кантип танасың...

Анын үстүнө бул абройлуу аксакалды соңку жыйырма жылда дурус эле таанып, билгендей болгонум менен тээ терең түпкүр сырына анчалык аралашпаганым да бар эле. Алыкул акындын өмүр баянына байланышкан баяндары, залкар курдашы жөнүндөгү толуктоолору бизди тааныштырган, жакын жана пикирлеш кылган.

Ошол күндөн ушул күн акынга же анын замандаштарына тиешелүү кептерди ортого салып, ар кандай иш-чараларында ата-баладай ээрчишип жүргөнүбүзгө карабай, өзү тууралуу атайын сүйлөшпөгөнүбүзгө да таң калам.

Жакында 90 жылдыгы белгиленет экен дегенди эшиткенде гана атайы чыгынып, аксакалдын астанасын аттаган элем.

Улуу муундагылардын улуу салтынан жазбай, жадырай-жайнай тосуп алды да, байбичеси Рабига Кидибаева сыркоолоп калгандыгына кабатырланды, маарекеси да ушул себептен улам жылдырылып жатканына. Жубайы кырк жылын улуттук китепканага арнаган эмгек ардагери. Байбичеси менен бирге жашаган 61 жылдан ашык мезгилде 4 уул, кызды татыктуу тарбиялашып, 7 небере, 3 чөбөрөнүн ырахатына батып отурушат.

Ар түркүн тематикадагы жана түркүн түстүү мукабадагы басылмалар көркүн чыгарып турган китеп шкафтардын жанындагы орундукка отуруп, маегибиздин макетин түздүк.

Бирок, тез эле ал чектөөдөн чыгып, ээн-жайкын дайра сымал баарлашуунун барасын айланта баштадык...

Шайык абанын айтып бергендерин ашыкпай курапштырса өзүнчө бир кызыктуу китеп жазылмагы талашсыз. Гезит эрежесин эске алуу менен ошолордун омоктууларынан омуруп ала окурманга тартуулоого туура келди. Аны да кыска, нуска жеткирүү үчүн суроо-жооп ыктуу сезилди.

***– Идеология дегенге идиректүү ой табуу маселесине кандай карайсыз?***

– Экономикабыз сыяктуу эле мектеп, маданият, илим-билим жагы терең кризисте турат. Эл чайкалып, улам бир нерсеге үмүт менен жүткүнүп, андан майнап чыкпай калса олку-солкулукка, кайдыгерликке ооп турган маал. Ушул баардыгынан опурталдуу. Коомчулук кайдыгерликтин сазына батса, баардык нерсеге ишеничи калбаса, өзүнө-өзү дем бербесе жана улуттук баалуулуктарды барктай албаса анда алыска узабайбыз. Каада-салтыбыз бар деп канчалык какшаган менен терс адаттарга тез эле алдырып жатпайбызбы. Мисалы, мода деп коюп, киндикти көргөзүп жүрүү дегендин өзүндө эле эки осолдук турат. Биринчиси, медициналык жагы – келечекте эне боло турган кыздарыбыз бөйрөккө суук тиерин, ден соолугун ойлошсо. Экинчиси, ыйман маселеси – жарым-жартылай жылаңачтанып көчөдө жүрүү акылсыздык, бөлөктөрдү сыйлабастык. Көл жээги болсо да бир жөн дечи.

Ал эми сойкулук дегенди да оор турмушка же жумушсуздукка шылтоо суу кечпес нерсе. Адамзаты өнөр жайга жетелекте же кыргыздардын 1916-жылдагы көтөрүлүшүндө, ачарчылык, согуш убагында да эмне үчүн аялзаты мындай маскарачылыкка малынбаганын унуттук?!

Жаңылык деп эле өзүбүзгө коошпос нерселерди кабыл алуу да карайлатып турабы дейм? Мына, ыйык Валентин күнү 14-февралда баардыгы эрен-төрөнү жок

ачыкка чыгышып: өбүшөт, ичишет, жатышат (орой кеткениме кечирим сурайм). Ушунун кимге кереги бар? Сүйүү, махабат деген өзү улуу жана жалпыга шардана кылынбай турган, бири-бирин анык аздектеген эки жаштын ортосундагы эң ыйык мамиленин туу чокусу эмеспи.

***– Эмне кылуу керек?***

– Мамлекет жаштар үчүн каражатты аябай, улуттук жана жалпы адамзаттык жакшы салттарды эриш-аркак үйрөнүүгө көңүл бурса. Жайнап кеткен жогорку окуу жайларды азайтып, маданият таануу, этика, энелик тарбия, гигиена, улуттук каада-салт сыяктуу сабактарды киргизсе, Шапиронун шалпыган китептеринин ордуна. Бул үчүн билим тармагын реформалап, жогорку тематикадагы окуу китептерин, методикалык колдонмолорду чыгаруу зарыл. Мунун баардыгын калыптандырууда идеялык тарбиянын таасири күч. Эң башкы нерсе ар ким өзүн-өзү тыйып, текшерип турбаса эч майнап чыкпайт.

***– Басма ишинин да ардагери катары өзүңүздү эмне кабатырлантат?***

– Балдар китебинин жоктугу. Элибиздин эзелки жомоктору, табышмактары, уламыштары бөбөктөргө, кенже класстын балдарына, тестиер жана өспүрүмдөргө арналып, кооз жасалгасы, тийиштүү сүрөттөрү менен чыгарылганда мектеп программасына көмөк көргөзүп, эне тилибиздин көркөм касиеттерин, улуттук тарбияны өздөштүрүүгө өбөлгө болмок. Бул абалдан чыгуу аракети тез арада көрүлбөсө, жаңы чыгармалар түгүл, мурдагы чыккан чыгармалардан да кол жууп, кыргыз китеби дегенди көргөнгө зар болобуз. Анын үстүнө компьютердеги балээ оюндар да балдарды өзгөчө алаксытып, баардык ыйык нерседен алыстатууда.

***– «Манас» эпосуна каршы пикирдеги ойлор да учурда айтыла калууда?***

– Улуу сөзүбүзгө шек келтиргендерди улут угутун, рухун сатарлар деп айтар элем. Бирок «Манастын» маани-шаанисине жетерлик иштер колго алынбай, алынса да утурумдук маанайда калып жатканы жанагындай калпыстыкка жол берүүдө. «Миң уккандан бир көргөн артык» дегендей, эпостон балдар үчүн арналган китеп серияларын чыгарса майнап болмок. Көбүнчө эле академиялык басылышына, кайсы бир вариантына же илимий изилдөөлөргө көп көңүл бурулуп, балдар менен жаштар жагы унут калууда. Согуш маалында чыгарылган «Манас» серияларынын үлгүсүнө көңүл бурулса, кара сөз түрүндөгүсү окуучуларга жеткиликтүү болоор эле.

***– Идеяны таптык дейли. А аны канткенде элдин аң-сезимине сиңдирип, жамы журттун жаратмандык күчүнө айлантабыз?***

– Эң башкы шарт – жетекчилер ошол идеяга өздөрү каны-жанынан берилип, баш оту менен киришип иштемеги зарыл. Экинчиси – максатты туура аныктоо, ага ишенүү менен аткаруу ыгын тактоо. Андан соң ошол орошон ойлорду колдоочуларды, сүрөөнчүлөрдү табуу. Үчүнчүдөн – уюштуруучулук шык жана өткүрлүк, батылдык зарыл. Акыркы чечүүчү нерсе – акча маселеси жана каражатты калыс, туура, үнөмдүү пайдалануу.

***– 90 жылдык өмүрдүн өрүндө көп эле кишилер менен алака түздүңүз, иштештиңиз да. Ошолордун ичинен кимдери Сизге көмөк көрсөттү, таасир этти, эстей аласызбы?***

– Жоомарт Бөкөнбаев педтехникумга өтүүмө жардамдашпаганда тагдырым кандай болот эле деп өзүм да ойлонуп калам. Каракол шаардык партия комитетинин

1 секретары Абыловдун Ысыккөл обкомундагы лекторлук кызматыма түздөн-түз тиешеси бар. Ал эми кыргыз полиграфиясынын көрүнүктүү өкүлү Тургунбек Суванбердиев Кырмамбастын директору катары көптөгөн китептерди которууга берүү менен чыгармачыл жана материалдык жактан колдогонун кантип унутайын. Ошол мезгилде мен турмуштун түйшүгүнө урунуп, кыйналып жүргөн чагым эле. Алардын ушундай мамилесинен улам жакшылыктын нурун мен да бөлөктөргө чачыратууну парзым деп калгам.

***– Шайык аба, Чоң-Таштагы завод-мүрзөдөн, репрессия курмандыктары арасынан табылган Асанбай агаңыз жөнүндө айтып бересизби?***

– «Аганы көрүп ини өсөт» деген макал бар эмеспи элибизде. Ал абамдын өрнөктүү үлгүсү мен үчүн чоң сабак болду. 30-жылдардын опурталдуу шойкому биздин тагдырга да муздак көлөкөсүн тийгизди. Асанбай абам кыргыздын тунгуч коомдук жана мамлекеттик ишмери катары калкы үчүн каны-жанын аябай иштегенине карабай (балким эл, жери үчүн ашыкча күйүнгөнү үчүндүр) кара тизмеге илинген. Ата-Бейиттеги курмандыктар арасынан сөөгү табылып калганына ыраазыбыз. 1958-жылы айыбы жок деп акталганы менен дайын-дареги белгисиз калганына капа элек.

***– Ал кишинин жаткан жери жайлуу болсун. «Эл душманынын» жакыны Сизге кандай ыдык көргөзүлдү?***

– 1937-жылы Москвада ВКП (б)нын редакторлук курсунда окуп жүргөнүмдө, «Советская Киргизиянын» башмакаласында агам жөнүндө тетири пикирдеги ой жарыяланган соң эле мамиле тескерисинен кетти. 19-ноябрда камакка алынган соң, «Эми сен да камдана бер» деп ачык эле эскертишти. Из жашыруу максатында

Харьковдогу технология техникумуна кирип окуп жүрсөм, ал жерге да маалымат жетиптир. Кайра Москвага келип, жатар жер, тамак ичер шарт болбой калган соң комиссар Д.Фурмановдун аялы Екатерина дегенге барсам, Бишкекке жетүүмө жардам берди. Анын да ошол жакшылыгын эки дүйнөдө унутпасмын.

***– Ал айымга кандайча барып калдыңыз?***

– Асанбай агам маданият жагын тейлеген ишмер катары Москвадагы I декадага даярдануу маалында Фурмановдун аялы ГИТИСтин ректору болгондуктан Кыргыз студиясын ачуу маселесин бирге чечишкенин уккан жайым бар эле. Ошентип, Бишкекке келген менен деле тынчыбадым. География коомунун мүчөсү катары окуу китептерин мурда которуп кеткен элем. Вязов деген башкы бухгалтер менин абалыма түшүнүү менен 20 миң рубль акчамды алып берди да, мындай кеңешин айтты: – Мүмкүн болсо бул жерден алыска кет. Ич кийимден көбүрөөк ал да, таза, тыкан кийинип ал.

Ошентип, тууган жерге да батпай, Түркскиб темир жолунун нугу менен Новосибирск тарапка багыт алдым. Андан Ыраакы Чыгышка, Владивостокко чейин жер котордум. Баягы акчаны үнөм менен пайдаланып, Вязовдун акылы боюнча ич кийимди кирдетпей, улам алмаштырып жүрдүм, качкын экенимден шек алдырбай. Жомоктой сезилген дагы бир окуяны айтайын. Владивосток-Ленинград, Ленинград-Владивосток багытындагы пассажирдик поезддин туруктуу жүргүнчүсү-жашоочусу болчумун. Ошентип тагдыр дөңгөлөгү менен темир дөңгөлөктө чимирилген заман өткөн.

Кезектеги сапарымда Новосибирскиге токтогондо вокзалда илинип турчу Ежовдун чоң портрети жок болуп калганын байкадым. 1938-жылы февраль, марттагы

партия пленуму менен ал иштен алынып, өзү да репрессияланып кеткенин сатып алган гезиттен окуп билген соң, Кыргызстанга келүүгө батындым. Апрель айында Жалалабат педтехникумуна мугалим болуп ишке орноштум. Кийин Караколдо иштеп, партияга өтүп, обкомдун лектор башчысы катары иштегем.

***– 2000-жылы Жазуучулар Союзуна кабыл алынганыңызга караганда Сизди жаш жазуучу дейбизби? (Аксакал ушунда каткырып жибергиси келгенин араң тыйып, мыйыгынан сырдуу жылмайды).***

– Мен союзга мурда эле өткөнүм 1958-жылдагы биобиблиографиялык басылманын 225-бетинде жазылып турат. 1969-жылдагысында жок болуп калыптырмын. Мурдагы котормолорумду, «Таңкы кадам», «Кутман чал», «Ак куйрук» сыяктуу китептерим, басма сөздөгү ишмердигим үчүн 2000-жылы союзга кайра алындым. Ошондон бери кыйла чыгармаларды жазып, айрымдары жарык көрдү, калгандары каражат күтүүдө.

***– Басма сөздөгү башкы эмгегиңиз катары эмнени айтар элеңиз?***

«Мугалимдерге жардам» деген методикалык колдонмону «Эл агартуу» аттуу илимий-педагогикалык журналга айлантуу менен, нускасын 40 миңден ашырып, бюджетке пайда түшүртүп турганымды, редакциянын «Ардак белгиси» ордени менен сыйланганымды, журналга 10 жыл редактор болгонумду. Ошол чыйырды улантып, азыркы татаал кырдаалда журналды жаптырбай чыгарып келаткан Токтогул Сагымбаев иниме рахмат!

«Ысык-Көл правдасынын» редактору кезинде көтөргөн демилгемди да айта кетсем ашыкча болбос. Түп районундагы Көңдөй каналын 100 чакырым узактыкта каздыртуу менен 3 миң теше жерди сугарууга шарт

түзүлгөн. Мурдагы Сасык-Булак каналынан болгону 10 же 15 гана гектар жер сугарылчу. Ушул жигеримди «Ардак белгиси» ордени менен белгилешкен. Ал канал азыр да элге пайдасы тийип жатканына сыймыктанам. Ал эми азыркы эл жазуучусу Зуура Сооронбаева, акын-жазуучулар Абдылда Белеков, Качкынбай Чукулдуков, Мусалы Ормонбеков жана Бектемир Осмонов өңдүү журналисттер менин шакирттерим.

***– Быйыл кыргыз полиграфиясынын флагманы «Учкун» басмаканасынын (мурдагы №1 типография) 80 жылдыгы белгиленмекчи. Ушундан улам бир суроо: «Эркин Тоо», «Батрацкая правда» гезиттеринин таржымалы элге кеңири белгилүү. Ал эми журналдардын алгачкысы кайсы?***

– 1928-жылы уюштурулган «Жаңы маданият жолунда» журналынын агартуу, ден соолук, адабият, аялдар маселеси, балдар адабияты деген бөлүмдөрү бар эле. Кийин ошолордун негизинде өз-өзүнчө журналдар ачылды. Ошондуктан, ушул басылманы баардык журналдардын башаты десең жаңылбайсың.

***– Эми алардын далайы жабылып калганына көз карашыңыз?***

– Мамлекет өз идеологиясына, мамлекеттик тилине жана маданиятына, элинин каада-салтына, адабиятына басым жасабаса, бардыгын экономикага эле шылтап койсо ушундай абалга түшөрү анык. Он беш жылда ал турмак «Мектеп», «Адабият», «Кыргызстан» деген басмалар дээрлик жоюлуп калганы кандай гана өкүнүч. Ортоазияда эң кубаттуу саналган полиграфкомбинаттын оор тагдырын эшитип жатам. Кыскасы, кыргыз сөзүн, өнөрүн өлтүрбөйлү десеңер демдүүрөөк кыймылдап, уюштуруучулук угутту жаңылоо зарыл.

***– Эми кепти аяктаарда студенттик кездеги же башка учурдагы эсте калган күлкүлүү окуялардан ортого салсаңыз?***

– Педтехникумда окуп жүргөндө кыздардын жакалуу, кызыл пальтосун билбей кийип алып, шаарды кебелбей кыдырып жүргөнүбүз, элдердин бизге таңданып да жылмайып карагандары. А да болсо жокчулуктун айынан эле да.

Алыкул Ысык-Ата курортунда жүргөндө акча дегенинен улам, тооктун бышкан этин жана гезитке оролгон акчаны бирөөдөн берип жибербеймби. Ап кеткенден кийин кандайдыр себептен улам ошол күнү өзүм да ошояк-ка барып калдым. Алыкулдун кабагы бүркөө. Акча канакей деп? Көрсө, этти жыргап жешет да, калган гезитти карабай таштанды челекке ыргытышыптыр. Экөөбүз темир шиш менен сайгылап жатып, акча оролгон гезитти тапканда аябай каткырып күлгөн элек!

***– Эки доордун адамы катары эмнелерге көп кыжаалатсыз?***

– Бардык замандын жаман, жакшысы болот. Кайсынысына ооп кеткенине жараша доор оңколойт же оңолот экен. Ошондуктан, жакшылык жагына жалпыбыз жардамдашсак, жашоонун байманалуу үзүрүн көрөрүбүз анык.

Бул үчүн өзгөчө билим тармагына реформаларды чечкиндүү киргизүү зарыл. Эмгек тарбиясы адистикти үйрөтүүгө жана ар бир окуучунун жөндөмүнө жараша окутуу пайдалуу.

*Суроону төмөнкү бир шилтемдер менен да жооп берсем:*

Саргаргандын бардыгы алтын эмес,
Самагандын бардыгына жарагандай. .
Өкүнүп кала көрбө өткөнүңө,
Алтынды жезге алмашып тааный албай.

***– «Ант урбасын адамды» аттуу ырыңыздагы:***
***Ажонун качкандыгы дурус болду,***
***Көчкүдөн типтик учкан сагызганча – деген сабыңыздын оюн улай азыркы абалыбызга аксакалдык ой-пикириңиз, сунуш же тилегиңиз?***

– Ооба, азыркы президентке ачык сын айтуулар күчөөдө. Анын да жөнү бардыр. Бирок чукул арада жасалган иштерди иликтеп, он беш жылдыктын оор мурастарынан кантип кутулуунун бирдиктүү программасын түзүү зарыл.

Он чакты кишинин башын бириктире коюп эле эл атынан сүйлөмөй жаман адат жаралды. Ошончо эле жан күйүп, түтөп баратса жалпы элдик кеңеш өткөрүү майнаптуу болмокчу. Мурунку президент да качкан жагында жөн жатпай, улам бир өрдөгүн учуруп уу-чуу жаратууну көздөөдө. Аны көргөн быяктагы көңүлдөштөрү да жөн турбай, колдон келишинче коомдун тынчын кетирүүгө салым кошуп жатышат.

«Кеңешип кескен бармак оорубайт» дегендей бардык тарап бүт маселени ортого коюп, талкуулап, бир пикирге келүү менен аракеттенгенде гана Ала-Тоо жергебизге, ак пейил элибизге жарашкан жакшы турмуш орномокчу.

***– Акдилден берген насаат маегиңизге рахмат! Бар болуңуз!***

**P.S.** *Он беш жыл дегенден улам – сокодон космоско жеткен совет өлкөсүнүн, космостон кайра ат менен кош айдаган абалга келген кыргыз өлкөсүнүн он беш жылын кантип салыштырууну билбей баш катат?*

*Абдыкерим Сыдыков, Жусуп Абдрахманов, Ишеналы Арабаев, Абдыкадыр Орозбеков, Төрөкул Айтматов, Касым Тыныстанов жана маектеш аксакалдын агасы Асанбай*

*Жамансариев сыяктуу тың чыкмалардын азыркы урпактары азыркы мүмкүнчүлүктөрдү туура пайдалана албай, абысын-ажын ажылдагынан кутулбай жатканыбызга улуулар арбагы деле ыраазы эместир.*

*Кыргыз университеттеринен бирөө бул аксакал агартуучуга, журналистке жана жазуучуга ардактуу профессор деген чечимди чыгарып, макмал мантияны жаап койгонго чыгынбаганы, буга Билим министрлиги да кайдигер караганы – улуу муундарды тез эле унутарыбызды күбөлөгөнсүйт.*

## ШОТАНЫН МАХАБАТ ДАСТАНЫН ОКУ

DA уюму өткөргөн эларалык форумдун бир накта турмуштук мисалына байланыштуу кеп уланмакчы.

Быйыл Шота Руставелинин 840 жылдыгы экендигине көңүл буруп, «Жолборс терисин кийген баатырын» Алыкулдун эркин котормосунда жетинчи ирет чыгаруу жана грузин элинин улуу акыны боюнча жаңы басылма чыгаруу же экспонаттарды топтоо ниетибиз бар эле. Каражат жагын кантсек деп турганда, Грузия президенти М.Саакашвили сүйлөшүп жүргөн голландиялык кызына: «Эгер, грузин элинин жан дүйнөсүн билгиң келсе Шотанын махабат дастанын оку» дегенин жана келечектеги жубайы «Жолборсту...» болгондо да грузинче окуп чыкканын гезиттерден окуп калып бул үй-бүлөгө же президентке кат жазсакпы деген ойдо жүрдүк.

Аңгыча эле Анталияда DA кезектеги жыйынын өткөрүп, ага кыргызстандык өкүлдөр да катышып калат. Ошолордун бири айтылуу аалым-педагог, журналист Абдыкерим Муратов Гиули Аласания айым жөнүндө кызыктуу маалыматтарды берди. Көрсө, бул аалым айым тарых илимдеринин доктору, Тбилисидеги Кара деңиз

эларалык мамиле университетинин проректору жана Шотанын накта күйөрманы экен. Ал эми эң башкысы, алиги биз кат жазсакпы деп жүргөн М.Саакашвилинин энеси эле.

Ошентип, 2006-жылы 20-мартта Тбилисиге, президент наамына жазган катыбызды почта менен жөнөттүк. Дээрлик үч айга чейин жооп болбогон соң, «катыбыз жетпей калган экен» деп түңүлө баштаганбыз... Эми катыбызды ТИМ аркылуу жөнөтсөкпү деп жатканда жогоруда аталган форумга Гиули Аласаня айымдын да катышарын билдик.

Абдыкерим Муратов, Кыяс Молдокасымовдордун тааныштыруусу, түрк туугандардын түзгөн шарты Аласания айымды Алыкулдун Бишкектеги үй-борборуна баруусуна өбөлгө түзгөнүнө алкыш айтабыз.

Акындын үй-жайын, тийиштүү экспонаттарын шашпай көрүп, Шотанын кыргызча баянына муюган айым: – Салам дубаңарды айта барайын. Катыңарды бергиле дегенинен улам көргөндөрү көңүлүнө төп келгени баамдалды.

Пикирлер китебине кыска-нуска гана минтип жазып коюптур: *«Народ, который почитает память великого сына, вечен. Спасибо организаторам музея. Желаю процветания Кыргызстану, с уважением Гиули Аласания.*

Алыкул жөнүндөгү кыргыз, орус, англис тилиндеги буклеттер «Балдарга» ыр томдугу, бу дагы үч тилде, акын тууралуу басма сөзгө жарыяланган орус тилиндеги макалалар, 1966-жылы Шотанын 800 жылдыгында К.Каракеевдин жасаган докладынан үзүндү, Алыкул өзү жазган автобиографиясы, «Шота Руставелиге» деген ырынын кыргызча, орусча варианттары Михаил Саакашвилиге

жазылган кат менен кошо берилди. Бул материал да Ш.Руставели музейинен орун алса, «Жолборско...» жардам болуп калса кыргыз – грузин байланышы дагы артылып, DA уюмунун да эларалык бедели көтөрүлмөгү ырас эмеспи.

«Арстан алганына эмес, чалганына сүйүнөт» дегендей Алыкулдай айтар сөзүбүз бар экендигине, ага минтип өзгөлөр да өнтөлөй мамиле жасашарына ыраазысың. А бирок, Алыкулду Алыкул деп тааныткан ырлары чыкпай жатканы көңүл кейитерлик. Ошондуктан Грузия тарап берүүчү жардамды өзүбүздүн жарандар, колунда барлар колдоп кетсе, Алыкулдун адабий Акбозаты ааламды аралай дагы алчактоочу маалы алыс эмес.

## КУРМАНБАЙДЫН КЫЗЫ – АКЫНДЫН КААРМАНЫ

Жеңишкан азыр алтымыштын үчүнө жетип, бала-чакалуу, небере көрүп дегендей, өмүрлүк жубайы Орозобектин ордун жоготпой Кочкордун Дөң-Алыш айылында турмуш сапарын улоодо. Алыкулдун ырларындагы бөбөк, бала жөнүндөгү ою терең сүрөттөөлөрүнө сүр берген каармандар катарында кичинекей Жеңишкандын да өзүнчө орду бар. Ошентип, өзүн өлбөс поэзиясына жазып кеткен акын жөнүндө бала кезде калган таасирлерин, ата-энесинин айрым эскерүүлөрүн Жеңишкан эске салып отурду...

– Эң башкысы атам экөөнүн жаш айырмачылыгы көп болгонуна карабай жакын мамилеси теңтуш-курдаштардай эле сезилчү. Бирок, ортодогу сый-сыпат бардыгынан жогору турганын жазылган каттар, ырлар ырастарын

окурман туяр. Атам акындын Чолпон-Атадагы жашоосуна күнүмдүк чарба жагынан каралашса, акын да менин агаларыма өз бир тууганындай жардамын тийгизгени атамдын ага жазган каттарында даана айтылганын архив материалдарынан өзүң алып чыкканың бар эмеспи.

Биз алты бир тууган элек. Улуубуз Маймак 1927-жылы, Батый эжем 1929, Жумабү эжем 1936, Асабыякун абам 1937, Асан агам 1939-жылы төрөлүшсө, мен жеңиш жылында төрөлгөндүктөн Жеңишкан деген ысымды коюшуптур.

Алыкул сандыктагы чоң чакмак каттарды чагып берер эле. Аттишти алып берген мени:

– Ай Жакен, Күн Жакен деп эркелеткени, райком жайгашкан дөңсөөдө ары-бери жетелеп жүргөнү, желбегей жамынган кара пальтосу, кырлуу шапкеси эсимде.

Атам Черикчиев Курманбай болжолу 1890-жылы жарык дүйнөгө келип, 1970-жылдары каза тапкан. Апам Акий Жоломан кызы 1978-жылы дүйнөдөн өттү.

...Алыкул үйгө келген сайын жарыктык апам бизди ага көп жолотпой, окчундатып, балапан коругансып калганы эсте. Көрсө, ал көп жөтөлчү тура. Ошондон уламбы Акий апабыз: акынды атынан айтпай: – Күрсүлдөк деп тергеген жайы бар *(Балким, ушундан улам: «күрс-күрс эткен үн чыгат» деген ыр саптары жаралгандыр – П.К).* Бирок, биздин бирөөбүзгө да анын оорусу жукпаганын кийинки жашообуз ырастады.

Атам өзү колу жөндөмдүү, эскиче айтканда кырмачы, жыгачтан ар түркүн буюм жасаган усталыгы менен бала-чакасын баккан. Анын идиш-аяк ж.б. буюм-тайымдарын көл кылаасындагы көпчүлүк жерге койдуртпай алып кетчү. Атамдын кыргыз турмушуна байланыштуу айткан, жасаган нерселеринен калгандары да кызыктуу.

Бышкан этти эч качан темир табакка салдыртканын көргөн эмесмин, анткени темир идиштен эт тез муздайт дечү. Дагы бир кызыгы даамын дубал соруп коёт деп, там ичинде кургатылган этти пайдаланчу эмес.

Алыкул акындын 1945–50-жылдардагы көлдөгү жашоосуна түздөн-түз катышы бар Курманбай Черикчиевдин эң кенжеси Жеңишкан эскерүүлөрүнүн соңунда атасынын колунан жасалган таберик буюм-тогуз коргоол тактасын, бир нече эски фотолорду акындын Бишкектеги үй-музейине эстелик катары тапшырганына рахмат. Өзүнө болсо ээр токумду алып калганын айтты. А балким аны деле кийин экспонат катары Чолпон-Атадагы Алыкул музейине берер деген ниетте калдык.

Ырыс берип ырааттуу иштин аркасы,
Таш майдалап астында аттын такасы
Айсыз түндө үзөңгүсү жаркылдап,
Тизгин каккан Жеңишкандын атасы.

Атак берип кылган иштин тазасы,
От чыгарып, минген аттын такасы.
Караңгыда ооздугу шалдырлап,
Аттан түшкөн Жеңишкандын атасы.

Ушул ыр 1949-жылдын 25-июлунда жазылган. Алыкул 34 жашта, ал эми Жеңишкан 5 жашар наристе кези экен.

12-декабрь. Алыкул каза болгон күндө өзүнүн жана ага кандайдыр тиешеси барлардын жаркын элестерине, арбактарына ошондой эле жасаган иштерине таазим этебиз. Бар бололу!

## АРТЫҢДА АТЫҢДЫ АЙТАР ЗАМАН БОЛСУН

**«Артыңда атыңды айтар заман болсун» – деп Алыкул кайсы бир ырында жазгандай анын айбарлуу сөзү улам мезгил өткөн сайын маани-маңызы тереңдеп, жанылана ачылып жатканына көпчүлүк күбө. Мындай ыйбаа сезим Алыкулдун Акбозатына гана карата жаралбастан, жалпы инсандык ибаратына да баш ийип, таазим этүү өзүнчө бир ыйык да, купуя да шооласы бар ак жылдыздай бажырайып турганычы.**

Мындай урмат-сыйдын жана руханий туу тутуунун мисалын мен соңку жыйырма-жыйырма беш жыл аралыгында арбын эле көрүп, угуп, билип келатканым бар. Акынга карата таңдануу, аёо же шыпшынуу, салыштыруу сезимдерин билдиргендер чөйрөсү ушунчалык кенен жана ар түркүн, «жети жаштан жетимишти ашкандарга чейин» дегендей эле.

Ошондойлордон үлгү болорлук жана купулга толорлук бир сонун мисалды келтирүүнүн жүйөөсү келип турган чак. Мына быйыл Бишкектеги №68 мектеп-гимназияда биринчи коңгуроо шаңгыраганга жыйырма жыл толот.

1993-жылы 10-классты бүтүргөндөр он жылдан кийинки жолугушууларында мектепке укмуштай сонун тартуу, белек калтырышканы ушул кезге дейре дүң.

Менимче, ал өзүнчө бийиктик катары кала берет шекилдүү. Кеп учугун анда ошол каармандар улантса.

*«Биз, А.Осмонов атындагы №68 орто мектептин 1993-жылдагы бүтүрүүчүлөрү бул күнү улуу акындын айкелин ташка чектирип, мектеп алдына орноттук. Атабыз Алыкулдун арбагы баарыбызды колдосун».*

*Аденов Нурлан, Асаналиев Нургазы, Жээнбаев Нурбек, Кадыралиева Аида, Рысалиев Кылычбек, Садыков Мирлан, Сапаралиев Нурлан, Исраилова Жанай.*

Алыкулдун үйүндөгү пикир китепке бул ойлорду жазган окуучуларына Айнура Малакова эжеке класс жетекчиси катары өтө сыймыктануу менен ыраазы экенине өзгөчө басым жасаганы жөн эместир.

Чындыгында эле Алыкулдун алтындай мурастарына астейдил мамиле жасоонун эң бир чоң маанидеги, коомдук деңгээлдеги жана өзгөчө жаштар, кийинки муундар арасындагы алгылыктуу көрүнүшү дал ушул эстелигинин коюлушу менен дааналанды. Өкмөткө же башка лөктөргө кайрылбастан эле, жаш скульптор Р.Маматкуловдун бедизчилик өнөрүнө таянуу менен гана Алыкулдун «Билсин бизди, жаш муундар сыйласын. Артыңда атыңды айтар заман болсун» деген тариздеги оюн обого чыгара аткаргандарга миң рахмат!

## АЛЫКУЛ АКЫНДЫ АРДАКТАЧУ ЭЛЕ...

Алыкул акын айткандай: «Себеби: мен өлгөндө ордум басат, Менден соо, менден жакшы, акылдуулар!» деп, акынды туу туткандардын бири, Алыкулдун ырларын сүйүп окуп, поэзия күйөрмандарынын арасында акындын тунук булак сымал ыр саптарын жайылтуучу, Бишкек шаарындагы Алыкул Осмонов атындагы китепкананын директору Асем Дүйшөналиева өзүнүн ордуна өзүнүн ишин угуттуу улантуучуларды калтырып, «Кылым бүтүп, дүйнөдөн жок болсок да, Кайра кайтып жолугушчу жолдор бар» экендигин далилдеш үчүн Алыкулдун артынан түбөлүктүү жайына сапар алып,

үй-бүлөсүнөн, тууган-туушкандарынан, жакындарынан жана кесиптештеринен тышкары алыкултаануучуларды да терең кайгыга салып кетти. «Өлүм ак, пейли сараң, көңүлү тар» деп айтылуу акын айтмакчы, өлүмдүн актыгын Асем эже дүйнөдөн өткөндө анык билдик.

Асем эже өз кесибин жанындай сүйүп, Алыкул дегенде көпөлөк сымал айланаар эле. Акын-жазуучулардын көпчүлүгү Асем Дүйшөналиеваны жакшы билишчү, себеби Алыкулга арналган ыр кечелерди көп өткөргөндүктөн, көптөрү китепканага келишип, кечелерге катышышчу. Ар бир өткөрүлүүчү кечеге Асем эже жоопкерчилик менен даярданаарын, кол алдындагы китепканачыларга катуу талап коёрун барыбыз билчүбүз. Анан ашкере жароокер эле... Жөнөкөй болчу... Кумири Алыкул акын жазгандай Асем эже «...Адал жүрдү арамдыкка малынбай, досторуна аппак болду максаты, бир кеченин аппак жааган карындай...»

Не дейбиз, жаткан жериңиз жайлуу, топурагыңыз торко болсун дештен башка арга жок.

*Бар экен го, Алыкулдун урпактары!*

## ЖЕТИ САНЫ ТИНАТИН ҮЧҮН БАКТЫЛУУ

Новатор акын Осмонов Алыкулдун 95 жылдыгы менен «Жолборс терисин жамынган баатыр» дастанынын которулганына 70 жылдыгын татыктуу белгилөө үчүн Алыкул үй-борбору коомдук бирикменин жетекчиси Казыбаев Памирбек мырза эң сонун аракет жасап жатканын белгилейбиз.

Грузин элинин улуу гений акыны Шота Руставели «Венгис тхосани» («Витязь носящий барсову шкуру»)

дастанын жазып, өз элине көөнөрбөс таберигин калтырды. Азыр грузин эли аны ыйык тутуп, ал китептин кыздарынын себине ыйык буюм катары кошуп беришет экен. Ошондой дастанды өз учурунда А.Осмонов эркин которуп, өз күчүн сынап, эмне деген зор эмгек жасады. Элге кандай кабыл алынганы – ал китептин улам басылып чыгып, эл окуп, кайра окуп, дастандын досторуна, махабатка бекем, эрктүү эркек менен акылдуу айымдар ысымын ырымдап наристелерге койгону далил!

Мен Тинатин Жумабековна Чойбекова Жалал-Абад областынын Аксы районундагы Ак-Суу айылында 1959-жылдын 7-июлунда жөнөкөй жумушчунун үй-бүлөсүндө туулгам. Ошол жети саны мен үчүн өтө бактылуу сан болуп калды. Ошол кездеги Ак-Суода Ш.Руставелинин «Жолборс терисин жамынган баатыр» дастанын талашып окуп, балдарына андагы каармандардын аттарын талашып коюп жаткан кез экен. Мен ошондо туулуп, атамдын бир тууган эжеси Чойбекова Жээнайым эжем мага Тинатин деген атты ыйгарыптыр. Койгондо да дал ошол Тинатиндей болсун деген тилек менен койгон экен.

Мектепти «эң жакшы» баалар менен аяктап, ОшПИнин педфагын аяктап, мугалим, айылдык кеңештин төрайымы, төраганын орун басары, Арстаналы Осмонбеков атындагы № 2 орто мектебинде окуу тарбия иштери боюнча директордун орун басары болуп иштеп, окуучуларды жана өз балдарымды татыктуу тарбиялап, өзүмдү бактылуу аял деп сезип келемин.

Ш.Руставелинин дастаны орус тилине бир нече ирет сөзмө-сөз («подстрочный») которулуп, он алты ирет (!) поэтикалык түрүндө басылган. Бизде эркин которгондон кийин дагы бир акын которуп жатканы белгилүү. Чын

эле ошол Тариэл, Настан-Даражан, Автандил, Тинатин, Фридон, Батмалардын атын алып жүргөндөр – Шота, Алыкул аганын балдарындай болуп калды да! Ошол атка татыктуу өмүр сүрүшсүн! Памирбек Казыбаев мырзага да жалаң жакшылык, ишинин илгерилешин калайбыз!!!

Мага өз атым Тинатин, 7 саны бакыт тартуулап келет. Барбыз, бактылуубуз Алыкулдун балдары! Күтүп жүрүп бактылуу күнү, юбилейге карата кат жолдогон.

*Тинатин Чойбекова*

## ӨЗ АТЫНА СЫЙМЫКТАНГАН НЕСТАН

Мен Валихан кызы Нестан 1993-жылы 1-октябрда Жалал-Абад облусунда туулгам. Менин атымды таенем койгон. Шота Руставелинин «Жолборс терисин кийген баатыр» деген чыгармасын Алыкул Осмонов которгон. Ошол мезгилде эл арасында таралган китептен окуганда таенеме Нестан Даражан деген кыздын аты, аткарган ролу жагып, менин атымды Нестан деп койгон экен. Таенем Нестан Даражандай сулуу, сүйгөнүнө жеткен бактылуу кыздардын бири болсун деп атымды Нестан деп койгон. Элдерди таң калтырган Нестан деген атым менен сыймыктанам.

**P.S.** *2010-жылы «Алыкул-95те» «Жолборс терисин кийген баатырдын» каарман ысымдарын алып жүргөн кыргыз атуулдары менен жолуксак деген тилектин тушоосу кесилип отурганы кубанычтуу.*

*Аксылык Тинатин менен Нестандын ушул улуу чыйырын башкалар да улантат деген үмүтү менен,*

*«Алыкул үйү-борбору» коомдук бирикмесинин директору Памирбек КАЗЫБАЕВ.*

# КЫЛЫМ КАРЫТКАН КЫЛ КАЛЕМ ЧЕБЕРИ

**Алыкулдун туулган күнү 21-мартка карата макала даярдоону ниеттенип жүргөндө художник, А.И.Игнатьевдин 90 жылдыгы жөнүндө кабар эшитип калдым. Экөөнү тең билчү адам катары ардагер педагог, журналист, котормочу Шайык Жамансариевди «Эки иштен бир иш» дегендей кепке тарттым.**

– Ар кандай тарыхый мезгилдин өзүндө айрым окуу жайлары артыкча эмгек сиңирип, алкышка татыктуу болгон учурлар аз эмес. Кыргызстанда ошондой окуу жайы борбордук педтехникум болгон десем жаңылбайм. Тоо-таштан чогулган кыргыз балдарынын ар кандай адистикке болгон шыгын эртелеп ойготкон, аларды өз ата-энесиндей таза тилек менен жөлөп-таяп тарбиялаган мугалимдерибиз: П.К.Юдахин, Н.М.Шубин, В.Г.Образцова, Г.И.Хоролец, Б.А.Лунин, Б.И.Зима, А.И.Игнатьев, Е.И.Сидоркинанын ысымдарын урмат менен эскерүү парз.

Бул мугалимдердин жүргүзгөн зор иштеринин ичинен Алыкул менен Райкандын тагдырына байланыштуу болгон бир ийрим, кружок жөнүндө айтып берейин. Биз биринчи курстан көчкөн жылы бир жаш сүрөтчү мугалим болуп келди. Ал мурда театрда иштечү экен. Ошондуктан, биздин сүрөт жана драмалык кружокторубузга да жетекчилик кылып калды. Баарыбыз аны ынак, жакын сезчибиз, анткени, өзүбүз сыяктуу өтө жупуну, бойдок жана эң башкысы мээнеткеч. Ошол сүрөт кружогунан тарбияланган Гапар Айтиев академик сүрөтчү болуп чыкты.

Драмалык ийримге Алыкул, Райкан, Айдаркулов, Койчуманов болуп 12 бала катышчубуз. Бул кружоктон таалимденген Алыкул акын, Райкан драматург, Айдаркулов Ажыгабыл менен Чолпонкул Койчумановдор

кийин режиссер болушту. Алыкул кружоктун суфлеру эле. Кайра-кайра пьеса окуу менен драматургия ыкмаларын үйрөндүбү, кийин пьеса да жазды.

Октябрь майрамына карата Койчуманов Чолпонкулдун «Алай артында» деген пьесасын даярдап жаткан-быз. Ошол жылы кыш демейдегиден эрте түшүп, кар калың жаап салган. Бөлмөлөр суук эле. Игнатьев кимдир бирөөнүн чоң кыргыз тонун кийип келип, ийримди өткөрдү да, биз менен жатаканада калды. Көпкө сүйлөшүп жатканда ал мындай ойлорду айтты:

Силерди айлыңар күтүп жатпайбы. Ала-Тоого маданиятты, адабият, искусствону силер таратасыңар. Ошондуктан, ар ким өз талантын, шыгын жашырбай, тартынбай тарбиялап алышы керек. Алыкул! Сени жашырып ыр жазат деп угам. Андай болсо жашырынбай, басырынбай сыймыктануу керек. Эргибесе ыр чыгабы?.. Сен суфлердукту ташта, ыр жаз!

Ошондон кийин Алыкулдун жашырынганы азая баштагансыды. Кээде, ынак дептерин ачык таштачу болду... Шайык аксакалдын аңгемесинен улам, ошол өспүрүм кездин келберсиген учурун Алыкул «Замандашыма» деген ырында (1945-ж. 14/П) төмөнкүдөй сүрөттөгөнү эске түшөт:

Жашыл-ала жагоо тагып желбиреп,
Жакшы өмүрдүн жарашыгы биз элек.
Жаштык күндүн ар бир сокон сагаты
Жаш сүйүүдөй койнубузда эркелеп.

Кызыл ала жагоо тагып желбиреп,
Кызыл күндүн кызыктары биз элек.
Кымбат күндүн ар бир сокон сагаты
Кыз баладай койнубузда эркелеп.

Алыкул ден соолугуна байланыштуу окуп бүтпөй калган педтехникумдагы эки ийримдин жетекчиси болгон Александр Илларионович Игнатьев азыр Кыргыз Республикасынын эл сүрөтчүсү.

Окуп көрсөм: не жазуу жок четинде,
Ал балалык бүгүнкүдөй эсимде
Кайра тийди эски чөнтөк дептерим,
Табылгандай: жаштык кезим, кичинем, –

деп «Жоголгон дептер» ырыңда айтылгандай 1931-жылдын октябрында тартылган фотосүрөттү мезгил байламтасы катары ортого таштап А.И.Игнатьев менен маектешүүнү көздөдүм.

Александр Илларионовичтин 90 жаш өмүрүнүн 65 жылдык мезгили кыргыз сүрөт өнөрүнүн калыптанышы, өнүгүшү менен тыгыз байланышта. Бул адам республиканын Сүрөтчүлөр Союзун уюштуруучу, сүрөт галереясынын алгачкы директору. Кыргызстандын адамдары, табияты жана индустриалдык курулуштары жөнүндөгү жүздөгөн эмгектери элибиздин көркөм энциклопедиялык казынасына кошулган зор салым болуп калды.

Ага Мекендик согуш учурунда агитациялык плакат жанрында да күрдөөлдүү эмгектенген.

Орчун эмгектери үчүн аксакал художник «Кыргыз ССРинин искусствосуна эмгек сиңирген ишмер» наамына (1949), «Ардак белгиси» орденине (1956) жана 1975-жылы Токтогул атындагы мамлекеттик сыйлыктын лауреаттыгына арзыган.

Республикалык, союздук, эл аралык элүүдөн ашык көргөзмөлөрдүн катышуучусу. А.И.Игнатьевдин кыл калемине таандык эмгектер айылдык музейден Москвадагы

Третьяков галереясына чейин кыргыз жергеси, эли жөнүндө маалымат берип турат.

Кылым карыткан кыл калем чеберинин дале тыңдыгы, чыйрактыгы жана бүгүнкү быкы-чыкыдан көрө өткөн заманды, балалык күндөрүн күнү бүгүнкүдөй эстеп, элестүү айтары байкалат. Фотосүрөттү кармалай туруп буларды ортого салды:

– Ар бир адам, Алыкулдай атуулдарга таазим этип, колдон келсе алар үчүн кызмат кылышы парз. Анткени, ал кишилер кыргыз элинин жүзү, маданият көрөңгөсү. Азыркы жаштарга, таланттарга эч кине койбой туруп айтарым бул. Ошол, 30–40-жылдардагы кыргыз жаштарындай зирек, баамчыл жана тырышчаак, мээримдүү, кичи-пейил, сылык-сыпаа балдар азыр аз учурайт. Же мен мастерскаядан чыкпай, байкабай жатамбы? Албетте, азыркы өткөөл мезгил, да таасирин тийгизүүдө деңизчи. Антсе да байыркы элдин балдары башын төмөн түшүрбөй, түмөн түйшүккө кайра чылбырдай чыйралыш керек. Алыкул жөнүндө эмне айтам?

Алдагы фотосүрөт негизинде «Биринчи кыргыз драмалык кружогу» деген полотно тарттым. Педтехникумда 1933-жылга чейин гана иштеп калдым.

Александр аксакал саамга ойлонуп, өткөн мезгил тасмаларын элестете сөз камдаганча сүрөткө Алыкул өзү жазып койгон төмөнкү маалыматка көз жүгүрттүм.

1943-жылы 28-декабрда Нарын шаарына «Орус адамдары» деген пьесаны коюп, кайра келе жатканда Кара-Үңкүрдө машина кулап, дүйнөдөн мезгилсиз кайтты. Жаңы гана гүлүн ачып, турмуштун даамын эми сызамын дегенде түбөлүккө өчтү. Кош ардактуу курдаш!» Алыкул жаны түтөп жазган Ажыгабыл Айдаркулов, Москва

театралдык институтунун режиссердук факультетин бүтүргөн алгачкы кыргыз уланы болгон.

Президент Аскар Акаев өз эсебинен Алыкулдун эстелигин тургуздурам дегенин укканда аксакал аябай сүйүндү да: – Но надо учесть следующие моменты деп төмөнкү ойлорду айтты.

– Албетте, акчасын өз жанынан төлөөчү президент эстеликти кандай жасатса өз эрки. Бирок, Алыкулдун кадыр-баркы улуттук маанидеги маданий маселе экендигин эске алуу менен эстелик долбооруна жалпы конкурс жарыяланышы жаңы күчтөрдүн да сыналышы болмок.

Көкүрөгү зирек улуу чебердин пикири көпчүлүктүн көңүлүн да чагылдырып тургандыктан, урматтуу Аскар Акаевич ушул жагдайга басым жасайт го деп ойлойм.

Ал эми 90го келген кезинде деле кыл калемин колдон түшүрбөй иштеп жаткан Александр аксакалды торколуу тою менен куттуктап, кыргыз сүрөт өнөрүнүн туу башында жүрө беришине тилектештигибизди билдиребиз!

**PS.** *Атайын конкурс жарыяланбай эле, «Эл Куту» комплексине деп жасаган жарым тулку эстелик китепкана алдына коюлганда көпчүлүктүн көңүлүнө төп келбеди. А.Осмонов деген туңгуюк жазуу көп талашты жаратканы менен дале чечмеленбей турат.*

*«Кыргыз поэзия классиги, акын, котормочу жана драматург Алыкул Осмонов (1915–1950)» эстелик тактасы качан тагылат?*

# «СЕН ООРУБА, МЕН ООРУЮН АТА-ЖУРТ»

**Редакциядан:** *Кыргыздын залкар акыны Алыкул Осмоновдун поэзиясы кылымдан кылымга өтүп, көөнөргүс рухий азык бойдон калаарында шек жок. Мунун дагы бир күбөсү, жакында Токмок шаарындагы Борбордук Азиядагы эл аралык университеттин студенттери акындын үй музейине барып, анын өмүр таржымалы менен кеңири таанышып кайтышкан. Музейге саякатты уюштурган аталган окуу жайдын кыргыз тили мугалими, доцент Назгүл Жайнакова студенттердин музейден кийинки таасирлери туурасында ой-пикирлерин жазып, талкуу уюштурган. Төмөндө айрым студенттердин музейге барып келгенден кийинки таасирлерин жарыяладык.*

## Кыргыз поэзиясынын чолпон жылдызы

Бул үй-музейдин уюштуруучусу Памирбек Казыбаевдин Алыкул Осмоновго деген сүйүүсүнүн күчү мени таң калтырды. Ал, кандай айтсам, өзүнчө эле бир тарыхта кала турган адам экен. Анткени агайдын Алыкул Осмоновдун чыгармачылыгына патриоттук сезими көрүнүп турат. Мына дүйнөдө адамдын зор эмгегин түшүнгөн жана аны баалаган Памирбек Казыбаевдей инсандар бар үчүн биздин жаш муундардын, маданий мурастарды өз көзү менен көрүүгө чоң мүмкүнчүлүгү бар...

Биз кирген бөлмөнүн ичи абдан суук болсо да, сүйүнүчтүү ойлор жана жылуу сезимдер жаралып, мен суукту дагы сезген жокмун. Ушул бөлмөнүн оң жагында илинип турган портреттердин көптүгүн байкадым. Ал жерде А.Осмонов учурунда өзгөчө баалаган адамдардын портреттери бар экен. Памирбек агай бизге С.Чокморовдун

да, В.И.Лениндин да эл журттун маданиятынын көтөрүлүшүнө чоң таасир эткенин айтып берди. Андан соң биз Алыкул Осмонов ыр жазып жаткан учурдагы портретине кезиктик. Портреттин өйдө жагында мен абдан жакшы көргөн эки сап ырдын үзүндүсү бар экен:

Бүт дартыңды өз мойнума алайын,
Сен ооруба, мен ооруюн, Ата-Журт!

Негизинен А.Осмоновдун чыгармачылыгын барктаган көп эле адамдар бар экен. Мисалы, Ысык-Көл облусунда жашаган бир адам Алыкул жөнүндө чыккан гезитти 58 жыл сактап, музейге тапшырыптыр. Дагы бир адам А.Осмонов өрүк багын жакшы көргөндүктөн, ушул бактан комуз жасап, музейге белек катары бериптир.

Быйыл А.Осмоновдун 95 жылдыгы жана «Жолборс терисин кийген баатыр» деген котормо китебине 70 жыл болот. Негизи Алыкул Осмонов 35 жыл гана жашап, ошол кыска өмүрүнүн 15 жылдай убактысын эле чыгармачылык ишке арнаган. Кыска өмүрүндө Чолпон жылдыздай нар көтөргүс көркөм дөөлөттөрдү жаратып, кыргыз адабиятына өз ысмын жаркыратып калтырып кеткен.

Мен бул музейден чыккан соң, өзүмчө бир мындай чечимге келдим. Кийин менде мүмкүнчүлүк жана шарттар болсо, ушул музейдин өнүгүшүнө акча-каражаттарын бөлүп, спонсору болгум келет. Анткени Памирбек Казыбаевдин акын жөнүндө чогулткан буюмдары, китептери жана башка нерселери үйгө батпай турат. Ошондуктан анын ушул үй-музейдин жанына чоң эки кабаттуу үй салуу ою бар экен. Мен ошол убакытка чейин окуумду бүтүп, жакшы жумушка орношуп, үй салууга акча каражаттарын бөлүп, жардам берип жетишип калышыма ишенем.

*Термечикова Элиза, «Кутбилим», 23.04.2010.*

## Кичинекей үйдөгү зор дүйнө

Жазуучу А.Осмоновдун үй-музейи чакан болгон менен ичи абдан бай экен. Памирбек агай А.Осмоновдун бардык иштерин жана буюмдарын чогултканга аракет жасаптыр. Мисалы, акындын ырларын, сүрөттөрүн, скульптуралык эстелигин, ыр жаздырган буюмун (пластинка) ж.б. көрүүгө болот. Ошондой эле музейде окуучулардын А.Осмоновдун ырларынан, өмүр баянынан алынган бир эпизодду чагылдырган сүрөттөрү да бар экен.

Акындын өмүрү узун болгондо мындан дагы көп ырларды жаратып, кыргыз адабиятына жана тилине чоң салымын кошмок.

*Орозбек кызы Жибек*

## Агайга ырахмат

Биз Алыкул Осмоновдун бир учурда жашаган үйүнө бардык. Чынында, мен музей десе чоң заңгыраган үй, же имарат деп ойлогом, бирок мен ойлогондой болгон жок. Кандай болсо да бул үйдө биздин атактуу акыныбыз жашап өткөн да.

Бизди Памирбек Казыбаев тосуп алды. «Алыкул» фондунун жетекчиси Памирбек Казыбаев Чолпон-Ата шаарындагы акындын өзүнүн өлбөс чыгармаларын жараткан үйүн да музейге айлантууга да чоң салымын кошуптур. Чынында Памирбек байкеге ыраазы болдум. Анткени көптөгөн жумушту өз мойнуна алган. Мисалга алсак, биз барган үйдү оңдоп чыккан. Эгерде ал үйдүн мурунку абалын көрсөк, анда өтө эле жаман абалда калмакпыс.

*БАКАСБЕКОВ Самат*

## МУЗЕЙ БИЗГЕ ЗОР ТААСИР БЕРДИ

Алыкул агабыз оор жана кыска жашоосунда зор эмгектерин каптырып, кыргыз элибиздин жүрөгүндө жашап келет. Алыкул Осмоновдун музейи анын жашоосун көз алдыга келтирет. Кичинекей кезинен тартып, акыркы күндөрүнө чейинки жашоосундагы өзүнүн жана жакын адамдарынын сүрөттөрүн ар бир бөлмөдөн көргөнгө мүмкүнчүлүгүбүз болду. Ошол кичинекей үйдүн ичинде чоң сыймыгыбыз сакталганына мен ыраазы болдум. Алыкул Осмоновдун музейи менен гана чектелбестен, эмгеги сиңген сүрөтчү Семен Чуйковдун да музейине барганга жетиштик. Бул музейде мен үчүн чоң ачылыштарга туш болдум. Ал адам кыргыз улутунан болбосо да, кыргыз элине жана жерине жакын болгонун туюп толкундандым. Анткени, ал адам кыргыз элине жүрөгү менен жакын экенин сүрөттөрү далилдеп турат. Ал жеке гана сүрөттөрү менен элибизди даңазалабастан, кыргыз ырларын да мыкты ырдачу экен. Музейге барганыбызда атактуу сүрөтчүлөрдүн көргөзмөсүнө туш келгенибиз мен үчүн абдан кубанычтуу болду. Көргөзмөдөн Сүймөнкул Чокморов, Аман Асранкулов, Белек Жумабаевдердин сүрөттөрү менен тааныштык. Ушундай таланттуу сүрөтчүлөрдүн оригиналдуу эмгектерин биринчи жолу көрүшүм. Ар бир сүрөт өздөрүнүн авторлорунун ички дүйнөсүн тартуулагансып турат. Белгилей кетсем, Сүймөнкул Чокморовдун сүрөттөрүндө ачык түстөрдүн басымдуулугу, анын ачык жана шайыр мүнөзүн далилдеп тургансыйт.

*ЖЕКСИМБАЕВА Эльвира*

# КАЙТАЛАП ОКУБАЙ КАЛДЫ

Алыкул Осмоновдун котормосу эмес, өз чыгармасындай эле саналып калган «Жолборс терисин кийген баатыр» биринчи жолу 1940-жылы латын тамгасы менен Казан шаарында басылып чыкканына быйыл (2010) жетимиш жыл толду. Чынында эле котормо чыгарманын айрым түп нускалардан айырмаланып, алты ирет кайталанып чыгарылышы акындын акындык дареметин айгинелеп турган өзгөчө адабий көрүнүш экени төгүнсүз эмей эмне?

Алыкул көп узабай эле айыл апаны аралаганда балдарга Автандил, Тинатин, Тариэл, Нестан Даражан аттуу ысымдар коюла баштаганын угуп, аябай кубанганын жазганы бар. Мына ошол каармандар аты менен алгачкы аталгандар да 70тин кырына чыгып, небере-чөбөрөнүн кубанычында жүрүшкөн чактары.

XXI кылымдагы кыргыз окурмандары үчүн да грузин элинин улуу акыны Шота Руставелинин ушул көркөм адабий ааламына аралашуусу да жагымдуу таасир калтырат деген ишенич бар.

Адамдар ортосундагы ак мамиле, сөзгө тура билүү, бекем достук жана махабатка терең маани берүү сыяктуу сезимдерди кыргыз тилинин керемети менен шөкөттөп берген Алыкулдун акындык мээнетин азыркы окурмандар да баалап-баамдай, руханий рахат аларына тилектешпиз.

Ал эми улуу муундагы Алыкул күйөрмандары үчүн деле бул жетинчи басылыш көп жаңылыктарды берерин алдын ала айтып коюш зарыл.

Анткени, биринчи басылышы түп нуска катары алынып, кийинкилерине салыштырылганда көптөгөн айырмачылыктар, атеизмге байланыштуу кыскартуу,

өзгөртүүлөр редакцияланув менен А.Осмоновдун колжазмасына жакындаштырылды.

Мына ушундай мээнет менен жана Алыкулдун анык күйөрмандарынын каржылоосунда чыгарылып жатканда, эски окурмандарынын катары суюлуп калганы да табигый көрүнүш.

...Убагында ушул чыгарманы окугандагы таасирин өмүр бою унутпагандар кайрадан аны издеп, таппай жүргөндөрү канча дейсиң.

Туугандар арасындагы ушундай жагдай эки жактуу элес калтырды. Кайын журт тараптагы Аскар таяке да учурунда Алыкул дүйнөсүнө окурман катары сүңгүп киргендигин, 35 гана жашында жайрап калбаганда дагы канчалаган казынаны калтырмак деген өкүтүн билгизгени эсте. Акыркы 2-3 жылда денсоолугу тез эле начарлап баягы бакыйган келбеттүү, москоол адам арыктап, эти качып, өңү шапая түшкөнү өнөкөткө айланып, акыры төшөккө жатып калды. Жетимишке чыкканда дарылануу да көбүнчө максатына жетпей калмагы ушул адам тагдырында дагы бир ирет тастыкталды.

Туугандар жалпы барып, ал-акыбалын сурап, чыгып бараткада мени бөлүп чакыра, кыйла сүйлөшүп отурдук. Бая алгач көргөндө өңү кер-сары тартып жаткан таякенин кебетеси өзгөрүп, эки бетине кызыл жүгүргөнү көңүлдү көтөрдү.

– Ии, Памирбек баягыдай эле Алыкулдун телохранители болуп жүрөсүң да ээ?! Дегенине түшүнө бербей, «оорусу катуу адам туура эмес айтып алды го» деген тейде сестейе түштүм. Таяке да менин абалыма аяр түшүндүбү: – Алыкулдун делохранители да эмессиңби – деп кайталап айтты. Ошондо гана Аскар таяке өз оюн даана, так билдирип жатканына ынанып:

– Ой, таяке таза катуу айттыңыз го, мынчалык баа берип салдыңыз.

– Көпчүлүк акын, жазуучулардын өз балдары да сен Алыкулга күйгөндөй иш кылган жок го, – деп оюн бышыктады.

– Буйруса, күздө китеп чыкканда алып келип берейин. Кайра бир рахаттанып окуп чыгыңыз, – деп жакшылыктан үмүт үзбөй жылуу коштошуп чыктым.

Атаганат! Арадан үч жума өтүп, өтпөй суук кабар келди...

Ошентип, Алыкул талантынын дагы бир күйөрманы кемиди.

Аскар таякенин тирүүсүндө айтып кеткен ыраазычылыгына жараша Алыкул иштерин дагы үзүрлүү улантсам, арбагы да ыраазы болгой эле!

## ЫР АЙКЕЛИ

Ысык-Көлгө барган сайын шартка жараша Жети-Өгүз курортун же андан ары Көк-Жайыкты кыдырып чыкмай адат болуп калган. Себеби, ошол жакта Осмонов Алыкулдун ташы, болгондо да акын өз колу менен чеккен ыр саптары жазылган таш жөнүндө көп укчу элек. Ошентип, тоо беттеринен, токой арасынан издеп таппаганыбыз курорттун эле аллеясында аппак болуп турганын көргөнчө көп суу агып кетти.

А бирок эстеликти тапкан менен аны тургузгандар ким болду экен деген суроо далайга жоопсуз калып, ал турмак белгисиздигине деле көнүп калганбыз.

Бул табышмактын ачкычын кошо издешип жүргөн Орозбек Мусакеев аксакал демейдегиден башкача, толкундана телефон чалып: – Эстелик ээси табылды, сүйүнчү деп шаша айтты.

...Ошентип, дээрлик жыйырма жылдай таппай жүргөн купуя сырды «Дөөлөт» студиясында бакылдап сүйлөп отурган абабыз Турдубек Ишебаевдин өз оозунан угуп, көктөн издегенибиз жерден табылгандай кубандык. 65теги эмгек ардагери учурда «Жети-Өгүз жаңылыктары» гезитинин редактору, ардагерлер кеңешинин төрага орунбасары, Кыргызстан компартиясынын Жети-Өгүз райондук комитетинин секретары кызматтарында илбериңки иштеп жүргөнү туюлуп турду.

КМУУнун кыргыз тили, адабияты факультетин бүтүргөн соң агартуу тармагында иштеп, кийин чарбалык, партиялык кызматтарга өткөн экен. КР жергиликтүү өз алдынча башкаруусунун эмгек сиңирген кызматкери наамы жана Алыкулга тургуздурган ыр эстелиги өмүрү өрнөк адам экендигинин анык күбөсү эмей эмне.

– Алыкулдун 75 жылдыгына карата эмне иш-чара өткөрөбүз дегенде, талантына таазим катары төрт эле ыр сабына таш эстелик коюшту болжоп, текстин да, архитектурасын да өзүм сунуштагам. Мармар ташын болсо Сары-Жаздан алдырдык. Эстеликти салганга Жети-Өгүз курортунун ошол кездеги башкы врачы Качы Кулубаев да көмөк көргөзгөн. Акындын 75 жылдыгында эс алуучулар, райондун өкүлдөрү атайын чогулуп, зор салтанат менен ыр-эстелигинин тасмасы кесилип, райборбордо «А.Осмонов жана анын поэзиясы» деген талкуу, адабий-музыкалык кечеси жогорку деңгээлде өткөрүлгөнү өзүнчө тарых болуп калды, – деп, кылган ишинен рахат тапкан адамдын бешенесинен төгүлгөн кубаныч нурунан кубат алып отурдум.

Компартиянын убагында идеологияга көп басым коюлуп, ошого жараша каражат да бөлүнүп турганда ушундай

иштердин көзүн таба билген партиялык кызматкерлерге рахмат дебеске ылаажы жок. Ошол, 80–90-жылдардагы партиянын Жети-Өгүз райкомунун идеология боюнча секретары Турдубек Ишебаевдин из калтырар изги ишинин дагы бири кыргыз адабиятындагы фантастика жанрынын негиздөөчүсү Кусейин Эсенкожоевдин үйүн оңдотуп, эстелик тактасын тактырганы.

Мурда биз Жети-Өгүздүн Чычкан айылынан жолуктурган Алыкул аттуу неберенин чоң атасы, милиция ардагери Касымбек Ишебаевге да агасы катары Турдубек аксакалдын таасири тийген.

Чүй облусун К.Бакиев жетектеп турганда А.Осмонов боюнча жасап жаткан жакшы иштерине ыраазылык билдирген каттын ээси да Т.Ишебаев экенин укканда, «сырттан тааныш» болуп, бирок дайын-дарегибизди табыша албай жүргөнүбүзгө, ошондон улам минтип кеч кездешип калганыбызга күлүп да калдык.

Демек, акындын «Көл жээгинде эстелигим турса муштумдай бир кара таштан» деген керээзин ашыра аткарып, ак мармар таштан ырына эстелик койдурткан Турдубек абанын атуулдук ар-намысты, ариетти ойготуучу орошон үлгүсүнө, таалим-таасирине кеч да болсо алыкултаануучулар атынан алкыш айтсак аябай эле жарашар.

Таштан болор, кумдан болор төшөгүм,
Аз болсо да сыртта калар сөздөрүм.
Өлсөм дагы жара тээп мүрзөмдү,
Буудан болуп, таскак салып өтөрмүн...

1945-жылы 17-декабрда Кой-Сарыда жазылган «Эскерме» аттуу ырынын акыркы, 3-түрмөгүнө камтылган ушул ойлорун ырастагандай Сары-Жаздын ак

мармарынан чегилген саптар Жети-Өгүздүн табият көркүнө суктангандарга дем кошуп турганына мына быйыл 2010-жылы жыйырма жылдан ашыптыр.

Ушундан улам да «Ата Журтум» ырындагы: Мендеги өмүр меники эмес, сеники, меним ырым сеники эмес, элдики, – деген эки сабындагы ойлору да таамай айтылган акынга баш ийбей көр. Алыкулдун «Жеңишбек» поэмасындагы:

> Дүйнө – өмүр, уул бердиң, бала бердиң,
> Дүйнө – өмүр алоолонуп жана бердиң.
> Неге сен алыс кеткен сапарыңан,
> Ээриң жок жайдакталып, кайра келдиң?

– дегенин Тоң районунун борборундагы эстеликке да (1941–1945-жыл боюнча) өзгөчө маани-мазмун кошуп турганына ынанбай койбойсуң! Демек, Алыкул Ата Журтун канчалык сүйсө, ызааттаса, Ата Журту жана анын анык атуулдары да Алыкулга Ата Журттун акыны катары аздек мамиле жасап жаткандары акындык аброюна дал келип түрганынын даана далили эмеспи.

*Алыкул дүйнөдөн өткөндө*

## «АКЫНДЫН СҮРӨТҮН МҮРЗӨСҮНӨ ЧЕЙИН КӨТӨРҮП БАРГАМ»

*Кыргыз поэзиясынын алпы маркум Алыкул Осмоновдун арабыздан кеткенине быйыл туура алтымыш бир жыл болот. Жыл сайын 12-декабрда поэзия ышкыбоздору тарабынан улуу акынга куран окутулуп, эскерилип турат. Бишкек шаарынын тургуну, көп жыл мугалимдик кесипте эмгектенип, азыр ардактуу эс алууда жүргөн Баатыр*

*эне Сайкал Абдышова улуу акынды тиги жайга узатууга катышкан экен. Ошондуктан эжеге бир-эки суроолор менен кайрылдык.*

***– Сайкал эже, Алыкул дүйнөдөн өткөндө сиз канча жашта элеңиз, сөздү ушундан баштасаңыз?***

– Мен ал кезде Фрунзе шаарындагы Кыргыз кыздар окуу жайында үчүнчү курста окучумун. Он жетиге караган кезим болчу. Бул окуу жайы кийин кыз-келиндер институту, андан кийин Ишеналы Арабаев атындагы университет болгонун өзүңөр жакшы билесиңер.

***– Анан кандайча болуп Алыкулду жерге берүүгө катышып калдыңыз эле?***

– Ал күн менин эсимден эч кетпейт. Ошондогу күндүн суугун айтпа. Окуу жайдын мугалимдери, студенттер болуп Алыкулду мүрзөсүнө чейин узатып барганбыз. Алды жакта он чакты киши, алардын артынан Алыкулдун сөөгү салынган машина жай жылып баратты. Машинанын үстүндө Алыкулдун сөөгүнүн жанында акындын эжеси уулу менен отурат. Машинанын артынан бир кыз акындын портретин көтөрүп бататат, ал мен болчумун. Артта көп эл. Ошончо кыздын ичинен агайлар мени көрсөтүшүп: «Ушул кыз көтөрөт», – деп Алыкулдун портретин мага карматышкан. Кара сызма менен жээктелип, узун таякка бекитилген маркумдун портретин мүрзөсүнө чейин көтөрүп баргам. Колумда мээлейим жок болчу. Үшүгөнүмдөн улам бир колума алмаштырып, экинчи колумду оозума алпарып үйлөп, жылытымыш этип, койнума да катып отуруп эптеп көтөрүп барганым алигүнчө эстен кетпейт. Ал сүрөт мүрзөнүн үстүнө сайылып коюлган. Андан бери жарым кылымдан ашык мезгил өтсө дагы ошол күнүм эч унутулбайт.

Алыкулдун арбагы мага ыраазы болсо керек деп өзүмчө ойлоп калам. Себеби ошончо кыздан анын сүрөтүн көтөргөн да мен болдум. Кийин Алыкул төрөлгөн жерге келин болуп бардым. Ыраматылык жолдошум Асан Тилекеев менен бактылуу өмүр сүрүп, бала-чакалуу болдук. Быйыл экс-президентибиз Роза Отунбаеванын жарлыгы менен «Баатыр эне» наамын алдым.

***– Анда ушул жакшылыктарыңыз кут болсун, эже. Бүгүнкү эскерүүңүз үчүн Алыкулдун арбагы сизди дагы да колдой берсин.***

*А.Алиева, «Кыргыз Туусу», 2011, 12/XII*

***«Алыкул-100»***

## АЛГАЧКЫ БАСЫЛМА

Эй, Россия! Бир боор энем,
Мен өңдүү тоо кушуна койнуң кенен.
Чын сөздү туура айтуудан таймана албайм,
Биз элбиз, биз кишибиз сени менен.

Дээрлик жетимиш жыл мурда жазылган ушул ыр түрмөгүнө эгемендиктин алгачкы убагында көбүнчө тескери маанидеги ойлор айтылганы, качанга чейин бирөөнүн этегине эрмешип жүрөбүз, Россиясы жок эле жашабайлыбы деген маанай болгону талашсыз. Бирок, мезгил сынчы, мезгил тараза демекчи, турмуш-жашообуздун жалпысы дебесек да жарымына жакыны дал ушул Россия менен эриш-аркак өтүүдө. Мамлекеттин бюджетине эки өлкөнүн өнөктөштүгүнөн канча каражат түшүп жатканын билбесек да жекече акча которуулар миллиард эсебинен эбак ашканы маалым.

Мына ушул аргасыз мигрант дейбизби, же кыргыз мандикерлери дейбизби, жалаң тууганчылык менен

чектелбей мамлекеттик маанидеги иштерди да илгерилетип жаткандары кубандырат.

Россия Федерациясынын Хабаровск шаарында өзү түзгөн холдингди жетектөө менен бирге Хабаровск жана Приморье крайындагы жердештерине дайыма көмөк көргөзүп келаткан Кадырбек Мырзабаевдин каржылоосунда Алыкул Осмоновдун орус тилиндеги тандалма томдугу жарык көрдү. Басылманын түзүүчүсү жана котормочусу Михаил Синельников Кыргызстандын РФдагы элчилигине кайрылганда, кыргыз элчиси Болот Жунусов уюштуруу маселесин чечип, китептин чыгышын тездеткенине рахмат.

Жыйнакка 216 ыр, 7 поэма киргизилсе, алардын 91 ыры менен 4 поэмасын М.Синельников которгон жана Алыкул Осмонов жөнүндө эки кириш сөзү бар. Ленинградда төрөлүп, Ош тарапта чоңойгон жана акын Жолон Мамытов аркылуу Алыкулдун дүйнөсүнө жаш кезинен аралашкандыктанбы, М.Синельниковдун котормолору акындын ойлорун түп нускага дээрлик тете чагылдырганга жетишкен. Антсе да, айрым жерлеринде анчалык эместиги баамдалат. Албетте, котормо деген оңой эмес. Чыгармачыл башка инсандын көркөм жана орошон ой табылгаларын дал өзүндөй которуп берүү поэзияда огобетер кыйын. Ал эми Алыкулду которуу андан да кыйла оор, машакаты зор руханий изденүү дегендик эмеспи...

Ушундан улам Алыкулдун орус тилиндеги котормолорун, демек англис тилиндегисин да кайрадан талдап, тактап, тыкыр редакциялоо жагын адабий сынчылар, котормочулар, адабияттануучулар менен басма жаатындагылар жабыла колго алышы адабий мураска жасалчу, аздек, аяр мамиле болмок.

М.Синельников жогорудагыдай артыкчылыктарына карабай котормлорунун бардыгын эле жогорку деңгээлге жеткирбегенине мисал келтирсек. А.Осмоновдун «Сырт жайлоо» аттуу ырында Атай, Муса жана Карамолдонун кайрыктары жөнүндө айтылып, акыркы куплети:

Зор «Манас» көлөмүңө жетпес ченем,
Чарчабай үч ай айтса түгөнбөгөн.
Кыргызда дагы толгон көп укмуштар,
Чынында баары сенин күчүң белем,

– деп аяктаса, котормочуда:

«Манас» огромен словно океан,
И не прочесть в три дня такой дастан.
Как самым долгим взглядом не окинуть,
Безмерное джайлоо – Киргизстан.

деп таптакыр башка мааниге өтүп кеткен. Буга төмөнкү котормону салыштырып көргүлөчү:

Прекрасен и бесконечен «Манас»,
И в три месяца не завершить его сказ.
Всё, что доселе кыргызами сотворено,
Силой и духом Манаса озарено. (П.К.)

Москвалык котормочу В.Звягинцева да Алыкулдун ондогон ырларын которгон. Башкалары жөнүндө айталбасак да «Саанчы жеңенин» котормосундагы акыркы куплети кыргыз окурманын бушайманга саларына көңүл буралы:

Добрая товарка ты, милая моя,
Больше не дикарка ты, милая моя, -
Нарядилась ярко ты – любо поглядеть,
Знатная доярка ты, милая моя!

*(А.Осмонов. “Советский писатель”. 1990. 93 стр.)*

Чачпагың учу шырп этет, жеңе,
Шырп этсе, жүрөк зырп этет жеңе.
Зырп эткен жүрөк шаанынан, жеңе,
Эртелеп сааган сааныңан, жеңе.

Кана, бул ыр түрмөгүндө курбу-курдаш *(товарка)*, жапайылык же жасанып кийинүү *(дикарка, нарядилась)* жөнүндө айтылганы...

Ушундан улам, А.Осмоновдун, дегеле башка акындардын да чыгармаларын орус тилине, ал аркылуу башка тилдерге которууга айрыкча чыгармачыл мамиле, ошого жараша каражат зарыл окшобойбу. Демек, мурда которулгандарын кайра которуу же редакциялоо, жаңы которууга дасыккан котормочуларды тартууга, калем акыларын жогорулатууга мамлекеттик мамиле керек.

А.Осмоновдун орус тилине которулган 269 ыры, 10 поэмасы атайын жыйнактарга киргизилген. Алардын арасында М.Синельниковдукунан тышкары Н.Пустынников, М.Ронкин, В.Шаповалов, К.Кулиев, С.Фиксин, А.Никитенко сыяктуу кыргызстандык башка котормочулардын да котормолору бар.

1990-жылы «Советския писатель» басмасында жарык көргөн ырлар жана поэмалар жыйнагын түзүп, баш сөзүн жазган Камбаралы Бобулов.

Ал эми «Навек Иссык-Куль полюбила Нева» аттуу жаңы чыгарылган томдугунун баш сөздөрүн Кыргызстандын РФдагы элчиси Б.Жунусов, котормочу М.Синельников жазган. Каржылаганы Россиядагы кыргыз мигранты, чаткалдык ишкер жигит Кадырбек Мырзабаев.

«Алыкул-100» маарекесине карата кыргыз тилинде ондон ашык басылмаларды чыгарууга, тасмаларды

тартууга, эстеликтерин тургузуп, музейлерин оңдоого Кыргызстандагы ишкерлер, «жүздөгөн миллионерлер» кол кабыш кылар бекен же «Ушунун баарын Салымбеков эле бүтүрүп койбойбу?» – деп өздөрү четке чыга беришер бекен..? Мүлдө кыргыз, Алыкул жалгыз экенин эстен чыгарбасак.

Убакыт аз калды. Демек, «Алыкул – 100» иш-чарасынын жыйынтыгы менен, 2015-жылы кимдин ким экенин эл көрүп, баасын берер.

## СЛОВО ОБ АЛЫКУЛЕ

Никогда не устанешь удивляться этому молодому человеку чей земной век очерчен границей всего лишь тридцатипятилетия (1915-1950). Этому юноше, который прожил внешне незаметную и в общем малорадостную, но по существу возвышенно – трагическую и насыщенную радостью творчества жизнь.

Поэту, который быстро прошел весь путь от первых слабеньких сборников к стихам и поэмам последнего, самого плодоносного своего пятилетия.

В этом ему помогли глубокое знание фольклора. Был громадный, неисчерпаемый эпос «Манас». Были книги: Гомер, Шекспир, Шиллер... Затем перевод классики. Что значит перевести, особенно поэзию? Это значит провести переводимые слова через мозг и сердце, войти в иной мир, в чужую вселенную.

Он перевел многих классиков Востока и Запада. Но самой вершиной является его свободный перевод, «Витязь в тигровой шкуре» Шота Руставели. Это деяние поэта – переводчика стало не то, что вехой творчества Осмонова, – а эпохой его самосознания.

Перевод переиздан девять раз. Ни это ли достойное подтверждение таланта поэта.

Стихотворения Алыкула Осмонова созвучно во времени, принося новым поколениям свой новый смысл, новую весть.

В сонме замечательных кыргызских лириков столетия Алыкул Осмонов – единственный великий поэт, единственный поэт мирового уровня. Мирового, потому что в отличие от ровесников и современников обладал мировой культурой. Той культурой, для которой свойственно благоговение перед тайной жизни, этичность ума, неисторическое, метафизическое, религиозное ощущение мира, которое я решился бы назвать «внутренним христианством». Оно живет, как идеал, во всех исторических вероисповеданиях мира, сквозит и прорезается на свет даже из трагической жертвенности героического атеизма.

Мир един, и беспредельная жалость ко всему живущему и тленному роднит кыргызского поэта с европейцем Альбертом Швейцером и индусом Вивеканандой.

*Михаил Синельников, переводчик стихотворений*
*Алыкула Осмонова, лауреат литературной премии*
*Союза писателей Кыргызской Республики имени Алыкула.*
*21-октябрь, 2016-жыл*

# «ПЕРЕВОД – ОТКЛИК ТВОРЧЕСКИЙ»

## Кто он, Михаил Синельников?

***Один из видных поэтов современной России. Его стихи вошли в существующие антологии русской поэзии XX века и переведены на английский, немецкий, испанский, польский, болгарский, сербско-хорватский, словенский, румынский, турецкий, азербайджанский, фарси, хинди, узбекский, киргизский, грузинский, армянский, осетинский, монгольский, вьетнамский, корейский языки, отдельными книгами вышли в Черногории, Румынии, Японии. Михаил Синельников – лауреат многих премий и обладатель литературных наград разных стран мира. И его заслуга как переводчика заслуживает особого внимания. Ведь, в частности, он переводил произведения великого кыргызского поэта Алыкула Осмонова.***

**В сентябре прошел «Ошский форум интеллектуалов», собравший в южную столицу Кыргызстана много ярких, интересных личностей с разных стран мира. Мне позвонил Нургазы Мусаев, что один из таких гостей Михаил Исаакович СИНЕЛЬНИКОВ после Оша побудет и в Бишкеке. Именно с ним и хотел я встретиться, и застал его в доме-музее Алыкула Осмонова, где знаменитого поэта и переводчика угощал яблоками Памирбек Казыбаев, основатель и директор музея**

***– Вы поэт и переводчик. Скажите – можно перевести стихи, когда нет вдохновения?***

– Ну, если заниматься этим как халтурой. На конвейере можно делать сотни тысяч строк, и тогда вдохновение не обязательно. А если говорить о полноценном, художественном переводе... Да, между творчеством поэта и переводом уже написанного произведения есть некоторое различие. Творение стихов напоминает реку, пусть и даже небольшой ручей, булак. Но перевод – это работа, уже не речка, а канал. Переводчик не может изменить его течение, русло. Но без доли вдохновения и тут нельзя, ведь ставится одна и та же задача, творческая.

Мы все понимаем в душе, что поэзия не переводима. Поэтому я бы употребил тут не русское слово «переводчик», а украинское «перекладчик». То есть это тот профессионал, который перекладывает кирпичи, переставляет и вновь возводит архитектурное сооружение. Но переводчиком поэзии должен быть все же поэт, а не профессор филологии. Конечно, хорошо, когда это все сочетается в одном человеке. Но главное, чтобы он был поэтом, а не ученым. Если он только ученый знаток, то сталкивается с острейшим фактом непереводимости и, пытаясь удержать все мыслимое и немыслимое, углубляется в ненужные подробности. А поэт творит и, благодаря вдохновению, сделает то, что в принципе и кажется невозможным.

***– ... но проблема непереводимости все же остается?***

– Да. Но она не абсолютна. Почти все зависит от таланта переводчика. Некоторые русские переводы входят уже в состав русской поэзии. Если в даже в большом томе найдется 7-8 стихотворений удачно, сильно переведенных, то возникшее доверие, позволит осмыслить и принять и остальное. Иногда бывают конгениальные переводы. Например, на немецкий язык очень

сильно переведён Лермонтов. Переводил его великий поэт Рильке.

Существует русская школа стихотворного перевода. Надо признать, что она особенно успешно развивалась в советское время. Ну, если говорить о переводах стихов Алыкула Осмонова, в доме-музее которого мы сейчас находимся, отмечу, что есть целый ряд очень хороших переложений. В количественном отношении я переводил его больше всех, и у меня тоже есть удачи, вероятно, есть также и неудачи. Но я не монополист в этом деле. Мне очень нравится перевод Потаповой стихотворения «Киргизские горы», он настолько хорош, что завидую, что это не я сделал. И чудесный, принадлежащий Николаю Чуковскому перевод маленького стихотворения «Ведро воды». Вот такие переводы становятся органичной частью русской поэзии. Конечно, все что получилось – благодаря мастерству и вдохновению. Переводить же надо сильных поэтов. Если ты поэт и переводишь плохих, то самого себя разрушаешь.

***– В переводе что-то удается на уровне оригинала, что-то неизбежно утрачивается, остается какое-то смутное очертание первообраза. Поэтому и приходится компенсировать утрату чем-то новым. В какой мере допустимо это – дополнить от себя?***

– Это интересный вопрос. На него ответила в свое время Марина Цветаева, она была очень хорошей переводчицей, особенно ей удавались близкие к фольклору произведения. Она сказала (была верующая), что если она видит четыре поэтических строки, то две из них от Бога, а две от самого автора. И в переводе позволительно, сохранив данное свыше двустишие, добавить свои две строки.

Но вот у самых великих поэтов, например, у Лермонтова, все от Бога. И его стихи переводить особенно трудно. Моя формула такая: конечно, поэзия непереводима, она не может быть зеркально отражена ни в каком переложении, но если переводит великого поэта поэт, пусть даже меньший, может иногда возникнуть истинная поэзия. Но она будет не копией оригинала, а поэзией «близкородственной», она будет его сестрой.

***– Сейчас времена толстых журналов уходят, вся информация, в том числе литература, перемещается на цифровые носители. Как Вам нравится такая ситуация?***

– Понимаете, во-первых, могу ли я позволить себе с брюзжанием сказать, что я старик, недоволен молодыми, что они, такие высокотехничные, ушли туда, в непостижимое виртуальные пространство? Нет, приходится с этим считаться. Да, у толстых журналов тиражи упали, но они теперь выходят и в электронном виде. Моему поколению с этим бессмысленно бороться, как старики бессмысленно выступали против радио в свое время. Новые времена наступили.

Но меня больше печалит другое. Да, облик книги тоже менялся, до нее было устное творчество, затем на пергаменте писали, на коже, на папирусе, на бумаге. А сейчас никакого материала не нужно, все меняется и это можно понять. Но плохо то, что само значение литературы упало, она меньше занимает людей. Поэзия тоже. Кыргызы любят своих поэтов и свой эпос, и это хорошо. Но меж тем во всем мире упало значение поэзии. В России всегда литература было могущественной. Лев Толстой, к примеру, при жизни обладал такой властью – больше царя, причем повелевал умами и душами на всех контингентах. А сейчас писателей таких нет.

Но все равно поэзия не может умереть. Даже если сохранилась для немногих, она продолжает передаваться из поколения в поколения. Пусть даже три тысячи человек читает, но это уже что-то немаловажное, и любовь к стихам – неизменное явление культуры.

Что касается современной литературы... В России, например, сейчас победила массовая, бульварная литература. В 19 веке в России было столько великих писателей – и прозаиков, и поэтов – они тогда задавили плохую литературу. А сейчас волной пеной поднялась легковесная продукция и затопила настоящую словесность. Правда, до конца задушить её не может, ведь все еще есть круг, пусть и совсем небольшой, круг верных читателей классики и лучшего в современной литературе. К тому же, ведь не умирает Толстой, он тоже с нами. Классики существуют, они продолжают действовать и после своей смерти. Как сказал Гоголь гениально: «Мертвых больше чем живых, и они сильнее». Классическая литература она потому и классическая, великая, что хотя авторов нет в живых хоть тысячи лет, но она действует, продолжает существовать и действует на эстетическое чувство и нравственность.

**П.Казыбаев:**

***– Михаил Исаакович, раньше мы считали Айтматова паспортом советской литературы. А теперь все поменялось. Как сегодня в России воспринимают его произведения?***

– Я за Айтматовым наблюдал много лет, в разных обстоятельствах разговаривал с ним. Конечно, он всегда существовал в сфере, находящейся на недосягаемом уровне. В последний раз, незадолго до его ухода из жизни, я его видел в Баку, на книжной ярмарке, когда вместе с Анаром я вел «круглый стол», посвященный роли

классического наследия в современной жизни. Я слушал Айтматова тогда с некоторым удивлением – он призывал публику покупать свой новый роман! Ведь раньше за его книгами стояли в очередях. Теперь он сам оказался в сложном положении: люди, озабоченные выживанием, стали намного меньше читать. В Москве к юбилею Айтматова диаспорой в лице Джамили Бегиевой была издана с моим предисловием небольшая айтматовская книжка – «Белый пароход», и тираж был 1000 экземпляров. Распространялась книга только в диаспоре. Нас бы в свое время не удивил бы и тираж в десятки и даже в сотни тысяч экземпляров для книг такого известного, многими с детства любимого автора... В этой ситуации оказались многие ранее знаменитые писатели.

**П.Казыбаев:**

***– Об этом говорил когда-то сам Айтматов, что в Европе книги выпускают по 500 экземпляров.***

– Европа-да, но Россия! Это ведь «книжная» страна. Вообще для славян характерна любовь к книге. С другой стороны, конечно, вопрос – а что собственно они читают? У нас люди читает в метро, в поезде. Это хорошее свойство в принципе. Но теперь читают как то меньше, и то, в основном, в интернете. Я думаю, если посмотреть на историческую перспективу, тут трагедии, может быть, и нет. Потому что, может быть, сейчас само время проводит экзамен. Кто-то утонет, а кто-то, самый сильный, все равно не утонет. Представьте себе, не каждый день люди читают у нас античных поэтов – Вергилия, Горация. Гомера, но ведь читают! Это же 2000–3000 лет спустя! Сегодня происходит посмертный переход нашего современника Айтматова в разряд безусловно призванной мировой литературы, и мы, помнящие его живым, немного

удивляемся. А для него уже ничего не страшно. Главное ведь не количество читателей, а чтобы они были всегда. По крайней мере, долго. Лично для меня три тысячи читателей достаточны, если они будут и через 50 лет. На миллион же не рассчитываю, не надеюсь, даже, по совести говоря, и не стремлюсь. Вот в конце концов даже и у знаменитейшего Евгения Евтушенко тоже свои три тысячи верных. Начинал он блистательно, и как лирик и как в некотором смысле родоначальник новой гражданской лирики. Но обстоятельства превратили его лирику, и интимную и гражданскую, в политическую публицистику. Это было и удачно, но оказалось уже вне области поэзии. Особенно прославился двумя стихотворениями, которые принесли наибольший успех: «Наследникам Сталина» и «Бабий Яр». Замысел и в том и в другом случае был возвышенным, но, конечно, это уже публицистика. К области поэзии принадлежит у него иное. Например. стихи о том, как у профессора жена ушла. Это замечательные, бессмертные стихи. Или – «Свадьбы». Это выдающееся, эпохальное стихотворение. А то, что на десятилетия их автор отдалился от поэзии по существу, это факт, печальный факт.

У поэта остается лучшее, что он написал в течение своей жизни. Вот Алыкул Осмонов, он жил недолго, а сколько он сделал! Если бы Лермонтов жил долго, он стал бы, я думаю, центральной фигурой русской литературы. Но и Пушкин погиб в 37 лет. Более, чем печально, когда такие люди, нечасто в столетиях рождающиеся, рано уходят из жизни. Бывает, люди живут и сто с лишним лет, а толку никакого нет. У нас в Союзе писателей был такой долгожитель Саша Красный, он однажды, в 1921 году, написал какие-то дрянные вирши, направленные против

белогвардейцев. Троцкий (он был вторым после Ленина лицом в революционной стране и притом, надо признать, обладал хорошим литературным вкусом) написал, что эти стихи плохие. А потом известно, что стало с Троцким, а этот литератор, добывший репутацию его врага, больше ничего уж не писал, прожил сто шесть лет, числился в поэтах и неплохо кормился.

**П. Казыбаев:**

***– Михаил Исаакович, говорят, что сегодня литература в основном стала публицистической...***

– По-моему, честная публицистика – хорошо. Но доминирует даже не она, а желтая пресса и бульварная литература, вообще все, что пишется ради гонорара, ради куска хлеба с маслом. Дело в том, что и публицистика бывает высокого класса. Был же у нас Герцен, великий писатель. Но подлинно талантливую словесность сейчас оттеснили на обочину жизни эстрадные шуты, дешевые песенки, развлекательное чтиво. Потому что населению не хочется думать, многие устали и хотят, чтобы голова отдохнула. Они хотят такого «искусства'», которое будет лишь смешить и развлекать. Я не за то, чтобы эти жанры были запрещены, но они заняли центральное положение, а должна быть востребована литература глубокого переживания и размышления.

Чингиз Айтматов заставил кыргызский народ думать иначе. Понятно, что всегда кыргызы слушали манасчи, и Алыкул Осмонов слушал. Заслуга Айтматова в том, что он самую душу кыргызского народа ввел в мировой поток. Сказал свое слово, к его голосу прислушались в мире, он выразил кыргызский дух. А сейчас потребительское общество его не читает, ибо упало значение настоящей литературы. Сегодня люди не хотят думать, но

нежелание думать в итоге дорого обходится, потому что если ты отвык думать, тебя легко обманут и в экономике и в политике и в общественной жизни.

Я в меру сил занимаюсь литературой и мне поздно менять профессию, я буду делать то, что умею. У таких людей как я есть свой круг читателей, я знаю их – получаю от них письма. Конечно, нет прежней массовости.

Разумеется, есть своя правда у всего, и то, что сегодня происходит, закономерно. Например, поколение 60-х годов помнит, как Е. Евтушенко, А. Вознесенский и другие выступали перед стадионом, на котором стояли 100 тысяч человек и аплодировали. Это было хорошо, особенно для авторов, но то не праздник поэзии был на самом деле, как это многим казалось тогда. В тех условиях, когда у нас общество было другое, поэзия брала на себя разные другие функции. Поэты говорили о насущных проблемах. Например, Евтушенко писал о том, как тетя Клава отработала в цеху всю ночь, а потом еще должна стоять в очереди за хлебом. Это вызывало у массы сочувствие, люди слушали с волнением. Но это не поэзия, а публицистика. Сейчас не надо писать все это в стихах, об этом можно заметку настрочить хотя бы в «Вечерний Бишкек». Но где та тетя Клава? **Новое общество – новые проблемы.**

**Ж.Турдубаев:**

***– Я представлял Вас именно таким, каким сегодня впервые увидел – совершенно свободный, свой человек в любой культурной среде, поликультурная личность в лучшем смысле слова. Можно ли такую культуру распространить широко, чтобы она стала не исключением, а нормой?***

– Ну, во-первых, я не считаю себя сильно образованным человеком, у меня нет таких устойчивых, базисных

знаний. Я просто, как бы сказать, нахватанный человек, хотя и немало прочитал и повидал. В каком-то возрасте человеку нужно иметь свои мнения и накопленный жизненный опыт превратить во что-то реальное. И ведь многие проживут долгие годы и после себя ничего не оставят, ни у кого, кроме своего семейства, не вызовут чрезмерного уважения. Разве что к возрасту. А культура... В идеале она должна быть всемирная, она не может быть только лишь национальной. Но такие люди как Алыкул Осмонов перерастают национальное. Омар Хайям, Алыкул и другие великие поэты, они уже свои для любого народа. Тут я выскажу такую мысль: национальное – это важно, это средство доставки, но это не бомба, а ракета. Бомба, т. е. ракетный заряд принадлежит всем. Но произведения поэта по-разному доходят в переводе, однако, без перевода не обойтись. Как сказал наш великий переводчик Лозинский, перевод – это искусство утрат. Мы (в качестве переводчиков) вот думаем, чем пожертвовать, чтобы сохранить главное. Ваш вопрос имеет глобальный смысл. Возможно, и вся цивилизация погибнет. Но мы не можем так жить, не можем воспитывать детей, писать, творить в ожидании, что завтра кончится все.

В идеале культура всегда мировая. Она должна вбирать в себя все ценное. Нельзя замкнуться национальным. Национализм – он, в конце концов, тупик. Выход из него – расширение кругозора при сохранении корней и опоры на них. Например, Жолон Мамытов, мой близкий друг, говорил мне, что он был долгое время узко национальным,.а с некоторых пор стал устремляться в мировое пространство. Ему было тогда за тридцать. Вот величие состоявшегося великого поэта Алыкула именно в том, что его культура мировая. И каким-то чудом он

сумел выйти на новую орбиту именно в те годы поздние сталинские, когда шла борьба с космополитизмом, царило удушье, произошло отключение от мировой культуры. Алыкул Осмонов – мировое явление. Он пробил себе путь первоначально через переводческий труд, его работа над Пушкиным, особенно над Руставели необычайно расширили его кругозор. Таким образом, он и сам стал мировым явлением. Его собственные поэмы – не пересказы эпосов, а осмысление и перетолкование их на ином уровне познания. И вот он стоит в одном ряду с великими писателями XX века Запада и Востока. Да, есть и другие сильные поэты, например, недавно ушедшие из жизни С.Эралиев и С.Джусуев тоже были крупными авторами. Но именно Алыкул должен безусловно войти в круг мировых гениев. Тут и от Кыргызстана требуется усилие, чтобы книги Алыкула Осмонова распространялись в мире. Надо работать, например, через ЮНЕСКО.

По настоящему интеллигентным людям нравятся и простые, малосведущие люди. Они бывают очень умными, они по-своему думают. Очень интересны даже неграмотные и малограмотные люди, но вот у них нет культуры, как опыта поколений. Я допускаю, что на углу в ларьке сапожник сидит, он умнее меня от природы, но я все же сильнее его благодаря знаниям, благодаря множеству прочитанных книг, в которых уже описаны разнообразные ситуации. Да, есть мощная сила «заёмного» ума.... Но мы не можем быть всегда такой изолированной жреческой кастой. Хотя равенство – очень долгий процесс. Я закончу любимой мною фразой Зигмунда Фрейда. Это относится не только к культуре, но и к жизни, судьбе человечества. Его высказывание, с одной стороны, очень печально, с другой обнадеживает: «Царство разума еще очень далеко, но не

недостижимо далеко». Далеко как звезда, но всё же однажды мы можем туда долететь. Тогда, в перспективе, если человечество продолжит свое существование, то, конечно, будет царство разума, где не богатство будет определять положение человека, а именно культура, духовность. В далеком будущем возникнет духовное человечество. А пока... пока пойдем на Ошский базар (смех).

***– Интересуетесь ли творчеством нынешних поэтов – среднего поколения? Не хотите ли переводить их?***

– Понимаете, мне 70 лет, как переводчик я свое дело, видимо, в основном, сделал. На оставшемся отрезке жизни хочу написать собственные произведения. Я в последнее время много пишу. Если мне понравится гениальное стихотворение, то я, может быть, я переведу его «для себя», для своего удовольствия. Но больших объёмов я уже не хочу.

***– У Вас как переводчика поэзии есть ученики или последователи?***

– Видимо, следует говорить о традициях нашей русской, советской школы перевода. Время массового перевода – как при СССР – прошло. Продолжения того могущественного потока уже больше нет. Но, с другой стороны, перевод не прекратится совсем. Я считаю, что перевод – это потребность культуры. Переводить надо то, что значительно. И я верю в то, что перевод служит не только ознакомительной задаче, он является и ОТВЕТОМ. Это, если угодно, и комментарий, которым одно поэзия сопровождает другую. Если поэт или писатель переводит, он одновременно отвечает тому, кого он переводит. Он незаметно толкует, а не просто отражает.

*Жолдош ТУРДУБАЕВ*
*«Кутбилим», 21/X.2016*

# ӨКҮТТӨ КЕТКЕН АЛЫКУЛДУН ЫРЫ ЖЕ «ААЛАМ СЫРЛАРЫНЫН» КӨШӨГӨ АРТЫНДАГЫ СЫРЫ

Эми ишенсе да болот, ишенбесе да болот. Так айтып жатса кантип ишенбейсиң? Мен негизи мурда көзү ачыктарга такыр ишенчү эмесмин. Көзү ачыктар көбөйсө акыр заман болот деп тамашалап калчубуз. Бирок ошол Алыкулдун мүрзөсүнө барып айткандардын 100 пайызы дал келбесе дагы 60–70 пайызы дал келди деп ойлойм. Арбактар да сезет дегендей Кубаныч мырза Алыкулдун жашоосун ырга салып төгүп бербедиби. Азыр Алыкулга көңүл бурулбай жатканы ырда айтылганда мен кадимкидей ишенип калдым. Эң кызыгы, экстрасенстердин Алыкулдун өлүмү өз ажалынан эмес, кокустуктан улам өлгөн дегени болду. Анткени, алардын айтымында Алыкулдун башына катуу нерседен сокку болуп анан каза тапкан. Мен бул боюнча өзүнчө түкшүмөлдөп койдум. 12-декабрда күн суук болуп, жол тайгак болгон. Жапар деген айдоочусу жаш бала эле. Ошол убакта жаш айдоочу машинени чукул токтотуп кырсык болгон деп ойлоп коем. Экинчи вариант, балким Алыкул көлдө жүргөндө кайыкта сүзүп жүрүп бир нерсе болгон болушу мүмкүн. Анткени, 1949-жылдын августунан баштап, 1950-жылдын 12-декабрына чейин Алыкул бир дагы ыр жазган эмес. Бул боюнча Алыкулдун пикирлеши Түгөлбай Сыдыкбековдон сурасам: «Алыкул күнүнө жок дегенде 5–6 ыр жазчу» деп жооп берген. Мындан тышкары катышуучулар кандайдыр бир транспорттун үнүн угуп жатабыз дешпедиби. Анткени, Алыкулдун үйү темир жолдун түбүндө болгондуктан поезддин үнү кадимкидей угулуп

турчу. Ошого аябай таң калдым. Анан Асел Алыкулду жакында бир жакка барат деди. Анысы Алыкулдун тандалма чыгармалары грузин тилине которулганы жатканы деп жоруп койдум.

### Кубанычбек Мурзаевдин айтуусу

Бир убак күндөр өткөн алыс убак,
Жакшылык күндөр өткөн өтө узак.
Ал кезде мен болгонмун жапжаш гана,
Өчтү го бир күндө бүлбүл чырак.
Сезимде кара-кара күндөр өттү,
Карайып, бүлбүл-бүлбүл күндөр өттү.
Не деген сөздөр калды айтылбаган,
Сезимди ошолор кыйнап бүттү.
Мен сөздү көпкө-көпкө айткым келди,
Адамдарга баарын-баарын чачкым келди.
Бирок алар айтылбай калды чиркин,
Ушул жерде баары калып калды деди.
Сезим туят, элдин баарын көрөм,
Негедир мени эч ким көрбөгөндөй.
Келишет адамдарга башка бирөө,
Мага эч ким басып дагы келбегендей.
Жандүйнөм ушунчалык кыйнап,
Көңүлүм ушунчалык ыйлап жүрөт.
Бирок мен бул жашоонун барын көрүп,
Кубанам эли-журттун бардыгына.
Жашоодо чиркин тура баарысы.
Суранам айткылачы мага рахмат,
Мен ыраазымын баарыңарга.
Жашоого келгениме ыраазымын.

Ушул жерди басканыңа капа эмесмин
Мейли, мейли,
Капа болот арбак дедиңерби?
Андай эмес.
Мен силердин келгениңерди кубаттаймын,
Кубат берип, күч-кубат мен турайын.
Жүрөгүңөргө нур чырагын жандырайын.
Бирок силер эч качан оорубагыла,
Мендегидей арман дүйнө көрбөгүлө.
Жашоодо жаш өлбөсүн эч бир жан.
Мендей өттү, жигит чиркин өткөнмүн да,
Жигит элем өзүм үчүн ал кезекте.
Унутпачы эли-журтум мени эсте,
Мени эстетип турганыңа ыраазымын.
Мени тааныйт, мени тааныйт билесиңби?
Аны элден сурасаң билээрсиң.

*Уланбек ЭГИЗБАЕВ*
*«Жаңы Агым», 9/XI.2012*

**Айтылуу акындын 100 жылдыгы келатат**

## АЛЫКУЛДУН АДАШКАН КҮЙӨРМАНЫ

### *Памирбекке жардам берели*

*Ушул жылдын 9-ноябрында «Кыргыз Туусу» гезитине ардагерлер, Кыргыз эл баатырлары К.Кондучалова, С.Эралиев, С.Жусуев кол койгон кайрылуу жарыяланган. КР Президенти А.Атамбаевге жөнөтүлгөн катта Алыкул Осмоновдун жүз жылдыгына эмитен камдануу маселеси көтөрүлгөнүн кубаттоо менен, акынга байланыштуу нерселерди эл арасынан иликтөө ж.б. уюштуруу маселелеринде коомчулук менен өкмөттүн өнөктөш болмогу зарыл экендигине басым коюлган.*

Акындын Бишкектеги үй-борборунда көптөгөн экспонаттар, фотолор ж.б. материалдар элдин күчү менен топтолуп жатканына он жылдан ашык убакыт өттү. 12-декабрь А.Осмоновду эскерүү жана кыргыз адабиятынын күнү экендигинен улам окурман журтка төмөнкү сүрөттү сунуштоо менен алардан да жооп күтмөкчүбүз.

Бул сүрөттү 2006-жылдын жайында Ат-Башы районундагы мурдагы Пограничник, азыркы Казыбек айылынын тургуну Моңолбай Касымов деген жигит алып келгенде канчалык сүйүнгөнүн жана ошончолук күйүнгөнүн элестетип көрүңүздөр...

Алыкул Осмонов ортодо отурганы деп оңбогондой сүйүнгөн күйөрманга кошула мен да кыйла кубангам. А бирок жакшылап карап, баамдаган соң Осмонов эмес эле бөтөн киши экендигине ынана, ындыныбыз өчө түштү. Ооба, бул сүрөт Арпа жайлоосунда Алыкул 1946-жылдын 7-июлунан – 5-сентябрына чейин болгон кезде тартылган.

Алыкулдун күйөрманы кайрадан Ат-Башыга барып, башка сүрөттөрдү да алып келейин, ошолор менен салыштыра такташалы деген.

## Кайдасын Моңолбай...

Кудук казып жатканда байланган тросу үзүлүп, 15 метр бийиктиктен кулаганда сынган жамбашы жана эки бутунун дарты кайра козголуп калдыбы же ага каржылык көмөк көрсөтөбүз дегендер (Акулиев Жуман ж.б.) айныдыбы, айтор, Алыкулдун күйөрманы Моңолбай азаматты 2007-жылдын январынан бери күтүүдөбүз.

*«Алыкул – 100»дү утурлап*

## БАТКАН КҮНДҮН АТКАН ТАҢЫ

Бу мезгил дегениң көзгө илинбеген закым экен. Көрсө залкар акын Алыкул Осмоновдун дүйнөдөн өтүп кеткенине эле 62 жылдан ашуун мезгил болгон турбайбы. Олда бейоопа дүйнө ээй! Ал эми мага оорукчан акын дале Ысык-Көлдүн жээгинде отуруп өлбөстүккө айланган канаттуу ырларын жазып жаткандай туюлат.

Кыргыз поэзиясынын пиринин юбилейи жакындай баштаганы белгилүү алыкулчу Памирбек Казыбаевдин тынчы кетип, басма сөз беттеринде бир катар макалаларын жарык көрдүрүүгө үлгүрдү.

Памирбек агабыз Алыкулдун чыгармаларын изилдөөдө жана анын өмүрүнүн айрым бир үзүмдөрүн тактоодо чейрек кылымдан ашуун убактан бери изденип келет. Памирбек Шомор уулу өз өмүрүн Алыкулдун чыгармачылыгына, өмүр жолуна сайып койгон инсан. Мисалы, ал грузин элинин акыны Шота Руставелинин Алыкулдун котормосундагы «Жолборс терисин кийген баатыр» аттуу дастанын 2010-жылы «Бийиктик» басмасынан миң нускада чыгарткан (7-басылышы).

П. Казыбаев: «Бул ишти Өкмөт, КР Маданият министрлиги же байлыгы молдор жасаганга жарабады эле...» деп бир жагынан каңырыгы түтөсө, бир жагынан китепти чыгарууга каражат бөлүп, бирок, атын көмүскөдө калтырууну каалаган март азаматка өтө ыраазы экенин айтты.

Памирбек аганын А.Осмоновдун 100 жылдыгына арналган төмөндөгү кол жазмаларын басууга даярдап жатып бир окуя эске түшүп кетти. Токсонунчу жылда Минскидеги политология жана социалдык башкаруу институтунан окуп жүргөндө бир күнү Машеров проспектисинин боюнда

баратып жол боюндагы китеп, гезит-журнал саткан бир күркөнүн жанында элдер турганын көрүп калып ал жакка бурулдум.

Көрсө, ал жерде Алыкул Осмоновдун көк тыштуу ырлар жыйнагы менен Ч.Айтматовдун жана Т.Сыдыкбековдун бирден романдары кирген китептер талашка түшүп сатылып жатыптыр. Эки-үчтөн сатып алып жаткандарды да көрдүм. Мен ошондо белорус окурмандарынын Ч.Айтматов менен А.Осмоновдун чыгармаларына кызыгуусу ушунчалык күчтүү экенин көрүп тан бергем. Алыкул баткан күндөй өтүп кеткен менен анын ырлары окурмандарга аткан таңдай жарык нурларын чачып тура берет деп ишенем.

*Абдил-Ахат КУРБАН уулу*

## АКЫНДЫН КЫЛЫМ КАРЫТКАН КУРБАЛДАШТАРЫ

Курмангалы Каракеев үч доордо жашоо менен өз өмүрүнүн кыйласын кыргыз илимине, тарыхына жана басма сөзүнө арнагандыгы академик аксакалды акыркы сапарына узатуу зыйнатында (12/Х1, 2012-ж.) айтылды.

Залкар таланттар, көбүнчө актёрлор өткөндө аза күтүү зыйнаты алар өздөрү ойногон сахнада өткөрүлмөгү өзүнчө бир мыйзам саналгандай эле Кыргыз ССР илимдер академиясын он сегиз жыл жетектеген илим башчынын, уюштуруучунун сөөгү да академиянын жыйындар залынан узатылышы өзүнчө бир шаанини жаратып турду.

Өзү менен катарлаш боз балдардын ичинен келечекте чыгармачыл жана илимпоз инсандар чыкса, алар академик даражасына жеткенде кийинки муундар алардын эмгегине суктанышса, издерин улантышса деген мааниде жазган Алыкул Осмоновдун орошон тилеги орундалганын мезгил тастыктады...

Алардын айрымдары Гапар Айтиев, Сүйүн Керимбаев, Күлүйпа Кондучалова, Түгөлбай Сыдыкбеков, Шайык Жамансариев жана биз эскерип жаткан Курмангалы Каракеев сыяктуу улуу инсандар.

Ал эми Алыкулдун 100 жылдыгына (2015-жылы) эмитен камданып, маарекенин адабий, маданий мазмунун терең, коомдук маанисин бийик деңгээлде өткөрүү үчүн өтүнүч-сунушту КРнын Президенти А.Атамбаевге жолдогон К.Кондучалова эженин да маданият майданын жыйырма жылдай жетектөөдө сиңирген мээнети зор экендигин маданияттын азыркы абалы айкындоодо.

«Алыкул-100» жолдомо-сунушун колдоп кол койгон аксакал акындарыбыз С.Эралиев менен С.Жусуевдин да чыгармачыл мунаралары бийик экендигин эл билет. Кайрылуу «Кыргыз Туусу» гезитине 2012-жылы 9-ноябрда чыккандан кийинки алгачкы кадамыбыз катары Алыкулдун көзү тирүү замандаштарын тасмага тартуу иши башталган эле...

Педтехникумдагы парталашы Шайык абаны тарткан соң, эми Курмангалы аксакалдыкына аттаналы деп турганда, ал кишинин дүйнөдөн кайтканын «Ала-Тоодон» угуп, өкүттө калдык.

...Алыкул боюнча тартканда экөөнүн мамилесин чагылдырган негизги багыттар, суроолор төмөнкү каттын жана колтамганын айланасында болмок.

Курмангалы аксакалды узатууда сүйлөнгөн сөздө ал Балтика, Кара деңиз флотторунда кызмат өтөгөн алгачкы кыргыз морягы экендиги, ошондон улам ден соолугунун бекемдиги жөнүндө айтылганын 1938-жылы 21-августта Одессадан Алыкулга жазган каты ырастап тургандай.

Каттын дагы бир кызыгы – «Жолборс терисин кийген баатырды» сурагандыгы. Эмесе ошол катты арадан дээрлик 75 жыл өткөндө окуп көрөлү.

## АЛЫКУЛ!

*Жүрөктөн кайнап чыккан кызыл саламымды жиберемин. Бул Одессага келгениме төрт-беш күн болуп калды. Келерим менен кат жаза алганым жок. Себеби Кара деңизге барып, бир аз сүзүш керек эле. Айткандай эле келерим менен Кара деңизге бир топ чумуп-чумуп алып, жыргап калдым. Анткени күн бул жерде абдан ысык. Силер болсоңор күндүн ысыгынан качып, акактап, жашынууга жер таба албай, калкалануу үчүн же зонтик алалбай (көбүнчө кыз-келиндердин предмети дегенсип) жүрөсүңөр.*

*Бул жерге келгенде анык шаарга келгендей эле болуп калдым. Жаңы күч менен кызматыма кириштим. Азыр 1-сентябрга Ленин-Сталин комсомолунун XX жылдыгына кызуу түрдө даярданып жатабыз. Жалпы жана саясий даярдыктарды «жакшы» жана «эң жакшы» деген показателдер менен XX жылдыкты каршы алып олтурабыз.*

*Мындан жакшыраак кат жазуу үчүн бир топ олтуруу керек. Өзүң билесиң – бизде убакыттын баары өлчөлүү. Эмдиги жолу берекелүү кат жазармын.*

**P.S.** *Айткандай сен которгон «Жолборс терисин жамынган шер» («Витязь в тигровой шкуре») деген Шота Руставелинин поэмасы чыгууга жакындап калганбы? Кат жаз!*

*Кубанычбекке, Темиркулга ж.б. салам айтып коёрсуң.*

*Кош Курмангалы.*

*21.8.38.Одесса.*

Бул катты А. Осмоновдун мамлекеттик архивдеги документтеринин арасынан 1989-жылы таап, 1990-жылы чыккан «Мезгил жана Алыкул» китебиме киргизген элем.

Айтмакчы, К. Каракеев кийин да Алыкулдун атактуу котормосуна дайыма кызыкканына, ал тууралуу жылуу пикирде болгонуна 1966-жылы Ш.Руставелинин 800 жылдыгы боюнча Тбилисиде өткөрүлгөн салтанатта жасаган мазмундуу доклады далил.

*Вместе с Вами торжественно празднуют 800 летие со дня рождения Руставели и трудящиеся солнечной Киргизии.*

*Имя Шота Руставели широко известно киргизскому читателю. Впервые отрывки из бессмертной поэмы «Витязь в тигровой шкуре» были переведены на киргизский язык поэтом Джоомартом Боконбаевым.*

*Затем, в 1939 году поэма была переведена на кыргызский язык талантливым поэтом Алыкулом Осмоновым и издана в 1940 году. Позже, поэма была издана три раза. Сейчас осуществляется четвертое издание.*

*Настоящая жемчужина поэзии – «Витязь в тигровой шкуре», рожденная на кыргызском языке дошла до самых широких масс кыргызских читателей. Многие ее куплеты и афоризмы заучивались наизусть молодежью, а во многих семьях детям давали имена любимых героев поэмы.*

*Из выступления президента Академии наук Киргизской ССР. К. К. КАРАКЕЕВА на торжественном заседании, посвященной 800-летию Шота Руставели*

*30 октября 1966 год, г. Тбилиси*

## АКЫНДЫН АКЫРКЫ КОЛ ТАМГАСЫ

1950-жылы Москвадагы «Советский писатель» басмасынан жарык көрүп, ошол эле жылы Сталиндик (кийин СССРдин мамлекеттик) сыйлыкка көрсөтүлгөн «Мой дом» китебине Алыкул төмөнкүдөй колтамганы жазып берген: **Кадырлуу Курмангалы Каракеевге, Сизден пикир угуу нээтим менен, автор: А.Осмонов 1/ХП. 1950-жыл.**

Союздук деңгээлде биринчи ирет чыккан орус тилиндеги тандалма жыйнагын акын башка санаалаштарына да тартуу эткендир.

«Алыкул-75» maаракесине карата (1990-ж.) мурда болуп көрбөгөндөй даярдык көрүлүп, Каптал-Арыкка акындын мемориалдык музейи курула баштаганда, ага экспонат топтоо да колго алынган. Ага чейин эле «Ленинчил жаш» гезитинде акын боюнча атайын макалалар жарыяланып жаткандыктан, Курмангалы аксакал да ал иштен четте калган жок.

Бир күнү мени академиянын тарых институтунан чакырып калышты. Ал жерге барганда өзүм күтпөгөн окуяга туш болдум. Мурда сыртынан гана билип жүргөн академик Курмангалы Каракеев күтүп отуруптур. Кол жазмалардан бирдеме кеткенби деп да түкшүмөлдөп жибердим. Жок. Бул жолу тарых эмес, адабиятка, болгондо да Алыкулга байланыштуу сөз болуп: ***– Байкашымча, азыр сен Алыкулга күйүп-бышып жүргөндөрдүн алдында келатат окшойсуң. Ошондон улам мобул китепти сага берейин дедим эле. Жакшылап сактап, барктап алып жүр,*** – деп көлөмү кенедей, бирок мааниси кемедей китепти мага Алыкулдун колтамгасын окуй сунганда мен кудум акындын өз колунан алып жаткандай сезимге туш болдум. Ошондо «Атаң өлсө да атаңды көргөн өлбөсүн» деген лакаптын туура экендигине тан бергеним эсимде.

Кийин ал китепти элүүдөй экспонатка кошо акындын Каптал-Арыктагы музейине тапшырдым. 75 жылдыгында Курмангалы аксакалдын ошол китеби жана өзүм күбөлүк көчүрмөсүн жаздыртып, төш белгисин алган А.Осмоновдун Кыргызстан Ленин комсомолу сыйлыгынын лауреаты документи күнү бүгүн музейдин башкы экспонаттары экендигинде талаш жок.

Ошентип, Алыкул аркылуу таанышкан академик менен кийин аз да болсо республиканын коомдук-саясий

турмушуна, көбүнчө 1916-жыл маселесине байланыштуу пикир алышып жүрдүк.

К.Каракеев Алыкулдун Бишкектеги үйүн оңдоп, музей-борборго айлантканда да төрдө отуруп, батасын бергени анын бир кездеги өзүнүн тандоосу туура чыкканына ыраазы болгону эле.

Бул макаланы жазууда мен эки нерсени көздөдүм. Биринчиси, Курмангалы Каракеевдин кыркылыгына карата эскерүү болсо, экинчиси Алыкул Осмоновду эскерүүнүн кезектеги вазипасы. Экөөнүн тең жаткан жерлери жайлуу, арбактары ыраазы болсун.

## «Я ВЕЧЕН. Я ТЫСЯЧИ РАЗ ВОЗВРАЩУСЬ»

**Вот этой зимой протекла крыша и обвалилась штукатурка, – в сердцах указывает нам на прорешины в потолке директор общественного объединения «Дом-Центр Алыкула» Памирбек Казыбаев. – Куда только ни обращался: и в МЧС, и в мэрию, на балансе которой числится здание, всюду отказали в ремонте.**

Музей классика кыргызской литературы Алыкула Осмонова в Бишкеке – небольшой домик, притаившийся на одной из улочек столицы. Здесь поэт работал над переводами, писал стихи, размышлял о жизни, своей непростой судьбе. После смерти Алыкула в 1950 году его родственники продали дом, и строение побывало в собственности у разных людей. Правда, на фасаде все эти годы висела мемориальная доска.

Почитатели творчества А. Осмонова приходили к его дому часто, в том числе и я, – рассказывает П. Казыбаев. – А потом я заметил, что исчезла мемориальная доска, хозяин снес ее в курятник. Стало обидно, что так относятся

к дому, в котором жил выдающийся поэт нашей страны. Я обратился к властям с просьбой выкупить и взять под опеку государства дом Алыкула. Мэрия Бишкека тогда приобрела у хозяев жилище и решила открыть здесь музей.

И так судьба распорядилась, что через пару лет присматривать за домом стал Памирбек Казыбаев. Государство не выделяет средства на поддержание музея. Казыбаев ищет спонсоров, с их помощью отремонтировали здание, создаются стенды. К сожалению, многое из личных вещей замечательного поэта и переводчика утеряно. Что-то из оставшегося: сервиз, сервант и радио – находится в музее в его родом селе Каптад-Арык. П. Казыбаев пытается в интерьере музея воссоздать обстановку второй половины двадцатого века. Здесь – печатная машинка, старинные шкафы, есть доска для тогуз-коргоола, ее привезли родственники одного из друзей А. Осмонова. Достаточно много архивных фотографий поэта, сделанных в разные годы его жизни, а также карточка любимой девушки, с которой ему так и не суждено было прожить, – Айдай Джигиталиевой, фотопортрет супруги Зейнеп Сооронбаевой. Все это: живописные портреты, стихи и переводы, изданные при жизни А. Осмонова, Памирбек Казыбаев кропотливо собирает все последние годы. Что-то приносят люди в музей сами. Например, родственники Айдай Джигиталиевой передали сумочку любимой поэта.

– Был случай, когда обратился ко мне аксакал, он музыкант, написал музыку на стихи А. Осмонова и издал на свои средства, – рассказывает глава ОО «Дом-центр Алыкула». – Одна женщина принесла в музей написанную ею пьесу о поэте.

Имя Алыкула не забыто, его по-прежнему любят, ценят удивительно легкие и яркие стихи. В музей приходят студенты, школьники, немало среди посетителей

и заграничных гостей. По словам П. Казыбаева, многие из иностранцев, побывавшие в музее, уже были знакомы с его творчеством. Не так давно его посетил посол Грузии. Замечательный перевод Осмонова на кыргызский «Витязя в тигровой шкуре» сделал его имя известным и на родине Шота Руставели. Дипломат обсуждал возможности перевода сборника произведений А. Осмонова на грузинский язык и организации выставки, посвященной поэме Шота Руставели «Витязь в тигровой шкуре». Но пока что из-за политических сложностей, происходящих в Грузии, задуманному не суждено

Кстати, об этом переводе: он оказался настолько удачным, что в кыргызских селах считали А. Осмонова автором «Витязя в тигровой шкуре». Есть люди, которые продолжают так думать. Как рассказал директор «Дома-Центра Алыкула», не так давно совершенно искренне один чиновник – молодой парень – в разговоре изумленно спросил Памирбека Казыбаева: «Правда, что Шота Руставели перевел на грузинский «Витязя в тигровой шкуре», написанного Алыкулом Осмоновым?». Или вот еще случай: на банкноте в 200 сомов запечатлены портрет поэта и его четверостишье об Иссык-Куле, но вот незадача – в строках была допущена ошибка. Два года ушло у П. Казыбаева на то, чтобы исправить недоразумение. За это Нацбанк помог издать ОО «Дом-Центр Алыкула» прекрасный буклет, посвященный творчеству поэта. Одна из улиц столицы, что пролегает в Рабочем городке, носит имя Алыкула, правда, по словам П. Казыбаева, на уличных табличках неправильно написана фамилия литератора. Сейчас мой собеседник пытается добиться того, чтобы исправить эту ошибку.

Как исследователь творчества Алыкула Осмонова, Памирбек Казыбаев ищет неизвестные факты из жизни

поэта. Мой собеседник рассказал интересное наблюдение: стихов Алыкула, написанных в последние годы жизни, нет. Но отмечено, что он, несмотря на болезнь, работал почти каждый день.

В свое время я обратил на это внимание народного писателя Тугельбая Сыдыкбекова, дружившего с Алыкулом, – рассказывает П. Казыбаев. – И он тоже удивился, что стихов, от носящихся к последнему времени жизни, нет. И еще интересный факт, согласно поднятым мной документам, после смерти А. Осмонова его архив изъяли у родственников 1951 году, а в Национальную академию наук бумаги передали спустя несколько лет. Где и как хранились до этого черновики? И возможно, что-то и было утеряно, считает мой собеседник.

Кстати, свои исследования творчества Алыкула П.Казыбаев выпустил в виде документально-художественного произведения.

А на подходе столетний юбилей со дня рождения поэта, состоится он через два года. Этим событием директор ОО «Дом-центр Алыкула» одновременно и вдохновлен, озабочен, ведь, по его мнению эта дата не должна пройти мимо общественной жизни страны.

Хотелось, чтобы в правительстве уже сейчас занялись подготовкой к этому юбилею, и этим достойно оценить вклад Алыкула в культур Кыргызстана, – делится своими мыслями мой собеседник. Нужно к этой дате переиздать стихи и созданные А. Осмоновым переводы, критические исследовательские труды по творчеству поэта. Неплохо бы увековечить и образ Алыкул памятником на берегах Иссык-Куля.

П. Казыбаев поделился своей идеей создания каменного изваяния в честь любимого поэта. Напротив друг друга стоят фигуры Алыкула и Шота Руставели, Пушкина

и Шекспира. Произведения эти выдающихся авторов и подарил благодаря своим переводам кыргызскому читателю А. Осмонов. Поэты олицетворяют духовную связь времен и народов. А между ними Пегас, на котором сидит верхом подросток с устремленным вдаль взглядом.

А еще П. Казыбаев мечтает, чтобы в честь юбилея на территории дома-музея возвели здание с аудио и видеозалами, тогда молодые поэты и поклонники творчества Алыкула смогли бы там собираться, проводить литературные вечера, организовывать конкурсы. И сегодня порой с такими предложениями обращаются сюда творческие люди, да в небольшом домике нет места для подобных мероприятий. Суждено ли сбыться такой смелой мечте, найдутся ли средства в казне на это, Памирбек Казыбаев и сам не знает.

– Если финансов не будет, то хоть бы поставить навес для проведения летом творческих встреч и мероприятий, – вздыхает директор ОО «Дом Центр Алыкула».

– Ну а что же с ремонтом потолка? – задаю я вопрос моему собеседнику.

– Пока за это никто не берется. А в мэрии обнадежили, что со следующего года возьмут музей на бюджет, возможно, тогда и сможем рассчитывать на ремонт, – разводит руками П. Казыбаев.

А еще есть надежда, что откликнутся спонсоры, те, кто не равнодушен к музею Алыкула, памяти об этом замечательном поэте.

*Дмитрий АЩЕУЛОВ.*
*«Слово Кыргызстана»*
*6/ШЧ.2013*

## АЛЫКУЛТААНУУ

***Адабий илимин түптөгөн жана Алыкул Осмоновдун Ала-Арча көрүстөнүндөгү жайбашына эстелигин тургуздурткан агайым Шаршенбек Үмөталиев жөнүндө кыска-нуска маалымат-кабар жазуунун оролу келип калды. Болгондо да дал өзү адабий айдыңга алып чыккан акындын кылымдык маарекесине (1915–2015) кыргыз кыбырай даярдана баштаганда. Агайдын Алыкул жөнүндөгү жазган макаласында скульптор В.Пузыревский менен кандайча иштешкени, анын балбан колдору гипсти камырдай жууруу жана башка курулуш каражаттары менен акындын эстелигин кантип жасаганы кызык баяндалган.***

1952-жылдын кышында Москвага, Горький атындагы адабият институтуна барган күнү эле СССРдин борборундагы китеп дүкөндөрүнүн биринен Алыкулга «жолукканы» – «Мой дом» аттуу китеби орус окурмандарынын арасында бааланарын баамдаганы жаш аспиранттын адабий-илимий изилдөөчүлүгүнө да дароо эле таасир эткендей.

Кыскасы, 1954-жылы акындын эң алгачкы чыгармалар жыйнагын түзүп, баш сөзүн жазуу менен басмадан чыгартат. Калем акы эсебинен 14 миң сомду акындын аталаш эжесин көндүртүп, алиги эстелик үчүн котортот. Ошондо да куржун көзү бөксөрбөгөн акчаны атасынын карындашы Каптал-Арыкка алып кеткени жана армиядагы уулу Болотбекке да акча салышканын окуган соң, Алыкул дайыма өзүн-өзү камсыздаган турбайбы деген ой кетет экен...

Көзү барында үй алса, «Победа» минсе... Ушундан улам кийин туугандары өкмөткө, өкмөт туугандарына төңкөй

салуудан улам чыгармалары жарыкка чыкпай жатабы деген да жоромол бар.

Автор каза болгондон элүү жыл өткөн соң гонорар төлөнбөстүгүн жана көпчүлүк иштер азыр демөөрчүлүк, соопчулук негизде гана бүтүп жатканын эске алуу менен «Алыкул-100» маарекесине коомчулуктун, колунда тыйыны, эң башкысы көкүрөгүндө рух оту бар азаматтардын колдоосу башкы күч болмокчу.

Бишкектеги Алыкул үйү борборуна Ш.Үмөталиев жана В.Пузыревский боюнча экспозиция түзүү менен Алыкултаануу илимине арналган атайын иштин топтомун улантууну көздөп жүргөм. Агайдын сүрөттөрү болгону менен скульптордукун табуу кыйынга турду.

Акыры Ольга Мануйлованын музей жамаатынын жардамы менен издегеним табылды. Болгондо да Алыкулдун дагы бир эстелигин жасаган О.Мануйлова экөөнүн түшкөн фотосу. Аркайган мүйүзү жалпы тулкусуна жана эң башкысы Ала-Тоого жарашкан зор аркарды бирге жасашкан таланттуу эки скульптордун элеси 1951-жылы Каракол шаарында тартылыптыр. Ошол кезде Н.Пржевальскийдин музейин толуктоо, көрктөндүрүү иштери жүргүзүлгөн экен.

Ушул табылгага сүйүнүп жүргөндө Шаршенбек Үмөталиевге тийиштүү китептерди, илимге кандидаттык жана эмгек сиңирген ишмер күбөлүктөрдү, фотолорду аталаш иниси Калык Үмөталиев алып келип калбаспы...

Ушинтип, өзүнчө бир жышаан «Алыкул – 100» маарекесине карата даярдыктын башталышына дал келип жатканы да жөн эместир...

Залкар акындын кылымдык маарекесине жалпы кыргыз журту расмий токтомду күтүп отурбай эле, эмитен коомдук башталышта утурлай даярдык көрүп жаткандыгы кубантат...

Мисалы, чыгармачыл инсандар, улуу муун өкүлдөрү – композитор Болот Мамбеталиев, жазуучу Токтош Абдиева

акынга арналган басылмаларын пенсия каражаттарынан чыгартып коюшканын башкаларга өрнөк катары жар салмакчымын.

Улуулардын уңгусун улаган Шаршенбай Ажыбеков болсо Алыкулдун мурасы негизинде «Ак Бейит» аттуу тарыхый-көркөм чыгарма жазып, өз эсебинен басып чыгартканы, Каптал-Арыктагы-мектепке «Алыкултаануу» кабинетин ачкандыгы атуулдук ариеттин жана Алыкулга таазим этүүнүн, демек улутубуздун угутуна кошкон өзүнчө бир руханий салым эмеспи.

***P.S:*** *Ш. Ажыбеков акындын обондуу 136 ырын нотасы менен чыгарганы, ыр жыйнагын толуктаганы жана А.Осмоновдун маданият тармагына таасири жөнүндө диссертация жазганы көп мээнет менен чоң каражатты талап кылганы шексиз.*

## ЭЛДИ КЭЭДЕ БААТЫРЫ САКТАСА, КЭЭДЕ АКЫНЫ САКТАЙТ

**Аскен Осмоналиев:**

**«Алыкул менин эжем Айдай Жигиталиевага арнап улуу чыгармаларды жаратса, биз анын ырларын сүйүп чоңойдук»**

**Аскен Осмоналиев несиби боюнча инженер-энергетик. Бишкек шаарында жашайт. Аскен агабыз жөн гана акындын тагдырындагы таанымал айымдын бир тууган иниси эле болуп калбай Алыкулдун чыныгы күйөрманы катары да биртоп иштерди жасап келет.**

***– Аскен агай, Айдай эжекеңиз тууралуу эскере кетсеңиз?***

– Айдай эжекем Жигиталиева болуп чоң атабызга катталса, мен Осмоналиев болуп өз атабызга катталган экем.

Биз эжебиз каза болгондон кийин төрөлдүк. Айдай эжебиз бир туугандарыбыздын эң улуусу болгон. Ал киши 1939-жылы 19 жашында төрөттөн кийин каза болуптур. Мен 1942-жылы төрөлдүм. Эжебиз тууралуу апабыз аябай көп айтар эле. Ал 1938-жылы педагогикалык орто окуу жайын жакшы окуп бүтүргөн. Үчүнчү курстан окуп атып кайра биринчи курстун студенттерине сабак берип жүрчү дейт. Орусча, кыргызчаны таза сүйлөгөн ошол кездин билимдүү кызы болгон экен. Ооруканага жатып калганда апам барса орус врачтар кыргыздан эки тилди бирдей акценти жок сүйлөгөн кызды биринчи көрүшүбүз деп айтыптыр. Коомдук иштерге да жигердүү катышып, педтехникумдагы комсомолдун борбордук комитетинин бюросунун активдүү мүчөсү болуп жүргөн экен. Үйдө Москванын Кызыл аянтында бийлеп түшкөн сүрөтү илинип турар эле. Апам «өмүрү кыска болбосо, Айдай да кыргыз элинин мыкты кыздарынын бири болуп калмак» деп эскерчү.

***– Эжеңиз төрөттөн каза болсо, баласы тирүү калганбы?***

– Буйрук эмес экен, жээнибиз да эжебиз каза болуп калгандан кийин бир жашка чыкпай өтүп кетиптир. Жездебиз полковник эле. Бала анын ата-энесинин колунда калган экен. Жездебиз башкага үйлөнсө да кийин келип жүрдү. Үйдө Айдай эжекебиздин сүрөттөрү, ар кандай кол жазмалары, окуган китептери көп болчу. Кийин апабыз өтүп кеткенден кийин аларды музейге тапшырдык.

***– Апаңыз Айдай эжеңиздин Алыкул менен болгон мамилеси тууралуу айтчу беле?***

– Бир-эки жолу айтып калган. Негизи апабыз биз кичинекей кезден тарта Айдай эжекең мындай эле, андай эле деп анын жакшы жактарын көп айтып, бизге идеал катары көрсөтүп тарбиялаган. Айдай эжекебиз менен бирге окуган

Кондучалова министр болду Апам Алыкул менен болгон мамилеси тууралуу «мен бир жолу кызыма жолугайын деп анын окуган жерине барсам Айдай бир арыкчырай, узун бойлуу бала менен сүйлөшүп туруптур. Мени көрүп ал жигит акырын ары басып кетти. Көрсө, ошол Алыкул экен. Кызым экөөбүз келатсак ал жигит кээде көрүнө калып артыбыздан ээрчип жүрдү. Анан мен Айдайдан ал жигит ким деп сурасам, ал атактуу акын Алыкул Осмонов экенин, азыр аны менен сүйлөшүп жүргөнүн айтты. Ал кезде жалгыз караган тутканыбыз Айдай эле. Мен кызым, эгер турмушка чыга турган болсоң мени менен кеңеш дегем» деп айтып калар эле. Ал эми биздин үйдүн жанында жашаган атамдын инисинин келинчеги Алыкулдун Айдай эжебизди Күн-Туу айылына жеткирип келгенин үч-төрт жолу көргөн экен.

***– Алыкулдун чыгармачылыгы менен сиз, сиздердин үй-бүлө тааныш беле?***

– Алыкул менин эжем Айдай Жигиталиевага арнап улуу чыгармаларды жаратса, биз анын ырларын сүйүп окуп чоңойдук. 50–60-жылдарда, согуштан кийинки оор мезгилде кары-жаш дебей бүт кыргыз эли Алыкулдун ыры менен жашап келбедикпи. Ошондо «Жолборс терисин жамынган баатыр» китебин кемпир-чалдар чырагдандын алдында отургузуп он сыйрадан окутту го, чиркин! Ошондогу биз, жаш муун талкан менен чай ичип, кээде ачка калганыбызга карабай Алыкулдун ырларынын таасири менен ууру-кескиликке барбай, ыймандуулукту пир тутуп өстүк. «Элин кээде баатыры сактайт, кээде акыны сактайт» деген макал туура экен. Улуу акыныбыз Алыкулдун зор эмгегине ушул убакка чейин толук баа beралбай келе жатабыз.

# АЛЫКУЛ ТААНУУ УЛАНТЫЛА БЕРМЕКЧИ

**«Акын жолу ардактуу жол, урматтуу, Жаман акын эл алдында уяттуу» – деп өзүнүн чыгармачылыгына зор абийирдүүлүк, жоопкерчилик менен караган улуу акын Алыкул Осмоновдун туулган күнүнүн 100 жылдыгын белгилөө улантылып жатат. Мындай маданий иш-чарадан биздин мектептин окуучулары четте калышкан жок. Тактап айтканда, 30-октябрь күнү 9-а класстын окуучулары агайыбыз Турдукожоев Сабырдын жана класс жетекчибиз Зульфия Чымырбаеванын жетектөөсү менен улуу акындын Бишкектеги үй-музейине экскурсияга барып келишти.**

Алгач эле бизди музейдин директору, адабиятчы агайыбыз, жазуучу жана Алыкултаануучу, изилдөөчү, Памирбек Казыбаев жылуу маанай менен тосуп алды. «Эшигин көрүп, төрүнө өт», – демекчи музейдин тегереги таптаза, иреттүү, жагымдуу көрүнүштү тартуулаганын айта кетели. Анын үстүнө Памирбек агай акындын өмүрүнө, чыгармачылык жолуна назар салып, үй музейин куруу, экспонаттарын жыйнап, хронологиялык жактан илимий тактоолорду жүргүзүү жумуштарын жеке өзү аткарып келгендигине бери жагы кырк жылга жакын убакыт болуптур. Биз атайын белгилеп кете турган бир иш – изилдөөчүнүн эч бир маяна албастан, коомдук башталышта гана иштеп, демилгесин улантып келе жаткандыгы бөтөнчө, артыкча адамгерчиликтин, атуулдук парздын үлгүсү экендигинде.

Музейдин ичи 4 бөлмөгө бөлүнгөн. Анда акын жөнүндө эскерүүлөр, илимий маалыматтар, фотоальбомдор, сүрөт галереялары, бюсттар, тарыхый хронологиялар, акындын чыгармаларынын көчүрмөлөрү, китептер жана башка

маанилүү, даректүү баяндар жана экспонаттар жайгаштырылган. Ар бир бөлмөдөгү экспонаттарга Памирбек агай кенен-чонон түшүндүрмө берип жалпыбыздын кызыгуубузду жаратканына ыраазы болдук. Аңгыча ЭЛТР телевидениесинин кабарчылары келишип, биз менен маек курушуп, пикир алмаштык. Айдана, Адина, Айсанат курдаштарым акындын ырларынан үзүндү айтып, музейдин жетекчисинин алкоосуна татыгандыгына жалпыбыз ыраазы болдук.

«Бүт дартыңды өз мойнума алайын,

Сен ооруба мен ооруюн Ата Журт»... – деген акындын бийик пафостогу, патриоттук сезимдеги ыры окулганда Алыкул да бизге ыраазы болгондой музей ичи жанданып турду. Ырас, музейдин ичиндеги бай материал өзүнчө бир изилдөөнүн долбооруна ылайык келчүдөй деңгээлде экен.

Музейдин сыртында темир фанера боз үй жайгашкан. Боз үйдүн ичи толо маанилүү экспонаттар экенин көрдүк, сыягы 4 бөлмөлүү үй тардык кылганбы деген ойдо калдык.

Музейге келүүчүлөр арбын эле окшоду. «Силер, балдарым, 100 жылдыгы белгиленгенден кийин келген биринчи мейман болдуңар», – деди музей уюштуруучусу. Биздин Сабыр агайыбыз музейге кур кол барбайлык деп мурда эле бизди кулакдар кылган. Ошентип агайыбыз өзүнүн жаңы китебин, акынга арналган ырлар топтомун музейге белекке калтырды. Памир агай болсо агайыбызга А.Осмоновдун Түркиядан чыккан китебин белекке берди? Музейде болуу менен биз кыргыз адабиятынын эң мыкты өкүлү, новатор-акын, котормочу А.Осмоновдун өмүр жолу, чыгармачылыгы менен таанышып кайттык. Сүрөткө тартуулар мезгил элестери болоору бышык. Андыктан акындын музейинен тартылган сүрөттөрдүн жыйындысынан фотоальбом, буклет түзүүнү пландап койдук. Алдыда дагы башка

мерчемдүү иштерди аткаруу жагын максат кылып турабыз. Бул биздин улуу акынга карата сый-урматыбыз болмокчу. Мектепте 12-декабрь жана 4-декабрь күнүнө карата «Манас, Алыкул жана Чыңгыз» деген темада адабий музыкалуу кеченин болушуна кыял жүгүртүп жаткан чагыбыз. Анткени Алыкул түздөн-түз «Манас» эпосу, Сагымбай тууралуу эң калыс ой-пикирин билдирген саналуу гана акындардын биринен. Ал эми 4-декабрь – «Манас» күнү болсо, 12-декабрь – улуу акындын кайтыш болгон күнү, ошол эле күн Ч.Айтматовдун туулган күнү жана адабият күнү экенин эстей жүрөлү.

*К.Сыйданов атындагы*
*орто мектептин окуучулары*
*Янтарь жана Айдана*

*Адабий бурч*

## КАЗЫБАЕВ ПАМИРБЕК АГАЙГА

Памир агай, Алыкулду тирилтип,
Зам-зам сууга өлбөс кылып киринтип.
Келатасыз эмгек кылып кырк жылы,
Артка таштап, халтураны түңүлтүп.

Улуу акынды сүйгөн бүткүл кыргыздын.
Өмүрүнө өмүр улап сүйүнтүп.
Сүйүнттүңүз, үй-музейин улаңыз.
Көптү каалап, зор үмүттө турабыз.

Акын жазган Ак боз атты теминип,
Ата-Журттун чегине бекем чыгыңыз
Аздектеген алп акынды сизге биз,
Ардак кылып ыр-букетин сунабыз.

Памир агай, Пегас атты миниңиз,
Аалам кезип Алыкул деп жүрүңүз.
Кыргыз элдин санжырасын, тарыхын
Жаза берип, бийик чыксын үнүңүз.

Колдоп сизди Айкөл Манас арбагы,
Болсун дайым Алмамбеттей сүрүңүз – деп окуучулардын атынан

*Түрдукожоев Сексенбай агай.*
*КРнын Журналисттер Союзунун мүчөсү*

# АЛТЫМЫШ ЖЫЛДАН КИЙИНКИ КӨЗ КАРАШ

Кыдырбаева Раиса Заитовна (1930) ф.и.д. ИА корр. мүчөсү, КР илиминин эмгек сиңирген ишмери, мамлекеттик сыйлыктын лауреаты 58 жыл бир орунда, так айтканда 1957-жылдан бери кыргыз илимдер академиясында эмгектенүүдө.

Ага чейин Москвадагы Дүйнөлүк адабият институтунда 4 жыл окуп, ошол жактан «Лирика Алыкула Осмонова» деген темадагы кандидаттык диссертациясын жаза баштайт. Бул теманы алууну алгачкы Алыкултаануучу Шаршенбек Үмөталиев агай сунуштаган экен. Илимий ишине Дүйнөлүк адабият институтунун улуу илимий кызматкери М.И. Богданова жетекчилик кылган.

Редактору К. Асаналиев болгон ушул монографиясы негизинде 1957-жылы филология илимдеринин кандидаты деген илимий даражаны ийгиликтүү коргойт.

Ошол жылдары «Манас» эпосун изилдөөгө, кошмо варианттарын чыгарууга көңүл бурулгандыктан Р.Кыдырбаева да ал ишке тартылган. Мектепти орусча бүтүрүп, Москвада да ошол эле тилде окуган жана мурда фольклор менен иштеп көрбөгөндүктөн «Манас» секторундагы алгачкы жылдарында аябай кыйналууга, түйшөлүп иштөөгө туура келет. Эпикалык зор чыгарманы окуп чыгуудан тышкары анын жалпы мазмунуна же айрым окуяларына илимий-изилдөөчүлүк мамиле жасоодо эң алгач ар кандай сөздүктөр менен да тынбай эмгектенген.

Ошентип, катардагы илимий кызматкерден сектор-бөлүм башчылыкка жана «Манас» эпосун изилдөө тобунун жетекчисине чейин көтөрүлүп, манастаанууга маанилүү салымдарды кошот.

Жамааттык эмгектерден тышкары, «Манас» эпосундагы традициялык жана индивидуалдык маселелерине карата», «Манасчынын айтуучулук чеберчилиги», «Манас эпосунун варианттары», «Манас эпосунун генезиси» деген ж.б. монография, изилдөөлөрдүн автору. Ушул темалардын негизинде докторлук ишин жактаган.

Эки томдук «Манас» энциклопедиясын чыгаруудагы мээнети Илим жана техника жаатындагы мамлекеттик сыйлык менен 1998-жылы белгиленген.

Манастаануу жана адабият тармагындагы жаш илимпоздордун диссертацияларына жетекчилик кылуу менен 25тен ашык кандидатты, докторду даярдаган илимий устат. Шакирттеринин арасында Алтай, Тува фольклорун изилдөөчүлөр да арбын.

«Алыкул-100» маарекесинен кийин акын жөнүндөгү илимий эмгекти алгачкы болуп орус тилинде «Лирика Алыкула Осмонова» деген темада 1952-55-жылдарда жазган Раиса Кыдырбаевага жолугушуу ниетинде элем. Дагы бир жүйөө – аталган эмгегинде А. Осмоновдун 1916-жыл – Үркүн тууралу жазган «Кеңеш Кыргызы» чыгармасын талкуулоосу жана акындын орус тилине которулушунун анча эместиги жөнүндөгү пикирлери менен бирге «Манас» эпосун иликтөөнүн соңку жылдардагы абалы боюнча да баарлашуу эле.

Ушулар жөнүндө маекке даярданып жана Алыкул таануунун орус тилиндеги чыйырын баштоочу катары сыйсыпат көрсөтүүнү көздөй эженин үйүнө баргандан кийин дагы бир сонун жагдайга туш болдук...

Көрсө, окумуштуу айымдын 85ке толо турган күнү – быйылкы күздүн соңку күнү экен.

Ошентип, «Алыкул-100» майрамы менен Раиса Зайитовна Кыдырбаеванын маарекеси бири-бирин толуктай, кыргыз фольклору, адабияты, «Манас» эпосу баш болгон дастандар жана Алыкул аркылуу өткөн кеткендер ортого салынып, жаңы булактардын көздөрү ачылып жатты.

**Алардын эң башкылары:**

1. А. Осмоновдун академиялык басылмаларын жаңы толуктоолор, илимий түшүндүрмөлөр менен басып чыгаруу.

Орус тилине которулгандарын кайрадан редакциялоо, текстологиялык иликтөө, которуу жана орусча котормолорунун тандалма жыйнагын чыгаруу.

3. Алыкултаануунун илимий жактарына да көңүл буруу менен совет учурундагы ар кандай конъюктуралык чен-өлчөмдөн чыкпай калган көз караштагы эмгектер негизинде жаңы адабий-илимий иликтөөлөрдү жүргүзүү.

Эженин Алыкултаануугa, Манастаануугa кошкон илимий зор мээнеттерин кичине болсо да эске алып коёлу деген ниетибизде «Манас-1000» фотоальбомун, «Алыкул-100» Ардак грамотасын ж.б. белектерибизди тартуулаганда Р.З. Кыдырбаева өтө толкундана ыраазычылыгын айтканда, жүзү албырып, үнү каргылданып кетти. Дээрлик 60 жыл мурда Алыкулдун ыр дүйнөсүнө аралашкан жаштык чагын, жигерин эстеген ак чач айымдын акын талантына дагы деле таазим этерине ынанган бизди да чексиз кубанычтын толкундары каптап турду. Эң башкысы – Алыкултаанууну дагы алга жылдыруу керектигине басым койгону.

Эже менен эки сааттан ашык адабият, маданият жаатында сүйлөшүүдө жубайы, айтылуу адабият сынчысы Кеңешбек Асаналиев жана аталары бир тууган эжеси Курман Кыдырбаева жана «Манас-1000» маарекеси боюнча да эскерүүлөр айтылды.

Курман Кыдырбаева XX кылымдын 30-40-жылдары манасчылар Молдобасан, Шапак, Саякбай варианттарын жаздырууда стенограф жана машинкага бастыруу боюнча Ыбырайым Абдырахмановго жардамдашкан. Ал колжазмалар УИА фондунда. Ушулары жөнүндө «Манас-1000» де унутулуп калып, кийин «Тойдо унутулган кыз» деген кечирим суроо маанайындагы макала жаздым эле, «2К» гезитине.

КР маданиятына эмгеги сиңген ишмер «Ала-Тоо» журналында жооптуу катчы, «Кыргызстан Аялдары» жана башка гезит, журналдарда редактор болуп иштеген.

Ата Мекендик согуш маалындагы кыргыз акын, жазуучуларынын фронттон өзүнө жазылган каттарын жарым кылым сары майдай сактап жүргөндүктөн, алар 1995-жылы жазуучу эжебиз Токтош Абдиева тарабынан чукул арада өзүнчө жыйнак болуп жарыяланган.

Алыкулдун замандашы катары жеке китепканасындагы акындын үч томдугун жана бир канча фото-колтамга коюп берген болчу.

Бар бол, Алыкул!

Бар болгула, Алыкул күйөрмандары!

**P.S.** *А.Осмоновдун 1933-жылы жазган Үркүнгө байланыштуу «Кеңеш кыргызы» поэмасына Р.Кадырбаева 1957-жылы чыккан «Лирика Алыкул Осмонова» аттуу илимий эмгегинде атайын талдоо макаласын арнаган.*

*2015. XI.*

## АЛЫКУЛ ОСМОНОВДУН УНУТУЛГАН ОКУУ КИТЕБИ

Кыргыз элинин рухий жан-дүйнөсүнүн соңку эволюциясындагы даңазалуу Токтогул Сатылгановдун, Алыкул Осмоновдун, Чыңгыз Айтматовдун тагдыр-жазмышына, инсандык нарк-насилине, адамдык турпат-парасатына, чыгармачылык көркөм дөөлөттөрүнө, андагы улуттук жана адамзаттык баалуулуктарга арналган энциклопедия тариздүү эмгектердин байма-бай жарык көрүшү, албетте, жалпы эле өлкөбүздүн маданиятындагы өзгөчө окуялардын бири болуп калгандыгы талашсыз.

Асыресе, бул энциклопедиялардын мазмун-маңызынын молдугу менен арбындыгы, факты материалдарынын

жыштыгы менен калыңдыгы, маалымат – кабарлардын тактыгы менен айкындыгы жана тартиби менен ыраат-туулугу окурмандар үчүн абдан олжолуу да, ооматтуу да экендиги шексиз.

Алсак, Алыкул Осмоновго арналган энциклопедияда (Алыкул Осмонов энциклопедиясы. КРУИА Академик А.Акматалиевдин жалпы редакторлугу. Б.; Бийиктик плюс, 2015. – 640 б.) замандаштары жана маданият ишмерлеринин ал жөнүндө айткандары, акындын өмүр жолундагы жана чыгармачылыгындагы негизги даталар, драмалары, ролун аткарган артисттер, кинотасмалар, акындын портретин тарткан сүрөтчүлөр, залкардын атындагы сыйлыктын лауреаттары, ырларын орус тилине которгон котормочулар, жарык көргөн чыгармалары, адабий-сын макалалары, кыргыз тилине которгон чыгармалары нотага түшүрүлгөн ырларынан баштап, арип таргибинде залкарга тиешелүү бардык асылдуулуктар менен баалуулуктар катар-ирээттүү жана насыйкат-нускалуу жайгаштырылгандыгын баамдоого болот.

Энциклопедияга «Баары өзгөрөт, баары өчөт дейт турмушта, Мен өзгөрбөй, өчпөй койсом не болот!..» деген аталышта окумуштуулар А.Акматалиев менен Ч.Бөкөшевдин филологиялык жана философиялык алкакта синтезделүү аркылуу «саймаланган» баш макаласы да берилген.

Бирок, бул энциклопедияны барактап олтуруп, айрым көз жаздымда калган маалыматтар да жок эмес экендиги баамга урунду. Ошолордун бири – Алыкул Осмонов түзгөн окуу китеби. Менимче, кийинки басылыштарында аталган сындуу кем-карчтар толуктоого учурайт деген терең ишеничтемин.

Алыкул Осмонов жана Масыралы Кырбашев 1939-жылы VI сыныптарга (класс) арналган биринчи окуу китебин түзүшкөн Осмонов А., Кырбашев М. XIX кылымдын адабият

хрестоматиясы: Толук эмес орто мектептер үчүн, 1 бөлүк. – Фрунзе, Казань: Кыргызмамбас, 1939. – 235 б.). Аталган окуу китеби хрестоматия тибинде түзүлгөндүктөн, анда окуучулардын окуусу, же өз алдынча билим алуусуна байланыштуу XIX кылымдагы орус адабиятынын материалдары системалуу, окуу программасынын талабына ылайык тандалып берилгсн. Айтмакчы, ушул жерден белгилей кетишибиз керек, аталган мезгилдеги улуттук адабияттын өкүлдөрүнөн бир гана портреттик бөлүм жана фольклордук чыгарманын үзүндүсү киргизилген. Хрестоматия «XIX кылымдагы орус адабиятынын классикалык жазуучуларынын мааниси» деген макала менен ачылат, мында орус адабиятынын тарыхында топтолгон баалуу көркөм эстетикалык дөөлөттөрдү ыргытып таштабастан, тескерисинче, алардагы саймалуу, азем ойлорду, маданий мыкты үлгүлөрдү жана рухий көркөм өнөрдүн бир кылымдык өнүгүшүндөгү нарктуу дөөлөттөрдүн баарын окуу, үйрөнүү, сактоо, ошондой эле сын көз менен карап пайдалануунун тарыхый зарылчылыгы бир кыйла дурус таржымалданган. Бирок, аталган материалдарды түзүүчүлөр 1937-жылы V класстар үчүн арнап түзгөн окуу куралынан көчүрүп келип киргизишкен, дааналап айтканда, V сыныптын китебинде 101–104-беттерде берилсе, кептин предмети болуп жаткан VI класстын хрестоматиясынын 3–6-беттеринде жайгаштырылыптыр. Окуу китептеринде кездешкен бул кайталоо, тавтология, албетте, түзүүчүлөрдүн эки класстын окуучуларынын курактык өзгөчөлүгүн, филологиялык даярдыгын, мазасын толук эске түйүшпөгөндүгүн, же төмөндөн өргө, жөнөкөйдөн кыйынга өңдүү жөпжөнөкөй дидактикалык принциптерди жетекчиликке алышпагандыгын айтып турат. Анын үстүнө, деги эле окуулуктарда ошол сыныптын окуу-тарбия ишине түздөн-түз тиешелүү делинбеген, экинчи пландагы тексттердин болбошу жөндүү эмеспи.

Хрестоматияда беш орус, бир украин акын-жазуучуларынын өмүр баяны берилген. б.а., А. С. Пушкиндин, М.Ю. Лермонтовдун, Н. В. Гоголлун, И. С. Тургеневдин, Т.Шевченконун, Н.А.Некрасовдун таржымалындагы негизги факт-материалдар, социалдык теги, таалим-тарбия көргөн, турмуш-тиричилик өткөргөн уклады, чөйрөсү, билим алуулары, чыгармачылык иштеринин башталышы, адабий-коомдук позициялары, турмуштагы орду жана ролу, көрүнүктүү көркөм дөөлөттөрүнүн тематикалык-идеялык мазмуну, сюжеттик-композициялык уюштурулушу, жалпы эле көркөм-эстетикалык сапаттары жаатында аталган класстын рухий талабына ылайыктуу, таалим-тарбия берүү насыйкаты жетик кыска түшүндүрмөлөр, аныктамалар, талдоолор, мүнөздөмөлөр, жалпылоолор жазылып, акыйкатта, негизги текст формасында берилген. Айрым монографиялык такталмалар бир беткей жазылып калган өңдүү, мисалга, хрестоматияда А.С. Пушкиндин поэтикалык чыгармалары жөнүндө гана маалымат берилип, прозалары туурасында «ооз ачышпаган», ал эми конкреттүү чыгармаларын берүүгө келгенде «Капитан кызы» повестин толугу менен сунуш кылышкан. Предметке дал ушундай карама-каршы мамиле кылуу, б.а., өмүр баянда таржымал менен көркөм материалдардын шайкеш келбөөсү М.Ю. Лермонтовдун таржымалын жазууда жана «Биздин замандын баатыры» повестинен үзүндү киргизүүдө байкалат, асыресе, булар барып-келип эле кээ бир өмүр баяндык тексттер жеткире иштелбей, ыраатсыз жазылып калгандыгынан кабар берип турат. Аталган материалдардан кийин өйдөкү өнөр инсандардын конкреттүү чыгармалары сунуш этилген. Алардын тематикалык, идеялык, эмоциялуу боёгу, ритмикалык-интонациялык уюштурулушу, көркөм-эстетикалык, жанрдык-стилдик табияты ар башка. алсак «Сибирге кат», «Туткун» (А.С. Пушкин), «Жел кеме», «Сур булут», «Кош бол,

кайран Россия» (М.Ю. Лермонтов), «Керээз»(Т. Шевченко), «Темир жол» (Н.А. Некрасов) өңдүү поэтикалык чыгармалары, «Капитан кызы», «Бэла», «Муму» прозалары жана «Текшерүүчү» драмасы орун алган. Арийне, жогорку көркөм-өнөр туундуларынын окуучулардын дүйнөгө, турмушка болгон көз карашына, атуулдук жигердүү позициясына, адеп-ахлактык, ыймандык ишенимине, жүрүм-турум нормаларына, жашоодогу умтулууларына, кызыкчылыктарына, адамдардын эмгегине, көркөм-эстетикалык маданиятына, оозеки жана жазуу кебин түз-кыйыр түрдө таасир бергендигин сомосунан болжолдоого болот.

*Окуу китебинде улуттук адабияттан бир гана өнөр инсандын өмүр таржымалы жана революцияга чейинки үлгү ырларынан он төрт куплет сунуш этилген, ал – Токтогул Сатылганов. Бул – акындын өмүр жолу, чыгармачылыгына байланыштуу кыргыз адабият окуу китептерине биринчи жолу берилген материал. Текстте тактоону талап кылган, кошумча фактыларга муктаж саптар жок эмес, бирок ошол мезгилдин мелжеми менен караганда, али акынга байланыштуу толгон-токой маалыматтар айкындала, тактала элек чакта, иликтене элек маалда, өйдө-ылдыйына карабастан, Толубай сынчыча өз чындыгын далилдеп, саамалык монографиялык-портреттик беттердин Алыкул тарабынан жазылып (Масыралы авторлош), хрестоматияга киргизилишинин асыл-наркына баа жок, өзүнчө таберик, айрыкча,адабиятта,тарыхта талаш-тартыш болуп келе жаткан акындын Анжиян көтөрүлүшүнө мамилеси, сүргүндөгү мөөнөтүнө байланыштуу таржымалдар такпы же калпыспы, айтор, изилдөөчүлөр тарабынан колдонмо бере турган такылет экендигине кылча кеп жок.*

*Ушуну менен катар улуттук окуу китептеринде биринчи жолу «Манас» эпосунан үзүндү берилгендигин белгилей кетүүгө туура келет, б.а., анда «Көкөтөйдүн ашы» бөлүмүнөн*

*Бокмурундун аш берүү үчүн жалпы элди көчүрүп Каркырага барышы, ашты өткөрүү жана күлүктөрдү чабуу сыяктуу эпизоддору жайгаштырылган.*

Окуу китеби хрестоматия тибинде болгондуктан , негизги текст катарында өмүр баяндык материалдар жана ар кандай темадагы, жанрдагы, стилдеги поэтикалык чыгармалар киргизилген, түшүндүрмө тексттер өтө сейрек практикаланган, мисалга, окуулуктан Н.А.Некрасовдун «Темир жол» деген ыры гана боюнча андай материалдар жазылган, калган көркөм туундуларга бул багытта изденүүлөр болгон эмес. Ал эми жүйө боюнча тигил, же бул көркөм чыгарманын жашырын сырын, өзгөчө көркөм сулуулугун астыртан ачып берүүгө ык койгон кошумча тексттер жана окуучулардын адабий билим алуусун уюштуруучу суроолор, тапшырмалар, көнүгүүлөр өңдүү тексттен тышкаркы дидактикалык каражаттар таптакыр түзүлбөгөн, албетте, бул факт кезегинде окуучулардын билиминин тайыздыгына, бошоңдугуна шарт түзгөн болуу керек деген боолгоого түртөт. Кыскасы, хрестоматия жогортодо тастыктагандай, өзүнүн мазмунунун, формасынын оош-кыйыш жактарына карабастан, билим берүүнүн, тарбиялоонун зарыл озуйпаларын чечүүгө дурус үлүшүн кошо алган деген ой бүтүмүнө келүүгө татыктуу.

Ошентип, менимче, энциклопедияда унутулган окуу китебине байланыштуу материалдар анын кийинки басылышында татыктуу ордун ээлейт деген изги үмүттөбүз.

*Назаркул Ишекеев,*
*Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу*
*Мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссиянын*
*төрагасы, профессор*
*Де-Факпо, февраль, 2020.*

# ДОСТУК КӨПҮРӨСҮ

Бишкектеги «Imak Ofset» басмаканасында түрк боорубуз, жалпы окурманга али кеңири белгилүү боло элек публицист, акын, жазуучу, манасчы жана котормочу, кесиби боюнча география мугалими Ибрахим Түркхандын кыргыз тилиндеги «Алыкулдун изи менен» аттуу ырлар жыйнагы жарык көрдү. Автор 1992-жылдан бери Кыргызстанда окуп, эмгектенип, Каракол университетинин география факультетин бүтүргөн. Учурда ал аталган окуу жайдан кыргыз тили жана адабияты адистигин алуунун алдында турат.

Алгач Ибрахим ырларын түркчө жазган болсо, акыркы 20 жыл ичинде кыргыз тилин мыкты өздөштүрүп, далай ырларын кыргызча жазып, мындан тышкары 80ден ашуун кыргыз акындарынын, жазуучуларынын чыгармаларын түрк тилине которуп, өзү жаш болсо да, кыргыз адабиятын түрк туугандардын арасында жайылтууга ат көтөргүс салым кошту десек, жаңылыштык болбос. Атап айтсак, көп жылдардан бери доорубуздун залкар жазуучусу Чыңгыз Айтматов баш болгон кыргыз жазуучуларынын аңгеме, повесть, романдарын, ошондой эле Токтогул Сатылгановдон тартып азыркы жаш акындардын ырларын 70 миллиондуу түрк адабият ышкыбоздоруна алардын өз эне тилинде тартуулап келүүдө. «Манас» эпосунун Сагымбай Орозбаков айткан вариантын да түрк боордошторубузга тааныштырууда котормочунун салымы чоң.

Ибрахимдин жогоруда аталган ыр жыйнагын окуп чыккан соң, акынга «эмне үчүн китебиңизди «Алыкулдун изи менен» деп атап койдуңуз?» деп суроо салганыбызда, ал канаттануу менен кыскача гана минтип жооп берди:

– Кыргыз поэзиясын устаз Алыкулсуз элестетип көргүлөчү...

Кыргыз-түрк акынын чыгармаларын ыклас коюп, талдап окуп отуруп, чын-чынына келгенде жетимиш өнөрлүү Ибрахимди анын керемет Ала-Тоо жергесине, көгүлтүр Ысык-Көлгө болгон сүйүүсү залкар Алыкулга биротоло байлап салгандай...

Төмөндө биз кыргыз поэзиясы асманында өзгөчө шоола чачып жаңыдан пайда болуп келаткан дил данакери Ибрахим Түркхандын кыргыз тилинде жазган, эрте жаздын салкын желаргысындай болуп окурмандын черин жазып, маанайын көтөргөн, башка акындардыкына окшобогон, тыным билбеген изденүүгө толгон жаңычыл ырларын окурмандарга сунуш кылмакчыбыз.

*Н.Алыкулов,*
*«Жаңы Ордо», 2.03.2018-ж.*

## КАЛПАК КҮНҮҢ КУТ БОЛСУН

Ысык-Көлдө толкун көп,
Ала-Тоодо – аппак кар.
Пейли кенен Кыргыздын,
Башында ак калпак бар.

Конок болуп даам тат,
Береке бар ашында.
Кыргыз кайда жүрбөсүн,
Ак калпагы башында.

Көк асманга батпастан,
Жерде жүргөн жылдызым.
Калпак күнүң кут болсун,
Канатташым Кыргызым!

## СЕН ТЫНЧ УКТА,
## МЕН ООРУЮН АЛЫКУЛ

Боз ат минип, эрте кеттиң өмүрдөн,
Келе бербес, сага окшош зор уул.
Мурасыңды өз мойнума алайын,
Түн жамына толгоноюн, Алыкул!

Жалгызсырап... ың-жыңы жок жайында,
Мекеним деп, топуракка сен жуурул.
Калемиңди өз колума алайын
Жолуң улап, ыр жазайын Алыкул!

Жаз жакындап, бактар гүлгө бөлөнөт,
Кечиксе да сайрап турчу топ булбул.
Ала-Тоого өз жанымды арнайын,
Сен тынч укта, мен ооруюн, Алыкул!

## ЭНЕ БАРКЫ

Үй-бүлөнүн мол булагы энелер,
Тыным билбей өмүр бою агылган.
Бул дүйнөдө издесе да табылбайт,
Энелерге тең келүүчү асыл жан.

Түн ичинде балдан таттуу уйкусун,
Бала үчүн төрткө бөлгөн тартынбай.
Чоңойгондо баркын билсе балдары –
Эне үчүн баа жетпеген алтындай.

Оо, адамзат, улгайганда энеңди
Капа кылып, таарынтпагын кенедей.
Биле жүргүн энелердин мээрими –
Бейиш жакка алып барчу кемедей.

# АЛЫКУЛ ТҮРКИЯДА

Венгриядагы кыз-күйөөнүкүнө учуп баратканда-келатканда Стамбулдан учак алмаштырганда көрүп жүргөн шаардын кызыл чатырлары менен көккө атылчу ракеталардай туюлган мечит мунаралары күзгү маалдын магдыраган кучагында тосуп алды. Байыркы замандагы Византия – Константинополдун издерин тарых барактарынан гана көрүп жүргөндөргө да көп нерсенин сыры эми ачылчуудай сезилсе, мечит мунаралары учак ылдыйлаган сайын Жараткандын жердеги антенналарындай купуя сырдуу.

Евразиядагы эң чоң аэропорт кудум аары уюгундай дуулдап, ааламдын ар тарабынан сапар тарткандар барчу жактарын алактай издей, шашыла бири чыгышка, бири батышка, дагы бөлөк тараптарга шашылууда.

«Алыкул-100» боюнча Анкарага бараткан кыргыздар тобу да жүргүнчүлөрдүн зор жана түркүн-түстөгү агымына кошулуп, жонубуздан тер чыкканда самолетко түшчү жерди, түркчө айтканда-колтукту араң таптык.

...Күркүрөгөн күмүш канат көккө көтөрүлө, кайрадан чыгышка, Түркиянын алтын күздөгү табиятына таңданта Анкараны карай учуп баратты. Аралык бир саатчалык жол экен. Кызыгы, түрк борборуна жакындагандагы көрүнүштөр көзгө тааныш элестерди бергени болду. Таш-Көмүрдүн ары-бери жагындагы кен чыккан, ак чополуу бөксө тоолорундай табиятка таңкалганча Стамбулдан да ашкан кызыл чатырлуу шаардын үстүнөн ылдыйлап, аба майданына кондук.

Мында да бир окшоштук – Ош аэропортун эске салбаспы, бир саат мурдагы Стамбулда кумурскадай жайнаган жүргүнчүлөрдүн кыжылдагы тургай, элеси да жок жымжырттык. Көрсө, Анкара ички каттамдагы аэропорт жана

борбор катарында кандайдыр чектөөдөбү же башка шарт-пы, айтор учактар каттамы да аз, демек жүргүнчүлөр да ошого жараша.




Алыкул Осмоновдун 100 жылдыгына карата Түркияда түрк тилинде жарык көргөн "Мен кыргыздын акыны" аттуу чыгармалар жыйнагынын Амасия жана Анкара шаарында ТҮРКСОЙ жана Кыргызстандын Түркиядагы элчилиги тарабынан өткөрүлгөн бетачар иш-чарасынан көрүнүштөр. 2015-жыл. 11-15-октябрь

... Ал жерден бизди күткөн адамдар менен бирге жаркыраган чоң автобуска түштүк да түндүк тарапка, Кара деңиз жагындагы айтылуу Амасия шаарына жөнөдүк. Демейде шаңдуу желбиреп турчу Ай менен Жылдызчан түрктүн кызыл туусу асабасынын дээрлик жарымына чейин түшүрүлүп калганына көңүл бурдук. Көрсө, жакында болгон жардырууда шейит кеткендердин жаркын элестерине таазим этүү ниетинде үч күнгө аза күтүү жарыяланып, оюн-шоокторго тыюу салынуу менен бирге Түркиянын бардык жагында туулар ылдый түшүрүлгөн экен.

А дегенде өрөөн менен кеткен түптүз асфальт жол эки сааттан кийин өр тарта, Чүйдөн Нарынга бараткансыдык. Айырмасы, жолу да таза, айдоо талаалары да мол түшүмдөн кийин эс алып жаткандай мелтирейт. Эч бир жеринде таштанды же чала-була чабылган же жыйналбаган, болбосо күйүп бүтпөй, түтөгөн саман калдыктары көрүнбөйт. Дыйкандардын жер иштетүү маданияты менен агрономиялык, экологиялык эрежелердин эриш-аркактыгы даана байкалат экен.

Жол ортолоп калганда дене бойду жазалы деп жарым сааттай токтодук. Дааратканага акы төлөп жатканда лира жок, доллар алыңыз десем, кассир аял Тоголок Молдо атабыздын сүрөтүнө таңдана: «Доллар деген ушубу» деп жыйырма сомдукту аяр кармалады. Жанымдагы түрк акын, илимпоздору жылмая күлүшүп, акыны төлөшкөндө кассир да күлө карай кала берди. А менде болсо «Долларды тааныбаганы эмнеси?» деген ой жаралды...

Ошентип, дагы эки саатча жол жүрүп, жайгашкан жери кадимки эле Нарын шаарындай болгон, айырмасы дарыясы экиге бөлүнүп шаарды айлана агып анан кайра бир нукка түшкөнү өзүнчө бир кооз, ажайып көрүнүш. Аны огобегер сүрдүү да, таасирдүү да көргөзгөнү ошол дарыя жээгиндеги аскаларда Рим империясы маалында эле оюлуп жасалган

сырдуу жайлардын алиге сакталып турушу. «Даңазалуу доор» аттуу көп сериялуу түрк тасмасынын далай окуялары ушул шаарда, тигил аска бетиндеги гаремдерде өткөнүн далилдеген музейлери да таасир этти. Чыгыш элдеринин поэзияга, өзгөчө ашыктык ыры менен дастандарына жакын экендигин даана далилдеген махабат же ашыктардын куурчак музейинен Фархад менен Ширин түгүл, Ромео менен Жульеттанын сүйүү илебин сезгенибизде таң калбаган жан калбады. Олжобай менен Кишимжандын, Мырза уул менен Аксаткындын деле тагдырын чагылдырган баяндары менен куурчак келбетин кошуп койсо бул музейдин мааниси дагы көтөрүлүп, географиясы кеңеймек эле.

## АТА ТҮРК МЕНЕН АЛЫКУЛДУН ОКШОШТУГУ

Амасия университетинде Алыкул боюнча конференция өткөрүлүп, режиссёр Т.Ибрагимов П.Казыбаевдин сценарийи боюнча тарткан «Алыкул» даректүү тасмасынын кыскартылган варианты көргөзүлдү, китептери белекке берилди, кыргыз жана түрк стундентери акындын «Мен шайыры кыргыздын» (Мен кыргыздын акыны) аттуу кыргыз-түрк тилинде ТҮРКСОЙ тарабынан чыгарылган жыйнагындагы ырларынан көркөм окушту, аалымдар жана меймандар сүйлөштү, акындар да өнөрүн тартуулады.

Кеп кезеги мага келди. «Баарын коюп, Манасты айт» демекчи эгемен Кыргызстандын эң биринчи саясий жана маданий бетачары «Манас-1000» Бириккен улуттар уюму – БУУ – ООН тарабынан 1995-жылы өткөрүлгөндө Түркия чоң колдоо көргөзгөнүн баса белгилей, «Манас» фотоальбомун, А.Жакыпбектин «Теңири Манас» эпос өзөктүү романын, Алыкулга байланыштуу китептерди университеттин китепканасына тартууладым.

Акын жөнүндө жөндүү сөздү кантип кандайча айтсам деген таризде аудиторияны айланта карап, анан сахнанын сол жак тарабынын жогору жагында илинип турган Мустафа Кемал Ата-Түрктүн чоң түстүү портретин көрдүм. Ал эми Алыкул Осмоновдун баннердеги сүрөтү микрофондон анча алыс эмес эле.

Көп сүйлөбөй-төп сүйлөгөнгө ушул эки улуу инсандын элестери дем бергендей, оюма төмөнкүдөй салыштыруу келе калбаспы.

– Мустафа Кемал алты жүз жылдык тарыхы бар Осмон-Түрк ээлигинин эскирген түзүлүш ордуна жаңылык киргизип, азыркы дүйнөдөгү өнүккөн жыйырма мамлекеттин деңгээлине жеткен Түрк республикасынын пайдубалын түптөгөнүн өзүңүздөр жакшы билесиздер. Ал эми Ата журтубуздун акыны Алыкул да улуу «Манас» эпосу баш болгон элдик фольклорду дүйнөлүк адабияттын классикалык үлгүлөрү менен айкалыштыра кыргыз поэзиясын жогорку деңгээлге көтөргөнүнө көңүл буруңуздар:

Зор «Манас» көлөмүңө жетпес ченем,
Чарчабай үч ай айтса түгөнбөгөн.
Кыргызда дагы толгон көп укмуштар,
Чынында баары сенин күчүң белем

– деп Алыкулдун ыры менен сөзүмдү аяктаганыма тилмеч кыздын жардамы менен да ыраазы болуштубу, кол чабылды.

1–2 курстарда окуп жүргөн он чакты кыргыз студенттери менен баарлашып, аларга кыргыз туусу менен кошо «ойноп, эс ала жүргүлө» деп тамашалай чүкө да бердим.

Ошентип, кайра Амасиядан Анкарага жол тартып, кудум Теңир Тоодон Сары Өзөн Чүйгө келаткандай болдук.

# КӨЗДӨР ЖӨНҮНДӨ СӨЗДӨР

ТҮРКСОЙ офисине жеткенче Анкараны кыйла аралай анын кооздугуна, кеңдигине жана зор курулуштарына таңдандык.

Көпчүлүк бөлүгү адырларга жайгашкан шаардын жолдору кышында бир топ эле опурталдуу болгудай, өйдө-ылдый, толкундар сымал экен.

... Узак жолдон келген жаныбыз түрк туугандардын кеңири жайылган дасторконунан даам сыздык. 6 млндой калкы бар Түркия борборунун бир районунун башчысы сый тамактан соң бизди узатып жатканда кызыктуу кыскача бир аңгеме – уламышты айтып берди. Байыркы замандагы кыргыздар менен түрктөр ушул жерге чейин жортуулдап, Алтай, Ала-Тоо жактан чогуу келишкен экен. Түрктөр Европага кетип, кыргыздар бул жерде калыптыр. Ошондо чет жакта алаңдап, эки жакты карап жүргөндүктөн түрктөрдүн көзү бакыракай болуп калса, ал эми аларды качан келет деп, батыш тарапты карай берген кыргыздардын көзү жүлжүйүп калган имиш... Аким бул икаяны ушунчалык жандили менен тамаша-чынга аралаштыра айткандыктан күлбөгөн жан калбады.

Автобустан ак калпагымды кийип, «Алыкул үйү-борборунун» туусу алдында сүрөткө түшүп жатканда аким мырза менден калпакты сурай башына кийе: - Мен да кыргызга окшоштумбу, ыя?! – деп тамашалаганда, анын адамдык парасаты өзү ээлеген мамлекеттик чоң кызматтан кыйла жогору экендигине ынандык.

Биздин расмий адамдар кеткендиктен, демейки протоколдук чектөөдөн тыш кылган аким биз менен жадырай жайнай дагы бир топ туруп, анан коштошту. Алиги айткан аңгемесин кайдан укканын сурасам, кыргыздын алгачкы элчилеринен деди, болжолу, Төлөмүш Океев айтып бергендей...

# ТҮРКСОЙ КЕҢСЕСИНДЕ

Анкаранын өйдө-ылдый ойдологон көчөлөрү менен зуулдай жүргөн чоң Мерседес автобус акыры соңку иш-чара өтө турган мекеменин имарат алдына келип токтоду. Астананы аттаганда эле кыргыздын улуттук кийимдерин жараштыра кийинишкен жигиттер менен кыздар жадырай жайнап, боорсок жана каймакты ийиле суна: – Куш келиңиздер! деп тосуп алышты. Кыргыз жеринде эле жүргөндөй болуп, толкундандык, кубандык. Алар Анкарада ж.б шаарларда окуп жана иштеп жүргөн жаштарыбыздан экен.

ТҮРКСОЙ төрагасы Касен Дүйсеновдун жоктугунан, орунбасары түрк жигитинин башчылыгында «Алыкул-100» иш-чарасы өткөрүлүп, биз тараптан элчи И.Жунусов, маданият министри А.Максутов, орун басары М.Бектеналиев, кинорежиссер Т.Ибрагимов, жазуучу М.Абакиров жана П.Казыбаев, Ш.Ажыбеков баш болгон Алыкул күйөрмандары жана кыргыз өнөрүнүн өкүлдөрү катыштык.

К.Кулуев Кыргызстандын ушул эларалык уюмдагы өкүлү катары алып баруучулук милдетти өтөдү.

Түркия адабияты менен маданиятынын, мамлекетинин өкүлдөрү көбүнчө жалпы маселелер тегерегинде сүйлөшсө,-котормочулар менен акындар Алыкулдун ырларынан көркөм окушту. Аза күтүү күндөрү бүткөндүктөн К.Осмонов баш болгон кыргыз артисттери да өнөрлөрүн өргө чаба көргөзүштү. Бизди тосуп алган жаштарыбыз кыргызча, түркчө түш жоруй сүйлөшө, поэзия толкундарына чөмүлтүштү. Ошол кечеде жасалган адабий-илимий маанидеги докладдардан профессор Гүлзура Жумакунова айымдыкы айырмаланып турду.

Айтмакчы, барган, болгон жерибиздин бардыгында жалаң бийлик өкүлдөрүнө карата протокол боюнча «САЙН» урматтуу кымбаттуу элчи! же Министр! деп кайрылуулар,

ал эми карапайымдар жөнүндө түрк тарапты кой, өзүбүздүн расмилер бир ооз лам деп койгонго жарашпады.

Ошондуктан, Анкарада ТРТ каналында иштеп жаткан журналист Алмазбек Асамбаев баш болгон илимпоз жана студент кыргыздардын жамаатындагы жолугушуу нагыз чыгармачыл, эркин мүнөздө өткөнү менен эсте калды. Бул Анкара кечесин да Гүлзура айым уюштурганын айта кетели.

Алыкулдун которулган ырларына алгачкы пикирлерди да ошол жерден ортого салыштык. Эки тилди көркөмдүк деңгээлде салыштырууга кудурети жеткендер бул башталыш саамалык экендигине басым коюу менен, келечекте жакшы жылыштар болоруна ишеним бардыгын билдиришти.

Түркияда алды жыйырма жылдан ашык, ал эми эң аз дегени беш жылдай иштеп, окуп жүргөндөрдүн илимий ж.б. чыгармачылык жетишкендиктерин чагылдырган атайын басылмасы менен таанышкан жан кубанбай койбойт. Ондогон докторлук, кандидаттык жана магистирлик эмгектер корголгону, түркүн багыттагы көптөгөн макалалар Анкара, Стамбул университеттеринин журналдарында жарыяланганы, кыргыз тилинде бир нече басылмалар, ал турмак бөбөктөрдүн «Бүчүр» журналы чыгарылып жатканы чындыгында эле илимий-руханий жетишкендик эмеспи.

Ошол жаштардын арасынан Алыкулдун ырларын түрк тили аркылуу тектеш тилдерге жайылта турган жаңы муун, жаңы толкун келаткандай туюлат. Ал эми Ашым Жакыпбектин «Теңири Манасын» которууга ниети бар кыргыздын Жылдыз Исмаиловага окшогон илимпоз кыздарына ишеним жана ийгилик каалай, китептин редактору катары ала барган нускасына колтамга коюп бердим.

Алыкулду которгон түрктүн акын жигити Кенан Чарбога жана учурунда Кыргызстандан жогорку билим алып кеткен жана Алыкул баш болгон кыргыздын далай акын,

жазуучуларынын, көркөм беренелерин өз тилине которгон Ибрахим Түркханга сый-сыпаа көргөзө жылуу маанайда коштошуп, жаңы ийгиликтерди каалаштык.

Анкаранын аэропортунан баштап тосуп алган тилчи түрк кызы Шахноздун кыргызча түгүл орусчаны да укмуштай билерлиги оозубузду ачырганычы. Көрсө, ал Кара-Суу районундагы түрк туугандарыбыздан экен. Турмушка чыкканына байланыштуу Түркияга көчүп келиптир. Окуу менен бирге ТҮРКСОЙдо иштейт экен. Бишкектеги университеттерден жогорку билим алуу максаты бар жердешибиздин ниети кабыл болушун каaладык.

Бишкекке кайтар күнүбүз жакындап калгандыктан Анкаранын арзан базары менен кооз жерлерин көрүүнү ойлоштурдук. Мында да Кара-Суулук карындашыбыз жан алы калбай кеп-кеңештерди берип, баарыбызды бала бакчадагыдай эле ээрчитип жүрдү. Өнүккөн мамлекет өзүн сыйлайт дегендикпи же башка жүйөө барбы, айтор биздегидей доллар алмаштыруучу жайнаган жайлар жок экен. Амасияга окшогон алыс жактарында эле долларды таанабагандар бардыр деген пикирди Анкарадагы ушул көрүнүш жокко чыгарды. Көчөдөн көчөгө өтүп отуруп, акыры бир чоң маркет – дүкөндөн АКШ акчасын түрк лирасына алмаштырдык...

Анткени, доллар менен эч кандай соода иштери болбойт дешти.

## ИСМАИЛ АТАНЫН БЕЛЕГИ

Ошентип, акыры бир жайма базарга кирдик. Кыскасы, ар түркүн товарлар, белек-бечкектер жана колдо жасалган не бир сонун буюм-тайымдар.

Сатармандардын баасына койбой соодалашкыла, ошондо кыйла арзанга аласыңар деген тилмеч карындаштын

айтканын аябай колдондук. Бааларын кыргызча эле сурап киргенде, түрк туугандар кыйлага чейин таңдана анан «аа, туйдум, туйдум» деп түшүнгөндөрүн билдиргенде эки тарап тең жылмая жыргадык. Идиш-аяктары кара жыгачтан жасалгандыктан бышык жана ден-соолукка пайдалуу дегенди эстей базардын чет жагында отурган, азыркыча кийингенине, жарашыктуу көз айнегине, башындагы кепкасына, дегеле ырай-бешенесине караганда кыргызчаны кой, түркчө сүйлөөр түрү жок, бою кичине, арык аксакалдын кашык, сузгуларын кармалай аярлап калдым. Баамдаганымдай эле англис тилде сүйлөп баштаганда, түшүнбөйм дегенди билгизе эки ийнимди куушуруп, колумду жайсам, дароо түркчөгө өттү да: – Өзбексиңби, казаксынбы же монголсуңбу деп сурай баштады. – Кыргыз десем деле түшүнбөдү. Бишкек, Кыргызстан дегенде эсине келгендей: – Кыргыз деп кайталап, сөөмөйү менен калпагымды көрсөттү.

Түбү накта шаардык, интеллигент экени сырткы кебетесинен эле байкалып турду. Экөөбүз эски таанышча, кээде түшүнүп, кээде түшүнүшпөй бакылдаша баштаганда тээ араакта кофе ичип отургандар бизди карап калышты. Улууга урмат дегенчелик ызаатта буюмдарын айткан баасында эле сатып алайын дегенимче: – Пардон, пардон! – деди да күтө турууну өтүндү. Ары жактагы коробкадан жыгачтан жасалган тамак аралаштыргыч чоң кашыкты алып келди да, Ала-Тооңо аман-эсен жетип ал деген ак тилек, батасын айтты да: - Бул сизге менден хидие-белек! деп ийиле сунганда аксакалдын арык далысынан кучактай ыраазычылыгымды билдирдим. Аларман-сатарман ошентип ата менен балача ысык мамиленин илебинен коштошо албай буйдалып турдук. Жанымдагы шериктер базардан эбак чыгып кетишкенби же көпчүлүктөн көрүнбөдүбү, айтор Исмаил аксакал менен сүрөткө түшпөй калганыма ка-ап деп узадым.

...Түш оой Ата Түрктүн-Мустафа Кемалдын мавзолей музейин көрүүгө баргандагы биринчи эле таасир эткени аскердик ардактуу күзөт-карауулдун алмашуу маалында алардын айрыкча катуу кыйкырып басканы эле. – Маркумдун арбагын чоочутпаса болгону! – дегениме күлбөгөн кыргыз калбады ошол жердеги.

Жалпысынан алганда мавзолей-музейдин жалпы аянты биздин «Ала-Тоо» аянтынан эки эседей чоң көрүндү. Бейит башына барып куран окудук. Биз эле тизелей отуруп, бата кыла, таазим эттик. Башкалар, мусулмандар деле турган боюнча эле бата кыла басып кетишет шекилденди... Музейи жакшы жасалгаланыптыр. Англияга каршы чечкиндүү сокку уруудагы баатырдык көргөзгөндөр, Ата Түрктүн кыйын кезеңи, тайгак кечүүдө туура чечим кабыл алгандыгы жана согуштук сценкалар окуя азыр жүрүп жаткандай же жаңы эле токтолгондой таасирде жасалгандыктан кошо аралашып жүргөндөй болот экенсиң. Сувенир, түркүн басылмалар ж.б түркүн белектер түмөн. Куру чыкпайлы деп анча-мынча ырым кылдык.

Элин, жерин коомдук өнүгүүнүн жаңы бийиктигине алып чыккан Мустафа Кемалдын жаркын элесине таазим этүү менен анын баштап кеткен иштерин татыктуу улантып жаткан түрк элине, мамлекет жетекчилигине ыраазы болбой койбойт экенсиң!!!

## АЭРОПОРТТОГУ АЛЫКУЛ КОНФЕРЕНЦИЯСЫ

...Акыры Стамбулга учууга даярданып, элчиликтин жана ТҮРКСОЙ кызматкерлери менен жылуу маанайда коштоштук да төрт жылдыздуу «ALBA Анкара» мейманкасынан Анкара аэропортуна жөнөдүк.

Кетип бараткaнда көргөн эки эстеликке көңүл бурулду, биринчиси Казакстан президенти Н.Назарбаевдики болсо, экинчиси ак тыбыттуу ангорка тукумундагы эчкилердики эле. Шаардын аталышы да ушул жаныбардан улам коюлган деген уламышты кулак чалды. Башка негизги да бар имиш. Адырлуу жерде аппак булуттай жайылып бараткан ангорка эчкилерин, бири бири кубалай, сүзүшүп ойноп жаткан тармал улактарын, чоңоюп калган катектери менен чебичтерин элестете, элибиздин «Эсиң кетсе эчки бак, эчки тууйт эгизден, татасың майлуу сүтүнөн, ошентип тайыбайсың күчүңдөн» деген көчмөн турмуштук лакабын эстей, Анкаранын заңкайган, шаңкайган бийик-бийик имараттарын, көптөгөн мечит мунараларын, бозомук тарткан кызыл чатырларын, артка калтыра асманга көкөлөй көтөрүлүп бараттык...

Дүйнөлүк авивкаттамдардын тогуз тоом түйүнү саналган Стамбул аэропортунун аары уюгундай ызылдагына, ар түркүн тилде сүйлөгөн элдердин кажы-кужусуна кайрадан кошула, Бишкекке учар убактыбызды күтүп калдык.

Октябрь айынын орто чени болгондуктан, Түркияда жай бою иштеп жүргөн студент кыздар, балдар ак калпагымды көргөндө эле жылмая, салам айта биздин айланабызга топтоло баштады.

Алар бири-бирине болгон сагынычтарын жаза, аман-эсендиктерин сураша жай алган соң, Алыкулдун түркчө которулган китебин көрсөтө, адабий талкууну баштап жибердик. «Оо, Алыкул, кандай акын» деген бир сыйра таңдануу, шыпшынуудан улам, жаштар кыргызчасы менен түркчөсүн салыштыра көркөм окушуп, анан алгачкы ой-пикирлерин ортого салышты. Эң башкысы китепти: «Мен шайыры кыргыздын» эмес, ырдын өзүндөй эле. «Мен кыргыздын акыны» деп аташса болмок дегендери ынанымдуу чыкты.

Жалпы пикирлери – негизи жакшы которулуптур, кем-карчы болсо бара-бара оңдолот да деген жаштык жигерлери менен «Алыкул-100» мааракесине сапарлаш болушту. Аларга ийгилик каалап, китептен белек кылдым.

Ошентип, Стамбул аэропортундагы Алыкул конференциясы аяктаганча, Бишкек каттамына каттоо башталып: - Ала-Тоого, Ак жол! деген ак тилек менен учакка түштүк.

...Байыркы көчмөн аталарыбыз кеминде үч жолу чыгыштан батышка жортуулдап, нечен замандарды өткөргөн он миңдеген чакырымдыкты беш саатка жетпеген убакта учуп өтө, сүт чайы менен чүйгүн тамактарын тартуулаган стюардессаларга: Рахмат! Спасибо! Тешекүр эдерим! айта, жана күлдүрүш үчүн англисче, немисче чала-моңол кошумчалай, «Манас» аэропортунун Ала-Тоо желаргасына магдыраган түнкү кучагына бой урдук.

Ата журтум, тууган элим, мекеним,
Жан кубатым, сүйгөн жерим секетим.
Тоо-ташыңдын, турпагыңдын, сууңдун,
Мен көрбөдүм пайдасы жок бекерин!

– деп Алыкул 1946-жылы 21-ноябрда Чолпон –Атада жазганына алыстан келген маалда огобетер ынанат экенсиң.

*Бишкек – Стамбул – Анкара – Амасья – Бишкек*
*2015-жыл 11-15 октябрь*



**Баатыр эне, эмгектин баатыры Күлсара Сулайманова Панфилов районунун алдыңкы кыз-келиндери менен Алыкул Осмоновдун 1990-ж. ачылган Каптал-Арыктагы эстелигинде.**

## ЖҮЗ ЖЫЛДЫКТЫН КОЛТАМГАЛАРЫ

Колтамга берчү атактуу адамдар кесибине, ишине жана ар кандай жагдайга жараша автографтарды ыр табагына, боксердук колкабына, фотого, топторго, китептерге жана жана айла кеткенде открыткага, ал турмак актай баракка да коюп бермеги шарт.

Алыкул сыйлыгынын алгачкы лауреаты, КР эл акыны Рамис Рыскуловдун: – Автограф аркылуу ниет-тилекти дароо билдирүү ыр жазгандан да кыйын, – деп айтканындай эле күйөрманга кыска-нуска ой менен орошон каалоону билдириш чындыгында оор иш. Чөнтөк дептеринде сакталып калган адам аттары, телефон номерлери сыяктуу колтамгалар да кандайдыр бир окуянын, мезгилдин бир учурун камтып турганы талашсыз.

Алыкул Осмоновду изилдөө, музейлерин уюштуруу, айрым китептерин кайра чыгаруу боюнча көпчүлүк менен иштешип калгандыгыма төмөнкү колтамгалар күбө өткөнсүйт. Алыкултаануунун экинчи чоң тилкесин калыптандырган Камбаралы Бобуловдун кол тамгасы 1988-жылы 15-декабрда жазылып, ал кездеги Фрунзе шаарында жаңы ачылган Алыкул Осмонов атындагы орто мектебине акындын үч томдугун белекке тартуулаганын тастыктайт.

## ЗЕЙНЕП ЭЖЕНИН ТАБЕРИГИ

Алыкул Осмоновго байланыштуу сөз айтылбасын же кагазга жазылган маалымат болбосун Зейнеп Сооронбаева жөнүндө кандайдыр кеп козголбой калбайт. Акындын жеке тагдырындагы жакшылыгын да жамандыгын да көрүп калган бул зайыптын тагдыры деле оңой болбогонун билген бар, түшүнбөгөндөр да аз эмес. өткөн

кылымдын 80-жылдарында улуу акыныбыздын өмүр баяны менен чыгармачылыгын иликтеп-изилдөөгө киришип Т.Сыдыкбеков, С.Сасыкбаев, Ш.Жамансариев, Б.Элебаева, С.Күмүшалиева, К.Кондучалова өңдүү замандаштары менен жолугушуп, баарлашканда көп кызыктуу маалыматтарга ээ болуп, кийин аларды Зейнеп эже менен кат жазышканда толуктап, тактаганга жетишип калганыма шүгүр.

Ташкентте жашап жаткан эже Алыкул боюнча суроолордон тышкары бизге да кандайдыр ысык мамилесин билдиргенге ынтызарлана өзбек жубайынын атынан бир китеп, өз колтамгасы менен бир китеп салып жиберген эле. XIX кылымдагы белгилүү өзбек акын айымы Надира Бегимдин орус тилиндеги тандалма жыйнагында *«Мистегүл келинге эстелик үчүн! Зейнеп эжеңден. Ташкент 1989-ж.»* деген жазуу бажыраят. Кийинки каттарда Мистегүлдүн Кочкор жергесинен экенин билген соң, өзү Ак-Кудуктан экенин жазып, сиңдим турбайбы деп мурдагыдан да жакынсып калганын билдирген болчу.

Ошол жылдары Фрунзеге барып калсам, буйруса жолугушарбыз деген ой-тилектерин да жазганы бар. Бирок ар кандай себептер жана 90-жылдардын тополоң мезгилдери Ала-Тоосун соңку ирет көрүп кетүүгө, акын боюнча билгендерин бетме-бет айтып берүүгө тоскоолдук болуу менен Зейнеп Сооронбаева эжекебиз, 2000-жылы күз маалында оо дүйнөгө узады. Жаткан жери жайлуу болсун!

Ал кишинин ысымы Алыкул жана экөөнүн кызы Жыпар жөнүндө айтылганда дайыма эске түшүп турмагы талашсыз.

# СҮРӨТТӨР ТАБЫЛАР БЕКЕН…

Азыркы наристелер менен небере-чөбөрөлөргө мурдагы замандардагыдай бешик ырын ырдоочу, уламыш, жомок же жок дегенде түшүн айтып, болбосо китеп окуп берер ата-эне жана чоң ата, чоң эне, тайата, тайэнелер жокко эсе болуп калгандай туюлат. Алардын ордун телевизор менен радио кыйла убакыт ээлеп келсе, эми аудиовидеолор жана дагы башка толгон-токой компьютер техникалары менен интернет менен тез эле алмаштырып койду.

Биздин бала кезде жомок менен эпостор боюнча китептерге тартылган сүрөттөр, жаратылыш жана жаныбарлар жөнүндөгү көптөгөн адабияттар, балдардын гезит-журналдары көп нерсеге үйрөттү, тарбиялады. Гезитке макала жазуу, башка авторлор менен кат алышуу жана жаңы окуган китептер боюнча пикир алышуу, талкуу башкалар менен бетме-бет баарлаштырып жалпы эл, коом менен байланыштырып турар эле.

Өткөн кылымдын 60-жылдары чет өлкөлүк авторлордун чыгармалары кыргыз тилинде көп чыгарыла баштаганы, дегеле кыргыз китебинин көбөйүп жатканы 1966-жылы пайдаланууга берилген Кыргызполиграфкомбинатына да тиешелүү болгон. Ал ишкана Орто Азиядагы эң чоң китеп фабрикасы катары, коңшулаш республикалардын да нечен жүз миңдеген басылмаларын даярдап бергенине азыр эч ким ишенбейт. «Колбус» деген немецтик жабдуу жүз миң нускадагы китепти таңгактап койгонго чейин чукул арада даярдап койгонучу.

Ошол чоң китеп ишкананы өмүрүнүн соңуна чейин ийгиликтүү жетектеген Тургунбек Суванбердиев аксакалдын аты-жөнү менен өспүрүм кезде М.Ауэзовдун «Абай жолу» романынын кыргыз тилиндегисин окуганымда сырттан таанышканмын.

Кийин китеп басма тармагында ушул адам менен кызматташып каларым ойго эмес, түшкөн да кирген жок эле.

Жылдык тематикалык планга ылайык түзүлгөн өндүрүштүк келишим-графигин сактоо басма менен полиграфкомбинаттын башкы эмгек тартиби болчу.

Басма, полиграфия, китеп соода тармактарынын өндүрүштүк ж.б. урунттуу маселелеринде Тургунбек аксакалдын берген ынанымдуу кеңештери, далилдүү жүйөөлөрү дайыма ишти илгерилетүүгө көмөк көрсөтчү.

Ал кезде басмалардын чыгарган жаңы китептери боюнча жолугушуулар, ярмарка-базарлар авторлордун катышуусунда кызыктуу деңгээлде уюштурулчу. Аксакалдын төмөнкү колтамгасы ошондой иш-чаралардын бир көз ирмемин эске салат: *«Памирбек иним! Мүнөзүң кандай жаркындуу болсо, чыгармаларың да элге жагымдуу болсун. Урматы менен Т.Суванбердиев. 7/VII.89-жыл.»*

Ошентип, бала кезде окуган «Абай жолу» жана анын котормочусу менен кайрадан, эми бетме-бет жолуккан элем.

Андан бери 28 жыл өтүп, аксакал да оо дүйнөдө... Бир кезде дүк-дүк эте иштеп, кыргыз китебинин толтосундай туюлган комбинаттын да дайын, оту жок калды. Болгону, Тургунбек Суванбердиев аксакал салдырткан 10 кабаттык жатакана үйлөр заңкайып, ал кишинин ысымындагы көчөдө жашоо уланууда.

Баса, сүрөт жөнүндө... Алыкул Осмонов экөөнүн Таласка баргандагы ж.б. чогуу түшкөн фотолору бардыгын, чоло тийгенде үйдөн чогуу отуруп, акын боюнча кеңири аңгемелешсек деген оюн айткан эле... өзү, андан соң байбичеси да дүйнөдөн өтүп кетишкен соң, алардын астанасын аттоо, архивдеринен Алыкул экөөнө, дегеле кыргыздын өткөн чагындагы адабият, маданият майданына тиешелүү фотолорун издөөгө мүмкүн болбой калды.

...Ким билет, а балким укум-тукумдары аркы-беркини түшүнсө, руксат берер же эмгиче мамлекеттик архивге тапшырып коюшту бекен...

«Абай жолун» кыргыз кыйырына жеткирген Тургунбек аксакалдын ак көңүлдүгү, барбалаңдаган мүнөзү унутулгус.

Акын менен педтехникумда чогуу окуган жана Айдай, Зейнептердин эң жакын курбусу болгон Күлүйпа Кондучалова эжебиздин өмүр жолу, маданият министри катарындагы өрнөктүү иши кыргыз маданиятынын даңазалуу доорун жаратканы тарыхта өчпөс из.

Эже менен Алыкул-Зейнеп тагдыры, «Жолборс терисин кийген баатыр» котормосу боюнча маектешкенде көп нерсеге көзкарашым өзгөргөнү ырас. – *Ай, Памирбек сага күнөөкөр болдум. Үйгө көп эле киши келип кетет эмеспи. Ошолордун кимиси сенден алган (Алыкулдун үй-музейинин экспонаты) «Жолборс терисин кийген баатырды» «кымтып» кеткенин да билбей калдым. Шашпай окуп, жарымынан өтүп калган элем... Алыкул педтехникумга кээде келип алгачкы котормолорун окуп бергенде катуу таасирленгенбиз,* – деген ушундай улуу адамдын үйүнөн Алыкулдун атактуу котормосун «бөктөрүп» кеткен кандай окурман, күйөрман болду экен деген эки жактуу пикирде калганым чын. Кээ бир ырымчылдар жакшылыгы жуксун деп барган үйүнөн кандайдыр бир буюм-тайымды «кымырып-кымтып» кетмейин эстегенде, ушундай улуу адамдардын эл-жер деген мээнеткечтиги, жаркын таланты жуксун деген ниетиме баш ийдим.

Күлүйпа эже 90 жылдык мааракесине карата чыгарылган китебине жазып берген колтамгасы: *«Кыргыз элинин атактуу чыгаан акыны Алыкул Осмоновдун калтырып кеткен баа жеткис мурастарын чын пейили менен элге жеткизип жаткан Памирбек иниме мындан ары да зор*

*ийгиликтерди каалайм. Алыкулдун ырлары элибизге дайыма керек»*

*Күлүйпа Кондучалова,*
*3-март, 2011-жыл.*
*Бишкек*

Алыкулдун Бишкектеги үйү-борборуна атайлап келип «Күн нуру» аттуу жаңы поэмалар менен ырлар жыйнагын тартуулаган КР маданиятына эмгек сиңирген ишмер, акын Субайылда Абдыкадырованын колтамгасы: *«Калемдеш иним Памирбекке! Тирилтсем деп Алыкулдун элесин. Изилдөөгө күчүң арнап келесиң, Алыкулдай аброй күт өмүрдө. Тарта бергин жашоонун зор кемесин! деп акын эжең Субайылда 6.06.05»*

2005-жылы «Шам» басмасынан жарык көргөн китебиндеги «Алыкул» поэмасы акындын 90 жылдыгына арналып, көлөмү 134 беттен турат. Кол жазмасынын соңундагы 1970-1991 деген жазууга караганда, поэма жыйырма бир жылда жазылып бүткөндөй.

Ага чейин А.Осмоновго арнап поэма жазган акын Мариям Буларкиеванын «Алыкул» аттуу китеби 1970-жылы «Кыргызстан» басмасында жарык көргөн

*Тээ асманда пегас минип Алыкул,*
*Күн нурундай жарык чачып калыптыр.*
*Мелтүрөгөн ыры менен түбөлүк,*
*Өлбөстүккө өзүн теңеп алыптыр,* – деп жазган Субайылда эженин: «Эрки бек биздей кыз үчүн, өрттөнсүн бозой жалынга» деген сабын мадырабаш кезде окуганымда маанисин дал өзүндөй түшүнгөндүктөн, далайга чейин «өрттөнүп» жаткан жаш жигиттин аянычтуу тагдыры бой тартканымча көз алдыман кетпей жүргөн эле. Муну тамашалай айтканымда автор; «Оо, ал кезде кыз-жигит мамилеси өтө ыйык жана ыйбаа болор эле!» деп жылмайып койгон.

Эженин акындык жана энелик жүрөгү 2010-жылдын апрель окуяларына туруштук бералбагандыктан, 75 жылдык маарекесин өткөрүүгө үлгүрбөдү. Өмүр баяны, чыгармачылыгы жөнүндө буклетин даярдашып жүргөндө узатып барган бойдон көрбөй калдым... Жаны жаннатта болсун!

Акындын Бишкектеги үйүн музейге айлантууда мага чоң жардамдаш болгон Осмонакун Ибраимов орус тилиндеги «История и поэзия» китебине: *«Акындардын падышасы Алыкул Осмоновдун үй-музейине эстелик үчүн»* деп 2001-жылы 15 майда жазып берген.

Ал эми адабиятчы Абибилла Пазылов да Алыкул күйөрманы катарындагы каалоо тилегин «Адабият. Айтматов. Асерлер» аттуу көркөм-публицистикалык жыйнагын тартуулоо менен төмөнкүдөй колтамгасында билдирген: *«Урматтуу Памике! Алыкулдун жаркын элесине жасап жаткан эмгегиңизди өтө жогору баалайм» 25.XI. 2015ж.*

Кыргыздын байыркы, кийинки тарыхын көркөм чыгармада чагылдырган чыгаан жазуучулар бир колдун манжасы менен гана саналары анык. Бул жагдайдын ар кандай себептеринин бири советтик идеологиянын түркүн чектөөлөрүндө болсо, башкы себеби кыргыз авторлорунун тарыхый темага көңүлкоштугу же чабалдыгында эле. Ушул жааттан алганда Түгөлбай Сыдыкбеков аксакал байыркы кыргыз тарыхынын Көк Асабасын Ала-Тоо үстүндө алгачкы болуп көтөргөн...

Бирок, 1970-жылдардын башталышында эле жарыкка чыга турган тарыхый романы түркүн бут тосууларга учурап, дээрлик жыйырма жылдан кийин гана окурман журтуна жеткен болчу. «Көк Асабанын» чыгышы урматына «Адабият» басмасы автор менен жолугушууну жана китеп соодасын 1989-жылдын 9-октябрында уюштурган . Бир кездеги алп денелүү Түгөлбайдын же Алыкул досу Көлкөңбай

деп эркелеткен адамдын эти качып, сөөгү да жукаргандай көрүндү, өзүн миң жыл жашадым деп санаган таланттын ташпиши да ошончолук оордугун жана ага ар кандай каршылык, түшүнбөстүк кошумча болорун ошондо туйганбыз.

– Ысымыңды айтчы баатыр? – дегенине делөөрүй түштүм. Жоопту уккан соң барбайган колу менен шашпай колтамгасын коюп жатты: *«Кымбаттуу Памирбек! Атыңдай бийик бол, Түгөлбай. 9.Х.89»*. Ошондогу алгачкы жолугушуудан жети жыл өткөндө үйүнө барып, замандашы Алыкулдун кыргыз, англис тилиндеги «Көл толкуну» тандалма жыйнагын тартуулоо менен бирге «Манас, Үркүн, Алыкул» үчилтик аңгеме-маек тегерегинде кеңири кеп салганбыз. Ал күн 1996-жылдын 15-майы, Түкөнүн туулган күнү эле. Маек бир жумадан кийин «Zaman Кыргызстан» гезитине жарыяланган. Кийин «Мезгил жана Алыкулга» (2006) киргизилген.

Чыңгыз Айтматовдон алгачкы автографты 1976-жылдын 19-декабрында опера жана балет театрындагы жолугушууда алганым эсте. Элдин көптүгүнөн «Ранние журавли» китебине: *«Памирге! Ч.А.»* деп чиймелер алдында төш чөнтөгүн сыйпалап калды: – Убара болбоңуз, мына ручка – дегениме ынабай: – Өз калемим менен эле жазайынчы, – дегенде эле ичимден сына түштүм, эмнеге орусча ручка дедим деп. Жолугушууну уюштурган Китеп сүйүүчүлөр коомунун кызматкери катары Ч.Айтматовду машинасына чейин узатып чыккан менин жука джинсы курткамды байкаган улуу жазуучунун: – Иним рахмат! Тезирек ичке кир, үшүп калба! – дегени жанагы ыңгайсыз абалымдан чыгарып кетти.

Кийин басма тармагында иштеп жүргөндө Чыке менен көп эле жолугуштук.

«Адамзаттын Айтматову», «Ааламдык Айтматов» жана «Айтматов – советтик адабияттын паспорту» деп дүйнөгө

дүңгүрөп турган маалында жарык көргөн «Плаха» романы окурман журтунда укмуштай талкууланып, талаш-тартыш башталып жаткан «Кыяматтын» бетачары 1986-жылдын 5-майында, ал кездеги Басма сөз күнү (1912-жылы «Правда» гезити чыга баштаган күн) Эл чарба жетишкендиктеринин көргөзмөсүндө өткөрүлгөн. Окурмандар толкуну кыргыз залкарлары Түгөлбай Сыдыкбеков, Шүкүрбек Бейшеналиев жана Ч.Айтматов тарапка токтоосуз толкуп, жазуучудан колтамга алып жатышты. Чоң окурмандар жолу «чектелгенде», алар менин уулум Сыргак жана башка балдар аркылуу Айтматовдон автограф алуунун амалын табышканда күлбөгөн жан калган жок. Ошентип, «Кыямат» үчүн кысталышта жол таптырган залкар жазуучунун талантына дагы бир ирет ынанганыбыз эсте. Бул жолугушууну «Кыргызстан», «Мектеп» басмаларынын жамааты уюштурган.

Улуу жазуучу А.Осмоновго болгон таазимин «Фудьзиямадагы кадыр түн» спектаклиндеги каарманынын: *«Алиге чейин Алыкулга тургузулбаган эстелик кимге коюлмак эле?»* – деген сөзү менен билдиргени казак туугандар арасында чоң кызыгууну жаратканы өзүнчө кеп.

Мындан кийинки жолугушуулардын ичинен Москвадагы кездешүүнү өзгөчө баса белгилегим келет. Ч.Айтматов анда «Инностранная литература» журналынын башкы редактору болуп калган. Уулум Сыргак жол кырсыгынан улам катуу жабыркай, бир көзүнөн ажырап жана баш сөөгүнүн чыкый тарабы талкалангандыктан Москванын Бурденко атындагы нейрохирургия институтунда операция жасалып жана офтальмология жагынан да дарыланып жаткан.

Башкы врач менен сүйлөшкөн маалда анын да Айтматов дегенде ак эткенден так эткен мамилесин туйдум. Журналдын редакциясына издеп барсам, Чыке жок экен.

– Эгер шашылбасаңыз күтүңүз, жарым саатта келип калат, – дегендеринен улам күтүп отурдум. Болжогон маалдан бираз өтө бергенде Чыкенин бакыйып келатканын көрүп, утурлай тосуп саламдаштым.

Ал, жайды сурашкан соң, келген себебимди айтып алиги врачка автограф жазып берүүсүн өтүндүм. – Сыргак баатыр тез сакайып кетсин! деди да, колтамгасын койду. Жылуу маанайда коштоштук *«Памирбек иниме 31.V.1990. Москва –* деген жазуусу бар китеби азыр өзүнчө зор таберик.

...Сыргактын палатасында врачтардын обход-кыдыруусун күтүп отурдум. Оорулардын ар бирине жылуу мамиле жасап, мээримин төгө үңүлө караган башкы врач Груша бизге келгенде: – Скоро можете поехать домой, все нормально, так что папа и сын желаем Вам доброй дороги – деп адатынча Сыргактын бети, башынан акырын сылай, мага да жагымдуу жылмайганда Чыкенин өзүнө арнап колтамгасын жазып берген китебин ыраазычылык иретинде кош колдоп сундум. Башкы врач канчалык токтоо жана сыпаа инсан экендигине карабай: - Вот такая радость, сам Чингиз Айтматов поставил свой автограф. Как вы его нашли, он же постоянно на выездах или всегда занятой человек?! – деп сүйүнгөнүн да таң калуусун да эч жашырбады.

Ч. Айтматовдун айрым чыгармаларын мажар-венгр тилине которгон күйөө балам Даут Кара Шомфаинин автограф жөнүндө айтканын да кыргыз окурманына баяндап берүү кызык деп ойлойм. 2006-жылдын апрель айында Будапешт шаарында Ч.Айтматов менен жолугушуу болуп, «Чынгызхандын ак булут» романы менен, «Кайрылып куштар келгенче» ангемесинин бетачары өткөрүлүп, Венгрия жана айрым европалык жазуучулар менен адабиятчылар да катышат. Кеченин соңунда колтамга-авторграф алуу аземи башталып, баягы ондогон жазуучулар 10-15 минутта

эле калемдерин чөнтөккө салып отуруп калышса, Чыке бир жарым, эки сааттай автограф коюп, окурмандардын ыраазычылыгын алыптыр. Көрсө, алар Айтматовдун мурда мажар жана орус тилдеринде чыккан китептерин үйлөрүнөн ала келишкен экен. Союз маалында социалисттик өлкөлөрдө да орус тилин жакшы өздөштүрүшкөнүн ушул окуя тастыктап туру. НАТО блогуна, капитализмге каршы турган куралдуу күчтөрдүн Варшава келишими, СЭВ – экономикалык өз ара жардамдашуу союзу да СССР менен кошо тарых аренасынан чыгып калды. Ал эми Чыңгыз Айтматовдун жалпы жонунан 150 млн нускадан ашкан чыгармалары ааламдагы ар түркүн тилдеги окурмандарынын китеп текчесинде турат.

«Манас» эпосубуздун 1000 жылдыгы БУУ тарабынан 1995-жылы дүйнөлүк деңгээлде белгиленип, кийин адамзаттын руханий шедеври катары ЮНЕСКО тизмесине киргизилди.

Алыкул Осмонов дүйнөлүк адабияттын Шекспир, Руставели, Пушкин, Навои, Низами сыяктуу классиктерин кыргыз тилине которуп, ошолордун таасиринде өзү да кыргыз поэзиясына философиялык нук салганын эстегенде СССР мамлекетинин маани-маңызына баа бербей, ал турмак тануу маанайында жүргөндөргө не дейбиз. Анчалык эле кыйын болсок, эмне үчүн эгемендиктин жыйырма беш жылдыгында экономикалык ири ийгиликтерди жарата албадык, руханий же маданий жагын айтпаганда да...

Баса, автограф боюнча сөз болуп жаткан соң Алыкул Осмоновдун да колтамгасы жөнүндө кеп кылуунун ыгы келип турат. Акындын орус тилиндеги «Мой дом» аттуу алгачкы китеби 1950-жылы «Советский писатель» басмасынан жарык көрүп, Сталиндик сыйлыкка көрсөтүлгөн.

Ушул китебинин бирөөнө автор замандашына төмөнкүдөй колтамга коюп берген экен; *«Кадырлуу Курмангали Каракеевке,*

*Сизден пикир угуу нээтим менен, автор А. Осмонов. 1.XII.1950»*

Бул Алыкул Осмоновдун эң акыркы автографы болушу мүмкүн... Анткени, он бир күндөн кийин Алыкул өпкө оорусунун айынан 35 жашында дүйнөдөн мезгилсиз өткөн эмеспи.

Китепти тумардай ыйык сактап жүргөн тарыхчы, академик, Кыргыз ССР илимдер академиясынын президенти болгон К.Каракеев аксакал мага тартуу эткен эле. Мен бул баалуу белекти жана 1967-жылы акынга (өлгөндөн кийин) ыйгарылган Кыргызстан Ленин комсомолу сыйлыгынын лауреаты күбөлүгүнүн 1989-жылы 4-январда мага берилген көчүрмөсүн дагы башка ондогон экспонаттар менен Алыкул Осмоновдун 75 жылдык маарекесинде, Каптал-Арыктагы мемориалдык музейине 1990-жылы октябрь айында тапшыргам.

Ал эми Алыкул Осмонов атындагы адабий сыйлыктын биринчи лауреаты Рамис Рыскуловдун колтамгалары ойдологон, ойдо жок, көбүнчө кыйма-чийме сүрөттөр менен коштолгондуктан кээде рун жазуулары же Саймалы-Таш элестери сыяктанып кетет. Акын агабыз Алыкулду өзгөчө кадырлап, чыгармачыл туу тутканына сыймыктанат жана анын ырларын орус тилине өзүнө таандык ыкмада которуп келүүдө. Мага арнаган автографтары да ошол котормолору шилтенген ак барактардын чет-бучкактарына чиймелениши менен башкалардан айырмалуу. «Илбирс» кафесинде капыл-тапыл жолугушуп калганда азыркы заман жөнүндөгү сегиз акындын, анын ичинде өзүнүн да ыры чыккан «Агым» гезитине жазып бергени: *«Ардактуу Памирбек, ушул ырларды окуп кой, ыр байлыгы ой. Акын Рамис Р. 4.X.2007».*

Ал эми төмөндөгү алты сапты мен түзүүчү-редактору болгон «Кыргызстандагы 1916-жылдагы элдик көтөрүлүш» жыйнагынын жарыкка чыгышына карата арноо-автограф катары калемдешим, замандаш иним, педагогика илимдеринин доктору, жазуучу-публицист Абдыкерим Муратов 1995-жылдын 25-июнунда саат 13.40 та «ZAMAN Кыргызстан» гезитинин редакциясында жазган эле.

*Кылымдын ишин бүтүрүп,*
*Казыбаев келет жүгүрүп.*
*Пиримдин ишин бүтүрүп,*
*Памирбек келет жүгүрүп.*
*Шордуу кыргыз түңүлүп,*
*Шоморуп жүрөт күйүгүп.*

Мындайча жазылыштын башкы себеби – үркүн боюнча архивдик документтер жана эскерүүлөр жыйнагы беш жыл кечигип чыккандыгында.

А.Муратов кийин мен жөнүндө «Алыкултаанунун алп дыйканы» аттуу макаланы жазганы, алыкултаанума жаңы эргүү бергени ырас.

«Манас» эпосунун миң жылдыгына даярдануу, иш-чараларын өткөрүүгө катышканым өмүрүмдөгү эң жакшы жана кызыктуу учурум деп сыймыктана алам. Анткени, бул мааракe эгемендикке эми жеткен Кыргызстандын саясий жана маданий эң биринчи эл аралык бетачары болчу. «Манас-1000» мамлекеттик дирекциясындагы иштерим менен бирге «Теңири Манас» романынын жарык көрүшүнө да жеке салым кошуу вазипасын аткарууга туура келди,. Автор Ашым Жакыпбектин көп жылдык изденүү түйшүгүнөн жаралган эпос өзөктүү романдын окурманга жетүү жолу өзүнчө эле чоң казаттай туюлат. Жазылып бүткөнүнө

кыйла убакыт өтсө да же өкмөт чыгарбай же демөөрчү табылбай автор далай убара тартты. Акыры, каржы маселеси да оң жагына оогондо. Ашыке колжазмасына *«Басууга. 1994 1/6»* деп кол койгон соң, өзү 4-июнда каза таппапы... Ошентип, курамында башкы спонсор Алишер Ишимов, редактор-уюштуруучу П.Казыбаев, художник Таалай Курманов, сүрөт редактору Салижан Жамгырчиев болгон чыгармачыл жамаат жетимсиреп калдык.

Ошондо, дегеле ырга шыгы жок художник Салижан:

*Сагымбай баштап «Манасты»,*
*Саякбай тартты азапты.*
*Кыргызга Манас Теңир деп –*
*Ашыке роман жаратты!* – деген төрт сапты чыгарып, шеренке кутусунун бир жагына кооздоп жазып, экинчи жагына автордун фотосун чаптап, өзүнчө бир эскерткич жасап койду.

Ч.Айтматовдун «Алгы сөзүн» жазып, Брюссельге факс менен жөнөтүп, жообун алганча, колжазманы жана корректураны баш аягы жети сыйра окуганча жыл айланып кетиптир...

«Манас-1000» маарекесине карата Ашыкенин «Теңири Манас» романы 50 миң нускада чыгарылышында Алишер Ишимовдун демөөрчүлүгү негизги милдетти аткарды. Китептин чыгышына байланыштуу автордун жесири Гүкүн эже үйүнө чакырып, бардыгыбызга сый-сыпатын жасай, ыраазычылыгын билгизген эле. Ашыкенин акынга болгон адабий арзуусу студенттик күндөлүгүндөгү: *«Жеңишбек Алыкулдун таң чолпону»* деген пикири «Мезгил жана Алыкулда» (2006) баяндалган.

1916-жылдагы элдик эркиндик көтөрүлүш – үркүндү жалпы Орто Азия боюнча биринчи иликтеген илимпоз,

тарых илимдеринин доктору, профессор Кушбек Үсөнбаевдин орус жана кыргыз тилдериндеги эмгектери 1960-жылдардан баштап жарыялана баштаган.

Өз элинин тарыхына, тагдырына кызыккандар катарында асылбаштык окурман, убагында ветеринария жаатында изилдөө иштерин жүргүзгөн Ибраим Адылчаев аксакал К.Үсөнбаевдин «Илим» басмасында 1967-жылы чыккан «Восстание 1916-года в Киргизии» китебинин Асылбаш айылына, жакын туугандары Сарыказак Калбатов, Эсеналы Абадановго тийиштүү беттерин белгилеп койгон жана ушул китепке 1995-жылы 15-июнда: *«Мистегүл балама! Илимий иштериңе ийгилик каалаймын»* деген кол тамгасы менен белекке берген. Анткени М.Махмутбекова ошол жылдары 1916-жыл боюнча изилдөө-иликтөө иштерин аяктоо менен диссертациясын кыргыз тилинде даярдоого киришип жаткан кези эле.

Ал эми автор К.Үсөнбаев агабыз «Героические и трагические события 1916 года» деген китебин 1997-жылы 3-майда: *«Татыктуу шакиртим Мистегүлгө жана калеми курч журналист иним Памирбекке: Ишиңерге ийгилик, үйүңөргө бакыт каалаймын!»* деген ак батасы менен тартуулаганы өзүнчө таберик.

«Нышаа жана анына доору» китебимдин чыгышына илимпоз жана кыргыз санжырасынын билерманы, XVII-XVIII кылымдардагы тарыхый окуяларды кыргыз-казак-орус булактардын негизинде иликтөөгө өзгөчө көңүл бурган тарыхчы-окумуштуу иним Элебай Турганбаев «Балыкооздун санжырасы (Отор хан же арабдар келгенге чейинки кыргыздардын тарыхы)» деген китебине жазган колтамгасы: *«Кыргыз тарыхына күйүп, ага салым киргизип жүргөн адамдардын бири —Памикеме түзүүчүдөн. Окуп коюп жүрүңүз». 06.05.2010*

Көл кылаасынын Жети-Өгүз районундагы Санжыра жана чөлкөмтаануу музейин коомдук башталышта түптөп уюштурган Кален Жетимишбаев абанын ошол ишине берилүү менен, кезектеги тарыхый-археологиялык табылгаларын тактоо үчүн Бишкекте тердеп-кургап жаны тынбай жүргөнүн көп эле көрдүк. Жетимиштен ашып, эбак пенсияда экенине карабай элдин жердин баянын далилдөөчү экспонаттарды, макалаларды топтоого жан дилинен берилген эмгек ардагеринин арыбас аракетинен үлгү алчулар көп болсо, кыргыз маданиятынын маани-маңызы дагы кеңири кулач жаймагы анык.

Бишкек мамлекеттик университетинин гуманитардык илим-изилдөө институту тарабынан чыгарылган «Бата – ата-баба салты» китепчесин борбордогу санаалаштарына чачыла катары таратып, сүйүнүчү көзү эле эмес, сакалы аркылуу да нур сымал чачырап турганы дале элестей берет. Ошол маанайда китебине: *«Памирбек балам, сенин зор эмгегиңе көптөн бери көз салып жүрөм! Рахмат. Ал ишиң элиң үчүн зор сыймык! Эмки сөз эмгегиңдин үзүрүн көр, кырсыктан тышкары бол. Сарт Аке, Тилекмат Аке арбактары дайыма колдоп, ак жолуң ачылып турсун! Манас атаң арбагы дайыма колдосун!» Атаң Кален Жетимишбаев деп 2002-жылы 20-августта кол тамгасын койгон эле.*

Эң алгач сыртынан тааныганым көгүлтүр көл жээгинде бирине бири далысы менен жөлөнүп отурган эки адамдын (эркек менен аял) элеси көк асмандын алкагында чагылыша, алардын өткөн чагындагы жаштыгына, жакшылыктарына чөмүлө жашоонун ырахатына батып турган кезин чагылдырган «Эсимде» аттуу сүрөтүнөн улам болгон.

Кийин «Манас-1000» мамлекеттик дирекциясынын «Манас-маалымат» Басмасөз борборун жетектеп турганда Жоомарт Кадыралиев ага менен жакындан таанышып улуу

эпосубузга байланыштуу иштешип калдык. Шопоков көчөсүндөгү чеберканасына барганда өзү бир кезде Алтай тоолорун кыдырып, кыргыз элинин эзелки чыйырын басып келгенин айтса, алтайлык туугандардын комузунун күңгүрөңгөн күү кайрыктарын көмөкөй үнү менен коштой ырдаса ким болбосун таасирленбей койчу эмес. Ал эми коңур добуш менен кошо «Адамзаттын бешиги аталган Алтайдын» даркан талааларынын шыбак жытынын илеби тартылып бүткөн же жаңы эле баштаган сүрөттөрүнөн сезилип тургандай таасир этээр эле.

Жоомарт байкенин бетке айтмайлыгы, чогоол мүнөзү, көп нерсени кенебестиги менен байыркы бабалар жергесин кыдырып келгени жана манасчылар дүйнөсүнө жакындыгы «Манас» эпикасына арналган сүрөт эмгектеринин эл арасынын кеңири таралышын шарттаган башкы жагдайы деп ойлойм. Көк асман, чексиз аалам жана көк менен шайкеш жаралган эпикалык сүрөттөрү Ж.Кадыралиевди бөлөк художник-манасчылардан кескин айырмалап турат.

Эне-Сай өзөнүн бойлоп келаткан эки атчан баатырдын мунарыктап билинээр-билинбес сүрдүү да, сырдуу да элесин чагылдырган эмгеги жана көргөзмөсүнө арналган буклетиндеги: *«Памир! Басыгыңдан жазба! Жоомарт байкең. 10.08.2000» колтамгасы мен үчүн эң маанилүү таберик.*

Үркүн окуясын кыргыз совет адабиятынын К.Баялинов, М.Элебаев, А.Токомбаев, Ж.Турусбеков, А.Токтомушев өңдүү туубашылары өз баштарынан өткөргөн окуяларынын негизинде жазгандары маалым.

Ж.Эгембердиев, С.Өмүрбаев, Т.Касымбековдор улуу муундун жолун улай кыргыз элинин эркиндиги үчүн күрөшүн чагылдырган тарыхый чыгармаларды жазышты.

Дүйнөлүк биринчи согуштун алааматы менен падышалык Россиянын жана анын жергиликтүү бийлик

өкүлдөрүнүн кош эзүүсүнөн азаттыгын алууга умтулган элибиздин үркүндөн баштап кийин советтик репрессиянын капшабына чейинки окуяларды камтыган «Мисмилдирик» («Беделдеги каргыш») аттуу тарыхый романды тарыхчы-жазуучу, белгилүү журналист Арслан Койчиев 2009-жылы жарыкка чыгарышы адабият, тарых жаатындагы чоң жаңылык катары кабыл алынышы өзгөчө окуя болгон.

Жаш автордун жаңычылдыгына, кыргыз тарыхынын кыйын кезеңдерин адабий ыкмада укмуштай кештелеп жазганына суктануу менен бир демде окуп чыга, басма сөздө жана өзүнө окурмандык оюмду, мамлекеттик сыйлыктарга да көргөзүлсө деген сунушумду ортого салгам.

Арслан иним да ыраазы болуу менен китебине: *«Улут таламын талашып жүргөн агам Памирбекке» 30.07.2010.* Бишкек деп колтамгасын койгон. Ал убакта автор Лондондо жашап, BBC радиосунда иштеп жүргөн кези эле.

*Памирбек!*
*Алыкулду туу кылып жалпыбызга,*
*Ак кызматың өтөдүң калкыбызга.*
*«Отуз жаштын» экөөсүн кошуп туруп,*
*Чыга келдиң сен дагы алтымышка.*
*Алыкулдун Акбозат чаалыккыс ат,*
*Сага ылайык минип алып кайкып учса,*
*Сен жасаган эрдикти мен да жасап,*
*Ыраазы элем калтырсам артыбызга.*

*Өмүрлүү бол, чыгармачылыгың гүлдөсүн! – жердешиң Жакыпбек Абдылдаев. 07.09.2012, Бишкек.*

Кен казган, балдар үчүн да жазган жана пародия жанрынын чеберинин мааракe белеги-тилеги.

*Урматтуу Памирбек таякеме! Жакшылыктар төрүңүздү талашып турсун. Чыгармачылык жигер каалайм! Э.Үмөтов. 22.08.2018*

Балалык кези Асылбаштагы таятасы Бекказы бийдин үйүндө өткөн Үмөт Молдонун өмүр баянын жазган чөбөрөсү Эрмек Үмөтов колтамга койгон маалда Талас облТВнын башкы директору.


Алыкул Осмоновдун
XXI кылымдагы окурман-
дарына жана акындык
үйүн адабият, маданият
борборго айлантууну көз-
дөгөн Алыкул фондуна
ийгилик каалоо менен
ушул китептерди ру-
хий белек катары тар-
тууладым!
Кыргыз Республ-н маданиятына
эмгек сиңирген ишмер. Курман Кыдырбаева.
16-август 2000-жылы.
Бишкек шаары.
К. Кыдырба

## Алыкул Музейине таберик

Бул китеп менин болжолумда 1955-жылы чыккан окшойт. Агам Мамбетакунов Жеңишбек 14 жашында сатып алган экен. Китеп окуганды жакшы көргөн, комуз черткен ыр жандуу адам эле. Ал өмүр бою Ат-Башы районундагы Пограничник колхозунда чабан болуп иштеди. 2011-жылы 70 жашында каза болду. Андан кийинки иниси Мамбетакунов Эсенбек, мен ушул китепти окуп чоңойдук. Энем Шайылдаева Шайымбүбү дагы китеп жандуу адам эле, ушул китептеги ырларды, "Толубай сынчы", "Ким болду экен?" деген поэмаларды кайра-кайра окутуп угаар эле. "Маляр", "Коргон ташты жайладык", "Жибек кийген эрке кыз" деген сыяктуу ырларын жатка билчү. Кээде айылдагылар да сурап кетип окушчу, колдон колго өтүп жүрүп араң дегенде кайра таап келчүбүз. Ат-Башынын Жаңы-Күч айылында 1960-жылдарда эң эле көп окулган ушул китеп болгон. Ошол кездеги айыл эли Алыкул дегенде ичкен ашын жерге койчу эле. Ошентип жүрүп, биринчи, акыркы барактары айрылып да калыптыр.

1980-жылы агамдан сурап алып, бүгүнкүгө чейин менин жеке архивимде сакталып келет. Алыкулдун өз колунан алгансып, аздектеп катып жүргөн китебимди Алыкул музейине – анын уюштуруучусу Памирбек Казыбаев аркылуу берүүнү чечтим. Анткени залкар акындын мындай китеби улам кийинки муун үчүн табылгыс таберик эмеспи.

**Ысмайыл КАДЫРОВ**
КР маданиятына эмгек сиңирген ишмер,
балдар акыны
2014-жыл, 7-апрель.

АКАДЕМИЯ НАУК КИРГИЗСКОЙ ССР
ИНСТИТУТ ЯЗЫКА И ЛИТЕРАТУРЫ

*Р. З. КЫДЫРБАЕВА*

# ЛИРИКА АЛЫКУЛА ОСМОНОВА

Сүйүктүү акыным
Алыкулга жана анын
музейине менин биринчи
туңгуч эмгегим
Кыдырбаева
16.04.2003

Кыргыз Республикасы
«АЛЫКУЛ
ҮЙҮ-БОРБОРУ»
КООМДУК БИРИКМЕСИ
Кыргызская Республика
ОБЩЕСТВЕННОЕ
ОБЪЕДИНЕНИЕ
«ДОМ-ЦЕНТР
АЛЫКУЛА»
ИНН 02204199310079
«.....» ..................... 200... ж.
№ ..............................
г. Бишкек ш.

ИЗДАТЕЛЬСТВО АКАДЕМИИ НАУК КИРГИЗСКОЙ ССР
Фрунзе. 1957 г.

**АКАДЕМИЯ НАУК УЗБЕКСКОЙ ССР**
**ИНСТИТУТ РУКОПИСЕЙ**

ИЗБРАННАЯ ЛИРИКА ВОСТОКА

# НАДИРА

# ИЗБРАННЫЕ СТИХОТВОРЕНИЯ

Институт колинге эсеник учун
Зейнеп Эрден.
Ташкент. 1989 ж.

Издательство ЦК КП Узбекистана
Ташкент —1979

**Советбек Байгазиев**

Айкул таануунун классигы Памирге урматтоо менен! Автор 2018 19/IV

# АЙКӨЛ МАНАСТЫН
## АДЕП-АХЛАК
# КОДЕКСИ

**Улуттун рухий-маданий жашоосунун уңгулары**

**Осуят китеп**

**Бишкек-2018**

**Алыкулду эскерип**

## ШОТАНЫН ШООЛАСЫ

Грузин эли Европа менен Азиянын, мусулман дүйнөсү менен христиандык дүйнөнүн түйүндөш, чектеш жеринде жайгашкандыктанбы, адабияты менен маданиятында да ушул жагдайдагы көрүнүштөр көп байкалат. Араб, түрк жана монгол жапырыктарын башынан өткөргөн өлкө соңку эки кылымда Россия карамагында болуп, эми гана эр- киндигине жеткендей туюлганы менен кезектеги «кожоюн» АКШ алдында күнкор абалда. Украина, Кыргызстандагы «күлгүн революциялардын» сценарийинен Грузия деле эч айырмаланбасын саясатчылар сайрап жүрү.

Намыскөй, достукка бекем жана айткан сөз өтөөсүнө чыга билген, эң башкысы эзелки эне тилин, тамгасын унутпаган жана байыркы тарыхын даана баалай билгендиктен башкаларга теңата мамиледе жүргөн грузиндердин улуттук угуту өрнөк тутууга арзыйт.

Ошондой руханий өрнөктүн шооласын Шота Руставели дээрлик тогуз кылымдан бери «Жолборс терисин кийген баатыры» менен Грузияга эле эмес, дүйнөнүн көп бөлүгүнө төгүп келет.

Бул чыгармасынын мынчалык күчү, негизги даремети эмнеде? – деген суроону кыргыз арасына тараткан жана ага өзү укмуштай жооп жазган Алыкулдун мээнет чыйырынын башталганына 70 жылга чамалады.

Шотанын эр достугу, махабат жана шертке, антка, убаддга туруу жөнүндөгү даңазалуу дастанын которуу Алыкулдун өзүнө да угут- туу адабий сабак болгону эбак белгилүү. Котормосу котормо делбей эле, нукура элдик же акындын

өзүнүн түп нуска чыгармасындай саналарына анын алты жолу кыргызча чыгарылганы далил.

Шота Руставелинин тагдыры менен баш каармани Тариэлдин, Тамара падышасы менен Нестандын тагдыры окшош болгон. Шота аттуулардан беш-алтоо падыша сарайында кызмат өтөгөн, алардан бирөө гана Грецияга барып, философиялык билим алганы, дагы бирөө Палестинадагы (Иерусалимдеги) грузин монастрында өмүрүнүн акырына чейин кызмат өтөп, сөөгү ошол жерге коюлганы өзүнчө узун кеп.

Окуялардын кийинки өнүккөнүнө караганда, грузиндер египеттик султандан 200 миң динарга сатып алган монастырь кийин гректерге өткөндө алар мурунку ээлерге байланыштуу бардык издердин жигин билгизбей жашырганга, өчүргөнгө өзгөчө аракеттенишет. Ушул себептен Шотанын мармар мамыга чегилген фрескасы да XX кылымдын 60-жылдарына чейин белгисиз, ал турмак талкаланган деген пикирге чулганган эле.

Грузиндердин илимий жана чыгармачыл интеллигенттеринин Ираклий Абашидзе башында турган өкүлдөрү Палестинага атайын барышып, Шотанын дайынын табууга жасаган аракети үзүрүн берет. Көрсө, грузин монастырына ээ болгон гректер Шотанын аты-жөнүн билгизбөөнү көздөп, анын элеси түшүрүлгөн ташты XVII кылымдан тарта кара боёк менен үстү-үстүнө боёй бергендиктен белгисиздиктин катмарына каптала берген.

Ошентип, Шота Руставелинин жаткан жери, тартылган сүрөтү кайрадан такталып, улуттук жана дүйнөлүк адабияттагы орду, өмүр баяны такталат.

Мына ушул окуяга тиешелүү фотону Алыкулдун күйөрмандарынын бири, Кыргыз-Россия университетинин окутуучусу, илим кандидаты Аттокур Жапанов «Алыкул үйү-

борборуна» алып келиптир. Жайында Израилге адистигин жогорулатууга барганда Иерусалимге жасаган саякаты маалында Шотанын жайына да кайрылат. Тилекке каршы, акындын бейнеси түшүрүлгөн мармар мамыны, бейитин фотого тартууга руксат жоктугунан, сырттагы эскерткич тактаны гана видеотасмага түшүрүп, сүрөтүн ошондон чыгарыптыр.

Шота Руставелиге окшоп өзүнүн махабатына жетпей калган тагдырынан улам таланты ташкындаган Алыкул айтылуу котормосун тез арада бүтүрүп:

Шота аба чын достуктун эң кымбаты,  
Эр үчүн керек жерде ак кызматы.  
Жөнөй бер, дагы сонун жерге алпарат,  
Алдагы мен берген кыргыз аты, –

деген маанайда өз милдетин татыктуу өтөп, Шотанын өзүнө жана каармандарына кыргыз аттарын тартуулай, Ала-Тоо атпай журтун аралатканына жүзү болду. Бул китебин жетинчи ирет чыгарууга даярдалганы менен каражат жоктугунан басмада жатат. Ушул учурда Атамекен, Ата-журт, Акжол, Кыргызстан сени жыргатам деген урааңды чакырып жаткан он эки партиянын кайсынысы же бир чыгаан мүчөсү ушул мүдөөнү аткарар экен?

## «ЛЮБО МНЕ»

Алыкул Осмонов особенно любил поэзию А. Пушкина. Не случайно его называют кыргызским Пушкиным. Сравнение многих произведений двух поэтов подтверждает правильность такого вывода. Сопоставим, к примеру, стихотворение А. Пушкина «Когда за городом, задумчив, я брожу» (1836) и А.Осмонова «Жактырдым» («Мне понравилось»). Кстати, о наличии их связей в содержании в свое время упоминал профессор Л. Шейман.

Стихотворение «Когда за городом, задумчив, я брожу» относится к философской лирике, оно написано в последние годы жизни поэта. А. Пушкин размышляет о бренности и смысле бытия, противопоставляет придворную петербургскую жизнь вольности. Стихотворение состоит из двух частей. Первая часть начинается с описания городского кладбища, где «гниют мертвецы столицы». Герой задыхается в душной атмосфере и хочет «плюнуть да бежать».

Поэт ненавидит «неподвижные», «темные» мавзолеи, так как они наводят грусть, уныние, рождают «смутные мысли».

Во второй части А.Пушкин противопоставляет душной городской атмосфере простые деревенские могилы, где «дремлют мертвые в торжественном покое».

Но как же любо мне
Осеннею порою, в вечерней
тишине,
В деревне посещать кладбище
родовое,
Где дремлют мертвые в
торжественном покое.

Стихотворение А.Осмонова «Жактырдым» (17-октябрь 1948-жыл) тоже посвящено теме смерти и гробниц. Состоит оно, как и стихотворение русского поэта, из двух частей. Правда, «Жактырдым» гораздо короче, чем у Пушкина. В первой части можно легко уловить сходную идею с Пушкинской:

Пусть осуждают нрав беспечный
мой,
Но я скажу в согласии с молвой:
Высокие гробницы ненавижу,
Что с жизнью соседствуют
живой.

Во второй части А.Осмонов, как и А.Пушкин, пользуется приемом конт¬раста, противопоставляет “мраморным” городским гробницам скромную могилу деревенского пастуха Джапара.

И вот лежат, чернея, у надгробья
На солнцепеке четверо козлят.
Под вечер, ночью вглядываюсь
в тьму,
Вновь жизнь Джапара вспомню,
Вновь пойму:
Бессмертен смертный, коль
Живое что-то
Над ним растет и ходит по
нему.

Оба поэта глубоко народны: они ненавидят высокие гробницы, напротив, им нравятся простые деревенские могилы, на которых растут трава, дуб, «колеблясь и шумя».

Сходны линии движения поэтического мышления, одинаковы внутренние душевные и психологические состоя-

ния двух поэтов. Видимо, этим же определялось и название стихотворения А. Осмонова «Жактырдым», так как вторая часть пушкинского стиха начинается «Любо мне». А.Осмонов при названии свое¬го произведения отталкивается имен¬но от этих слов. Поэтому правильно было бы перевести название его стихотворения «Жактырдым» на русский язык не как «Мне понравилось», а «Любо мне», ибо в первом случае нет главного – акта художественного восприятия, при котором можно было бы сказать : узришь поэзию живую. А во-вторых, название стиха в русском переводе не соответствует содержанию произведения.

*Сатыбалды Мамытов,*
*кандидат филологических наук, «Слово Кыргызстана»,*
*8-июль, 1998 год.*

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖАЗУУЧУЛАР СОЮЗУНУН АЛЫКУЛ ОСМОНОВ АТЫНДАГЫ АДАБИЙ СЫЙЛЫГЫНЫН ЛАУРЕАТТАРЫ

1. Сарногоев Байдылда. 1986. «Ашуудан берген отчетум» аттуу поэтикалык жыйнагы үчүн.

2. Рыскулов Рамис. 1986. «Ырлар» аттуу поэтикалык жыйнагы үчүн.

3. Ишенов Сагынбек. 1990. А. Осмоновдун чыгармачылыгын мультипликациялык фильмдерде, живописте, графикада чагылдыргандыгы үчүн.

4. Мамбетакунов Кадырбай. 1990. «Акын жана ажал» драмасы үчүн.

5. Өмүрзаков Кымай. 1990. А. Осмоновдун чыгармачылыгы жөнүндө көптөгөн макалаларды жазгандыгы үчүн.

6. Өмүрканов Анатай. 1990. Поэзия жаатында талыкпаган эмгеги үчүн.

7. Сабыров Курбаналы. 1992. «Керээз» ырлар жыйнагы үчүн.

8. Самудинов Токтосун (Т. Мидинов). 1992. «Кол чатыр», «Чаң баспасын сөздөрдү» балдар ыр китептери үчүн.

9. Акматбекова Сагын. 1995. Поэзия жаатында ар тараптуу эмгектенгени үчүн.

10. Алымбеков Надырбек. 1995. «Ырдалып бүтпөйт махабат» ырлар жана термелер китеби үчүн.

11. Кулуев Кожогелди (Култегин Кожогелди). 1995. «Дарбаза жолго ачылат» ырлар жыйнагы үчүн.

12. Абдалова Фатима. «Ай жарыгында» ырлар жыйнагы үчүн.

13. Бейшеев Аспек. 1997. Залкар акындын өмүр жолун чагылдырган 30дан ашык графикалык сүрөттөрү үчүн.

14. Казыбаев Памирбек. 2000. Акындын үй-музейлерин түптөөдө, өмүр баянын изилдеп толуктоодо, ырларынын орус, англис тилдеринде басылып чыгышында ж. б. тийиштүү көп иштери үчүн.

15. Уолтер Мэй. 2000. Акындын ырларын англис тилине которгондугу үчүн.

16. Акбаров Атантай. 2001. «Кудайдын ыры» поэтикалык жыйнагы үчүн.

17. Алиев Манап. 2002. «Ыйманың, жаның бир болсун...» ырлар, ой толгоолор китеби үчүн.

18. Шатманов Салибай. 2002. Кыргыз адабиятына кошкон көп жылдык эмгеги үчүн.

19. Чотурова Бактыгүл. 2004. Түрдүү жанрларда ийгиликтүү эмгектенгени үчүн.

20. Исабаева Жыпар. 2004. «Алыкулду сүйгөн кыз; Махабат баяны» аттуу прозалык чыгармасы үчүн.

21. Момунова Гүлсайра. 2004. Кыргыз поэзиясына кошкон бараандуу салымы үчүн.

22. Синельникова Михаил Исаакович. 2006. За сборник «Мой Алыкул».

23. Салгамани Бектуруш (Табалдиев). 2008. «Роман-гезит» чыгармасы үчүн.

24. Эгембердиев Абдыжапар. 2008. «Өлбөгөн жанга жаз келет» китеби үчүн.

25. Калчабаева Бурул. 2010. «Аян» мистикалык драмасы үчүн.

26. Сыдыгалиева Даражан. 2010. Акындын мурастарын жыйноодогу жана сактоодогу, жаштарга жеткирүүдөгү эмгеги үчүн.

27. Тентимишов Мундузбек. 2010. А. Осмоновдун өмүр баянын жана чыгармачылыгын изилдеп, көп макалаларды жазгандыгы үчүн.

28. Асаналиев Мукан. 2013. Котормо жаатында талбаган эмгеги үчүн.

29. Бакашова Жылдыз Кемеловна. 2015. Улуттук китепканада Алыкул Осмонов музейинин ачылышына жетишкени үчүн.

30. Жамгырчиев Бердибек. 2015. «Жүрөктө калган бир ысым» ырлар жыйнагы үчүн.

31. Кубанычбеков Акбар. 2015. «Периштенин канаты» ырлар жыйнагы үчүн.

32. Сейитбекова Бактыгүл. 2015. Россиядагы мекендеш таланттуу жаштардын чыгармачылыгынын калыптанышына жардам бергендиги үчүн.

33. Тыналиев Астар. 2015. А. Осмоновдун ырларынын 22 текстине ыр-романстарды чыгарып, пропагандалаганы үчүн.

34. Ажыбеков Шаршенбай. 2017. Алыкултаануу жаатында ар тараптуу эмгектенгендиги үчүн.

35. Жакыпов Атакул. 2017. «Айдың кеч» ырлар жыйнагы үчүн.

36. Кадыракунов Керимбек. 2017. «Улуу көч» ырлар жыйнагы үчүн.

37. Омокеев Улукбек. 2017. Дүйнөлүк поэзияга сугарылган ырлары үчүн.

38. Турусбеков Жекшенбек (Жетиген Жекшен). 2017. А.Осмоновдун чыгармачылыгын талбай пропагандалаганы үчүн.

*«Алыкул Осмонов сыйлыгынын лауреаттары», 2022.*
*Түзгөндөр: А.Самарбекова, Б. Мамбетова*

**«Алыкул үйү борбору» коомдук бирикмесинин директору Памирбек Казыбаевдин АЛЫКУЛ ОСМОНОВ боюнча иштери:**

1. Акындын 1950-жылы Сталиндик сыйлыкка көрсөтүлүш таржымалын Москвадагы архивден такташы.

2. Акынга 1967-жылы ыйгарылган Кыргызстан Ленин комсомолу сыйлыгынын күбөлүгү менен төш белгисинин көчүрмөсүн Каптал-Арыктагы музейине 1990-жылы тапшыруусу.

3. Акындын 1950-жылы 1-декабрда К.Каракеевге кол тамгасын коюп берген «Мой дом » аттуу китебин Каптал-Арыктагы музейге «Алыкул-75» маарекесине карата тартуусу.

4. Акынга жазылган каттарды, өзгөчө Жамила Сулаймановани сүйүү-лирикалык маанайдагы сырын басма сөзгө жарыялашы Алыкултаанууга жаңы чыйыр салды.

5. «Мезгил жана Алыкул» Ф.: Кыргызстан, 1990. 319 б. Китеп. Автор, түзүүчү

6. Алыкул-75. Календарь-1990. «Кыргызстан» 1989.

7. Алыкулдун Каптал-Арыктагы музейи. Буклет. 1995.

8. «Көл толкуну» жыйнагы кыргыз, англис тилинде. Редактор, түзүүчү. Кыргызстан-Сорос фонду. 1995.

9. Алыкул. Өмүрү, чыгармачылыгы боюнча буклет. Түзүүчү. Кыргыз, орус, англис тилдеринде. Лондон. 2005.

10. Мезгил жана Алыкул. 2-басылышы. Б.: Бийиктик. 2006. 284 б. Автор.

11. А.Осмоновдун 1940-жылы чыккан «Жолборс терисин кийген баатыр» котормосун түп нуска катары кийинки басылмаларына салыштырып, текстологиялык редакциялоо менен жетинчи (2010-ж.), тогузунчу (2015-ж) жана кийинки басылыштарын чыгаруу.

12. «Мен кыргыздын акыны» китебинин Түркияда чыгарылышына көмөктөшүп, Анкарада «Алыкул-100» иш-чарасына катышуу. 2015-жыл, октябрь.

13. «Алыкул-100» календары. 2015.

14. Кыргыз улуттук илимдер академиясы 2015-жылы чыгарган «Алыкул» энциклопедиясынын авторлошу, редколлегия мүчөсү.

15. Акындын Бишкектеги үй-музейин түзүшү. 2002-жыл.

16. Акындын Чолпон-Атадагы үй-музейин Б.Асанбаев менен бирге түзүшү, 2009-жыл.

17. «Мезгил жана Алыкул» китебинин негизинде режиссер Айдай Чотуеванын өз каражаты менен көркөм тасма тартышы. 2010-жыл.

18. «Кыргызфильм» киностудиясында П.Казыбаевдин сценарийи боюнча «Алыкул» даректүү тасмасынын тартылышы. 2015-жыл. Режиссер Тынай Ибрагимов. 19 жана 40 мүнөттүк эки вариант.

19. «Маданият» журналынын «Алыкул-100» атайын саны. 2015-жыл.

20. Токмок шаарында А.Осмонов тарбияланган №2 балдар үйүн адабий-маданий музейге айландыруу демилгеси.

21. «Ысык-Көл толкуну» үч тилде (кыргыз, орус, англ.) 2020-жылы чыгарылды.

22. Ласло Месарош, Гапар Айтиев, Ольга Мануйлова, Николай Пузыревский, Аспек Бейшеев, Таалай Курманов, Сүйүтбек Төрөбеков, О.Молдобаев жана башка художник, скульпторлордун акынга байланыштуу эмгектери топтолду.

23. «Мезгил жана Алыкул» китебинин 3-басылышы. «Алыкул ыр өргөөсүн» жасалгалоо. 2023.

24. Акындын 110 жылдыгына карата (1915-2025) Бишкек мэриясы, коомдук жана чыгармачыл жамааттар менен иштешүү

**П.Казыбаевдин А.Осмонов боюнча сунушу, демилгеси менен жасалган иштер:**

1. 1988-ж. Бишкектеги №68-мектепке акындын ысымы ыйгарылган.

2. Каптал-Арыктагы музейине 1990-жылы элүүдөн ашык экспонат берилген.

3. 1997-жылы КР Президентине сунушу менен акындын эстелиги Улуттук китепкана жанына коюлган.

4.200 сомдуктагы ката ыр тексти оңдолуп, Лондондон кайра бастырылып, кыргыз, орус, англис тилдеринде үч буклет чыгарылган. 2004-жыл.

5. Ысык-Көлдөгү кемеге «АЛЫКУЛ» аталышы берилди. Демөөрчү Туратбек Андашев.

6. Ала-Арча көрстөнүндөгү эстелиги оңдотулган. 1997-2015.

7. 2015-жылы Токмоктун №8-мектеби Алыкул Осмонов атындагы деп аталды.

8. Акындын Бишкектеги (П.Казыбаев), Чолпон-Атадагы (Б.Асанбаев) музейлери түзүлүп, эстеликтери орнотулду. Токмок шаарындагы акын окуп, тарбияланган №2 балдар үйүнүн бузулган имаратын оңдоп, адабий-маданий музейди уюштуруу иштери 2018-жылдан бери уланууда. Мектепке, көчөгө аты коюлду (Б.Сатыгулов).

**«МАНАС» тематикасындагы басылмалар**

1. Г.Насыров «Манас» жандырмагы. 1995-ж.
Редактор-уюштуруучу.

2. «Манас» энциклопедиясы. 1995-ж. Авторлош.

3. Ашым Жакыпбек «Теңири Манас», роман. 1995.
Редактор-уюштуруучу.

4. «Манас» фотоальбом (Ч.Турсунбеков авторлош),
Түркия, Анкара . 1995. 172 б.

5. П.Казыбаев «Манас-1000». Фотоальбом. Автор-түзүүчү, Бишкек. 2003. 312 б.

6. «Манас» эпосунун Б.Жакиев түзгөн кошмо вариантын Венгрияда мажар тилине котортуп, чыгаруу. 2016-ж.

7. Котормочу Даут Кара, демөөрчү Ференц Папчак КР ЖК Ардак Грамотасы менен сыйланды.

**ҮРКҮН боюнча басылмалары**

1. 1916-жылкы Кыргызстандагы көтөрүлүш. Документтер, эскерүүлөр Түзүүчү. Б.; Кыргызстан 1996-жыл. 400 б.

2. «Үркүн-100» Адабий чыгармалар жыйнагынын түзүүчүсү, Б.; «Улуу Тоолор» 2016.

3. 1916 год. Архивные документы. Воспоминания участников и свидетелей восстания в Кыргызстане. Составитель-редактор, Б.; «Улуу Тоолор» 2016. 250 стр.

4. 1916–жылдагы көтөрүлүштүн катышуучулары менен күбөлөрүнүн эскерүүлөрү. Архивдик документтер жана материалдар. Түзүүчү-редактор. Б.; «Улуу Тоолор» 2016. 250 б.

5. М.Махмутбекова. 1916-жылдагы Кыргызстандагы элдик эркиндик көтөрүлүш. Редактор-уюштуруучу. Б.: «Улуу Тоолор» 2016. 170 б.

6. «ҮРКҮН-100». «Маданият» журналынын атайын саны. 2016

7. Элдик эркиндик көтөрүлүш. 1916-2016.

Дубал календары.

8. «Кайран эл тайгак кечүүдө». Үркүн боюнча эскерүүлөр, чыгармалар 2016

**П.Казыбаевдин авторлугу, түзүүчүлүгү, редакторлугу жана демилгеси менен жарык көргөн басылмалар**

1. Абрамзон С.М. «Кыргызы и их этнографические историко-культурные связи». Переиздание 1990.

2. Бартольд. Переводы. 1997.

3. Реми Дор «Ооган Памириндеги кыргыздар» 1993.

4. Т.Чоротегин «Махмуд Кашкари»

5. К.Молдокасымов «Курманжандын көз жашы»

6. Нышаа жана анын доору. Автор-түзүүчү. 2011. 400 б.

7. «Чоң-Алайдан чоң ааламга». Автордук жамаат. 2012. 240 б.

8. «Үч кайнар». Р.Абдыкадыров, А.Керимбаев Э. Маадан-бековдордун чыгармаларынын ноталык жыйнагы. Түзүүчү «Учкун» 2007.

9. «Ала-Тоо аңгемелери, поэмалары». Түзүүчү. «Бийиктик» 2014. 400 б.

10. К.Маркстын үй-бүлөсүнүн кат алышуулары. Котормо. Ф.: Кыргызстан, 1984. 244 б.

11. Сборник призведений кыргызских писателей. Переводы А.Атамбаева, «Улуу Тоолор» Составитель 2016. 176 стр.

12. Кыргыз темир жолуна 80 жыл, Фотоальбом. Автор. Кыргыз, орус тилдеринде. Б.: «Учкун» 2004. 188 б.

13. Кыргыз милициясына 80 жыл, Фотоальбом. Автор. Кыргыз, орус тилдеринде. Б.: «Учкун» 2004.

14. «Учкун» ачык акционердик коомуна 80 жыл. Фотоальбом. Кыргыз-орус тилдеринде. Түзүүчү, «Учкун» 2006.

15. «Асылбашым-Аалам башатым» басылмасынын автору. «Улуу Тоолор», 2023.

**Мажарстан боюнча иштери:**

1. Шандор Петөөфи «Азаттык жана Махабат» ырлар жыйнагы. 2004. Редактор.

2. Мажарстан маржандары. Очерктер. Автор-түзүүчү. 2006.

3. «Айтматовго Мажарстандын урмат, сыйы» «Дань уважения Венгрии Айтматову» Ч.Айтматовдун чыгармачылыгы жөнүндө. Кыргыз, орус тилдеринде. Б.; Улуу Тоолор. 2021. Котормо жана редактор.

4. Дьерд Алмаши «Письма и фотографии из сердца Азии». Редактор. «Улуу Тоолор», 2022.

5. Дьерд Алмаши «Азиянын жүрөгүнөн келген каттар жана сүрөттөр». Котормочу. «Улуу Тоолор», 2022.

6. Авторлор коллективи. «Евразия: Эхо истории. Тарых жаңырыктары» Илимий-популярдык басылма. Түзүүчү, котормочу, редактор. «Улуу Тоолор», 2023.

7. Шандор Петөөфи «Азаттык жана Махабат» ырлар жыйнагы. Редактор. «Улуу Тоолор», 2023.

## МАЗМУНУ

Талантка таазим ... 3
«Махабат» маанисиз беле? ... 13
Билген билер, билбегенге не чара… ... 23
Такталган таржымал ... 28
Акындын архивинен ... 57
«Жолугушчу жолдор бар» ... 83
Каптал-Арыкта ... 94
Аалам алпы Шекспирдей күч менен, ооруп жатып алышканым билбейсиң. ... 102
«Манас», Үркүн жана Алыкул ... 108
Кара шумкар, кайыр кош! ... 119
Санаам ... 123
Атаңды көргөн өлбөсүн ... 124
Каттар сырды ачканда ... 130
Элеси эсимде ... 144
Ойлоп-ойлоп өкүнөм… ... 151
Алыкул, Зейнеп баяны ... 156
Сүрөттү сүрүштүргөндө ... 160
Алыкулдун тоосунан жолугалы ... 165
Адигине жалгыз эле, эми жанына Алыкул кошулганына тобо дейли ... 174
Алыкул-Ысык-Көл ... 179
Тескейлик эмес го… ... 182
Небере Алыкул ... 183
Жеңишбектер эстелиги ... 183
Эженин эки тилеги ... 184
Атанын мураскору ... 185
Алыкулдун комузу ... 187
Алыкул Чоң-алайда ... 189
«Калп айткан сөзү көп болуп, Канатсыз калды замана» ... 191
«Чертилбейт, күүгө келбейт чебер колсуз» ... 193
«Калайыкка ылайык» ... 194
Калык кашайтса, Ырыскелди жыргатты ... 199
«Кыргыз тилин» ала келсеңиз ... 201
Тиссадагы кеч ... 202
«Жеңишбек» – Алыкулдун чолпону ... 209
«Жолборс терисин кийген баатыр» баяны ... 213
Алыкулдун алгы сөзү ... 216
Шота Руставелиге ... 218
«Миң уккандан бир көргөн» ... 220
Байкалбай калган каталар ... 220
Соңку сөз ордуна ... 233

Алыкулдун айкели көл бетине чегилген ........................................237
Жоктоо ........................................238
Акын жөнүндө аруу ойлор ........................................241
Улуттун улуу уулу ........................................246
Бийлик жана Осмонов ........................................248
Замандаш ........................................253
Алыкул которгонбу же жазганбы? ........................................258
Алыкул – Человек народа ........................................259
Мой Алыкул ........................................260
Памяти Алыкула ........................................261
Весть из прошлого ........................................262
Время и Алыкул ........................................265
Алыкул үй-борборундагы ой-пикир жана
сунуштар китебинен ........................................268
Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыгы ........................................281
Охраняются государством? ........................................282
Отшельники ........................................284
*Ж.Сулайманова*. Кыялымда тургуздум, кыяматтык эстелик ........................................286
Токсондун тоодой ырысы ........................................287
Шотанын махабат дастанын оку ........................................298
Курманбайдын кызы – акындын каарманы ........................................300
Артыңда атыңды айтар заман болсун ........................................303
Алыкул акынды ардактачу эле... ........................................304
Жети саны тинатин үчүн бактылуу ........................................305
Өз атына сыймыктанган нестан ........................................307
«Сен ооруба, мен ооруюн ата-журт» ........................................313
Музей бизге зор таасир берди ........................................316
Кайталап окубай калды ........................................317
Ыр айкели ........................................319
«Акындын сүрөтүн мүрзөсүнө чейин көтөрүп баргам» ........................................322
Алгачкы басылма ........................................324
Слово об Алыкуле ........................................328
«Перевод – отклик творческий» ........................................330
Өкүттө кеткен Алыкулдун ыры же «Аалам сырларынын»
көшөгө артындагы сыры ........................................342
Алыкулдун адашкан күйөрманы ........................................344
Баткан күндүн аткан таңы ........................................346
Акындын кылым карыткан курбалдаштары ........................................347
Алыкул! ........................................349
Акындын акыркы кол тамгасы ........................................350
«Я вечен. Я тысячи раз возвращусь» ........................................352
Алыкултаануу ........................................357
Элди кээде баатыры сактаса, кээде акыны сактайт ........................................359
Алыкул таануу улантыла бермекчи ........................................362

Казыбаев Памирбек агайга ....................365
Алтымыш жылдан кийинки көз караш....................366
Алыкул Осмоновдун унутулган окуу китеби....................369
Достук көпүрөсү....................375
Сен тынч укта, ....................377
Мен ооруюн Алыкул....................377
Эне баркы ....................377
Алыкул Түркияда....................378
Ата Түрк менен Алыкулдун окшоштугу ....................381
Көздөр жөнүндө сөздөр....................383
ТҮРКСОЙ кеңсесинде....................384
Исмаил атанын белеги....................386
Аэропорттогу Алыкул конференциясы ....................388
Жүз жылдыктын колтамгалары ....................392
Зейнеп эженин табериги ....................392
Сүрөттөр табылар бекен... ....................394
Шотанын шооласы ....................415
«Любо мне»....................418
Кыргыз Республикасынын Жазуучулар Союзунун Алыкул
Осмонов атындагы адабий сыйлыгынын лауреаттары....................421
«Алыкул үйү борборунун» иштери....................424

*Илимий-популярдуу басылма*

**Казыбаев Памирбек Шомор уулу**

**МЕЗГИЛ ЖАНА АЛЫКУЛ**

*Жогорку окуу жайлары жана*
*орто мектептер үчүн кошумча окуу куралы*

Корректору *Ф. Абдалова*
Мукабасын жасалгалаган *М. Кадыров*
Компьютердик калыпка салган *Г. Ниязалиева*

Басууга 18.08. 2023-жылы кол коюлду.
Офсет кагазы. Кагаздын форматы 60х84$^{1}/_{16}$.
Көлөмү 27,0 б.т. Нускасы 200 даана.

«Улуу Тоолор» басмасы.
Бишкек ш., Ж.Бөкөнбаев көчөсү, 182.
Тел.: 0772 34-70-28, 0705 34-70-28.